КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

АДАМ ЖАНА КООМ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
V-IX–КЛАССТАР
ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
5-9-класстар үчүн ««Адам жана коом» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандаруучу окуу чөйрөсүн түзүү.

1 - бөлүм. Жалпы жоболор

Стандарт коомтаануучулук билим берүүнүн максаттарынын жаңы редакциясы болуп эсептелип, инсандын руханий жана жарандык демократиялык калыптануусунда курстун ролун жогорулатууга, курстун практикалык багыттуулугу аркылуу инсандык ориентацияны күчөтүүгө, чыгармачыл дараметти өнүктүрүүгө, окуучулардын социалдык чөйрөдөгү иш-аракеттеринин көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүүгө багытталган.

Стандартка киргизилген өзгөртүүлөр азыркы Кыргызстандын - демократиялык, парламенттик республиканын – жаңы саясий реалийлерине туура келет. Курстун мазмуну саясий, социалдык, экономикалык, маданий жана экологиялык чөйрөлөрдөгү заманбап глобалдык өзгөрүүлөр менен тенденцияларды чагылдырат. Буга байланыштуу, окутуунун жаңы технологиялары, анын ичинде, символдорду түзүү жана таанып билүү көндүмдөрүн калыптандыруу менен байланышкан технологиялар каралган.

«Адам жана коом» түрдүү коомтаануучулук илимдердин социалдык-гуманитардык билимдеринин бирдиктүү курска интеграцияланган системасы болуп эсептелет. Курста жалпыланган түрдө төмөнкү илимдерге тиешелүү билимдер берилген:

Социология, ал коомдун жашосун жана уюшулушун бүтүн организм катары, адамдардын бири бири менен өз ара мамилесинин системасы катары, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү процессинде индивиддер менен топтордун ортосунда пайда болуучу себеп-натыйжалык байланыштарды ачып берүү үчүн коомдо адамдардын өз ара аракеттенүсүнүн формалары менен ыкмаларын изилдеп-үйрөнөт.

Социалдык жана философиялык антропология, ал адам табиятынын жана адам болмушунун, адамдын жана адам коомунун проблемаларын (жашоонун маңызы, эркиндик, абийир, мораль, тандоо, чыгармачылык ж.б.), алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү менен маданий көп түрдүүлүгүн изилдеп-үйрөнөт.

Психология, ал адамды, анын бейаң-сезимин, аң-сезимин, кулк-мүнөзүн, менталдуулугун, адамдардын өзүнө окшоштор арасындагы жүрүш-турушун түшүнүү үчүн адамдардын социалдык топтордогу бейаң-сезимдүүлүк (жекече жана жамааттык), аң-сезимдүүлүк, социалдык шарттар менен шартталган жүрүш-туруш мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт.

Социалдык философия, ал коомду адамдардын ишмердүүлүгүндөгү объективдүү (материалдык) менен субъективдүүнүн (аң-сезимдүү) карым-катышы, байланышынын көз карашынан изилдеп үйрөнөт.

Экономика, бул илим материалдык жыргалчылыктарды өндүрүш процессин (ишмердүүлүк жана мамилелер), бөлүштүрүүнү, алмаштыруу жана керектөөнү талдоого алат. Экономикалык сабаттуулук окуучуларга өздүк жыргалчылыктын жана бүтүндөй коомдун жыргалчылыгынын негизи катары, аларды күндөлүк турмушка ыңгайлаштыруунун механизми катары, ар түрдүү кырдаалдарда жүрүш-туруштун адекваттуу моделдерин тандап алуусу үчүн зарыл болуп эсептелет.

Политология, ал коомдун саясий чөйрөсүн: саясий бийликти, саясий институттарды, мамилелерди, процесстерди, алардын жашоосу менен өнүгүүсүнүн ыкмалары менен формаларын, саясий институттарды башкаруу методдорун, алардын жашоосунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдеп-үйрөнөт.

Укуктаануу, бул илим негизги укуктук түшүнүктөр системасын; мамлекетти коомдук-саясий кубулуш катары; укукту коомдук турмуштун социалдык-саясий

кубулушу катары; мамлекет менен укуктун ортосундагы өз ара байланышты; укуктун түрдүү тармактарынын негизги түшүнүктөрү менен жоболорун изилдеп-үйрөнүүгө алат.

Маданияттаануу (Культурология), ал маданият менен маданий процесстин жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн, адамзаттын материалдык жана руханий маданиятынын эстеликтери менен кубулуштарын, ошондой эле адамдардын маданий кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн, маданий баалуулуктарды сактоо, көбөйтүү жана өткөрүп берүүдө адамдардын катышуусун иликтейт.

Этика, бул илим адамзат тарабынан иштелип чыккан моралдык баалуулуктар, азыркы учурдагы мораль жана адептик жүрүм-турумдун ченемдери, жакшылык жана жамандык, жашоого болгон аң-сезимдүү мамиле тууралуу түшүнүктөрдү берет.

Курста адам жана коом, экономика жана саясат, социалдык жана руханий өнүгүү тууралуу берилген жалпыланган билимдер универсалдуу илимий билимдер болуп саналат, ошондуктан коомдо жана мамлекетте бүгүн болуп жаткан, эртең да боло турган көп түрдүү процесстерди таанып билүүнүн инструменти катары кызмат кылат.

“Адам жана коом” мектеп окуучуларына коомдогу жашоонун ченемдери жана эрежелери, коомдук мамилелер жана алардын мыйзам ченемдүүлүктөрү, коомдук өнүгүү процесстери, өз өлкөсүнүн жана өзүнүн эл аралык коомчулуктагы орду тууралуу түшүнүктөрдү берет; жаштар келечекте кез келе турган көйгөйлөрдүн себептери менен маңызын жакшыраак талдап билүүгө, ал көйгөйлөрдү чечүүнүн алгылыктуу ыкмаларын табууну үйрөнүүгө, ошондой эле социумда өзүн алып жүрүүнүн адекваттуу ыкмаларын табууну үйрөнүүгө көмөктөшөт.

1.2. Документтин статусу жана түзүмү

Бул стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж. 21-июлундагы №403 «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» Токтомунун негизинде иштелип чыгып, «Адам жана коом» предмети боюнча билим берүүнүн мазмунунун мамлекеттик милдеттүү минимумуна жана окуучулар менен бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлине талаптарды белгилейт.

Стандарттын жоболору төмөндө көрсөтүлгөндөр тарабынан милдеттүү түрдө колдонулууга жана сакталууга тийиш:

- тибине жана түрүнө, менчиктин формасына жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары;
- башталгыч жана орто, кесиптик билим берүү уюмдары;
- педагогикалык жогорку окуу жайлары.

«Адам жана коом» предмети боюнча бул стандарт негизги жана орто жалпы билим берүүнүн базистик окуу планы, жалпы билим берүүчү уюмдун жумушчу окуу планы, негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык куралдар менен комплексте колдонулат.

«Адам жана коом» предмети боюнча Мамлекеттик стандарт негизги мектептеги (5-9-класстар) билимдин милдеттүү деңгээлин аныктайт.

«Адам жана коом» предмети боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмунунун милдеттүү минимуму бирдиктүү мазмундук тилкелердин натыйжасында, билим берүүнүн бардык баскычтарына карата алганда да, төмөндөгү башка билим

берүүчүлүк тармактар менен предметтерге карата алганда да, бүтүн жана ырааттуу улануучу болуп эсептелет:

- гуманитардык тармакта – тарых, адабият, география, экология, укук ж.б.
- табигый-математикалык тармакта – табигый-математикалык илимдер тармагындагы ачылыштардын коомдук мааниси, илимдин прогностикалык (болжолдоочу) кызматы, азыркы дүйнөдөгү маалыматташтыруунун ролу ж.б.

«Адам жана коом» предмети боюнча билим берүү мазмунунун милдеттүү минимуму бардык окуучуларга коомтаануучулук негизги теориялык билимдерге ээ болууга эле эмес, жарандык активдүүлүктүн көндүмдөрүн иштеп чыгууга да мүмкүнчүлүк бере алат.

«Адам жана коом» предметинин базистик окуу планындагы орду

«Адам жана коом» окуу предмети катары Кыргыз Республикасында башталгыч, негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы билим берүүнүн базистик окуу планынын мамлекеттик компонентин түзүүчүлөрдүн бири болуп эсептелет.

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2013-ж.)
- Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж. 21-июлундагы № 403 Токтому менен бекитилген)
- Кыргыз Республикасында полимаданий жана көп тилдүү билим берүүнүн Концепциясы, 2008
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-ж. 23-мартындагы №201 «Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары тууралуу» токтому
- 2020-ж. чейин Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуучу жаштарын тарбиялоонун Концепциясы. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-ж. 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген
- Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук Стратегиясы.
- Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук Стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча Өкмөттүн Программасы.
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн базистик окуу планынын долбоору.

1.4. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул стандарттагы түшүнүктөр жана терминдер, алардын аныктамасы жана кыскартылышы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык колдонулду.

“Адам жана коом” предметинин мазмундук багыттары – мугалимге жана окуучуга окуп-үйрөнүлүүчү предметтин бүтүндүгүн көрүүгө мүмкүнчүлүк берген окутуунун негизги багыттары.

Баа – окуучуда калыптанган компетенттүүлүктүн, Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген сапаттык аныктоо даражасы.

Баа берүү – окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнө, мугалимдин жумушуна көзөмөл жүргүзүү; мектептин, о.э. билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында маалыматтарды топтоо жана интерпретациялоо.

Белгилөө – баанын сандык билдирилиши.

Интерактивдүү методдор – окуучулардын өз ара ишмредүүлүк жүргүзүүсүнө мүмкүнчүлүк берген методдор.

Инсандын активдүүлүгү (лат. тилинен – activus – ишмердүү) – адамдын дүйнөгө болгон ишмердүү мамилеси, адамзаттын коомдук-тарыхый тажрыйбасын өздөштүрүүнүн негизинде коомдогу материалдык жана руханий чөйрөдө ишмердүүлүк жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; чыгармачыл ишмердүүлүктө, эрктүүлүктө жана баарлашууда көрүнөт.

Ишмердүүлүк – курчап турган чындык менен активдүү ишмердүүлүк жүргүзүү, мында тирүү жандык субъект катары объектке максаттуу түрдө таасир этет жана ушул жол менен өзүнүн муктаждыктарын канааттандырат. Адамзаттын ишмердүүлүгүнүн негизги түрү болуп эмгек эсептелет. Эмгек – адамзаттын келип чыгуусунда жана материалдык, руханий жактан өнүгүүсүндө негизги ролду ойногон.

Компетенция – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюулуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

Компетенттүүлүк – окуучунун белгилүү бир деңгээлде компетенцияга ээ болгондугун аныктаган билим берүүнүн жыйынтыгы.

Окутуунун максаты – окутуунун түпкү жана орто арадык натыйжасы, ага окуучулар негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн белгилүү деңгээлинде билдирилген когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөдө жетишет, аны мугалим өлчөп жана баа бере алат.

Окутуунун технологиясы – билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму.

Окутуунун методу – окутуу процессин ишке ашыруунун жолу, билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүүнү камсыз ыклган мугалимдин жана окуучунун өз ара байланышкан ишмердүүлүгүнүн ирээттүү системасы.

Окутуунун модели – педагог тарабынан уюштурулган жана ишке ашырылган окутуу процессинин схемалык түрдө чагылдырылышы.

Метод – (гр. тилинен – methodos – изилдөөнүн жолу же таанып-билүү, теория, окутуу) – анык бир милдетти чечүүдө чындыкты практикалык же теориялык жактан өздөштүрүүнүн ыкмаларынын же операцияларынын жыйындысы.

Предметтик компетенттүүлүк – негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.

Портфолио (жетишкендиктердин папкасы) – окуучунун мектептеги класстык жана класстан тышкаркы ишмердүүлүктө корсоткон активдүүлүгү жана даярдыгы тууралуу маалыматтарды камтыган жекече жетишкендиктеринин топтому.

Натыйжалар (билим берүүчү) – негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын били алуудагы жетишкендиктеринин топтому.

2 - бөлүм. Предметтин концепциясы

Мектепте окутулган «Адам жана коом» интегративдик предмети – адам, анын коомдогу жана глобалдык дүйнөдөгү орду, адамдардын ортосундагы толеранттуу мамилелер, ошондой эле адамдар менен мамлекеттик жана коомдук институттардын өз ара мамилеси тууралуу практика-ориентацияланган курс.

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Курстун максаты – гуманисттик жана демократиялык баалуулуктар менен принциптерге негизделген социалдык, жарандык-укуктук, коомдук-саясий, экономикалык жана социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктөр аркылуу жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү жашоого жана демократиялык укуктук мамлекеттин коомдук турмушунун ар кыл чөйрөлөрүндө өз алдынча ишмердүүлүккө даяр болгон социалдык маанилүү инсандын калыптанышына жана өнүгүүсүнө өбөлгө болуу.

Артыкчылыктар**:** демократиялык инсан жана жарандуулук, адамдын укуктары жана эркиндиктери, Кыргызстандын элинин көп түрдүүлүгү, полимаданияттуулугу жана биримдиги.

Коомтаануунун милдеттери – өспүрүмдө курчап турган дүйнөнүн өзгөрмөлүү шарттарына ыңгайлаша билүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү компетенттүүлүктөрдү (билимдерди, түшүнүктөрдү, иш-аракет программаларын, баалуулуктар жана мамилелер системаларын) калыптандыруу:

- когнитивдик – бүтүрүүчү азыркы коомдогу социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана социомаданий кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, анын ичинде ар түрдүү социалдык топтордун ортосундагы карым-катыштардын, ресурстарды башкаруу ыкмаларынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн өз алдынча аңдап билет жана түшүндүрөт;
- иш-аракеттик – жеке, коомдук жана экономикалык турмушта өз позициясын туюндурат жана коргойт, инсан аралык конструктивдүү мамилелерди түзө алат жана адам менен коомдук жана мамлекеттик институттардын ортосундагы өз ара аракеттенүү ченемдерин колдоно алат, укуктук ыкмаларды жана каражаттарды колдонуп коомдогу укук тартибинин сакталышына көмөктөшөт;
- баалуулук – өзүнүн жүрүм-турумун жана башка адамдардын кылган иштерин улуттук жана жалпы адамзаттык руханий-адептик баалуулуктар жана жүрүш-туруштун белгиленген ченемдери менен салыштырат; социалдык жана экономикалык ишмердүүлүктү туруктуу өнүгүүнүн принциптерине ылайык жүргүзүү зарылдыгын аңдап түшүнөт.

2.2. Предметтин методологиялык негиздери

«Адам жана коом» предмети боюнча жаңы стандарт окутуунун жалпы дидактикалык принциптерине (илимийлүүлүк, ырааттуулук, жеткиликтүүлүк ж.б.) негизделип, ошондой эле коомдун турмушундагы такай өзгөрүүлөрдүн шартында жашаган инсандын өзүнүн муктаждыктарынан келип чыгуучу спецификалык предметтик принциптерди эске алат.

«Адам жана коом» предметинин принциптери:

- Демократиялуулук, б.а., коомдук тилектештик, адилеттик духун, коом менен конструктивдүү өз ара аракеттенүү билгичтигин, чечимдерди кабыл алуу процессине катышууну тарбиялоо. Принцип мектеп жамаатындагы өз ара сыйлашуу жана ишенүү

атмосферасын, окуучулардын өзүн өзү башкаруусун, мектептин ачык-айкындуулугун жана жергиликтүү коомчулук, балдардын, жаштардын жана башка коомдук уюмдар, массалык маалымат каражаттары менен байланышын, социалдык мааниге ээ болгон акцияларга (коомдук, маданий, экологиялык ж.б.) катышуусун караштырат.

- Активдүүлүк жана өзүн өзү жөнгө салуу, б.а., өз алдынча чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү; сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн негизинде активдүү жарандык позицияны жана жоопкерчилик сезимин пайда кылуу.
- Практикалык ишмердүүлүк менен байланыш, б.а., инсандын активдүү турмуштук позиция үчүн зарыл болгон практикалык билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу (башка адамдар менен социалдык өз ара аракеттенүү көндүмдөрү, ар түрдүү кырдаалдарды өз алдынча талдай алуу жана коомдун укуктук ченемдерине ылайык жооптуу чечимдерди өз алдынча кабыл ала билүү билгичтиги ж.б..).
- Удаалаштык, үзгүлтүксүздүк, интегративдүүлүк. «Адам жана коом» предмети бир катар этаптар аркылуу жүзөгө ашырылып, алардын ар бири окуу материалынын мазмунунун акырындык менен тереңдешин, кеңейишин, татаалданышын көрсөтөт.
- Плюрализм, ар түрдүү дүйнөтаанымдык, саясий, диний ж.б. позицияларга, мектептеги жаштардын ар түрдүү коомдук уюмдарынын ишмердүүлүгүнө толеранттуу мамилени жана сый-урматты тарбиялоо; чыр-чатактарды күч колдонбой чечүү көндүмдөрүн сиңирүү.

«Адам жана коом» окуу предметинин мазмунунун негизги компоненти болуп типтүү социалдык кырдаалдарды чагылдырган таанып-билүүчүлүк жана практикалык маселелерди чечүү аркылуу таанып-билүү жана практикалык ишмердүүлүк тажрыйбасы, окуу коммуникациясы, окуу процессиндеги жана социалдык практикадагы долбоордук ишмердүүлүктүн тажрыйбасы эсептелет.

Иштин формалары жана методдору. Иштин таанып-билүүчүлүк жана издөө активдүүлүгүнө түрткү берген, аналитикалык, изилдөөчүлүк жана коммуникативдик көндүмдөрдү, ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын жана демилгелүүлүгүн өнүктүргөн формалары менен методдоруна артыкчылык берилүүгө тийиш. Ошондуктан салттуу түрдө уюштурулган сабактардан тышкары, долбоорлоо методу боюнча иштөө (жекече же кичи топтордо); тренингдер; ролдук оюндар; мээге чабуулдар; тегерек столдор; изилдөө иштерине, дискуссияга катышуу сыяктуу окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдорун колдонуу талапка ылайык. Демократиянын терең түшүнүктөрүн жана принциптерин окуп-үйрөнүүдө окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдоруна таянуу менен, маалыматтуу, ойлоно билген, аракет кылууну билген жана каалаган жаранды тарбиялоого болот. Адептик сапаттарды өнүктүрүү үчүн өспүрүмдөрдүн социалдык мааниге ээ болгон иштерге катышуусун демилгелөө жана сыйлап кызыктыруу керек. Окуучулардын өзүн өзү башкаруусу, балдардын коомдук уюмдары лидерлик сапатка ээ болгон окуучулардын күчүн сынап көрүүгө мүмкүндүк берет.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Компетенттүүлүк мамиле коомтаануучулук билим берүүнү уюштурууда жетектөөчү болуп саналат. Коомтаануучулук билим берүүнүн максаттары менен милдеттерине ылайык компетенттүүлүк мамиленин негизинде предметтик үч компетенттүүлүк бөлүнүп көрсөтүлгөн:

- жарандык-укуктук;

- коомдук-саясий, экономикалык;
- социалдык-коммуникативдик.

Жарандык-укуктук:

- Билимдерди адам укугун коргоо практикасында жана жарандык милдеттерди аткарууда натыйжалуу пайдалануу;
- Адам укуктарын сыйлоо, маданият аралык толеранттуулук;
- Өзүнүн жарандык демилгелерин ишке ашыруу;
- Коомдо тартиптин сакталышына көмөктөшүү;
- Укуктук чечимдерди өз алдынча кабыл алуу.

Коомдук-саясий. Экономикалык:

- Өзүнүн жүрүм-турумун конкреттүү турмуштук кырдаалдарга коомдо кабыл алынган эрежелерге жана ченемдерге ылайык ыңгайлаштыруу;
- Коомдук жана экономикалык турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында укуктун, экономикалык максатка ылайыктуулуктун, адептүлүктүн, мораль жана этиканын позицияларынан чечимдерди кабыл алуу.

Социалдык-коммуникативдик:

- Өзүнүн умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштыруу, гуманисттик баалуулуктарга болгон позициялардын көп түрдүүлүгүн жана сый-урмат мамилени таануунун негизинде өз көз караштарын цивилизациялуу түрдө коргоо;
- Теңдик, дискриминациялабоо, расалык, этникалык жана маданий тиешелүүлүгүнө карабастан адамдын кадыр-баркын сыйлоо принциптеринин негизинде ар түрдүү маданияттардын өкүлдөрү менен мамилелешүү жана өз ара аракеттенүүнүн конструктивдүү методдорун пайдалануу;
- Алган маалымат боюнча сын көз караш менен ой жүгүртүү жөндөмдүлүгү;
- Жазуу жана оозеки коммуникацияны билүү;
- Командада иштөөгө жөндөмдүүлүк.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында негизги катары 3 компетенттүүлүк каралган:

- **маалыматтык,**
- **социалдык-коммуникативдик,**
- **өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү.**

“Адам жана коом” предметинде төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөр белгиленет:

- **жарандык-укуктук,**
- **коомдук-саясий жана экономикалык,**
- **социалдык-коммуникативдик.**

Предметтик компетенциялар өзөктүү компетенциялар менен тыгыз байланшта болуп, “Адам жана коом” предметинин алкагында алардын мазмунун өнүктүрөт жана тереңдетет.

Маалыматтык компетенттүүлүк – социалдык чөйрө менен өз ара аракеттенүүнүн түрдүү инструменттерин пайдалануу жөндөмдүүлүгү.

1. Чечилип жаткан маселелерге жана орун алган шарттарга тилди, символдор жана тексттерди колдонуу жана ыңгайлаштыруу, б.а., ар түрдүү кырдаалдарда кептик, жазма тилдик билгичтиктерди, символдорду аныктап таануу, ошондой эле эсептөө билгичтиктери менен моделдөө көндүмдөрүн натыйжалуу пайдалануу.

Компетенттүүлүк коомдо жашоо, ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк үчүн маанилүү болуп саналат.

2. Чечилип жаткан маселелерге жана орун алган шарттарга билимдерди жана маалыматтарды колдонуу жана ыңгайлаштыруу:

- эмне белгилүү, ал эми эмне белгисиз экенин түшүнүү жана туюндуруу;
- маалыматтын керектүү булактарына жетүүгө жолду аныктоо жана табуу;
- маалыматтын өзүнүн жана анын булактарынын сапатына жана маанилүүлүгүнө баа берүү;
- билимдерди жана маалыматтарды кайра иштетүү жана түзүмдөштүрүү.

Аталган компетенттүүлүккө ээ болуу мүмкүнчүлүктөрдү тандап алууга жана баалоого, ой-пикирдин жаралышына, чечимдерди кабыл алууга жана жооптуу иш-аракеттерди аткарууга негиз берет.

3. Чечилип жаткан маселелерге жана орун алган шарттарга технологияларды колдонуу жана ыңгайлаштыруу, б.а., заманбап маалымат технологияларын натыйжалуу колдоно билүүгө жөндөмдүүлүк.

Социалдык-коммуникативдик – башка адамдар менен өз ара аракеттенишүү жөндөмдүлүгү.

1. Башка адамдар менен натыйжалуу мамилелерди түзүү:

- өзүн башка адамдын ордуна коё билүү жана кыраалды анын көз карашынан көрө билүү;
- эмоцияларды натыйжалуу башкаруу – өзүнүн жана башка адамдардын жүйлөрүн жана эмоциялык абалдарын аңдап-түшүнүү жана түшүндүрүп берүү жөндөмдүүлүгү

Компетенттүүлүк адамдардын (достор, кесиптештер, өнөктөштөр) ортосундагы жылуу мамилелерди камсыз кылып, азыркы күндөгү социалдык-саясий жана экономикалык ишмердүлүктүн милдеттүү талабы болуп саналат.

2. Кызматташуу, командада иштөө:

- өзүнүн идеяларын айта билүү жана башка адамдардын идеяларын уга билүү;
- дискуссиянын динамикасын сезе билүү жана регламентти сактоо жөндөмдүүлүгү;
- сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүү;
- ар түрдүү пикирлердин болушуна мүмкүндүк берген чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

Компетенттүүлүк адам жамааттын алдында милдеттенмелерин, өзүнүн максаттарын жана артыкчылыктарын топ менен макулдаша аларын, зарыл учурда лидерликти өзүнө алып, башкаларды колдой ала турганын көрсөтөт.

3. Чыр-чатактарды башкаруу жана аларды чечүү:

- ар түрдүү позициялар болушу мүмкүн экенин моюнга алуу менен, конкреттүү кырдаалдагы пикир келишпестиктер менен кызыкчылыктарды (мисалы, бийлик, сиңирген эмгектердин таанылышы, иште функцияларды бөлүштүрүү, адилеттикти талап кылуу), чыр-чатактардын булактарын жана тараптардын далилдерин талдоого алуу;
- тараптар өз ара эмнеге макул, эмнеге макул эместигин аныктоо;
- проблеманы кайра формулировкалоо;

– кайсынысынан кандай шартта баш тартууга болорун аныктоо менен, максаттар менен талаптардын артыкчылыктуулугун көрсөтүү,

Компетенттүүлүк тараптардын кызыкчылыктары, муктаждыктары, максаттары же баалуулуктары ар башка болушунан улам келип чыккан каршылашуусу башкарыла турган жана эки тарап тең утушка ээ болгон чечимдерди кабыл ала турган процесс экенин адамдын түшүнүү жөндөмдүүлүгүн билдирет.

Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү – адамдын өз турмушун башкара алуу жана өз алдынча аракеттене алуу жөндөмдүүлүгү.

1. Көптөгөн өз ара байланыштарды эсепке алуу менен аракеттенүү, б.а., өзүнүн иш-аракеттери жана чечимдери коомдук ченемдерге, социалдык жана экономикалык институттарга кандайча ылайыкташарын түшүнүүгө адамдын жөндөмдүүлүгү:
   - иш-аракеттердин кандай үлгүлөрү бар экенин түшүнүү;
   - алкагында өзү аракет кылган система тууралуу түшүнүктөргө ээ болуу (мисалы, анын түзүмү, маданияты, практикалары, формалдуу жана бейформал эрежелери, үмүттөрү тууралуу билүү);
   - өзүнүн иш-аракеттеринин түз жана кыйыр натыйжаларын болжолдоо;
   - болжолдуу натыйжалары өздүк же топтук ченемдер менен максаттарга канчалык ылайык келерин негиздөө менен, иш-аракеттердин ар кыл жолдорунун арасынан тандап алуу.
2. Турмуштук пландар менен долбоорлорду түзүү жана ишке ашыруу.
3. Керектөөлөрдү жана чектөөрдү аңдап-түшүнүү менен, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо:
   - өз кызыкчылыктарын аңдап-түшүнүү (мисалы, шайлоолордо);
   - өз аргументациясын негиздөөгө боло турган бекитилген эрежелер менен принциптерди билүү;
   - аргументациясын керектөөлөрү жана укуктары башкалар тарабынан тааныла тургандай кылып түзүү;
   - компромисстин жана альтернативалуу чечимдердин болуу мүмкүнчүлүгүнө жол берүү.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

«Адам жана коом» предметинин мазмундук тилкелери деген – мугалимге жана окуучуга окуп-үйрөнүү предметин бүтүн түрүндө көрүүгө мүмкүнчүлүк берген окутуунун негизги багыттары.

Курсун мазмундук компоненттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– окуп-үйрөнүүнүн өз ара байланыштагы жана өз ара аракеттеги объектилери: инсан жана жаран катары адам, тааным, коом жалпысынан, социалдык жана экономикалык мамилелер, жарандык коом жана мамлекет, укук чөйрөсү, маданият, руханий-адептик чөйрө;
– социалдык көндүмдөр, билгичтиктер, өзөктүү компетенттүүлүктөр, өзүн өзү таанып-билүүнүн жана өзүн өзүн өзү реализациялоонун каражаттары, демократиялык жана гуманисттик баалуулуктар системасы, моралдык жана укуктук ченемдер, азыркы коомдун шарттарына ийгиликтүү кирүү жана активдүү жашоо үчүн зарыл болгон ишмердүүлүктүн ыкмалары.

Коомтаануунун түзүмүнүн өзөктүк огу болуп коомдо бүгүн жүрүп жаткан жана эртең да жүрө турган процесстер эсептелет. Коомдук процесстердин бардык көп түрдүүлүгү үч мазмундук тилкеге топтоштурулган**:** социалдашуу, ишмердүүлүк, жөнгө салуу (таблица 1):

Таблица 1. «Адам жана коом» предметинин өтмө мазмундук тилкелери

№	Мазмундук тилке	Сыпаттамасы
1	Социалдашуу: -идентификация -коммуникация жана жүрүм-турум -ченемдөө (нормалаштыруу)	Идентификация, инсандык жана кесиптик өзүн өзү аныктоо Социалдык өз ара аракеттенүү (карым-катыш, инсан аралык, кесиптик). Социалдашуунун агенттери: үй-бүлө, курбалдаштар жамааты, мектеп, саясий жана кызыгуучулардын уюмдары, ММК, кесиптик окуу жайлары, кесиптик чөйрөлөр, мамлекет, жарандык коом. Социалдашуунун механизмдери: тууроо, девианттык жүрүм-турум, социалдык көзөмөл. Кооомдун ченемдештирилген системасы: баалуулуктар, социалдык жана этикалык ченемдер. Социалдык классификации жана ролдук жүрүм-турум. Физикалык жана психологиялык саламаттыктын өнүгүүсү. Таанып-билүүчүлүк жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсү. Жалпы адамзаттык жана руханий-адептик баалуулуктарды энчилеп алуу. Инсанды жана жарандыкты калыптандыруу.
2	Ишмердүүлүк	Материалдык баалуулуктарды жаратуу, өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү. Маданий баалуулуктарды жаратуу: маданият, дин, илим, искусство. Коомдук-саясий турмуштун ар түрдүү чөйрөлөрүндөгү ишмердүүлүк: адамдын ажыратылбас укуктарын бекитүү жана практикалык жүзөгө ашыруу, шайлоолор, адамдардын жашоосун жакшыртуу, Мекенди коргоо, элдердин ортосунда жылуу достук мамилелерди түзүү жана бекемдөө, планетадага тынчтыкты бекемдөө, жалпы адамзаттык баалуулуктардын бекемделиши үчүн күрөш.
3	Жөнгө салуу	Коомдук мамилелерди жөнгө салуунун ыкмалары: мораль, укук, салттар, баалуулуктар. Чыр-чатактарды башкаруу. Өзүн, өзүнүн жашоосун, өзүнүн окуу кызматын уюштуруу. Турмуштук пландарды долбоорлоо. Адекваттуу жана оптималдуу чечимдерди кабыл алуу, каалагандай тармакта түрдүү технологияларды колдонуу. Коопсуздук жана укук тартиби. Коомду башкаруу, шайлоолор. Коомдун туруктуу өнүгүү контекстинде моделдөө жана болжолдоо. Азыркы учурдун глобалдык проблемалары, «планеталык аңсезим», Цивилизациялык көйгөйлөрдү башкаруу, чечүү.

Мазмундук тилкелер негизги жана толук орто мектепте окутуунун бардык этаптары үчүн өтмө болуп эсептелет. Курстун мазмунун аныктоодо аны сунуштоонун схемасы да, б.а., кароонун ирети менен тереңдиги да эске алынган.

“Адам жана коом” предметинин түзүлүш логикасы

Орто мектептеги коомтаануучулук билим берүү 3 этапка бөлүнөт:

- башталгыч билим берүү (1–4- класстар);
- базалык билим берүү (5 – 9- класстар);
- орто жалпы билим берүү (10-11- класстар).

1 этап (1-4 класстар) – өзүн көрсөтүүнүн көндүмдөрүнө ээ болуу, адамдардын окшоштугу жана айырмачылыктары аркылуу алардын теңдигин таанып-билүү, адам укуктарынын алиппеси, жүрүм-турумдун белгиленген эрежелерин жана этиканы сактоо зарылдыгын түшүнүү.

2 этап (5-9-класстар) – бул этапта окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн ырааттуулугу социалдык статустун өзгөрүшүнүн курактык чектерин, социалдык тажрыйбаны, окуучулардын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныкталат. Экинчи этап маселелердин кыйла татаал алкагына багытталган – чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүнүн практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу, бири бирине дискриминациялык эмес мамилелерди түзүү, коомдук жүрүм-турумдун толеранттуу формаларын калыптандыруу жана өнүктүрүү. Муну менен катар башталгыч мектепте окулган «Адам жана коом» предметине удаалаштыгын камсыз кылуу керек.

3 этап (10–11- класстар) **–** Кыргызстанда демократиянын түзүлүш шартында жаш муундарга керек болгон билимдерге ээ болуу, инсандын активдүү жарандык позициясын, жоопкерчилик сезимин, коммуникация ыкмаларын, чыр-чатактарды чечүү ыкмаларын, адам, коом жана мамлекеттин өз ара аракеттенүүсүнүн механизмдерин түшүнүүнү калыптандыруу керек.

Коомтаанууну окуп-үйрөнүү концентрдик принцип боюнча түзүлгөн, мында мазмундук тилкелер үч контекстте ачылат: жеке (окуучунун өзү, үй-бүлөсү, достору менен байланышкан), социалдык (жергиликтүү курчаган чөйрө менен байланышкан), глобалдык (дүйнөлүк коомчулуктун жашоосуна катышуу менен байланышкан):

Таблица 2. «Адам жана коом» предметиндеги мазмундук тилкелер жана контекст

Мазмундук тилкелер	Контекст					
	Жеке		Социалдык			Глобалдык
	Адам («Мен»)	Адам жана аны курчаган жакынкы чөйрө («Биз»)	Коом чулук	Коом	Мамлекет	Дүйнөлүк коомчулук
Социалдашуу						
Ишмердүүлүк						
Жөнгө салуу						

Курчап турган социалдык дүйнөнү таанып-билүү деңгээлинин жогорулоосу, социалдык турмуштун өзгөрүлгөн шарттарына ыңгайлашуу, чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүнө ээ болуу, коомдук кызыкчылыктын пайда болушу ушундайча жүрөт.

Коомтаанууну мазмунун класстан класска түзүмдөштүрүүнүн спираль сыяктуу принциби окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предмет аралык жана предметтин ичиндеги келишүүлөрдү талап кылат. Ошондуктан окуу материалы

социумдун кеңейүү принциби боюнча жөнөкөй кадыресе билимдерден илимий теориялардын фрагменттерине карай түзүлөт.

Мектеп окуучуларынын социалдык-экономикалык мейкиндигинин акырындык менен кеңейиши, алардын өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде реалдуу турмушка аралашуусу негизги орто мектепте (5-9-класстар) төмөндөгү тематикалар менен белгиленет:

- 5- класс – Адам жана аны курчап турган жакынкы чөйрөсү (үй-бүлө, достор, мектеп, коңшулар ж.б.)
- 6- класс – Адам жана анын коом менен байланышы жана жергиликтүү коомчулуктар
- 7 -класс – Адам, коом жана мамлекет
- 8 – 9- класс – Адам жана дүйнө

Өнүгүүнүн социалдык кырдаалдарына жана «Мен – аң-сезим» жүзөгө ашырылышына туура келген окутуунун конкреттүү мазмундук планы ар бир алкактын (жылдык теманын) чегинде, бирок кыйла жогорку деңгээлде аткарылат:

- «Мен» өзүн өзү идентификациялоо (өзү менен, мектеп жамааты, өз аймагы менен мамилелерде);
- өзүн башкалар менен бириктирүү: үй-бүлө, курбулдаштары, муун, эл менен;
- өзүн башка адамдын, топтун, жалпылыктын (класс, чоң кишилердин дүйнөсү, мамлекет) мейкиндигине көчүрүү– МЕН өзүн өзү аңдап билүү жана өзүн өзү көзөмөлдөө;
- МЕНдин коом менен болгон мамилелерин моделдөө: менин коомум, мен – коомдун мүчөсүмүн, мен өз мамлекетим үчүн жооп берем.

Мазмундун мындай уюштурулушу бир кыйла сыймдуу схема болуп эсептелет, ага ылайык кереги жок кайталоолордон качуу үчүн материалды берүүдөгү ырааттулук сакталат. Ошол эле учурда бул схемадагы ар бир «клеткача» мазмундук жана тематикалык тилкелерге, окуу процесинде алардын айкалышуусуна кыйла толук жооп берген мазмун менен толтурулушу мүмкүн. Мынидай «матрицанын» натыйжасында педагог бүтүндөй курстун логикасын сактоо менен өз ишин оңой пландай алат.

Сунушталып жаткан мамиленин өзгөчөлүктөрү төмөнкүдө турат:

- 5-класстан 9-класска чейинки вертикалды түзүү;
- мазмундун жарандык компетенттүүлүктү жана жарандык идентүүлүктү калыптандырууга багытталышы;
- курстун тарбиялык жана өнүктүрүүчү компоненттеринин күчөтүлүшү;
- материалдын көбүрөөк жеке даректелүүсү, өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- бүгүнкү күндө мектептерде кеңири жыйылып жаткан кошумча билим берүү менен органикалык байланышы;
- учурдун курч көйгөйлөрүнө, алардын өспүрүмдөрдү ойлонткон аспектилерине кайрылуу;
- курстун мазмунуна психологиялык жана тарыхый-маданияттаанучулук материалдарды киргизүү;
- жарандык маданият тууралуу билимдерибизди байыткан адамдардын, тарыхый жана көркөм каармандардын образдарына кайрылуу;
- окуучуларды мектепте, райондо, шаарда, мамлекетте уюштурулган реалдуу социалдык маанилүү иштерге аралаштыруу жолу менен курстун издөөчүлүк, компетенттүүлүк, практика-ишмердүүлүк багытын күчөтүү.

2.6. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Таблица 3. Адам жана коом – окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Мазмундук тилкелер	5- класс	6- класс	7 -класс	8- класс	9 -класс
Социалдашуу Идентификация	Менин кайталангыстыгым. Менин атым. Кулк-мүнөз. Эмоциялар жана сезимдер. Адамдын керектөөлөрү (муктаждыктары). Менин үй-бүлөм. Адамдын үйү. Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана салттар. Коом деген эмне? Майда мүдөөлүү адам жана жаран. Улут деген эмне? Менин Мекеним. Мамлекет деген эмне? Мамлекеттик символика.	Адамдын жашоосунун табигый чөйрөсү. Адамдын биопсихосоциалдык табияты. Ойлонуу, кеп. Адамдын жашоосунун маңызы. Адамдын организминин мүмкүнчүлүктөрү. Ден соолук жана узак жашоо. Улуттук өзгөчөлүк. Адамдардын ортосундагы диний, социалдык, курактык айырмачылыктар. Мен, менин досторум жана коңшуларым. Мектеп, окуучу. Жайлуу үй-бүлө жана жайсыз үй-бүлө. Мамлекет, диктатура жана демократия.	Адамдын керектөөлөр (муктаждыктары) (материалдык жана рухий, чыныгы жана жалган), адамдын кызыкчылыктары. Адамдын мүмкүнчүлүктөрү: жөнөкөй жана көрүнүктүү (талант, гениалдуулук). Өспүрүмдөрдүн баалуулуктары, турмуштук багыттары, ишенимдери. Топтор, лидерлер жана аутсайдерлер. Кылмыштуу топтор. Жергиликтүү коомчулуктар. Мечит. Чиркөө. Жашаган жери (айыл, шаар, аймак). Жергиликтүү маданият. Промыселдер жана кол өнөрчүлүктөр.	Улуттук менталитет. Кыргызстандыктардын адептик баалуулуктары. Дин рухий багыт катары. Кыргызстандын салттары жана өзүнчөлүгү. Патриоттуулук. Бакыт жана жашоонун маңызы. Үй-бүлө, ынтымак, эрте никелер. Үй-бүлөдөгү эркек жана аял. Жаран, бийлик, демократия. Укуктук мамлекет. КР жаранынын жана адамынын укуктук статусу.	Инсан, инсандын туруктуулугу, өзү өзү баалоо. Маданияттуу адам. Кесиптик өзүн өзү аныктоо. Аял үй-бүлөдө жана коомдо. Эркек үй-бүлөдө жана коомдо. Этнос Дүйнө элдеринин руханий, этномаданий салттары. Жарандуулук. Жарандын укуктук жарамдулугу жана жарамдуулугу (дееспособность). Бажы союзу. Евразиялык экономикалык союз.
Коммуникация жана жүрүм-турум	Баарлашуунун алгачкы көндүмдөрү. Менин досум. Инсандын адептик сапаттары жана кылык-жоруктары. Адам өзүн жана башкаларды кантип баалайт. Мүмкүнчүлүгү	Баарлашуунун баалуулугу жана маданияты Абийир жана уятсыздык. Адептик баалуулуктар (намыс жана кадыр-барк, боорукерлик жана гумандуулук, сүйүү жана ырайымдуулук). Жакшы-	Курбалдаштар арасындагы баарлашуу. Симпатия жана антипатия, Кызматташтык жана атаандаштык, инсан аралык мамилелердеги өз ара түшүнүшүү. Башка адамдардын жүрүш-турушка, кылык-жо-	Маалымат алууга болгон укук. Инсан маалымат мейкиндигинде (инсанга таасир этүү методдору, ММК таасири) Массалык маалымат каражаттары менен карымкатыштын маданияты.	Баарлашуу маданияты. Дискуссия маданияты. Жалпы адамзаттык баалуулуктар. Баалуулуктар жана маданияттар диалогу. Этнос аралык чыр-чатактар. Чыр-чатактарды

	чектелген жана өзгөчө муктаждыктары бар адамдарга болгон мамиле. Адептик баалуулуктар жана бузукулуктар (намыс, сараңдык, ичи тардык). Үй-бүлөдөгү мамилелер. Зыяндуу адаттар (тамеки чегүү, аракечтик, баңгилик). Тартип бузуулар.	лык (ишеним, калыстык, боорукерлик, адамдарды сыйлоо). Жамандык (зордук-зомбулук, алдоо, жүзү каралык, каардуулук жана таш боорлук, агрессивдүү улутчулдук жана фашизм). Өмүргө жана ден соолукка мамиле, зыяндуу адаттар (токсикомания жана баңгилик) Керектөө маданияты.	руктарга тийгизген таасири. Чыр-чатактар, акылэстүү компромисс, башкаларды түшүнө билүү. Өзүнүн «Менин» реализациялоо. Тартип бузулар, кылмыштар, күнөөлөр. Тартип бузуулардын себептери. Инсанга каршы кылмыштар. Менчикке каршы кылмыштар.	Жарандык жүрүм-турумдун жүйөрү. Жарандык кылык-жорук. Билим алууга болгон жүйөлөр. Үй-бүлөдөгү мамиле, психологиялык климат, «аталар жана балдар» проблемасы.	чечүүнүн ыкмалары. Келишимдик мамилелер.
Ченемдөө (Нормалоо)	Адам коомунун эрежелери (моралдын эрежелери, мыйзамдар). Менин укуктарым	Моралдык ченемдер (тыюулар, насыяттар) Ички моралдык көзөмөл. Инсандын жана окуучунун укуктары менен милдеттери. Жарандардын тең укуктуулугу	Топтук ченемдер жана санкциялар. Адептик-этикалык ченемдер. Бизнес-этика Укуктук ченемдер	КР Конституциясы. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери. Укуктун бийлиги Мыйзамдын алдындагы тең укуктуулук. Адам укуктарынын жалпы декларациясы. Жашоого болгон укук. Эркиндикке жана жеке кол тийгистик. Жеке жашоо эркиндиги. Дин тутуу эркиндиги. Кыймылдоо эркиндиги. Жарандын милдет.	БУУнун социалдык ченемдери жана эл аралык укуктук актылар. Адамдын укуктары, ар-намысы жана эркиндиктери. Жарандык жоопкерчилик. КР Конституциясы. Иштиктүү этика.
Иш-мердүүлүк	Окуу, эмгек, оюн, чыгармачылык Кызматкер, кесип Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеке жана үй-бүлөлүк	Окуу ишмердүүлүгү Мектеп жана окуу Мектеп экономикасы Жеке үй чарбачылыгы Үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылыгы	Жергиликтүү өз алдынча башкаруу. Курултай. Менин шаарымдын (айылымдын) социалдык портрети. Менин шаарымдын (айылымдын) ресурстары.	Демократиялык шайлоолор. Мамлекеттин Президенти, парламенти, өкмөтү, бюджети. Сот бийлиги, прокуратура. Экономика – чарба, илим,	Жарандык коом, БӨУ (НПО), саясий партиялар. Ишкердик, бизнести уюштуруу формалары, капитал. Биржа, баа-

	керектөө	(кирешелер жана жыйып-терүүлөр, чыгымдар, үй-бүлөлүк бюджет). Үй чарбаларынын экономикалык ишмердиги. Керектөөчүлөр (керектөөлөр - дүн жогорулоо мыйзамы, сатып алуулар тууралуу чечимдерди кабыл алуу). Экологиялык керектөөлөр, «жашыл керектөө». Товарларды экологиялык маркерлөө.	Ишканалар (фирмалар). Менчик.Эмгектин бөлүнүүсү жана адистешүүсү. Өндүрүш, өндүрүмдүүлүк, технологиялар. Маркетинг. Шаардын чарбалык ишмердүүлүгү жана экологиясы. Өндүрүштү экологиялаштыруу.	карым-катыштар системасы. Керектөөлөр, жыргалчылыктар, өндүрүштүн факторлору, ресурстардын чектелгендиги. Экономикалык тандоо, альтернативалуу баа, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдүн ийри сызыгы. Товар, пайда, нарк, акча. Ресурстардын, товарлардын жана акчанын айлануусу. Экономикалык системалар. Рынок кантип иштейт? Суроо-талап, сунуш, рыноктук тең салмактуулук. Баалар жана инфляция.	луу кагаздар. Банк системасы. Өндүрүш, чыгымдар жана пайда. Атаандаштык жана монополия. Эмгек жана аны сыйлоо. Жумушчу күчү, жумушсуздук. Үй-бүлө экономикасы, турмуш деңгээли жана жашоо минимуму. Коркунучтар (тобокелдер). Кыргызстандын экономикалык дарамети. Эл аралык соода-сатык. Бажы. Валюта Эмгек миграция.
Жөнгө салуу	Бийлик деген эмне? Тартип бузуулар үчүн жоопкерчилик. Адилеттүү коом (эркиндик, адилеттик, милдет).	Моралдык жана юридикалык жоопкерчилик. Социалдык жана табигый чөйрөгө карата жоопкерчилик. Улуттук намыстыкоргоо. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо. Жеке коопсуздук (жол, укуктардын бузулушу, сот эмне үчүн керек). Мамлекеттик кооопсуздук (Мекенди коргоо, армия).	Укук тартиби. Укук коргоо органдары. Юридикалык жоопкерчилик. Айып төлөөлөр жана жазалар. Топ менен кылган кылмыштар үчүн жоопкерчилик.	Жарандардын жоопкерчилиги (дисциплиналык, жарандык-укуктук, административдик, кылмыш-жаза). Жеке жашоону коргоо.	Үй-бүлө укугу. Экономикалык агенттердин ортосундагы талаштарды жөнгө салуу. Сот акыйкаттыгы. Социалдык коргоо, жарандардын мамлекет тарабынан корголушу.

2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

Предмет аралык байланыштар окуучуларга башка предметтерден алган билимдерин колдонууга жардам берет.

Тарых	Экономикалык тарых, чарба Дүйнөлүк элдердин маданияты, маданияттардын диалогу Мамлект, саясий партиялар, бийлик, саясий режимдер, демократия, авторитардык бийлик Дин, норма, эрежелер Башка өлкөлөрдөгү моралдын нормалары, диндин жана саясаттын баалуулуктары Аргумент катары тарыхый фактыларды колдонуу Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчө болуусу, КР БУУга мүчө, БУУнун принциптери, ж.б. эл аралык уюмдар
География	Экология, жаратылышты коргоо Климаттык шарттар жана коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсү Айлана-чөйрөнүн булганышы Экологиялык технологиялар, энергия үнөмдөөчү технологиялар Глобалдык проблемалар
Биология	Адамзаттын өнүгүү концепциясы Адамдын биолгоиялык жана социалдык өнүгүүсү Ден-соолуктун анатомиясы Табиятка жана жаныбарлар дүйнөсүнө болгон мамиле Токой жана адам. Кызыл китеп
Адабият	Акын-жазуучулардын ар түрдүү тема боюнча чыгармалары: инсан, мораль, адеп, патриоттулук, жүрүш-туруш, эмгек, өз ара мамиле, конфликттер, үй-бүлө, дос, психологиялык портреттер, ж.б. Атактуу адамдардын биографиялары
Математика	Финансылык математика Статистикалык маалыматтарга анализ жүргүзүү, проценттер, салыштырма салмак, энчи
Физика	Илимдин мааниси, техникалык ачылыштардын коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасири
Технология	Кесиптер менен таанышуу Өндүрүштү уюштуруу
Информатика	Экономикалык жана статистикалык анализ Маалыматтык технологияларды колдонуу, графиктерди түзүү, ж.б.

3 - бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

Натыйжалар таблицасындагы белгилөөлөрдүн идентификатору:

1 - цифра – класс (5, 6, 7, 8, 9)

2 - цифра – тематикалык тилке: 1. Социалдашуу; 2. Ишмердүүлүк; 3. Жөнгө салуу

3 - цифра - компетенттүүлүк: 1. Жарандык-укуктук; 2. Коомдук-саясий. Экономикалык; 3. Социалдык-коммуникативдик

4 - цифра – натыйжа

Мисал: 5.1.2.3.

1 - цифра – класс (5, 6, 7, 8, 9)

2 - цифра – тематикалык тилке: 1. Социалдашуу; 2. Ишмердүүлүк; 3. Жөнгө салуу

3 - цифра – компетенттүүлүк: 1. Жарандык-укуктук; 2. Коомдук-саясий. Экономикалык; 3. Социалдык-коммуникативдик

4 - цифра – натыйжа 3. Мамлекеттин негизги белгилерин, органдарын жана мыйзамдарын, жарандардын өз мамлекетин жакшыртуудагы мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт

Эскертүү: Тематикалык тилкелердеги жана компетенттүүлүктөрдөгү натыйжалардын саны бирдей эмес болушу мүмкүн (1 ден 3-5ке чейин)

Таблица 4. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

№	Мазмундук тилкелер	Компетент-түүлүктөр	**5 -класс**	**6 -класс**	**7- класс**	**8 -класс**	**9 -класс**
1	Социалдашуу	1. Жарандык-укуктук	5.1.1.1. Өзүн ысымы, улуту, белгилүү бир родго тиешелүүлүгү боюнча идентификациялайт өзүнүн жана башка адамдардын кайталангыстыгын баалайт 5.1.1.2. «Жаран», «Мекендин татыктуу уулу», «коом», «улут»	6.1.1.1. Жаратылыштын адам үчүн маанисин ачып берет, жаратылышка болгон камкор мамиле – адамдын жана жарандын нравалык милдети экенин түшүнөт. 6.1.1.2. Адамды адам кылган эмне экенин түшүндүрөт, адам организминин мүмкүнчүлүктөрүн сыпаттайт	7.1.1.1. Керектөөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды, адамдын мүмкүнчүлүтөрүн мүнөздөп берет, өзүнүн керектөөлөрү менен мүмкүнчүлүктөрүн баалайт. 7.1.1.2. Өспүрүмдөрдүн баалуулук ориентацияларын-	8.1.1.1. Кыргызстандын өзүнчөлүгү эмнеде экенин түшүндүрүп берет, кыргызстандыктардын адептик баалуулуктарын жана руханий ориентирлерин, улуттук тарыхты, маданиятты, тилди жана салттарды сыйлоону талдоого алат.	9.1.1.1. «Этнос» жана «улут» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты түшүндүрөт, Кыргыз Республикасынын калкынын этникалык курамын талдайт, коомдун этникалык жана маданий көп түрдүүлүгүнө баа берет. 9.1.1.2. Жарандар-

			түшүнүктөрүнүн маанисин ачып берет. 5.1.1.3. Мамлекеттик символиканы сыпаттайт: желек, герб, гимн	6.1.1.3. Агрессивдүү улутчулдук жана жарандык париоттуулукар башка түшүнүктөр экенин түшүндүрөт, Жердеги тынчтыкты сактоодо нацизм жана фашизм коркунучтуу экенин аңдап-түшүнөт.	дагы артыкчылыктарды аныктайт жана аргументтейт. 7.1.1.3. Шаардын (айылдын) турмушуна өзүнүн катышуусун баалайт, изилдөө ишинин көндүмдөрүн көрсөтөт, өз коомчулугунун маданий салттарына болгон сыйурматын көрсөтөт.	8.1.1.2. Маданият аралык толеранттуулукту адам укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон баалуулук катары түшүндүрөт, терс аяктыктын социалдык көрүнүштөрүн сыпаттайт, алар жүрүм-турумда кантип байкалат, агрессивдүү улутчулдук, диний фанатизм, диний терсаяктык түшүнүктөрүнүн маанисин ачып берет. 8.1.1.3. Жеке жана кызматтык бийликтин айырмачылыгын түшүндүрөт, жеке жана кызматтык бийликтин айырмасы эмнеде, авторитаризм деген эмне, авторитардык бийлик, демократиялык бийлик, демократиянын маңызы эмнеде экенин аңдап-түшүнөт	дын «укуктук жарамдуулугу» жана «жарамдуулугу» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты түшүндүрөт, 6-н 14 жаш-ка чейинки жаш балдардын толук эмес жарамдуулугу деген эмне, Кыргызстандын жаранынын укуктук активдүүлүгүн талдоого алат. 9.1.1.3. Адамдын жарандык (жеке) укуктары менен эркиндиктеринин маанисин түшүн-дүрөт, кандай укуктар саясий укуктар болуп эсептелет, алар эмнени билдирет, жеке жана саясий укуктар өз ара кандай байланышкан, жарандуулукка болгон укук деген эмне экенин аңдап-түшүнөт. 9.1.1.4. Адам укуктарынын жалпы декларациясын талдоого

							алат, социалдык, экономикалык, маданий укуктарды айырма-лайт, адам укуктарынын глобалдык дүйнөдөгү маанисин түшүндүрөт.
		2. Коомдук-саясий. Экономикалык.	5.1.2.1. Үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана салттарды, ар бир адамдын турмушундагы үй-бүлөнүн ролун сыпаттайт, өзүнүн үй- бүлөсүнүн генеалогиялык тамырлары тууралуу түшүнүктөргө ээ болот. 5.1.2.2. Моралдык ченемдер кантип пайда болгонун, алар мыйзамдардан эмнеси менен айырмаланарын түшүндүрүп берет 5.1.2.3. Мамлекеттин негизги белгилерин, органдарын жана мыйзамдарын, өз мамлекетин жакшыртууда жарандардын	6.1.2.1. Өзүнүн жана башка адамдардын жүрүш-турушун жана кылык-жоруктарын адептик баалуулуктардын, жакшылык менен жамандыктын позициясынан баалайт. 6.1.2.2. Иш-аракеттерди мораль тарабынан айыпталгандарга жана мыйзам менен жазалангандарга бөлүштүрөт.	7.1.2.1. Жергиликтүү коомчулук кандай түзүлгөнүн жана кызмат аткарарын аныктайт, жергиликтүү маданияттын өзгөчөлүктөрүн аныктайт. 7.1.2.2. Жүрүм-турумдун топтук адептик-этикалык, укуктук ченемдер, иштиктүү этика менен жөнгө салынуучу типтерин талдоого алат.	8.1.2.1. Адамдын жарандык сапаттарын, алар иш-аракеттерде кандайча байкаларын, жарандык иш-аракет кадимки иш-аракеттерден эмнеси менен айырмаланарын аныктайт. 8.1.2.2. Өз жашоосундагы билим берүүнүн маанисине баа берет, көрүнүктүү адамдардын айткандарын талдоого алат, адам бактыга жана жашоонун маңызына жетиш үчүн эмне кылуусу керектигин көрсөтөт, бул маселе боюнча өз пикирин билдирет.	9.1.2.1. Эмне үчүн коомдо активдүү болуу керек экендгин түшүндүрөт, активдүү жарандык позицияны чечмелеп, демократия-лык жарандын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. 9.1.2.2. Коомдун коомдук, саясий, экономикалык турмушундагы маалыматтын, ММК, интернеттин ролун түшүндүрөт, өз Мекенинин жана дүйнөнүн саясатында эмнелер болуп жаткан билүүнүн эмне үчүн кереги бар, коомдук пикир дегенди аныктайт.

			мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт.				
		3. Социадык-коммуникативдик	5.1.3.1. Ар түрдүү адамдардын кулкмүнөзүн, адамдын жүрүм-турумунда акылдын, эрктин, мүнөздөрдүн ролун сыпаттайт. 5.1.3.2. Достукта эң негизги нерсе эмне экенин аныктайт, класташтары менен достук мамилесин көрсөтөт. 5.1.3.3. Өзүнүн жана башка адамдардын жүрүм-турумундагы жана кылык-жоруктарындагы намыстын жана кадырбарктын, сараңдыктын жана ичи тардыктын көрүнүштөрүн көрсөтүп, мүнөздөп берет.	6.1.3.1. Досторуна, коңшуларына, үйбүлөсүнө, окуучу катары өзүнө карата алганда өзүнүн идентификациясын түзөт. 6.1.3.2. Адамдардын ортосундагы диний, социалдык, куралтык айырмачылыктар ды сыпаттайт, алардын улуттук өзгөчөлүктөрүнүн белгилерин аныктайт.	7.1.3.1. Класстагы, үй-бүлөдөгү, курбалдаштар жамаатындагы өзүнүн ролун жана өз ара мамилелердеги көйгөйлөрдү аныктайт. 7.1.3.2. Инсан аралык достук мамилелердин түзүлүшүндө антипатия жана симпатия, кызматташтык жана атаандаштык кандай роль ойнорун, башка адамдар өзүнүн жүрүм-турумуна жана кылык-жоруктарына кандай таасир тийгизе турганын түшүнөт. 7.1.3.3. Өз ара түшүнүшүүү кандай принциптерге негизделерин, чырчатактуу кырдаалдарда кандай жүрүм-турум ылайыктуу, кандай	8.1.3.1. Үйбүлөдөгү карымкатыштардын тибин, азыркы этапта «аталар» жана «балдар» проблемасы эмнеде экенин талдоого алат, үй-бүлөдөгү идеалдуу карымкатыштардын моделин түзөт.	9.1.3.1. «Адам инсаны» жана «Инсан» (баш тамга менен) түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты, адамдын ички жана сырткы маданияты кайсы белгилери боюнча аныкталарын түшүнөт, өзүнүн инсанын өнүктүрүүнүн жана кесиптик өзүн өзү аныктоонун турмуштук планын долбоорлойт. 9.1.3.2. Инсан аралык жана маданият аралык мамиле маданиятынын адептик, этикалык принциптери менен ченемдерин, дискуссия жүргүзүү эрежелерин, чырчатактарды чечүүнүн ыкмаларын, иштиктүү этиканын эрежелерин пайдалануга умтулуусун көрсөтөт.

					ылайыксыз экенин түшүнөт.		
2	Ишмердүүлүк	1. Жарандыкукуктук	5.2.1.1. Адамдын руханий жана материалдык керектөөлөрүн мүнөздөп берет. 5.2.1.2. Башка элдердин салттары менен үрп-адаттарын окуп-үйрөнүүнүн маанисин аңдап түшүнөт.	6.2.1.1. Жайлуу жана жайсыз үй-бүлөлөрдүн болуш себептерин, балдар эмне үчүн балдар үйлөрүнө туш болорун аныктайт.	7.2.1.1. Ар-намыс жана кадыр-баркка, жыныстык кол тийбестикке, денсоолук жана өмүргө каршы багытталган жүрүм-турум типтерин талдоого алат.	8.2.1.1. «Укуктун бийлиги» туюнтмасын, адам укугу деген эмне экенин, мамлекет жарандардын укуктарын кантип камсыздарын чечмелеп, КР Конституциясы боюнча жарандын милдеттерин түшүндүрүп берет. 8.2.1.2. Демократиялык шайлоолор кандай болуш керектигин, шайлоочулардын кызыкчылыктары эмнеде экендигин, адамдар эмне үчүн шайлоолорго катышууга тийиш экендигин талдоого алат.	9.2.1.1. «Коом жана жарандык коом» («жарандардын коому») түшүнүктөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты жана айырмачылыктарды, БӨУ (НПО) коомдун турмушунда кандай роль ойнорун белгилейт. 9.2.1.2. Адам укугун коргоо деген эмне экенин, укугу бузулган учурда кайда кайрылуу керектигин, керектөөчү ката кетирип алуудан кантип качуусу жана бузулган укуктарын калыбына келтириши керектигин түшүндүрүп берет.
		2. Коомдук-саясий. Экономикалык	5.2.2.1. Ата-эненин бийлиги, аскердеги бийлик, мамлекеттик бийлик адамдардын ишмердүүлүгүнө жана жүрүм-турумуна кандай таасир тийгизерин	6.2.2.1. Диктатура менен демократиянын ортосундагы айырмачылыктарды мүнөздөйт. 6.2.2.2. Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча өзүнүн иш-аракеттерин план-	7.2.2.1. Өз шаарындагы (айылындагы) ишканалардын ресурстарын, ишмердүүлүгүнүн түүрлөрүн жана типтерин аныктайт, аларды	8.2.2.1. Президенттин, парламенттин, өкмөттүн негизги милдеттерин, мамлекеттик бюджет деген эмне экенин, мамлекеттин киреше-лери кайдан келип чыгарын жана	9.2.2.1. Демократиялык коомду өнүктүрүүдө мамлекеттин жана саясий партиялардын ролу кандай экенин көрсөтөт. 9.2.2.2. Бизнес жүргүзүүгө өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн баа-

			түшүндүрүп берет 5.2.2.2. Өз үй-бүлөсүнүн, туугандарынын жана тааныштарынын кесиптерин, өзү жана үй-бүлөсү пайдаланган товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомун сыпаттап берет.	дайт, өзүнүн мектеп турмушуна катышуусуна баа берет, жүрүм-турумдагы жана окуудагы жеке жоопкерчилигин далилдейт. 6.2.2.3. Мектептин коммуналдык мейкиндиги, мектеп турмушунун экономикалык аспектилери, мектепте эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу айтып берет . 6.2.2.4. Адамдын ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн, киреше булактарын, чогултуунун ыкмаларын жана үй чарбачылыгынын чыгымдарын сыпаттап, үй-бүлөлүк бюджетти эсептейт. 6.2.2.5. Рационалдуу керектөөчүлүк тандап алуунун маңызын, товарлардын таңгакчаларындагы жана товарлардын өзүндөгү атайын	ыктымалдуу иш берүүчүлөр же керектөөчүлөр үчүн товарларды өндүрүүчүлөр катары талдоого алат 7.2.2.2. Өндүрүш процессинин механизмдерин, эмгектин бөлүнүшүн жана адистешүүсүн, маркетингди, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда жаңы технологиялардын ролун түшүнөт	алар кандай жумшаларын түшүндүрүп берет. 8.2.2.2. Керектөөлөрдүн, жыргалчылыктардын, өндүрүш факторлорунун ортосундагы айырмачылыктарды, чектелгендик көйгөйүнүн, экономиканын негизги маселелеринин, экономикалык тандап алуунун маңызын чечмелеп түшүндүрүп берет. 8.2.2.3. Товар, пайдалуулук, нарк, сейректик, чыгымдар, суроо-талап, сунуш, баа түшүнүктөрү өз ара кандай карым-катышта экенин аныктайт, акчанын түрлөрүн жана функцияларын көрсөтүп берет 8.2.2.4. Ресурстардын, товарлардын, акчанын айлануу схемасын сыпаттайт, экономикалык системалардын	лайт, бизнестин ар түрдүү юридикалык фирмаларынын артыкчылыктарын жана мүчүлүштөрүн, ишкердик капитал кантип түзүлөрүн талдоого алат. 9.2.2.3. Фирманын өндүрүшкө жумшалган чыгымдарын эмне түзөрүн, киреше жана пайда кантип аныкталарын, атаандыштык жана монополия шарттарында фирмалардын жашоосунун мүмкүнчүлүгү кандай экенин талдоого алат 9.2.2.4. Тирлик минимумун эсептейт, адамдардын жашоо деңгээлинин көрсөткүчтөрүн талдоого алат, камсыздандыруу уюмдары жарангa, фирмага, мамлекетке эмнеси менен пайдалуу экенин талдайт, үй-бүлөнүн болжолдуу бюджетин түзөт. 9.2.2.5. Кыргызстандын экономикалык

				символдордун маанисин түшүндүрүп берет, керектөө маданиятынын маанилүү элементтерин атап көрсөтөт.		типтерин салыштырат. 8.2.2.5. Рыноктун иштөө механизмдерин, суроо-талап жана сунуш мыйзамдарын, суроо-талаптын өзгөрүшүнө кандай факторлор таасир тийгизерин, базар баасы кандайча түзүлөрүн, инфляция деген эмне экенин түшүндүрүп берет.	дараметин, анын сырткы соодасынын шарттарын, бажы, чет элдик валюта менен байланыштуу көйгөйлөрдү, эмгек миграциясынын себептери жана натыйжалары кайсылар экенин түшүндүрүп берет.
		3. Социалдык-коммуникативдик	5.2.2.1. Өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн, эс алуусун жана бош убактысын уюштурат, өзүнүн чыгармачылык иштерин көрсөтөт.	6.2.3.1. Маданият аралык толеранттуулук баарлашуу маданиятынын негизги принциби экендиги тууралуу бүтүмдөрдү чыгарат, кеп этикетинин эрежелерин, жакшы манераларды, меймандостук мыйзамдарын мүнөздөйт.	7.2.3.1. Турмуштук пландарды долбоорлоо аркылуу өзүн өзү аныктоого жана өзүн өзү реализациялоого умтулусун көрсөтөт.	8.2.3.1. Рационалду жүрүм-турум эрежелерин талдоого алат, конкреттүү мисалдардын негизинде альтернатива луу наркты эсептеп чыгарат, сабаттуу чечимдерди кабыл алуу үчүн экономикалык моделдерди пайдаланат.	9.2.3.1. Кандай баалуулуктар жалпы адамзаттык (гуманисттик) болорун айырмалайт, аларды категориялар боюнча классификациялайт: бийик руханий баалуулуктар, маданияттын баалуулуктары, саясий жана жарандык баалуулуктар, демократиялык коомдун баалуулуктары, экологиялык баалуулуктар. 9.2.3.2. Аял менен жана эркектин коомдогу жана үй-бүлөдөгү ролу тууралуу кеңири

							таралган көз караштарды, үй-бүлөнү пландоо деген эмне экенин талдоого алат.
3	Жөнгө салуу	1. Жарандык-укуктук	5.3.1.1. Тартип бузуу деген эмне экенин түшүндүрүп берет, тартип бузуулар үчүн жоопкерчиликтин түрлөрүн ажыратат.	6.3.1.1. Өмүр-өлүм маселелери боюнча өз оюн билдирет, өмүр – баалуулук экенин, өз өмүрүңө, ден соолугуңа жоопкерчилик менен мамиле кылуу керектигин, зыяндуу адаттар ден соолукка кандай таасир тийгизерин түшүнөт. 6.3.1.2. Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенцияга, өлкөнүн Конституциясына, КР Үй-бүлө Кодексине ылайык, баланын укуктарын санап берет. 6.3.1.3. Тиешелүү мыйзамдардын негизинде жашыл тилкелерди, парктар менен токойлорду пайдалануга жана коргоого, бүткүл дүйнөлүк маданий жана табигый мурастарды сактоого байланыштуу маселелерди ачып берип,	7.3.1.1. Тартип бузуу менен кылмыштын ортосундагы айырмачылыкты, күнөө деген эмне экенин түшүндүрөт, тартип бузуучунун потенциалдуу белгилерин (аморалдык жүрүш-туруш, руханийсиздик, жазалан-багандык) аныктайт.	8.3.1.1. Адамдардын сүйүү мамилелериндеги каталар пайда кылган типтүү көйгөйлөрдү талдоого алат; мамлекет эмне үчүн жана кантип үй-бүлө-нике мамилелерин жөнгө салууга катышат. 8.3.1.2. Эркиндиктерди жүзөгө ашыруу мыйзам менен жөнгө салынары жана коомдук тартиптин эрежелери жалпынын кызыкчылыгы болгондуктан аларды эч ким буза албастыгы тууралуу бүтүмдөрдү чыгарат.	9.3.1.1. БУУнун максаттарын, милдеттерин жана принциптерин, БУУнун Программаларын, туруктуу өнүгүүнү, жакырчылыкты, тынчтыкты сактоону, адам укуктарын, теңсиздикти, адамдын коопсуздугун, баланын укуктарын, адамзаттын маданий мурастарын чечмелеп түшүндүрүп берет. 9.3.1.2. Эл аралык – укуктук актылар менен (Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Баланын укуктары боюнча Конвенция) жана КР Констиуциясындагы жалпылыктарды талдоого алат, «Конституция – түз аракеттеги мыйзам» деген туюнтманын маанисин түшүндүрөт.

				жаратылышка келтирилип жаткан зыян менен аны калыбына келтирүүгө жумшалчу чыгымдарды салыштырат.			
		2. Коомдук-саясий. Экономикалык	5.3.2.1. Тамеки чегүүнүн, аракечтиктин, баңгиликтин кесепеттерин түшүндүрүп берет, бул заяндуу адаттар боюнча өзүнүн жеке пикирин билдирет.	6.3.2.1. Күндөлүк турмушунда адамдар жашап турган чөйрөсүнө кантип зыян келтиргенине баа берет, чыгарган калдыктардын санын азайтуу боюнча үй чарбаларынын мүмкүнчүлүктөрүн сыпаттайт, «жашыл колдонуунун» маңызын түшүнөт, товарларды экологиялык маркерлөө тууралуу маалыматтарды сунуш кылат.	7.3.2.1. Өз жеринин экологиялык көйгөйлөрүнүн себептерин ачып берет, өндүрүштү экологиялаштыруу деген эмне экенине түшүндүрмө берет. 7.3.2.2. Өз кооомчулугундагы укук тартибинин сактылышына баа берет, «укук тартиби» жана «коомдук тартип» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты көрсөтөт. 7.3.2.3. Милициянын ролу менен сот акыйкатынын ортосундагы айырмачылыкты, жашы жете электердин иштери боюнча соттун	8.3.2.1. Кандай мамлекет укуктук болуп саналарын жана Конституцияда Кыргыз мамлекети жөнүндө эмне деп айтылганын, укуктук мамлекетте кандай иш-аракеттер аткарыла турганын, ал эми мыйзамдын бийлиги болбогон мамлекетте кандай иш-аракеттер аткарыларын аныктайт. 8.3.2.2. Сот акыйкатынын жана прокуратуранын ишмердүүлүгүн эмне түзөрүн, эмне үчүн Конституцияда соттун көз карандысыздыгы көрсөтүлгөнүн түшүндүрүп берет.	9.3.2.1. Баалуу кагаздар деген эмне экенин, аларды ким сатып аларын жана сатарын, баалуу кагаздар менен жүргүзүлүүчү мыйзамдуу операциялар «алдамчылык» пирамидалардан эмнеси менен айырмаланарын, банктар кадимки адамдардын жана фирмалардын ишмердүүлүгүндө кандай роль ойнорун түшүндүрүп берет. 9.3.2.2. Эмне үчүн жумушсуздук орун аларына, эмгек биржасы кандай милдеттерди аткарарына, мамлекеттин социалдык саясаты кандай чараларды көрөрүнө талдоо жүргүзөт. 9.3.2.3. Үй-бүлө, мүлктүк жана мүлктүк эмес, эмгек мами-

					ролун түшүндүрөт.		лелери кандай укуктук ченемдер менен жөнгө салынарын түшүндүрүп берет
		3. Социалдык-коммуникативдик	5.3.3.1.Өзүнүн укуктарын, адилеттүү коомдун негизги белгилерин сыпаттайт.	6.3.3.1. Укуктар качан бузуларын, жеке жана мамлекеттик коопсуздукка коркунуч тууларын аныктайт, бул маанилүү маселелерди ким жана кантип чечерин түшүндүрөт.	7.3.3.1. Шылдыңдоо жана жалаа жабуунун айырмачылыгы жана окшоштугу эмнеде экенин, бейбаштык деген эмне экенин, адам уурдоо үчүн жоопкерчиликтин чени кандай экенин, жашы жете электер уурдоого каршы кандай сактануу чараларын көрүшү керектигин түшүндүрүп берет. 7.3.3.2. Акча, мүлккө опуза талап болгон учурда эмне кылуу керектигин, опуза талап үчүн кандай кылмыш жазасы болорун түшүндүрүп берет.	8.3.3.1. Инсанга маалыматтык таасир этүүнүн кандай методдору бар экенин, адамга ММК кандай таасир тийгизерин аныктайт.	9.3.3.1. Келишим деген эмне экенин, адамдардын ортосундагы мамилелерде келишимди колдонуу эмне менен шартталганын, экономикалык турмушта келишимдердин кайсы түрлөрү көп кездешерин түшүндүрөт.

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Баалоо:

- андан ары окутуу үчүн окуучулардын даярдыгынын деңгээлин өлчөө үчүн;
- орундарды аныктоо же башка артыкчылыктарды берүү максатында окуучулардын рейтингин өткөрүү үчүн;
- окуучулардын окуусуна тескери байланышты камсыз кылуу үчүн, окуучулардын өздөрүнө да, мугалимдерге да;
- окутууда стандарттарды аныктоо жана аларга туура келүү үчүн;
- окутуу процессинде багыт берүү жана жетекчиликти ишке ашыруу үчүн

колдонулат.

Баалоо окуунун ички жүйөсүнө түрткү берүүгө, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү анализдөө жана өз ара баалоо, өз ишмердүүлүгүн жана башка окуучулардын ишмердүлүгүн сын көз караш менен баалоо көндүмдөрүн калыптандырууга багытталып, окутуунун эмоциялык жагымдуу чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө болот. Бул максатта баалар да, сапаттык жана сыпаттама ыкмалар да колдонулат.

Баалоо маселесин чечүү үчүн мугалим:

- бааны окутуунун натыйжасына жетүү даражасынын көрсөткүчү катары карайт;
- натыйжаларга жетүү жана жеке өнүгүүсү жагынан окуучулардын прогрессин байкоого алат;
- сапаттык жана сандык баалоонун ар түрдүү формаларын (жекече жана топтук иш, оозеки жана жазуу иши ж.б.) жана методдорун, ыкмалары менен инструменттерин (окуучунун портфолиосу, байкоолор, тесттер, текшерүү иштери ж.б.) пайдаланат;
- көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн окутуу процессиндеги прогресс жана кыйынчылыктар тууралуу окуучуларды жана алардын ата-энелерин кабардар кылат;
- окуучуну ким, качан жана кайсы жерде баалап жатканына карабастан, окуучуга коюлган талаптардын биримдигин камсыз кылат.

«Адам жана коом» интегративдик предмети боюнча баалоо курсту түзүүнүн негизги принциптерине жооп бериши керек:

- Берилген курска интеграцияланган айрым–айрым предметтердин билимдеринин суммасы эмес, окуучуларга социалдык көйгөйдү түрдүү дисциплиналардын (социология, укук, экономика, политика, этика) көз карашынан кароого мүмкүнчүлүк берген таанып-билүү ишмердүүлүгү бааланат
- Практика-багытталган принцип, анын негизинде мектептин чегинен тышкары жерлерде аракеттене билүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөр иштелип чыгат.

Курстун алкагында баалоону пландоодо окуучулардын жетишкендиктеринин деңгээлин баалоого кошмча окуучуларда өзүн өзү баалоо, өзүн өзү анализдөө жана өз ара баалоо, өзүнүн жана башка окуучулардын ишмердүүлүгүнө сын көз караш менен баа берүү көндүмдөрүнүн калыптануу даражасын баалоо жүргүзлөрүн эстен чыгарбоо зарыл. Баалоо системасы окуучуда окууга болгон ички жүйөгө түрткү берүүгө да багытталышы керек.

«Адам жана коом» предметинде баалоонун принциптери:

- Объективдүүлүк. Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар бир эле сыноодон бирдей шарттарда өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объек-

тивдүлүгү мугалимде да, окуучуларда да баанын так критерийлеринин болушун талап этет. Баалоо класстагы жагымдуу атмосферанын шартында жүргүзүлүүгө тийиш.

- Ачыктык баалоонун критерийлери менен формалары окуучуларга күн мурунтан белгилүү болуусун талап кылат. Окуучулар эмне жана кантип бааланарын билиши керек, мында алар баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга катыша алышат.
- Ишенимдүүлүк. Бул принцип материал боюнча кошумча сабактарды өткөрбөстөн, берилген тапшырмаларды кайталап колдонууда бир эле окуучуга карата алганда бирдей жыйынтыктарды камсыз кылууга тийиш.
- Валиддүүлүк – баалоо методунун шексиздиги, ал өлчөнүүгө тийиш болгон нерсенин өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

Баалоонун түрлөрү

Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекетик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: диагностикалык, формативдик жана суммативдик.

Диагностикалык баалоо окуу жылынын / ар бир циклдин башында кийинки прогрести баалоо үчүн жүргүзүлөт: мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт.

Формативдик баалоо. Формативдик баалоонун максаттарын окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгүн жана жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучулардын ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу түзөт. Окуучунун жөндөмдүлүктөрүнүн деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктерине жана прогрессине көңүл бурулат. Журналга баа зарылдыгына жараша коюлат, мугалим окуучулардын жеке прогрессине өздүк байкоолорун белгилеп түшүрөт.

Суммативдик баалоо. Мындай баалоо окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга окуучунун жетүү даражасын аныктоо үчүн колдонулат.

«Адам жана коом» интегративдик предмети боюнча баалооонун 3 компоненттен турган системасы сунушталат:

1. Иш-аракеттик шкала/байкоо: Окуучулардын мектеп чөйрөсүндө жана тышкы чөйрөдө жүрүш-турушу жана өз ара аракеттери кандай экенин аныктоого жардам берүүчү критерийлери бар шкала.

Бул–мазмунду билүүнүн баасы эмес, билгичтиктерди текшерүү. Ал субъективдүүдөй туюлушу мүмкүн, бирок «Адам жана коом» предметинин жалпы максаттары үчүн жогорку даражада валиддүү болушу ыктымал.

5	4	3	2	1
Дайыма	Көп учурда	Кээде	Сейрек	Эч качан

«Адам жана коом» интеграцияланган предметинде баалоо курстун түзүлүшүнүн жалпы принциптерине жооп берүүгө тийиш:

- Аталган курска интеграцияланган предметтердин айрым–айрым билимдеринин суммасы эмес, окуучуларга социалдык көйгөйдү түрдүү дисциплиналардын (социология, укук, экономика, политика, этика) көз карашынан кароого мүмкүнчүлүк берген таанып-билүү ишмердүүлүгү бааланат
- Практика-багытталган принцип, анын негизинде мектептин чегинен тышкары жерлерде аракеттене билүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөр иштелип чыгат.

Курстун алкагында баалоону пландоодо окуучулардын жетишкендиктеринин деңгээлин баалоого кошумча окуучуларда өзүн өзү баалоо, өзүн өзү анализдөө жана өз ара баалоо, өзүнүн жана башка окуучулардын ишмердүүлүгүнө сын көз караш менен баа берүү көндүмдөрүнүн калыптануу даражасын баалоо жүргүзлөрүн эстен чыгарбоо зарыл. Баалоо системасы окуучуда окууга болгон ички жүйөгө түрткү берүүгө багытталышы керек.

Критерийлер:

- Окуучу башкалардын сөзүн бөлбөстөн, өз оюн айтуусуна мүмкүнчүлүк береби?
- Окуучу башкалардын өзүнүкүнөн айырмалуу көз караштары болушу мүмкүн экенине жол береби?
- Талаш учурунда окуучу башкалардын дарегине шылдыңдаган, кемсинткен сөздөрдү айтуудан качабы?
- Окуучу тигил же бул маселе боюнча башка адамдардын пикирин сурайбы?
- Чыр-чатактарды чечүүдө окуучу күч колдонобу? Чыр-чатактарды чечүү үчүн компромисстерди табууга аракеттенеби?
- Башка окуучулардын укугу бузулса, окуучу аны коргойбу?
- Окуучу балдарга жана кыздарга бирдей мамиле жасайбы?
- Окуучу жергиликтүү мүнөздөгү көйгөйдү чечүүгө багытталган иш-чараларга катышабы?
- Башка критерийлер.

2. Долбоорлоо /окуучунун активдүү позициясы (жыйынтык аттестацияны өткөрүүдө кошумча баа катары):

9-класста окуучулардын 2 долбоорду иштеп чыгуусу жана болжолдуу аткаруусу: 1) инсандык-ориентацияланган жана 2) коомдук-ориентацияланган.

Долбоорлоонун негизги максаты болуп окуучунун өзүн өзү аныктоосу, турмуштук кырдаалдарга карата өз алдынчалыктын жана активдүү позициянын иштелип чыгышы, аны жүйөлөө, коомдун турмушуна активдүү катышуу, өзүн өзү реализациялоосу эсептелет.

Долбоорлоо боюнча болжолдуу багыттар:

Биринчи (инсандык-ориентацияланган) долбоор: Мен – инсанмын. Менин келечегим.

Экинчи (коомдук-ориентацияланган) долбоор: Жооптуу болуу деген эмне (үй-бүлөдө, мектепте, коомдо, жашаган жерде ж.б.).

Долбоорлоону баалоонун болжолдуу критерийлери:

Маанилүү: Долбоорлоону баалоонун критерийлери мугалим тарабынын иштелип чыгып, окуучулар окуучулар менен талкууланышы керек.

Проблема	Проблема / анын актуалдуулугу белгиленген, изилдөө/ иш-аракеттин максаттары так аныкталган
Чечимди издөө жана пландоо	Өткөрүлгөн изилдөө /иш-аракет тереңдиги, өз алдынчалыгы, чыгармачыл мамиле жасалышы, ар түрдүү методдордун колдонулушу менен айырмаланат
Долбоор боюнча маалыматтарды издөө	Маалыматтын көп сандагы ишенимдүү булактары (кагазга түшүрүлгөн, компакт-дисктер, интернет-булактар), маектер, жолугушуулар
Продукт	Өткөрүлгөн изилдөө / иш-аракет темага жана проблемалуу суроого жооп берет. Коюлган максаттар аткарылды. Бүтүмдөр логикалуу, негизделген жана коюлган максаттарга ылайык келет
Долбоордун жыйынтыктарын презентациялоо	Изилдөөнүн/иш-аракеттин жыйынтыктарын көрсөтүүнүн ар кыл формалары тандалып алынган, алар долбоордун максаттарына, материалдын мазмунуна туура келет, окуучунун салымын көрсөтөт. Сүйлөгөн сөзү ырааттуулугу, баяндоонун логикасы жана кеп маданияты менен мүнөздөлөт. Окуучулар долбоордун мазмунун кыска жана толук ачып бере алуу, кабыл алынган чечимдерди аргументтүү түрдө негиздеп бере алуу билгичтиктерин көрсөтүшөт
Топ менен долбоорлоо учурунда	Биргелешкен аракеттер, иштин графиги так пландалган, топтун катышуучуларынын ролдору бөлүштүрүлгөн, изилдөө/иш-аракеттин жүрүшүн топтоо активдүү талкулоо уюштурулган

Окуучулардын ар бири (топ) төмөнкүлөр үчүн кошумча балл алышы мүмкүн:

- Долбоорду/долбоорлорду аткарууда оригиналдуу методдорду колдонуу
- Долбоордун/долбоорлордун жыйынтыктарын презентациялоонун стандарттуу эмес ыкмаларын колдонуу.

Талкуулоо үчүн кошумча критерийлер:

Долбоорду жүзөгө ашыруу боюнча ишмердүүлүктү баалоо үчүн окуучулардын жарандык көндүмдөрүнүн төмөндө келтирилген тизмесин пайдаланууга болот.

Мугалим ар бир (же тандоо боюнча) критерийге белгилүү сандагы баллдарды коёт. Иштин жыйынтыгы боюнча баллдарды эсептөө жүргүзлөт. Эгер окуучу мүмкүн болгон жыйынтыктын 90 %дан 100 %га чейин топтосо – «5» коюлат, 75 % дан 90 %га чейин – «4», 50 % дан 75 %га чейин – «3».

Өзө ара аракет	**Көзөмөл (мониторинг)**	**Таасир этүү**
Билгичтик: – кичи топтордо, комитеттерде иштөө – угуу – маалымат алуу, көз карашты аныктоо үчүн суроолорду берүү – коомчулукту кызыктырган маселелерди талкуулоо – жарандардын топторуна, кызыкчылыктар боюнча топторго катышуу – окшош топтордун колдоосуна ээ болуу үчүн союздарды түзүү – чыр-чатактарды башкаруу: ортомчулук, сүйлөшүү-	Билгичтик: –коомчулукту кызыктырган суроолорду талкуулоо – коомчулукту кызыктырган суроолордун ММКда талкууланышына байкоо салуу; – мамлекеттик чиновниктерден жана мекемелерден, кызыккан топтордон, жарандык уюмдардан маалымат жыйноо – коомчулуктун жыйналыштарына катышуу – жарандык көйгөйлөрдөн маалыматы бар адамдар менен маектешүү – маалымат алуу максатында	Билгичтик: – добуш берүүгө катышуу – өзүнүн кызыкчылыктарын же топтун кызыкчылыктарын көрсөтүп берүү – петициялар менен кайрылуу –каттарды жазуу – коомчулуктун алдында чыгып сүйлөө – жарандык уюмдарга, саясий партияларга, кызыкчылык боюнча топторго катышуу – кандидатарды же коомчулукту кызыктырган маселелер боюнча позиция-

лөрдү жүргүзүү, компромисс, консенсусту (макулдашуу) издөө, чечим чыгаруу – тандалган лидердин же өкүлдүн ролунда болуу менен, мектептик жана коомдук милдеттерди аткаруу	мамлекеттик чиновниктерге, эксперттерге суроолорду берүү – маалымат алуу жана алмашуу үчүн басма жана электрондук ресурстарды пайдалануу	ларды колдоо же четке кагуу – коомчулукту кызыктырган маселелер боюнча көз караштар менен таанышуу үчүн ММК, компьютер түйүнүн пайдалануу

3. Теориялык мүнөздөгү суроолор: эссе, жазуу түрүндөгү тесттер, оозеки жооптор, докладдар, рефераттар ж.б. жардамы менен баа коюу.

Жалпысынан баалоодо окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн текшерүүнүн төмөндөгү методдору колдонулат:

- текшерүнүн оозеки түрлөрү (сурамжылоо, суроолорго оозеки жооп берүү, оозеки текшерүү иши ж.б.),
- текшерүнүн жазуу жүзүндөгү түрлөрү (терминологиялык жат жазуу, өз алдынча иш, текшерүү иши, тематикалык реферат, тесттердин ар кыл түрлөрү).
- Текшерүүнүн практикалык түрлөрү (практикалык иш, эксперименталдык иш ж.б.).

Суммативдик баалоодо оозеки суроонун көлөмү азаят, ал эми жазуу иштеринин көлөмү көбөйөт. Айына жок дегенде бир ирет текшерүү иштерин өткөрүү сунуш кылынат. Мындай иштерди өткөрүүдө сөзсүз түрдө текшерүү иштеринин ар түрдүү формаларын колдонуу зарыл. Окуучулардын текшерүү иштерин текшерүүдө окуучулар менен кери байланыш түзүү, аткарылган иштерди аргументтелген талдоо жүргүзүү зарыл. Бул жерде окуучунун ишмердүүлүгү бааланат, ал эми мугалимдин окуучуга болгон мамилеси коюлган баага таасир тийгизбеши керек.

Объективдүү баалоо. Баалоонун критерийлерин пайдалануу менен, окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо (критерийлер боюнча баалоо).

Обьективдүүлүк принцибин камсыз кылуучу баалоо – критерийлер боюнча баалоо.

Критерийлер боюнча баалоо ар бир окуучунун ишмердүүлүгүн гана баалоого (бир окуучунун жообун/ишин башка окуучунун жообу/иши менен салыштырбай) мүмкүндүк берет. Окутуунун натыйжаларына карата алганда окуучунун окутулгандык деңгээлин аныктайт. Бул жерде ар бир окуучу тарабынан материалды өздөштүрүү деңгээли баалоонун критерийлерине жана тиешелүү күтүлгөн натыйжаларга жараша бааланат.

Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалоонун критерийлеринин негизи болуп окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын жыйынтык максаттары эсептелет.

Мындай баалоонун критерийлерин пайдалануда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн баалоо ачык-айкын жана түшүнүктүү болот. Бул критерийлер обьективдүү баалоону камсыз кылат. Мындай баалоодо мугалим баалоонун критерийлери менен окуучуларды күн мурунтан тааныштырусу керек. Ушундай учурда гана окуучулар ар бир тапшырмага түшүнүү менен мамиле кылышат, бул болсо кийинки жетишкендиктерге жетүүгө мүмкүндүк берет.

«Адам жана коом» предмети боюнча баалоонун болжолдуу критерийлери:

1. Оозеки жооп

Оозеки жоопту баалоонун критерийлери

Оозеки жооп:

а) окуп-үйрөнүлгөн теориялардын негизинде туура болууга;

б) толук болууга; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта берилүүгө;

в) материал адабий тил менен берилүүгө;
г) жооп өз алдынча болууга тийиш.

Оозеки жоопко коюлуучу баалардын ченемдери:

- «2» деген баа – жооптон окуучу окуу материалынын мазмунун түшүнбөгөнү же мугалимдин жетелеме суроолорунан кийин оңдой албаган олуттуу каталарды кетиргени байкалат.
- «3» деген баа –жооп толук, бирок олуттуу ката кетирилген же жооп толук эмес, байланышсыз.
- «4» деген баа –окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде жооп толук жана туура; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта берилген, ошол эле учурда мугалимдин талабы менен оңдолгон 2-3 анча олуттуу эмес ката кетирилген.
- «5» деген баа – окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде жооп толук жана туура; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта, адабий тил менен берилген; өз алдынча жооп.

2. Жазуу түрүндөгү жооп

Жазуу түрүндөгү жоопту баалоонун критерийлери:

Жазуу түрүндөгү жоопту баалоодо төмөнкү элементтерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

- проблеманы ачып берүүдө өз көз карашын (позициясын, мамилесин) көрсөтүү;
- проблеманы теориялык деңгээлде ачып берүү (негиздөөлөр менен байланышта) же жоопто терминдер менен түшүнүктөрдү пайдаланбастан;
- коомдук турмуштун фактыларына же өз тажрыйбасына таянуу менен өз позициясын аргументтөө.

Жазуу жүзүндөгү жоопко коюлуучу баалардын ченемдери:

- 2» деген баа проблема ачылып берилбесе же тапшырманын контекстиндеги эмес маалымат (коомдук турмуштун же өз тажрыйбасынын фактылары) берилсе коюлат.
- «3» деген баа көтөрүлгөн проблема боюнча өздүк позициясы аргументтөөсүз тиричилик деңгээлинде берилсе коюлат.
- «4» деген баа проблеманы ачып берүүдө өз көз карашы (позициясы, мамилеси) көрсөтүлсө коюлат. Проблема терминдерди жана түшүнүктөрдү формалдуу колдонуу менен ачылган. Коомдук турмуштун фактыларына же өздүк социалдык тажрыйбасына таянуу менен өз пикирин аргументтеген.
- «5» деген баа проблеманы ачып берүүдө өз көз карашы (позициясы, мамилеси) көрсөтүлсө коюлат. Проблема теориялык деңгээлде, негиздөөлөр менен байланышта, контекстте терминдерди жана түшүнүктөрдү корректүү колдонуу менен ачылган. Коомдук турмуштун фактыларына же өздүк социалдык тажрыйбасына таянуу менен өз пикирин аргументтеген.

3. Практикалык иш

Баалоонун критерийлери:

Практикалык ишти баалоодо төмөндөгү элементтерди бөлүп көрсөтүү керек:

а) иште зарыл болгон ырааттуулукту сактоо;

б) окуучулар ишти аткаруу үчүн зарыл болгон билимдердин булактарын өз алдынча тандап алышат;

в) практикалык иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон теориялык билимдерди, практикалык билгичтиктер менен көндүмдөрдү өз алдынча пайдаланышат.

Практикалык ишке коюлуучу баалардын ченемдери:

- «2» деген баа окуучу ишти аткарууга даяр болбосо коюлат. Алынган натыйжалар туура бүтүмдөрдү жасоого шарт түзө албайт жана коюлган максатка туура келбейт. Теориялык материалды начар билери жана керектүү билгичтиктердин жоктугу көрүнөт. Окуучу начар даярдангандыктан, мугалимдин жана башка окуучулардын жетекчилиги менен көмөгү натыйжа бербейт.
- «3» деген баа практикалык иш мугалимдин же жакшы даярданган жана бул ишти «эң жакшы» аткарган окуучулардын жардамы менен аткарылса коюлат. Ишти аткарууга көп убакыт жумшалат (толук бүткөрүү үчүн ишти үйгө берүүгө болот). Окуучулар теориялык материалды билерин көрсөтөт, бирок өз алдынча иштөөдө кыйналат.
- «4» деген баа практикалык иш же өз алдынча иш окуучу тарабынан толук көлөмдө жана өз алдынча аткарылса, коюлат. Аткаруунун зарыл болгон ыраатынан четтөөлөр байкалат, бирок алар жыйынтыктын тууралыгына таасир тийгизе албайт (айрым аймактарды же өлкөлөрдү мүнөздөөдө типтүү пландын пункттарын алмаштыруу ж.б.). Окуучулар мугалим көрсөткөн билим булактарын колдонот. Иш окуучунун теориялык негизги материалды билерин, ишти өз алдынча аткаруу үчүн зарыл болгон билгичтиктерге ээ болгонун көрсөтөт. Иштин жыйынтыктарын берүүдө так эместиктер жана этибарсыздыктар болушу мүмкүн.
- «5» деген баа иш толук көлөмдө тиешлеүү ырааттуулукту сактоо менен аткарылса, коюлат. Окуучулар толугу менен өз алднча иштешет: ишти аткаруу үчүн зарыл болгон булактарды тандап алышат, практикалык ишти аткарууга керектүү теориялык билимдерин жана практикалык билгичтиктери менен көндүмдөрүн көрсөтүшөт.

Талдоо

Баалоонун эң негизги этабы болуп алынган натыйжаларды балоо эсептелет. Окуу процессинде мугалим ар бир өткөрүлгөн ишке талдоо бериши керрек.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча мугалим:

1. Окуучулар менен кери байланышты түзүүсү жана каталардын үстүндө иштөөнү сунуш кылуусу;
2. Өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсү, мисалы:
   - окуучулар кыйналган темаларды өдөштүрүүнү улантуу;
   - окуучулардын түшүнүүсүн жакшыртуу үчүн кошумча убакыт бөлүү;
3. Окутуу методикасын көңүл бурусу, оңдоолорду киргизүүсү;
4. Календардык-тематикалык пландоону коррекциялосу керек.

4 - бөлум. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Билим берүү процессин ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар коомтаануу сабактарында максаттарга жетүүнү жана окуучулардын жетишкендиктеринин пландалган натыйжаларын эске алуу менен түзүлүп, төмөнкү элементтерди камтыйт:

- Предмет боюнча окуу китептеринин же/жана алардын курамдык бөлүгү болгон электрондук тиркемелери бар окуу китептеринин, аныктамалык, окуу-методикалык адабияттардын болушу.
- Предмет боюнча кошумча басылма жана электрондук билим берүү ресурстары, анын ичинде Интернет.
- Курстун темалары боюнча демонстрациялык таблицалардын, схемалардын жана башка графикалык уюштуруучулардын болушу.

- Предмет боюнча өзүнүн графикалык уюштуруучуларын түзүү үчүн окуу каражаттарынын (кагаз, карандаштар, флипчарттар ж.б.) болушу.
- Техикалык каражаттар (аудио-, видеоаппаратура, компьютер, проектор, көбөйтүүчү техника, интерактивдүү такта ж.б.)
- Натыйжалуу коммуникация максатында окуу мейкиндигин өзгөртүү үчүн жеңил ыңгайлуу эмеректин болушу.

«Адам жана коом» курсунун жалпы билим берүүчү программасын ишке ашырган педагогикалык кадрлардын квалификациясына коюлуучу талаптар:

- Билим берүү процессинин субьектиси катары адам жөнүндөгү илимдердин системасын, анын куралтык, жекече өзгөчөлүктөрүн, өнүгүүсүнүн социалдык факторлорун билүү.
- Окуучулардын эркиндиктери менен укуктарын сактоо, окуучуларга социалдык жардам жана колдоо көрсөтө алуу.
- Педагогикалык процесстин бүтүндүгү, заманбап психологиялык-педагогикалык технологиялар тууралуу билимдердин системмасына ээ болуу, өнүктүрүүчү окутуу технологияларын билүү.
- Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүгүн уюштурууну билүү.
- Билим берүү мекемелеринин системасын жана аларды башкаруунун негиздерин билүү.
- Билим берүү тармагында тажрыйба-эксперименттик иштерди жана изилдөө иштерин уюштуруунун негиздерин билүү.
- Ар түрдүү типтеги билим берүү уюмдарында «Коомтаануу» курсун окутуунун заманбап методикасын билүү, окутуунун ар түрдүү каражаттарын колдонуу.
- «Коомтаануу» курсу боюнча профилдик окутууну жүргүзүүгө даяр болуу, автордук програмаларды иштеп чыгуу.

4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

1. Окуучуларды окуу-процессинде субьекттик позициялоо үчүн шарттарды түзүү (окуу диалогун жүргүзө алуу, коммуникативдик-ишмердүүлүк мамилеге негизделген сынчыл ойлом технологиясы, дебаттар, долбоорлоор методу сыяктуу билим берүү технологияларын киргизүү аркылуу өз ишмердүүлүгүн проблемалаштыруу; өзүн өзү көзөмөлдөө жана өзүн өзү баалоо көндүмдөрү);

2. Окуучулардын өзүн өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн башкаруучулук колдоо системасын жарандык коомдун баалуулуктарына жана төмөндөн чыккан демилгелерге, демократиялык принциптерге (жеке жоопкерчилик, макулдашууга умтулуу, башкаруу позицияларынын алмашуучулугу, ой пикир эркиндиги, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги ж.б.) багыттап модификациялоо.

3. Окуучунун социалдык статусун, социалдык жоопкерчилигин жогорулатууга, мектеп турмушунун баалуулугун, патриоттуулукту, жарандыкты, толеранттуу аң-сезимди калыптандыра турган атайын чөйрөлөрдү түзүү.

4. Бекем социалдык байланыштарды түзүү, ар бир окуучуда жарандык мамилелерди түзүүгө жөндөмдүлүктүн калыптанышына көмөк көрсөтүү.

Азыркы коомдун өзгөрүү тенденциялары окуучулардын билим алуу даярдыгына инновациялык мамилени талап кылат. Мектептин алдына окуучуну жаңы, тез өзгөрүүчү шарттарга даярдооо милдети коюлган. Ал төмөнкүлөрдү талап кылат:

- окуучулардын маалыматты өз алдынча издөө, алуу, иштеп чыгуусу, алмашуусу, маалымат мейкнидигинде тез багыт алуусу үчүн жүйөлөөчү окуу чөйрөсүн түзүү;
- окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнүн толук ачылышынө өбөлгө болуучу шаттарды түзүү.

Ошентип, билимдерди активдүү түрдө, чыгармачылык менен издөө жана алуу проблемасы бүгүнкү мектептин алдында курч коюлуп отурат. Окутуу жана тарбиялоо процесси мамлекет мектептин алдына койгон бүтүрүүчүнүн идеалдуу моделине жакындоого көмөк көрсөтүшү керек, ал өзүн инсан, демократиялык жарандык коомдун идеалдарын активдүү алып жүрүүчү катары сезген, башка маданияттардын баалуулуктарын сыйлаган, креативдүү жана сынчыл ойлонгон, таанып-билүүгө, чыгармачылыкка жана өзү алдынча билим алууга жүйөлөнгөн бүтүрүүчү болуп саналат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

БИОЛОГИЯ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
VI-IX–КЛАССТАР
ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
6-9-класстар үчүн «Биология» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандаруучу окуу чөйрөсүн түзүү.

1-бөлүм. Жалпы жоболор

1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Биологиялык билимдер ар бир адамдын табиятка, коомго, өзүнө карата мамилелик маданиятынын өзөгү болуп эсептелет.

Заманбап илимдин алдыңкы жетишкендиктерине негизделген биологиялык билимдердин өлкөбүздүн жаратылышы жана турмуш-тиричилигинин айкалышынын негизинде күнүмдүк жашоого, баланын руханий абалына үзгүлтүксүз тийгизген таасиринин алдында балдарда белгилүү бир ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгү калыптанат. Мындай шарттар адамдын ар тараптуу өнүгүп-жетилүүсү үчүн негизги баалуулук катары кызмат кылуу менен бирге, Ата Мекенинин келечеги үчүн жоопкерчилик сезиминин пайда болушуна жана өз жеринин жаратылыш байлыктарын туура колдоно билген экологиялык жактан билимдүү инсандын калыптанышына өбөлгө түзөт.

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы

-Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 Токтомунун негизинде кабыл алынган 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 21-январындагы №11 Токтомунун негизинде кабыл алынган Кыргыз Республикасын 2013-2017- ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

- **Баалоо системасы** – окутуунун жетишкендиктери жана алдын ала өлчөөнүн негизги каражаттары, кайтарым байланышты калыптандыруу, окуучулар, ата-энелер, мугалимдер, мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн абалы, көйгөйлөрү жана билим берүү жетишкендиктери.
- **Баа–** баа берүүнүн сандык берилиши, белгилениши.
- **Биологиядагы предметтик компетенттүүлүк** –жеке компетенттүүлүкөзөктүү компетенттүүлүккө карата, биологиядан алган билимдердин топтомунун жыйынтыгы катары аныкталат.
- **Когнитивдик** – [лат. cognitio кабылдоо, таануу] таанып-билүүгө, мээнин кызматына тиешелүү, түшүнүктөрдү калыптандырууну, аларды колдонууну жана жыйынтыктоочу билимди алууну камсыз кылат.
- **Когнитивдик компетенттүүлүк** – билим берүү деңгээлин тынымсыз жогорулатуу даярдыгы, өзүнүн инсандык дараметин ишке ашыруу жана актуалдаштыруу зарылдыгы, өз алдынча жаңы билимдерге, билгичтиктерге ээ болуу, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүк.
- **Компетенттүүлүк** – инсандын интегралдык мүнөздөмөсү, ал билимди, окуу жана турмуштук тажрыйбасын, шыктуулугун жана баалуулуктарын пайдалануу менен реалдуу турмуш кырдаалдарында пайда болгон маселелерди жана көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмдүүлүгүн аныктайт.

- **Компетенция** (латын сөзүнөн. competentia) – бул билим аракети, инсандын алган билимин жана көндүмүн практикада пайдалануу, ачык эместик шарттарда чечим кабыл алып жана аларды ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү.
- **Компетенттүүлүктү баалоонун чен-өлчөмдөрү –** компетенттүүлүктү баалоонун чен-өлчөмдөрү окутуунун максаттары (милдеттери) жана окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин деңгээлинин көрсөткүчү ортосундагы ылайык келүү параметри катары каралат.
- **Кээ бир окуучулардын билимдерин ченемдик баалоо** айрым бир окуучулардын тобунун даярдык деңгээлине карата аткарылат, анын максаты **–** айрым окуучуларды башка окуучулардын билимдерин практикалык салыштырууну ишке ашыруу.
- **Кээ бир окуучуларды чен-өлчөмдүк (критериалдык) баалоо** сунуш кылынган чен-өлчөмдөр боюнча өткөрүлөт, алар окуучулардын окуу таанып билүүчүлүк компетенттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн ар түрдүү багыттары боюнча жетишкендиктерин чагылдырат.
- **Көрсөткүчтөр (индикаторлор) –** бул аракет жана байкоо жүргүзүлгөн жүрүм-турум же башка маалыматтар, алар стандарт менен байланыштуу болгон кээ бир элементтердин катышуусун, абалын жана ишке ашыруу шарттарын көрсөтөт.
- **Маалыматтык компетенттүүлүк (биологияда)**– биология илиминин негизги түшүнүктөрүнүн, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын көп түрдүүлүгүнүн, клетканын химиялык курамынын, түзүлүшүнүн, клеткалык теориянын, эволюциялык жана түр пайда кылуучу теориясынын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизинде билимдерин өздөштүрүү максатында маалымат булактарын пайдалануу менен далилдүү тыянактарды чыгаруу, өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруу жана пландаштырууга даярдык.
- **Өзөктүү компетенттүүлүк –** окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделип жана окуу предметтеринин негизинде жүзөгө ашырылган көп функциялуулукка ээ болгон предметтен жогору турган коомдук, мамлекеттик, кесиптик заказдарга ылайык аныкталган, ченелүүчү билим берүүнүн натыйжасы.
- **Предметтик стандарт** – Мамлекеттик стандарттын бөлүгү болуп саналат жана анын талаптарын, жоболорун мектептик билим берүү баскычтарына ылайык конкреттештирет жана белгиленген максатка жетишүү үчүн окуучулар ээ болгон конкреттүү предметтик компетенцияларды аныктайт.
- **Предметтик компетенциялар –** бул конкреттүү предметтик тармакта конкреттүү аракетти натыйжалуу аткаруу үчүн жана кууш адистик билимди, ар түрдүү предметтик билгичтикти, көндүмдү, ой жүгүртүү ыкмасын камтыган өзгөчө жөндөмдүүлүк.
- **Стандарт –** билим берүү системасына тартылган адамдардын эмнени билиш жана өздөштүрүш керектигин аныктаган нускамалардын топтомун, күтүүлөрдүн топтомун аныктаган кеңейтилген максаттардын формулировкасы.
- **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк (биологияда) –** белгилүү бир каралып жаткан маселелер (м: клеткадагы органикалык эмес жана органикалык заттардын курамы, түзүлүшү, касиеттери, клетканын органоиддери, өсүмдүк жана жаныбарлар клеткаларынын түзүлүшү, эволюциялык теориянын, генетика мыйзамдарынын негизинде билимдерге ээ болуусу) боюнча өзүнүн оюн, көз карашын башка окуучулардын ойлору, кызыгуулары менен мамиле түзүүгө даярдык.

2 - бөлүм. Предметтин концепциясы

2.1. Биология предметин окутуунун максаттары жана милдеттери

1- таблица.

Максаты	**Милдеттери**
Окуучулар жандуу организмдердин жана коомдун, жаратылыштын туруктуу өнүгүшү жана табигый экосистемаларды сактоо жана алардын өз ара аракеттенүүсүнүн ыкмаларынын ар түрдүү системалардын касиеттери жана иштөө принциптери жөнүндө билимдерин колдонушат.	**Когнитивдик** –окуучу молекулалык, клеткалык, ткандык, организмдик, экосистемалык деңгээлдеги жандуу системалардын түзүлүшүн жана иштөө принциптерин түшүнөт жана жандуу организмдердин чөйрө түзүү ролун түшүнөт. **Жүрүм-турумдук –** окуучу биологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү ыкмаларын билет жана практикалык ишмердүүлүгүндө экосистемалардын жана организмдердин иштөө принциптери, түзүлүшү жөнүндө билимдерди колдонот. **Баалуулук** –окуучу жаратылышты рационалдуу эмес пайдалануну жагымсыз натыйжаларын алдын алат жана тобокелди түшүнөт, туруктуу өнүгүү, негизги жашоонун образы принциптерин карманат.

2.2. Предметтин түзүлүшүнүн методологиясы

Предметтик стандарттын концепциясынын методологиялык негизи болуп предметтин фундаменталдык өзөгүн, мазмундук тилкелерди аныктоого ошондой эле окуучуларда өзөктүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн ортосундагы мамилелерди жана байланыштарды тургузууга системалык-түзүлүштүк жана мазмундук-ишмердүүлүктүк мамилелеринин айкалышына багытталган Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүү системасынын интегративдүү модели эсептелинет.

Бардык эле башка предметтик стандарттар сыяктуу эле биологиянын предметтик стандарты салттуу түрдө төмөнкү принциптерге таянат:

- **Илимийлүүлүк –** биология илиминин негизги мыйзамдары жана мыйзам ченемдүүлүктөрү окуу мазмунунда чагылуусу, жандуу дүйнөдөгү кубулуштар жана жараяндар ортосундагы байланыштарды табуу, биологияда пайдаланган изилдөө усулдары менен тааныштуу;
- **Жеткиликтүүлүк** – ар түрдүү алгачкы мүмкүнчүлүктөрдө, фактыларда билим берүүнүн бирдейлигин жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, илимий түшүндүрмөлөрдүн тереңдигин аныктаган ар кандай курактык баскычтагы балдардын психофизиологиялык өнүгүсүүнүн өзгөчөлүгүнө дал келиши;
- **Иреттүүлүк, бүтүндүк** –билим берүүчүлүк мейкиндигинин биримдүүлүгүн сактоо, билим берүү системасынын баскычтарынын улануучулугу;
- **Интеграция** окуунун мазмунун тандоодо маанилүү багыт катары кызмат кылат, курчап турган дүйнөнүн үзгүлтүксүз өзгөргөн шарттарында илимдин ийкемдүүлүгүн жана мобилдүүлүгүн камсыз кылат;

- **Системалуулук** окуучулардын акыл-эсинде бардык байланыштар, теориялар, мыйзамдар жана мыйзам ченемдүүлүктөр менен илимий билимдердин системасын калыптандырууну болжолдойт.

Салттуу принциптер менен катар биологиянын билим берүү мазмунун иштеп чыгууда төмөнкүдөй атайын принциптерге дагы таянат: окулуп жаткан предметтин мазмунунун функционалдык толуктуулук принциби, тарыхый, себеп, вариативдүүлүк жана ылайыктуулук, окутуунун жашоо менен болгон байланышы, экологиялаштыруу.

Окулуп жаткан предметтин мазмунунун функционалдык толуктуулук принциби, жалпы билим берүүнүн мазмуну негизги компонентинин толуктугун камсыз кылган инсандын өнүгүүсүнүн негизги багыттарын түзөт, бардык маанилүү система алдындагылардын курамын, ошондой эле адамдын ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүнүн өнүгүүсүн жана анын психикасынын иштөө механизмин камтыйт.

Вариативдүүлүк принциби – биологиянын ушул курсу боюнча окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнүн жана чыгармачылыктарынын өнүгүүсүнө түрткү болгон ар түрдүү деңгээлдеги окуу пландарын жана окуу программаларын пайдалануу аракети.

Ылайыктуулук принциби коомдун өнүгүү тенденциясынын инварианттуу негизинде билим берүүнүн мазмунунун ылайыктуулугун камсыз кылууга багытталган.

Тарыхый принцип, эволюциялык (биологиянын теориялык таанып-билүү каражаттар тармагында, мектеп курсунда биология илиминин өнүгүү тарыхынан, ошондой эле көрүнүктүү биолог-окумуштуулардын ишмердүүлүгү жана турмушу жөнүндө маалыматтарды пайдалануу) багыттын киришин болжолдойт. Бул принципти пайдалануу бир катар тарбиялык милдеттерди ишке ашырууга түрткү берет.

Себеп принциби жандуу дүйнөнү табиятты түзүүчүлүктүн жана ыңгайлашуунун материалдык мүнөзүн көрсөтөт.

Окутуунун турмуш менен болгон байланыш принциби адамдын жашоосундагы биологиялык билимдердин практикалык ролун көрсөтөт. Бул принциптин ишке ашырылышынын негизинде окуучулар биологиялык билим берүүнүн пайдалуулугун жана баалуулугун түшүнүшөт. Бул принцип биологиялык билимдердин практикалык маанисинин ачылышын талап кылат.

Экологиялаштыруу принциби жаратылыш объекттеринин өзүн гана окуп-үйрөнүү керектигине гана эмес, алардын бири бири менен өз ара байланышына дагы таянат.

Окуучулардын билим берүү системасынын методологиялык шарттары: биологиялык билим берүүнүн мазмунундагы илимий билимдин бардык элементтери (фактылар, принциптер, мыйзамдар ж.б.) окуучулардын ой жүгүртүүсүндө үзгүлтүксүз кыймылда болуусу, илимий денгээлге жана практикалык машыгууга чыгууга бүтүндүктүн камсыздалышы. Бул шарт илимий теориянын жардамы менен аткарылат. Бул жерде практикада методологияны, илимий көз караштарды, дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн байланыштырган билимдер топтолот.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Биология боюнча предметтик компетенттүүлүктөр –негизги **(**түйүндүү**)** компетенттүүлүккө карата жекече компетенттүүлүктөр, алар биологиялык материалдарында билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аныкталат (2-таблица).

2-таблица: Биология предметинин компетенттүүлүктөрү

Негизги компетенттүүлүктөр	Табигый-илимий билим берүүчүлүк тармактын компетенттүүлүктөрү	Биология предметинин компетенттүүлүктөрү	Окуучулардын ээ болуучу компетенттүүлүктөрү
Маалыматтык компетенттүүлүк	Илимий маселелерди аныктап таануу жана коюу	Жандуу обьектилерди таануу жана баяндоо	-Тирүү организмдердин негизги касиеттерин бөлүп карайт; -жандуу жана жансыз жаратылыштын айырмасын аныктайт; -илимий изилдегенге (илимий көйгөйлөрдү кое билүү) мүмкүн болгон жандуу жаратылыштагы кырдаалды аныктайт; - илимий изилдөөлөрдү издөө үчүн керектүү өзөктүү түшүнүктөрдү аныктайт; -биологиялык системалардын негизги мүнөздөмөлөрүн (ыкмалар, усулдар, каражаттар) аныктайт.
Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк	Кубулуштарды илимий түшүндүрүү	Биологиялык процесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү	-Белгилүү кырдаалда биологиялык билимдерди колдонот; -биологиялык кубулуштардын илимий далилдүү баяндоосун же түшүндүрмөсүн, жандуу жаратылыштагы өзгөрүүсүнүн болжолдоосун жүргүзөт; -илимий далилдүү баяндоолорду, түшүндүрмөлөрдү жана болжолдоолорду тааныйт.
«Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйдү чечүү» компетенттүүлүгү	Илимий далилдерди пайдалануу	Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү	- Илимий фактыларды жана маалыматтарды түшүндүрөт, жыйынтык чыгарат; -практикада далилдердин маалыматтарын пайдаланат; -коомдо жана жаратылыш чөйрөдө илимдин жана технологиянын жетишкендиктерин колдонуунун натыйжаларына баа берет.

3 - таблица.2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Негизги компетен-к / Предмет-к	Маалыматтык	Социалдык-коммуникативдик	Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү
Жандуу объекттерди таануу жана баяндоо	- Тирүү организмдердин негизги касиеттерин бөлүп карайт; -илимий изилдөөлөрдү издөө үчүн керектүү өзөктүү түшүнүктөрдү аныктайт; -жандуу жана жансыз жаратылыштын айырмасын аныктайт.	-Заманбап биологиялык илимдин идеяларынын, мыйзамдарынын жана теорияларынын, түшүнүктөрдүн, фактылардын негизинде тирүү организмде жүрүүчү жараяндарды түшүндүрөт жана объекттерди баяндайт; - ар түрдүү организмдердин белгилеринин келип чыгуу себептерине мисалдарды келтирет жана талдайт.	- Илимий изилдегенге (илимий көйгөйлөрдү коё билүү) мүмкүн болгон жандуу жаратылыштагы кырдаалды аныктайт; -биологиялык системалардын негизги мүнөздөмөлөрүн (ыкмалар, усулдар, каражаттар) аныктайт.
Биологиялык процесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү	- Илимий далилдүү баяндоолорду, түшүндүрмөлөрдү жана болжолдоолорду тааныйт.	-Жандуу жаратыштын тиричилиги менен байланыштуу айлана чөйрөнүн көйгөйлөрүнүн келип чыгуу себептерин түшүндүрөт; -жашоо жөнүндө заманбап түшүнүктөргө баа бере алат; -тирүү организмдердин айырмачылыктарынын жана окшоштуктарынын себептерин аныктайт.	- Белгилүү кырдаалда биологиялык билимдерди колдонот; -биологиялык кубулуштардын илимий далилдүү баяндоосун же түшүндүрмөсүн, жандуу жаратылыштагы өзгөрүүсүнүн болжолдоосун жүргүзөт.
Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү	-Илимий фактыларды жана маалыматтарды түшүндүрөт, жыйынтык чыгарат.	- Табигый жана техногендик факторлордун таасири астында тирүү организмдеги жана айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү болжолдойт жана түшүнөт; -тирүү организмдердин белгилерин аныктоо боюнча практикалык көндүмдөрдү пайдаланат.	-Практикада далилдердин маалыматтарын пайдаланат; -коомдо жана жаратылыш чөйрөдө илимдин жана технологиянын жетишкендиктерин колдонуунун натыйжаларына баа берет.

2.5. Мазмундук тилкелер.

Окуу материалдарын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Предметтин мазмундук тилкеси- бул биология предметинин тегерегинде бардык окуу материалдары жана окуучулардын биология боюнча компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиялык мамилелери топтоштурулган предметтин фундаменталдык ядросу.

Предметтин фундаменталдык ядросу өз ара байланышкан жана бирин бири толуктоочу элементтерден турат. Бул элементтерде төмөнкүлөр орун алат:

1.Методологиялык системаны пайда кылуучу мүнөзгө ээ негиз салуучу илимий билимдер.

2.Универсалдуу окуу иш-аракеттери–окуучулардын түрдүү предметтик тармактарга кеңири багыт алуусун камсыздаган иш-аракеттердин жалпыланган ыкмалары.

3. Биология боюнча окуу программасынын негизин өздөштүрүүнүн натыйжаларын баалоо системасы.

Бул мазмундук тилкелердин түзүмү жана курамы төмөнкү таблицада берилген.

4 - таблица. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Мазмундук тилкелер	Класстар			
	6	7	8	9
1. Организм - биологиялык система катары	Өсүмдүктөрдүн, бактериялардын, козу карындардын, эңилчектердин организмдери. Бир клеткалуу жана көп клеткалуу организмдер. Алардын түзүлүшү жана тиричилигинин өзгөчөлүктөрү. Жандуу организмдердин негизги белгилери: клеткалык түзүлүшү, татаал химиялык курамы, зат жана энергиялардын айлануусу, дүүлүккүчтүгү, өсүүсү, өрчүшү, көбөйүшү. Өсүмдүктөрдүн азыктануусу. Фотосинтез. Өсүмдүк жана абанын сапаты.	Бир клеткалуу жана көп клеткалуу жаныбарлар, алардын түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү. Тиричилик процесстеринин жөнгө салынышы. Жаныбарлардын жүрүм-туруму. Жаныбарлардын өсүмдүктөрдөн айырмасы жана алардын ортосундагы окшоштуктар. Органдар менен органдар системасынын байланышы – организмдин бүтүндүгүнүн негизи.	Адам – түр катары, анын жаныбарлар менен окшоштугу. Адамдын клеткалары, ткандары, органдары жана органдар системасынын түзүлүшүнүн жана жашоо-тиричилигинин өзгөчөлүктөрү. Иммунитет. Ички чөйрөнүн туруктуулугу. Нервдик жана гуморалдык регуляция. Нервдин жогорку ишмердүүлүгү, адамдын психикасы жана жүрүш-турушу.	Цитология: химиялык курамы, түзүлүшү, функциялары, клетканын бөлүнүүсү. Ген жана генетикалык код. Зат алмашуу жана клеткада энергиянын айлануусу. Организмдердин уруктануусу жана өрчүшү. Вирустар. Тукум куучулук жана өзгөрмөлүүлүк. Генотип жана фенотип. Генетиканын мыйзамдары. Селекция.
2. Организмден жогору турган системалар	Өсүмдүктөрдүн түркүмү. Токой, талаа ж.б. өсүмдүктөрүнүн мисалында жансыз жана жандуу жаратылыштын экологиялык факторлору. Өсүмдүктөрдүн ыңгайлашуусу. Түркүмдөрдүн тоонун боо-	Жаратылышта организмдердин биргелешип азыктанууга ылайыкташуусу, азыктар боюнча байланышы (жергиликтүү материал боюнча). Жаныбарлардын жашоосундагы сезондук	Социалдык жана жаратылыштык чөйрө, адамдын ага ылайыкташуусу. Жеке жана коомдук гигиена, сергек жашоо образы. Оорууларды, травматизмди профилактикалоо. Алгачкы жардамды	Түр, анын критерийлери. Популяция. Биогеоценоздор. Агробиоценоздор. Биосфера. В.И. Вернадскийдин окуусу. Биогеоценоз жана биосферада заттардын жана энергиянын айлануусу.

	рунда жана түз жерлердин зоналарында жайгашуусу. Өсүмдүктөрдүн жашоосундагы өзгөрүүлөр жана алардын себептери.	өзгөрүүлөр.	көрсөтүүнүн ыкмалары. Зыяндуу көнүмүш адаттар жана алардын организмге тийгизген терс таасири.	
3. Органикалык дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жана анын эволюциясы	Өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгү жана алардын келип чыгышы (бөлүмдөр, түркүмдөр ж.б.). Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн өнүгүүсүнүн негизги этаптары жана далилдери. Негизги айылчарба өсүмдүктөрү жана жергиликтүү шарттарда өстүрүлгөн өсүмдүктөр. Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жана жок болуп бара жаткан өсүмдүктөрдүн түрлөрү. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун чыгарууга байланышкан илимдеги жетишкендиктер.	Жаныбарлардын систематикасы. Жаныбарлар дүйнөсүнүн эволюциясынын негизги этаптары жана далилдери. Адамдын жаныбарлар менен тектештиги. Айылчарба жаныбарлары. Үй жаныбарларынын келип чыгышы. Багуу, тоюттандыруу, көбөйтүү. Үй жаныбарларынын жаңы породаларын чыгарууда илимдин жетишкендиктери. Кыргызстандын сейрек кездешүүчү жана жоголуп бараткан жаныбарларынын түрлөрү.	Адам – түр катары, анын пайда болушу жана органикалык дүйнө системасындагы орду. Адамдын жаныбарлардан келип чыккандыгынын далилдери. Адамдын өсүп-өнүгүшүндө эмгектин ролу. Антропогенездин кыймылдаткыч күчтөрү: социалдык жана биологиялык факторлор. Адамдын биологиялык түр катары пайда болуп калыптануусунан тартып, анын өнүгүү тарыхындагы социалдык факторлордун башкы ролу. Адамдын эволюциясынын баскычтары. Адамдардын расалары. Адамдардын расаларынын келип чыгышындагы генетикалык биримдик.	Ч.Дарвиндин жаратылышта түрлөрдүн көп түрдүүлүгүнүн себептери жөнүндөгү окуусу. Эволюциянын кыймылдаткыч күчтөрү. Селекциянын негизги методдору жана натыйжалары. Биосферанын пайда болушу жана анын эволюциясынын башаты.

4. Адам жана аны курчап турган чөйрө	Адамдын иш-аракеттеринин өсүмдүктөрдүн жашоосуна тийгизген таасири. Жашаган чөйрөнү сактоо жана коргоо, жаратылышты коргоо жөнүндө мыйзамдар. Жергиликтүү шарттарда айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн, жаныбарлардын жана адамдардын ооруларын козгоочулар, профилактика жана дарылоо. Бактериялардын, козу карындардын жана өсүмдүктөрдүн жаратылыш жана адамдын жашоосундагы ролу. Дыйканчылыктын негиздери.	Жаратылышта, адамдын турмуш-тиричилигинде жана айыл-чарбасында өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, бактериялардын, козу карындардын маанизи. Айыл-чарба жаныбарларын көбөйтүүнүн биологиялык негиздери. Айыл-чарбасынын туруктуу өнүгүшү. Органикалык калдыктардан алынган экологиялык био жер семирткичтер. Жаныбарларды коргоо. Көп түрдүүлүктү сактоо, экосистемаларды коргоо.	Адамдын ден соолугуна таасирин тийгизген чөйрө факторлору. Экологиялык чөйрөдө адамдын ээлеген орду. Экологиялык жарылуулардын себептери жана коркунучу. Адамдын жаңы шарттарга көнүүсү. Бийик тоолуу аймактарда жашаган адамдардын физиологиясы.	Кыргызстанда өсүмдүктөр жана жаныбарлар селекциясы, Кыргызстандын селекционерлери жөнүндө жалпы маалымат. Биотехнология, гендик жана клеткалык инженерия. Эл чарбасында биотехнология. Айыл-чарба жаныбарларын селекциялоодо колдонулган клеткалык инженерия методдору. Азыркы учурдун экологиялык проблемалары. Мутагендердин, алкоголдук ичимдиктерди, баңгизаттарды жана никотинди пайдалануунун клетканын генетикалык аппаратына тийгизген терс таасири.

Мазмундук тилкелер боюнча биологиялык билимдердин инвариантык өзөгүнүн түзүлүшү

1-тилке: Организм – биологиялык система

Негизги мектеп

Табият таануу(5-кл.)

Жандуу организмдердин мүнөздүү белгилери жана алардын клеткалык түзүлүшү. Өсүмдүктөр, жаныбарлар, козу карындар жана бактериялар дүйнөсүнүн организмдеринин түзүлүшү жана тиричилиги. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын адам тарабынан колдонулушу, аларды коргоо, өстүрүү жана көбөйтүү. Кыргыз Республикасынын "Жаратылышты коргоо жөнүндө" мыйзамы. Кыргызстандын корукка алынган жерлери. Адамдын организмин жана ден соолугун сактоого багытталган негизги гигиеналык талаптар: жеке гигиенаны сактоо, жумуш жасоо жана эс алуунун эрежелери, физикалык жумуштун, дене тарбиянын жана спорттун мааниси.

Биология (6-9-кл.)

Вирустардын, бактериялардын, козу карындардын, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын организмдери. Түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Жандуу организмдердин мүнөздүү белгилери: клеткалык түзүлүшү, татаал химиялык курамы, зат жана энергиялардын айлануусу, дүүлүккүчтүгү, өсүүсү, өрчүшү, көбөйүшү, өзүнө окшошторду жаратуу жөндөмдүүлүгү. Бир клеткалуу организмдер. Бактериялардын клеткалык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү. Козу карындар. Бир клеткалуу жана көп клеткалуу организмдер, алардын түзүлүш, азыктануу жана көбөйүү өзгөчөлүктөрү. Организмдердин азыктануусунун гетеротрофтук жолу. Сапрофит жана паразит организмдер. Жергиликтүү шарттарда айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн, жаныбарлардын жана адамдардын ооруларын козгоочулар, профилактика жана дарылоо. Бактериялар менен козу карындардын жаратылыштагы ролу, аларды өнөр жайда тоют ачыткыларын, дары-дармектерди жана башка продуктыларды алууда колдонуу. Бир клеткалуу жана көп клеткалуу өсүмдүктөр, алардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Өсүмдүктөрдүн азыктануусу. Фотосинтез. Өсүмдүк жана абанын сапаты. Дем алуу. Өсүмдүк организминин өсүүсү, өрчүшү, көбөйүүсү жана эс алуусу.

Бир клеткалуу жана көп клеткалуу жаныбарлар, алардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Жаныбарлардын организминдеги негизги процесстер: азыктануу, дем алуу, өрчүү, көбөйүү, өсүү, заттардын алмашуусу, бөлүп чыгаруу. Тиричилик процесстеринин регуляциясы. Жаныбарлардын жүрүм-туруму. Жаныбарлардын өсүмдүктөрдөн айырмасы жана алар менен окшоштугу.

Органдар менен органдар системасынын байланышы – организмдин бүтүндүгүнүн негизи. Бактериялар, козу карындар, өсүмдүктөр жана жаныбарлардын организмдеринин жашоо чөйрөлөрү менен болгон байланышы. Кыргызстанда кездешкен жаныбарлардын жашоо чөйрөсүнө ылайыкташуусу. Жаратылышта, адамдын турмуш-тиричилигинде жана айыл чарбасында өсүмдүктөр, жаныбарлар, бактериялар жана козу карындардын мааниси. Маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн, ошондой эле айыл-чарба жаныбарларын багуу жана көбөйтүүнүн биологиялык негиздери. Айыл-чарбасынын *туруктуу өнүгүшү* - органикалык калдыктардан алынган экологиялык био жер семирткичтер. Кыргызстандагы негизги айыл-чарба өсүмдүктөрү (эгин, мөмө-жемиш, жашылча, техникалык ж.б. өсүмдүктөр), аларды өстүрүүнүн биологиялык негиздери. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун алууда илимдин жетишкендиктери. Өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо.

Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жана жок болуп бара жаткан өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрү.

Вирустар, алардын түзүлүш жана иштөө өзгөчөлүктөрү. Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдардын көптөгөн ооруларын козгоочу вирустар. Вирустук ооруларга каршы күрөшүүдө биологиялык илимдердин жетишкендиктери. Айыл-чарба зыянкечтерине каршы күрөшүүнүн биологиялык ыкмасы. Организмдер жана аба менен суунун сапаты.

Жандуу организмдердин түзүлүшүн жана тиричилигин изилдөөнүн методдору катары моделдөө, эксперимент жана байкоо жүргүзүү. Клетка-организмдердин түзүлүшүнүн жана тиричилигинин бирдиги. Ткандар. Клеткалык теориянын негизги жоболору. Клетканын ачылышы. Клетка – бардык жандуу жаратылыштагы организмдердин түзүлүшүнүн жана жашоосунун бирдиги.

Клетканын негизги бөлүктөрү - цитоплазма, ядро, тышкы мембрана. Клетканын химиялык курамы. Бактериялардын, козу карындардын, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын клеткаларынын түзүлүш жана тиричилик өзгөчөлүктөрү. Клеткалардын бөлүнүшү. Ткандар. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын организминдеги негизги ткандардын түзүлүш жана иштөө өзгөчөлүктөрү. Клетка менен ткандардын өз ара байланышы – организмдин бүтүндүгүнүн негизи.

Практикада клеткалардын түзүлүшү жана функциялары боюнча билимдердин мааниси. Жандуу жаратылышты изилдөөнүн ыкмалары: микропрепараттарды даярдоо жана аларды микроскоп менен изилдөө. Байкоо жана эксперимент. Тажрыйба. Адамдын биологиялык жана коомдук маңызы. Адамдын организми жана ден соолугу. Адамдын ден соолугун сактоо жана организминин иштешин камсыздоо үчүн гигиена боюнча билимдердин мааниси.

Адам жана аны курчап турган чөйрө. Адамдын организми: органдар жана органдар системаларынын түзүлүшү, алардын функциялары. Клетка – адамдын организминин түзүлүшүнүн жана жашоо-тиричилигинин бирдиги.

Клетканын түзүлүшү. Клетканын негизги бөлүктөрү - цитоплазма, ядро, тышкы мембрана. Клетканын түзүлүшү: (лизосомалар, митохондриялар, рибосомалар, центриолилер, Гольджи комплекси, эндоплазматикалык торчолор ж.б.). Негизги ткандар. Витаминдер жана ферменттердин зат алмашуу процессиндеги ролу.

Организмдин ички чөйрөсү жана анын салыштырмалуу туруктуулугу. Иммунитет. Инфекциялык оорулар жана аларга каршы күрөшүү. Адамдын иммунитетинин бузулушу, башка оорулардан профилактикалоо.

Жашоо-тиричилик процесстеринин нервдик жана гуморалдык регуляциясы – организмдин бүтүндүгүнүн жана анын чөйрө менен байланышынын негизи. Адамдын организминин иштөөсүн регуляциялоодо жана организм менен чөйрөнүн ортосунда байланышты түзүүдө нерв системасынын түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Сезүү органдары.

Нервдин жогорку ишмердүүлүгү – адамдын жүрүш-турушунун негизи.

Адамдын организминин көбөйүшү жана өрчүшү.

Адамдын эмгек ишмердүүлүгү менен түз басуу боюнча өзгөчөлүгү. Жеке жана коомдук гигиена, сергек жашоо образы. Тамактануунун, теринин, дененин жана сезүү органдарынын гигиенасы. Уйку, эмгек, спорт жана активдүү эс алуунун мааниси. Психологиялык жана физиологиялык жактан соо адамдын жашоосу. Нервдик-психикалык ооруларды профилактикалоо. Зыяндуу көнүмүш адаттар. Алкоголдук

ичимдиктерди ичүү, баңгизат колдонуу жана тамеки чегүүнүн ден соолукка зыяны. Алгачкы жардам көрсөтүүнүн ыкмалары.

Ден соолукту сактоо жана чыңдоонун, жашоо-тиричиликтин, коомдук пайдалуу жана өндүрүштүк эмгектин негизи катары санитардык-гигиеналык билимдер.

2- тилке: Организмден жогору турган системалар

Негизги мектеп

Табият таануу (5-класс)

Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын өз ара байланышы, алардын жашоо чөйрөлөрү. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын тышкы чөйрөнүн шарттарына салыштырмалуу ыңгайлашуусу. Алардын тиричилигинде суу, аба жана топурактын сапатынын ролу. Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жана жок болуп бара жаткан өсүмдүктөр менен жаныбарлар, алардын жок болуусунун себептери жана коргоо боюнча чаралар.

Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын адам тарабынан колдонулушу. Жаратылышта өзүн-өзү алып жүрүүнүн эрежелери. Жаратылыш түркүмдөрүнүн мүнөздөмөсү. Жаратылыш түркүмдөрүнүн өз ара аракеттешүүсү; алардын өз алдынча калыбына келүүсү. Адамдын иш-аракеттеринин түркүмдөргө тийгизген таасири. Түркүмдөрдү коргоо. Өсүмдүктөрдүн биргелешкен жашоо чөйрөсүнө ыңгайлашуусу (токойлордо, талааларда ж.б. жерлерде). КР Конституциясы жана жаратылышты коргоо жөнүндөгү мыйзамдары.

Биология (6-9-кл.)

Организм жана чөйрөнүн өз ара байланышы. Организмдердин жашоо чөйрөсү жана анын туруктуулугунун мааниси. Экологиялык факторлор. Экологиялык факторлордун бири катары адамдын иш-аракетинин экосистеманын өзүн-өзү регуляциялоосуна тийгизген оң таасири. Организмдердин жашоо чөйрөсүнө ыңгайлашуусу. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоосундагы сезондук өзгөрүүлөр, алардын себептери.

Антропогендик факторлор. Антропогендик факторлордун организмге тийгизген таасирин жана жашоо чөйрөлөрүн өзгөртүүнү регуляциялоонун жолдору.

Өтө чоң, аймактык (жергиликтүү) жана жердик (белгилүү бир жердеги) масштабдагы экологиялык проблемалар.

Адамдын жүрүш-турушунда жана кесиптик ишмердүүлүгүндө жаратылышка карата жоопкерчиликтүү мамиленин калыптануусуна байланышкан проблемалар. Өсүмдүктөр жана жаныбарлардын жашоо чөйрөлөрүн коргоо боюнча чаралар. Организмдердин өз жашоо чөйрөлөрү менен болгон байланышын изилдөөнүн методу катары жаратылышка байкоо жүргүзүү.

Табигый жана жасалма түркүмдөр. Табигый түркүмдөр жана алардын бөлүмдөрү, алардын салыштырмалуу туруктуулугу жөнүндө түшүнүк. Жергиликтүү табигый түркүмдөрдөн мисалдар. Популяция–түрдүн, табигый түркүмдөрдүн түзүлүштүк бирдиги. Популяциянын негизги касиети – өзүнөн кийин тукум калтыруу. Коркунуч астында турган жок болуп бара жаткан сейрек кездешүүчү түрлөр. Табигый түркүмдөрдү адамдын ишмердүүлүгүнүн таасири аркылуу коргоо. Түркүмдөрдүн алмашуусунун себептери.

Жасалма түркүмдөр. Жасалма түркүмдөргө мисалдар. Жасалма түркүмдөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу методдору. Жасалма түркүмдөрдүн тиричилигиндеги

адамдын ролу. Адам жана жаратылыш чөйрөсү. Адам жана аны курчап турган социалдык жана жаратылыштык чөйрө. Адамдын ден соолугуна таасирин тийгизген чөйрө факторлору. Адамдын экологиялык чөйрөдөгү ээлеген орду. Экологиялык жарылуунун себептери жана коркунучу. Адамдын жаңы шарттарга көнүүсү. Бийик тоолуу аймактарда жашаган адамдын физиологиясы.

3-тилке: Органикалык дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жана анын эволюциясы

Негизги мектеп

Табият таануу (5-класс)

Жандуу организмдердин көп түрдүүлүгү. Жаратылышта өсүмдүктөр менен жаныбарлардын көп түрдүүлүгү жана алардын Кыргызстандын ар кайсы жаратылыштык зоналарында жашоого ыңгайлашуусу.

Айыл-чарба маданий өсүмдүктөрүнүн Кыргызстандын аймактарына кеңири жайылышы. Кыргызстадын мал чарбачылыгынын тарыхый тажрыйбасы, бүгүнкү күндөгү абалы жана аны жакшыртуунун жолдору.

Биология (6-9-кл.)

Организмдердин классификациясы жана эволюциялык окуу. Жандуу жаратылыш дүйнөсү: вирустар, бактериялар, козу карындар, өсүмдүктөр, жаныбарлар жана алардын мүнөздүү белгилери. Өсүмдүктөр жана жаныбарлардын классификациясы, маанiси. Түр - систематиканын жана эволюциянын бирдиги. Түрдүн негизги белгилери. Органикалык дүйнөнүн тарыхый өнүгүүсүнүн себептери: организмдердеги тукум куучулук жана өзгөргүчтүк, жашоо үчүн күрөш жана табигый тандоо.

Жашоо үчүн күрөш жана анын формалары. Табигый тандоо – эволюциянын негизги фактору. Организмдердин ыңгайлашуусу жана анын салыштырмалуулугу. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн системасы жана эволюциясы.

Өсүмдүктөрдүн классификациясы. Бөлүм, класс, түркүм, түр, сорттордун негизги белгилери. Тарыхый өнүгүү процессинде өсүмдүктөрдүн балырлардан тартып, жабык уруктууларга чейинки татаалдашуусу.Азыркы учурдагы жабык уруктуулардын артыкчылыгы, алардын көп түрдүүлүгү, жер жүзүнө жайылышы жана келип чыгышы. Сорт жөнүндө түшүнүк, өсүмдүк сортторунун көп түрдүүлүгү, көп түрдүүлүктүн себептери. Маданий өсүмдүктөрдүн келип чыгышы, өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун алып чыгууда илимдин жетишкендиктери.

Кыргызстанда өстүрүлгөн дан өсүмдүктөрү менен маданий өсүмдүктөрдүн сорттору. Жаратылышта, эл чарбасында өсүмдүк түрлөрүнүн ролу, өсүмдүк түрлөрүнүн көп түрдүүлүгүн сактоо. Өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгүн изилдөө методу – аныктоочу менен иштөө, байкоо жүргүзүү.

Жаныбарлар дүйнөсүнүн системасы жана эволюциясы. Жаныбарлардын классификациясы. Жөнөкөй бир клеткалуу жаныбарлар. Көп клеткалуу жаныбарлардын негизги типтери, класстары, бөлүктөрү жана алардын мүнөздөмөлөрү. Жаныбарлар дүйнөсүнүн эволюция процессинде татаалдашуусу. Хордалуулар тибинде түрдүү класстардагы жаныбарлардын келип чыгышы. Кыргызстандагы хордалуулардын түзүлүш жана тиричилик өзгөчөлүктөрү, алардын жаратылыштагы жана эл чарбасындагы маанiси. Жаныбарлар дүйнөсүнүн эволюциясынын далилдери. Порода жөнүндө түшүнүк. Жаныбарлардын породаларынын көп түрдүүлүгү, себептери. Кыргызстанда багылып, көбөйтүлүүчү үй жаныбарларынын породалары тууралуу маалымат.

Айыл-чарба жана үй жаныбарларынын көбөйүшүнүн биологиялык негиздери. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрүнүн көптүгү, алардын жашоо чөйрөсүнө ыңгайлашуусу, эволюциясынын натыйжалары. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын көп түрдүүлүгүнүн жаратылыштагы ролу, алардын рационалдуу колдонулушу, эл чарбасындагы мааниси. Түрлөрдү коргоо. Жаныбарлардын жаратылыштагы жүрүм-туруму менен таанышуу жана изилдөө максатында байкоо жүргүзүү.

Вирустар, алардын органикалык дүйнөдөгү ролу.

Бактериялар, козу карындар жана эңилчектердин көп түрдүүлүгү. Бактериялар менен козу карындардын жалпы мүнөздөмөсү, алардын органикалык дүйнө системасындагы орду.

Эңилчектер. Симбиоз.

Бактериялар, козу карындар жана эңилчектердин жаратылышта, адамдын жашоосунда жана эл чарбасында аткарган ролу. Бактериялар жана козу карындар – органикалык дүйнөнүн эволюциясынын өзгөчө бутагы. Козу карындарды терүүнүн эрежелери. Кыргызстанда өскөн пайдалуужана уулуу козу карындар.

Адамдын организминин түзүлүшү жана функциялары. Түр катары адам, анын келип чыгышы. Түр катары адам, анын органикалык дүйнөдөгү орду. Адамдын жаныбарлардан келип чыгуусунун далилдери. Адамдын өсүп-өнүгүшүндө эмгектин ролу.

Антропогенездин кыймылдаткыч күчтөрү: социалдык жана биологиялык факторлор. Адамдын биологиялык түр катары пайда болуп калыптануусунан тартып, анын өнүгүү тарыхындагы социалдык факторлордун башкы ролу. Адамдын эволюциясынын баскычтары. Адамдардын расалары. Адамдардын расаларынын келип чыгышындагы генетикалык биримдик.

4-тилке: Адам жана аны курчап турган чөйрө

Негизги мектеп

Табият таануу (5-класс)

Адамдын иш-аракеттеринин өсүмдүктөрдүн жашоосуна тийгизген таасири. Жашаган чөйрөнү сактоо жана коргоо, жаратылышты коргоо жөнүндө мыйзамдар. Жергиликтүү шарттарда айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн, жаныбарлардын жана адамдардын ооруларын козгоочулар, профилактика жана дарылоо. Бактериялардын, козу карындардын жана өсүмдүктөрдүн жаратылыш жана адамдын жашоосундагы ролу. Дыйканчылыктын негиздери.

Биология (6-9-кл.)

Жаратылышта, адамдын турмуш-тиричилигинде жана айыл-чарбасында өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, бактериялардын, козу карындардын мааниси. Айыл-чарба жаныбарларын көбөйтүүнүн биологиялык негиздери. Айыл-чарбасынын туруктуу өнүгүшү. Органикалык калдыктардан алынган экологиялык био жер семирткичтер.

Жаныбарларды коргоо. Көп түрдүүлүктү сактоо, экосистемаларды коргоо.

Адамдын ден соолугуна таасирин тийгизген чөйрө факторлору.

Экологиялык чөйрөдө адамдын ээлеген орду. Экологиялык жарылуулардын себептери жана коркунучу. Адамдын жаңы шарттарга көнүүсү. Бийик тоолуу аймактарда жашаган адамдардын физиологиясы. Кыргызстанда өсүмдүктөр жана жаныбарлар селекциясы, Кыргызстандын селекционерлери жөнүндө жалпы маалымат. Биотехнология, гендик жана клеткалык инженерия. Эл чарбасында биотехнология.

Айыл-чарба жаныбарларын селекциялоодо колдонулган клеткалык инженерия методдору. Азыркы учурдун экологиялык проблемалары. Мутагендердин, алкоголдук ичимдиктерди, баңгизаттарды жана никотинди пайдалануунун клетканын генетикалык аппаратына тийгизген терс таасири.

2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

Предмет аралык байланыштар – окутуунун бүткүл процессин жана анын бардык функцияларын өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары. Предмет аралык байланыштарды ишке ашырууга система-структуралык жана мазмундук-ишмердик мамиле кылууда чектеш окуу дисциплиналарынын материалдары кыйла так координацияланат; материалдарды өздөштүрүүнүн илимий жана колдонмо деңгээлдери жогорулайт; билимдердин дидактикалык бирдиктери ирилешет; окуучуларда бекем жана системдүү билимдер, жалпыланган окуу билгичтиктери менен көндүмдөрү калыптанат, алар, өз кезегинде, мектеп окуучуларынын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна таасир этет.

5 – таблица: Биологиянын чектеш предметтер менен предмет аралык байланыштары

Биология курсунун бөлүмдөрү жана темалары/класс	Чектеш предметтер менен предмет аралык байланыштары			
	Таб. т.	Физика	Химия	Геог-я
1. Биология–тиричилик жөнүндөгү илим (6-кл.)	5-кл.			
2. Жаратылыш, адам жана айланабыздагы өсүмдүктөр дүйнөсү. Өсүмдүктөрдүн түздүктө, тоолордо, бийиктикте, сууда таралышы (6- кл.)				7- кл.
3. Чоңойтуучу приборлор (лупа, жарык микроскобу, электрондук микроскоп)(6-кл.)		9-кл.		
4. Уруктун дем алышы, анын ички кубатынын мааниси жана ак соёлор (6- кл.).			8-кл.	
5.Топурак жана анын түрлөрү. Топурак жана жер семирткич. Кыргызстандын топуктары (6- кл.).	5-кл.			7-кл.
6.Жашыл жалбырак-өсүмдүктөр органикалык затты түзүүчү негизги орган. Фотосинтез жөнүндө түшүнүк (6- кл.).			8-кл., 10-кл.	
7.Табиятка тийген оң жана терс антропогендик факторлор. Жаратылыштын сакталышына адамдын жоопкерчилиги (8- кл.).				7-кл.
8.Кара жумуштун, физкультуранын - булчуңдардын өрчүшүнө таасири (8- кл.)		7-кл.		
9. Кандын курамы (8-кл.)			8-кл.	
10.Организмдин ички чөйрөсү: кан, лимфа, ткандык (клетка аралык) суюктук (8- кл.)		8-кл.		
11.Дем алуунун мааниси. Дем алуу органдарынын түзүлүшү жана функциялары (8- кл.)			8-кл.	
12.Дем алууда атмосферанын тазалыгынын мааниси (8- кл.)		7-кл.		

13.Ичке ичегиде тамак ажыроо жана сиңирүү процесстери. Ферменттер (8- кл.).			9-кл.	
14. Клеткадагы заттардын алмашуусу (8- кл.)			10-кл.	
15.Жылуулукту жөнгө салууда теринин ролу (8-кл.).		7-кл.		
16.Диссимиляция жана ассимиляция(8- кл.).			10-кл.	

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

Билим берүүнүн натыйжалары – окуучулардын окуу процессинин белгилүү бир этабында биология боюнча билим алуусунун натыйжалары, алар негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуу деңгээли менен аныкталат. Билим берүүнүн натыйжалары өлчөөнүн талапка ылайык келген каражаттары менен өлчөнөт. Баалоо – билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында билим берүүдөн алынган натыйжалардын күтүлгөн натыйжаларга шайкештик даражасын аныктоо үчүн окуучулардын когнитивдик (таанып-билүүчүлүк), аффективдүү (эмоциялык-баалуулук) жана иш-аракеттик ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүүнүн системалуу процесси.

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

6- таблица. Мазмундук тилкелер жана класстар боюнча окуучуларды окутуудан күтүлгөн натыйжалары.

Төмөндө берилген таблицада класстар боюнча күтүлүүчү натыйжалар көрсөтүлгөн. Биринчи цифра **классты**, экинчиси – **мазмундук тилкени**, үчүнчүсү – **предметтик компетенттүүлүктү**, төртүнчүсү – **күтүлгөн натыйжаны** билдирет.

Мазмундук тилкелер	**Мазмундук тилкелерге жана компетенттүүлүктөргө ылайык билим берүүчүлүк натыйжалар**				
	Компетент-түүлүктөр	**6-класс**	**7-класс**	**8-класс**	9-класс
Организм биологи-ялык система катары	1.Жандуу обьектилерди таануу жана баяндоо	6.1.1.1.Өсүмдүктөр дүйнөсү үчүн мүнөздүү болгон негизги белгилерди бөлүп көрсөтөт. 6.1.1.2.Жаратылыш чөйрөсүндөгү жандуу организмдердин өз ара байланыштарын жана мамилесин белгилеп көрсөтөт. 6.1.1.3.Аныктамалар боюнча өз алдынча мисалдарды келтирет. Маалымат булактарын издөө жолдорун өз алдынча сунуштайт.	7.1.1.1.Жашоонун маңызын аныктап, жаныбарлар дүйнөсүнүн жалпы касиеттерин бөлүп көрсөтөт. 7.1.1.2. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн өкүлдөрүн айырмалап, салыштырат, сыпаттайт. 7.1.1.3. Жандуу организмдерди касиеттерине жараша дүйнөлөр боюнча системалай алат, обьектилердин классификациясы үчүн пайдаланат.	8.1.1.1.Органикалык дүйнөнүн системасындагы адамдын ордун жана ролун мүнөздөйт. 8.1.1.2.Биологиялык система катары адамдын организминин уюшулуш деңгээлдерин (клетка-ткань-орган-организм) аныктап тааныйт жана өздөштүрөт. 8.1.1.3.Адамдын организминин негизги процесстерин түшүндүрөт жана айырмалайт (тамактануу, дем алуу, көбөйүү), адамдын организми бир бүтүн, өзүн өзү жөнгө салуучу экенин далилдей алат.	9.1.1.1.Жандуу организмдердин негизги касиеттерин бөлүп көрсөтөт, жандуу жана жансыз жаратылыштын айырмачылыктарын аныктайт. 9.1.1.2.Адам эволюциясынын заманбап баскычын тааныйт жана сыпаттайт. 9.1.1.3.Генетикалык коддун касиеттери, мааниси жөнүндөгү билимдерин практикада пайдаланат.
	2.Биологиялык процесстер жана	6.1.2.1. Жаратылыш чөйрөсүндөгү жандуу организмдердин	7.1.2.1. Өсүмдүктөр менен жаныбарлар жана айлана-чөйрөнүн өз ара	8.1.2.1.Адамдын ден соолугуна жана жашоосуна таасир тийгизүүчү табигый	9.1.2.1.Адамдын жаратылыш үчүн ролун бөлүп көрсөтөт

	кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү	өз ара мамилеси боюнча мисалдарды келтирет. 6.1.2.2. Алынган маалыматтардын негизинде бардык жандуу нерселердин бүтүндүгү тууралуу бүтүм чыгарат. 6.1.2.3.Түркүмдөрдөгү зыяндуу өзгөрүүлөрдү болжолдоп, алар кандай деградацияга алып келерин далилдейт	аракетинин мүнөзүн аныктайт, жаратылыш үчүн адамдын ролун бөлүп көрсөтөт 7.1.2.2. Алган билимдерин жаныбарлар дүйнөсүн изилдөөдө колдонот. 7.1.2.3. Алган билимдерин жана жандуу организмдердин мүнөздөмөлөрүн, типтер жана азыктануу процесстери боюнча өз ара байланыштарды мүнөздөө үчүн пайдаланат.	жана антропогендик факторлорду иликтөөгө алат. 8.1.2.2. Адам организмин жөнгө салуунун нервдик-гуморалдык механизмдерин аныктап тааныйт. 8.1.2.3. Гомеостаз – өзүн өзү жөнгө салуучу процесс экенин далилдейт. Кандын, плазманын, эритроциттердин, лейкоцитттердин түзүлүшүн жана функцияларын, ошондой эле кандын топторун схемалык түрдө талдайт.	9.1.2.2. Алган билимдерин жандуу организмдерди, азыктануу типтери боюнча өз ара байланыштарды жана азыктануу процесстерин мүнөздөө үчүн пайдаланат. 9.1.2.3.Клеткадагы заттардын жана энергиянын алмашуу процесстерин анализдейт, талдайт.
	3.Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү	6.1.3.1. Биоартүрдүүлүктү сактоо проблемасын чечүү жолдорунун айрымдарын табат жана талдоого алат 6.1.3.2. Токой аянтарынын кыскаруу, чөл басуу жана жерлердин деградацияланышынын себептерин табат. 6.1.3.3. Табигый ландшафттарды	7.1.3.1. Алган билимдерин организмдердин азыктануу типтерин жана азыктануунун өзгөчөлүктөрүн аныктоодо колдонот. 7.1.3.2.Жандуу организмдердин түзүлүшү менен өсүмдүктөр жана жаныбарлардын органдар системаларын салыштырат, жаныбарлардын организмдерин классификациялоонун	8.1.3.1.Байкоолорунун жыйынтыгы боюнча клетканын негизги бөлүктөрү менен органоиддерин, адамдын органдары менен органдар системаларын аныктап таанып, схема, таблицалар аркылуу сыпаттап берет. 8.1.3.2.Адам жана айланачөйрө үчүн жаратылыш ресурстарынын маанисин анализдейт. 8.1.3.3.Организмди сактоо	9.1.3.1.Организмдердин уруктануусунун, өөрчүшүнүн биоролун түшүндүрөт. 9.1.3.2.Билимдери менен көндүмдөрүн жашоонун уюшулуш формаларына колдонуп интерпретациялайт. 9.1.3.3.Климаттын өзгөрүү процесстерин, биоартүрдүүлүктү сактоонун проблемаларын

		калыбына келтирүүнүн варианттарын издейт жана сунуш кылат.	негизги принциптерин пайдаланат. 7.1.3.3. Ээ болгон билимдери менен көндүмдөрүн жашоонун уюшулуш деңгээлдерине колдонот.	жана бекемдөө үчүн адамдын башка организмдер (өсүмдүктөр, жаныбарлар) менен себеп-натыйжалаш байланыштарын аныктоо боюнча көндүмдөргө ээ болот.	талдоого алат.
Организмден жогору турган системалар	1. Жандуу обьектилерди тааныу жана баяндоо	6.2.1.1.Сунушталган материалдар боюнча түркүмдөр түшүнүгүнө аныктама берет. 6.2.1.2. Тоо түркүмдөрүндөгү бузулууларды сыпаттап берет жана аларга алып келген себептерди түшүндүргөн материалдарды даярдайт. 6.2.1.3.Организмдердин зоналар боюнча таралуусунун себептерин белгилейт, жетишсиз маалыматтарды башка булактардан издейт.	7.2.1.1. Жандуу организмдердин түркүмдөрүнүн калыптануу тарыхын карап көрөт жана үйрөнөт (зоналар, лимиттөөчү факторлор, экологиялык нишалар) 7.2.1.2. Жаратылыш системаларын талдоого алат, өсүмдүктөр, жаныбарлар жана адамдын жашоо процесстерин аныктайт, классификациялайт, салыштырат 7.2.1.3. Жаратылыш системаларын талдоого алат, өсүмдүктөр, жаныбарлар жана адамдын жашоо процесстерин аныктайт, классификациялайт, салыштырат.	8.2.1.1.Адамдын жашоо процесстерин жөнгө салуу механизмдерин бөлүп көрсөтөт. 8.2.1.2. Жугуштуу ооруулардын таралуусун алдын алуу жолдорун жана өз организмин сактоо үчүн алдын алуу чараларын сактоону билет. 8.2.1.3. Профилактикалык медицина катары анатомия, физиология жана гигиенанын негиздерин түшүнөт жана практикада колдоно алат.	9.2.1.1. Түр жана анын критерийлерин түшүнөт. 9.2.1.2. Популяцияларда, экосистемаларда жүрүп жаткан процесстерди, өз ара карым-катыштарды айырмалайт. 9.2.1.3.Тукум куучулуктун жана өзгөргүчтүктүн өндүрүш менен илимдин маселелерин (биотехнология, медицина, гендик инженерия, селекциянын ж.б.) чечүү үчүн колдонулган негизги мыйзамдарына баа берет.

	2.Биологиялык процесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү	6.2.2.1. Организмдер менен чөйрөнүн ортосундагы өз ара карым-катыштын мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүп берет. 6.2.2.2. Түркүмдөрдөгү зыяндуу өзгөрүүлөрдү болжолдоп, алар кандай деградацияга алып келерин далилдейт. 6.2.2.3. Ар бир түркүмдүн өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтөт жана өсүмдүктөр түркүмдөрүндөгү ярустуулукту калыбына келтирүүнү өз алдынча пландайт.	7.2.1.1. Организмдердин чөйрө менен өз ара карым-катышынын өнүгүшүн, эволюциясын сыпаттайт, салыштырат. 7.2.1.2. Жаратылыш ресурстары тууралуу алган билимдерин интерпретациялайт. 7.2.1.3. Алган билимдерин жандуу жаратылышты изилдөөдө колдонот, бүтүмдөрдү чыгарат	8.2.2.1. Организмдин чөйрө менен байланышынын негизинде анализаторлордун ролун аныктайт. 8.2.2.2. Зыяндуу көнүмүш адаттардын организмге тийгизген таасирин көрсөтүп берет. 8.2.2.3. Ар түрдүү организмдердин (өсүмдүк, жаныбар, адам) жашоо процесстеринин байланыштарын интерпретациялайт.	9.2.2.1. Экологиянын предметине, милдеттерине, негизги түшүнүктөрүнө тиешелүү суроолорду бөлүп көрсөтөт, организмдер менен чөйрөнүн өз ара карым-катышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнөт. 9.2.2.2.Эволюциянын багыттарын сыпаттап берет жана салыштырат. 9.2.2.3. Кыргызстандын жаратылыш мыйзамдарын таанып билет.
	3. Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу	6.2.3.1. Башка түркүмдөр менен салыштыруу аркылуу, түркүмдөр, ярустар жана зоналар боюнча бөлүштүрүү тууралуу маалым-	7.2.3.1. Жаныбарлар дүйнөсүн окуп-үйрөнүү үчүн таанып-билүү методдорун жана моделдөө, эксперимент өткөрүү үчүн зарыл болгон куралдар менен жабдуу-	8.2.3.1. Түрдүү организмдердин (өсүмдүк, жаныбар, адам) жашоо процесстерин жөнгө салуу механизмдерин байкоого алат, салыштырат. 8.2.3.2. Өз организминин абалына байкоо жүргүзөт:	9.2.3.1. Жандуу организмдердин уюшулушунун түрдүү деңгээлдерин окуп-үйрөнүүнүн конкреттүү методдорун тандап алат 9.2.3.2.Түрдүн

	менен чечүү	аттарды пайдаланат. 6.2.3.2. Даярдалган материалдар боюнча маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн жана өсүмдүктөр түркүмдөрүнүн ярустуулугунун планын түзөт. 6.2.3.3.Адам ишмердүүлүгүн жандуу организмдерге жана экосистемаларга тийгизген таасиринин натыйжаларын болжолдойт жана баа берет.	ларды тандап алат 7.2.3.2. Булгануунун типтерин айырмалайт, жаратылышты рационалдуу пайдалануунун жолдорун, организмдердин көп түрдүүлүгүн сактоонун жолдорун, жаратылыш чөйрөсүндөгү журум-турум эрежелерин бөлүп көрсөтөт. 7.2.3.3. Моделдөө жана эксперимент өткөрүү үчүн зарыл болгон куралдар менен жабдууларды тандап алат, алар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болот. Булгануунун типтерин айырмалайт, жаратылышты рационалдуу пайдалануунун жолдорун, организмдердин көп түрдүүлүгүн сактоонун жолдорун, жаратылыш чөйрөсүндөгү журум-турум эрежелерин бөлүп көрсөтөт.	дененин температурасын, кан басымын өлчөй алат. 8.2.3.3. Адамдын курактык мезгилдешүүсүн аныктап тааныйт жана акселерация процессин интерпретациялайт.	критерийлерин аныктайт, популяция түшүнүгүн, анын курамын талдайт. 9.2.3.3.Биосферанын пайда болушун жана эволюциясын талдайт.

Организмдердин көп түрдүүлүгү жана эволюция	1. Жандуу обьектилерди таануу жана баяндоо	6.3.1.1. Жандуу жаратылыштын өнүгүү тарыхын сыпаттап берет, эволюциянын жогорку жана төмөнкү баскычтарында турган организмдерди санап берет . 6.3.1.2. Өсүмдүктөрдүн көбөйүү циклинин көптүк касиеттеринин окшоштуктары менен айырмачылыктарын салыштырат жана талдоого алат. 6.3.1.3. Жараталыштагы көп түрдүүлүк мыйзамдарын сыпаттап бере алат. Көп түрдүүлүктүн себептерин билүү менен, организмдерди топтор боюнча өз алдынча системалай алат.	7.3.1.1. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар системаларын эволюциянын чагылдырылышы, органикалык дүйнөнүн эволюциясынын негизги багыттары жана формалары катары карайт. 7.3.1.2.Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдын айырмалоочу жана окшоштук касиеттерин бөлүп көрсөтөт. 7.3.1.3. Өз билимдерин жана көндүмдөрүн организмдердин жашоосун окуп-үйрөнүүдө колдонуу менен, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдын айырмалоочу жана окшоштук касиеттерин бөлүп көрсөтөт.	8.3.1.1. Адамдын сүт эмүүчү жаныбарлар менен окшоштугун жана айырмачылыктарын, ошондой эле анын биологиялык жана социалдык маңызын салыштырат; жашоонун маңызы, жашоонун жана адамдын, адамдын расаларынын келип чыгышы тууралуу ар кандай гипотезаларды талдоого алат жана баа берет. 8.3.1.2.Адамдын генетикасын түшүндүрүп берет. 8.3.1.3. Эмгек, турмуштиричилик жана коомдун өнүгүшү үчүн адамдын ден соолугунун маанилүүлүгүн талдоого алат.	9.3.1.1.Эволюциянын кыймылдаткыч күчтөрүн мүнөздөйт. 9.3.1.2.Ч.Дарвиндин жаратылышта түрлөрдүн көп түрдүүлүгүнүн себептери жөнүндөгү окуусун баяндап, баа бере алат. 9.3.1.3.Селекциянын негизги методдорун жана натыйжаларын схема, таблицалар боюнча - интерпретациялайт.
	2.Биологиялык процесстер	6.3.2.1 Организмдердин келип	7.3.2.1.Жаныбардын негизги белгилерин	8.3.2.1. Рационалдуу эмес тамактануунун, туура эмес	9.3.2.1.Түрдүн, популяциянын, экосистема-

	жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү	чыгуусунун тарыхый жактан климаттын өзгөрүүсү менен байланышкан маңызын түшүндүрүп берет. 6.3.2.2. Аныктоочу карточкалардын жардамы менен айлана-чөйрөдөгү өсүмдүктөрдү аныктай алат 6.3.2.3.Сырткы көрүнүшү боюнча жабык уруктуу өсүмдүктөр түркүмүн таанып билет жана аныктайт.	көрсөтөт, жаныбарлар организмдеринин көп түрдүүлүгү жана түрлөрдүн пайда болуусу тууралуу гипотезаларды караштырат. 7.3.2.2.Органикалык дүйнөнүн эволюциясынын ар түрдүү этаптарын салыштырат. 7.3.2.3. Кыргызстандын түрдүү зоналарындагы климатка жана жаныбарлардын абалына таасир тийгизүүчү факторлорго баа берет.	дем алуунун, аз кандуулуктун, иммунитеттин төмөндөшүнүн, зат алмашуунун бузулушунун ж.б. кесепеттерин көрсөтүп берет. 8.3.2.2.Адамдын саламаттыгынын түрлөрүнүн байланышын ачып берет. 8.3.2.3.Адамдын саламаттыгы – коомдун байлыгы экенин интерпретациялайт.	нын, биосферанын деңгээлинде жүрүүчү процесстердин ыктымалдуулугун сыпаттайт. 9.3.2.2.Органикалык дүйнөнүн эволюциясынын организмдердин көп түрдүүлүгүн жаратуудагы ролун талдоого алат жана баа берет. 9.3.2.3. Алган билимдерин биоартүрдүүлүктүн өзгөрүшүнө баа берүүдө, жаңы түрлөр менен сортторду жаратуу мүмкүнчүлүгүндө колдонула турганын далилдейт.
	3.Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү	6.3.3.1. Өсүмдүктөрдү өстүрүүдө ар кыл шарттарда өсүмдүктөрдүн азыктануусу тууралуу алган маалыматтарын пайдаланат. 6.3.3.2. Аныктоочу карточкалар менен иштөөдө өсүмдүктөрдүн сырткы түзү-	7.3.3.1. Биологиялык жана экологиялык билимдердин практикалык колдонулушун табат жана аныктайт. 7.3.3.2. Эволюция процессинде ар түрдүү популяциялардагы организмдердин өз ара карым-катышын аныктайт 7.3.3.3. Жерде жашоонун	8.3.3.1.Адамдын сүт эмүүчүлөрдөн келип чыкканын далилдейт. 8.3.3.2.Адамдын эволюциялык даректагы жайгашуусун интерпретациялайт. 8.3.3.3.Адамдын жаратылышы менен байланышкан генетикалык маселелерди сыпаттайт, чыгарат.	9.3.3.1. Биологиялык жана экологиялык билимдерин практикада колдонот. 9.3.3.2.Ар түрдүү популяциялардагы организмдердин өз ара карым-катыштарын аныктайт, популяциянын эволюция процессиндеги ролун талдоого алат, по-

		лүшү тууралуу билимдерин пайдаланат 6.3.3.3. Аныктамалар боюнча мисалдарды өз алдынча келтирет. Маалымат булактарын издөөнүн өз алдынча жолдорун сунуштайт.	пайда болуусу тууралуу негизги гипотезаларды талдоого алат, биоартүрдүүлүктү окуп-үйрөнүү боюнча милдеттерди коёт.		пуляциянын генофондунун өзгөрүүлөрүнүн себептерин аныктайт. 9.3.3.3.Түрдүн, популяциянын, экосистеманын, биосферанын деңгээлинде жүрүүчү процесстердин ыктымалдуулугун сыпаттайт.
Адам жана аны курчап турган чөйрө	1. Жандуу обьектилерди тааныу жана баяндоо	6.4.1.1. Адамдын өсүмдүктөр дүйнөсү менен өз ара байланышынын негиздерин аныктайт. 6.4.1.2. Адам менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн өз ара байланышынын жалпы планын көрсөтө алат. 6.4.1.3.Жаратылыштын мезгилдик өзгөрүүлөрү менен адамдын чарбалык ишмердүүлүгүн уюштуруунун тыгыз байланышы боюнча байкоолордун үлгүлөрүн өз алдынча	7.4.1.1. Адамдын жаратылыш менен карымкатышынын негиздерин аныктайт 7.4.1.2. Жаныбарлардын жаратылыштын ар түрдүү чөйрөлөрүнө ыңгайлашуусун талдоого алат 7.4.1.3. Күндүн тартибин түзөт. Рационалдуу жүрүш-турушту калыптандырат.	8.4.1.1. Адамдын айланачөйрө менен өз ара байланышын аныктайт. 8.4.1.2.Баңгизаттарын колдонуунун, тамеки чегүүнүн, алкоголдун терс таасирлерин, ошондой эле күч эмгеги менен спорттун оң таасирлерин аныктап тааныйт. 8.4.1.3.Клеткалардагы зат алмашууда белоктордун, углеводдордун, майлардын жана минералдык туздардын маанисин бөлүп көрсөтөт.	9.4.1.1.Азыркы адамдын проблемаларын аныктайт жана белгилеп көрсөтөт. 9.4.1.2.Адамдын чөйрөнүн ар түрдүү кырдаалдарына ыңгайлашуусун талдоого алат. 9.4.1.3.Ар түрдүү факторлордун адамдын тукум куучулугуна тийгизген таасирин талдоого алат жана баа берет.

		иштеп чыгат.			
	2.Биология-лыкпроцесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү .	6.4.2.1.Бир бүтүн жаратылыштын мезгилдик өзгөрүүлөрү менен бардык жандуу организмдердин өз ара байланыштарын байкоого алат жана далилдейт. 6.4.2.2. Өсүмдүктөрдүн жер астындагы, жер үстүндөгү органдарын чарбалык ишмердүүлүктө ашкере пайдалануу жаратылыштагы оңдолгус кесепеттерге алып келери боюнча мисалдарды жергиликтүү курчап турган айлана-тегеректен келтирет. 6.4.2.3.Жаратылыш, чөйрөнүн факторлору тууралуу маалыматтарды таблицалардын, диаграммалардын жардамы	7.4.2.1. Адамга жана анын айлана-чөйрө менен карым-катышына байкоо жүргүзөт 7.4.2.2.Экология менен биологиянын, жаратылышты коргоонун, Кызыл Китептин мыйзамдарын, эрежелерин жана механизмдерин колдонот. 7.4.2.3.Биологиялык, экологиялык көйгөйлөрдүн келип чыгуу себептерин, аларды чечүүнүн жолдорун аныктайт.	8.4.2.1. Аң-сезим адамды башка жаныбарлардан айырмалап турарынын себеп-натыйжалаш байланыштарын аныктайт. 8.4.2.2.Айлана-чөйрөнүн факторлорунун, коркунуч факторлорунун ден соолукка, адамдын өзүнүн кылык-жоруктарынын, экосистемадагы ишмердүүлүгүнүн натыйжалары жандуу организмдерге жана экосистемаларга кандай таасир тийгизерин талдоого алат жана баа берет. 8.4.2.3.Окуу режими менен айкалышта өз организмине болгон камкор мамилени жана туура келбетти калыптандырат.	9.4.2.1.Антропоэкосистемаларды, адам менен өсүмдүктөрдүн, бактериялардын, вирустардын карым-катышын, биологиялык топтолуунун адамдын организмине тийгизген таасирине баа бере алат. 9.4.2.2. Айлана-чөйрөнүн факторлорунун организмдерге тийгизген оң жана терс таасирлерин бөлүп көрсөтөт. 9.4.2.3.Экологиялык маселелерди чечет.

		менен интерпретациялап, түркүмдөрдөгү өзгөрүүлөрдү көрсөтөт жана мындан бүтүмдөрдү чыгарат.			
	3.Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү.	6.4.3.1.Уруктардын өнүп чыгуусу жана бак-даректардын бутактануусу тууралуу билимдерин адамдын ишмердүүлүгүндө колдоно алат, бактериялардын, козу карындардын, вирустардын жашоосу тууралуу билимдерин өсүмдүктөрдүн ооруларынын алдын алууда колдоно алат. 6.4.3.2.Маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүнү долбоорлой алат. 6.4.3.3. Окуу-тажрыйба тилкесинде жашылчалардын же башка өсүмдүк-	7.4.3.1. Билимдерин жана маалыматтарды жаныбарлардан келип чыгуучу оорулардын алдын алуу үчүн колдонот. 7.4.3.2.Адам ишмердүүлүгүнүн өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө тийгизген таасирине баа берет. 7.4.3.3. Адамдын айланачөйрөгө таасир тийгизүүсүнүн пландарын иштеп чыгат, энергиянын альтернативдүү булактарын пайдалануу маселелерин, биотехнологиянын жетишкендиктерин колдонуу, экологиялык маданияттын негиздерине,	8.4.3.1.Чөйрөнүн булганыусу, организмдердин санынын азаюусу, Жер планетасынын кескин өзгөрүүсү адам ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болбошу керектиги тууралуу бүтүмдөрдү чыгарат. 8.4.3.2.Травматизмдин, стресстердин, ВИЧ-инфекциянын, зыяндуу адаттардын (тамеки чегүү, аракечтик, баңгилик), келбеттин бузулушунун, жугуштуу жана суук тийүүдөн пайда болгон оорулардын алдын алуу жолдорун колдонот. 8.4.3.3. Төмөнкү учурларда биринчи жардам көрсөтө алат: -тамак-аштан ууланганда; -жаныбарлар тиштеп алганда;	9.4.3.1.Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын селекциясын, биотехнологиянын негиздерин түшүнөт, анализдейт. 9.4.3.2.Антроэкосистемаларды салыштырат, адамдын айланачөйрөгө таасир тийгизүүсүнүн пландарын иштеп чыгат, калдыктар көйгөйүн чечүү боюнча долбоорлорду түзөт. 9.4.3.3.Биотехнологиянын, гендик жана клеткалык инженериянын жетишкендиктери менен методдорун колдонуу маселелерин чече алат.

		төрдүн түшүмдүү-лүгүн жогорулатуу боюнча изилдөө-лөрдү жүргүзөт.	жаратылыш чөйрө-сүндөгү жүрүм-турум эрежелерине, түрлөрдү сактоонун эрежелерине ээ болот.	-суук тийген ооруларда; -күйүктөрдө, -үшүтүп алууларда; -жараттарда (травмаларда); -сууга чөгүп бараткан адам-ды сактоодо.	

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Биология сабактарында окутуунун натыйжаларын баалоо окутуунун максаттары (күтүлгөн натыйжалары), методдору жана формалары менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты – окутуунун иш жүзүндөгү натыйжаларынын күтүлгөн натыйжаларга шайкеш келүүсүн аныктоо. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн баалоодо мугалим окутуунун тандалып алынган методдоруна жана формаларына ылайык баалоонун ар кандай методдорун пайдаланат.

Баалоонун негизги принциптери

Баалоо системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу керек:

- *Объективдүүлүк*. Объективдүүлүк принциби бардык окуучулар бир эле сыноодон бирдей шарттарда өткөрүлүшүн талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүүлүгү баанын мугалимге да, бардык окуучуларга да белгилүү болгон так критерийлеринин болушун талап этет.
- *Ишенимдүүлүк* – педагогикалык өлчөөнүн тактыгынын даражасы. Эгер бир эле белгини кайталап өлчөөдө (ченөөдө) мурунку эле жыйынтыктар алынса, баалоо методу ишенимдүү болуп эсептелет.
- *Валиддүүлүк* же баалоо методунун шексиздиги, ал чынында эле өлчөнүүгө тийиш болгон нерсе же башка нерсе өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

Баалоонун түрлөрү жана формалары

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, формативдик жана суммативдик, булардын ар бир конкреттүү формада ишке ашырылат.

Диагностикалык баалоо

Диагностикалык баалоо өзүнүн формасы боюнча киришүүчү болуп саналат да, окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандык даражасын аныктоо үчүн кызмат кылат. Ал окуу жылынын башында жүргүзүлүп, окуу жылынын аягында окуучунун күтүлгөн натыйжаларга жетүүсүнүн прогрессин аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Диагностикалык баалоонун жыйынтыктары сыпаттамалар түрүндө катталат, алар жалпылаштырылып, мугалим үчүн окутуунун маселелерин жана окуучу үчүн окуу тапшырмаларын коюу жолу аркылуу окуу процессин өркүндөтүү жана ага түзөтүүлөрдү киргизүү үчүн негиз катары кызмат кылат.

Формативдик баалоо

Формативдик баалоонун максаты – окуучунун материалды өздөштүрүүсүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн жана ийгиликтүүлүгүн аныктоо, ошондой эле окуучулардын күтүлгөн натыйжаларга жетүүсү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Өзүнүн формасы боюнча ал киришүүчү (окуп-үйрөнүлүүчү теманын башында) да, утурумдук да (окуу процессинде) болушу ыктымал. Мугалим формативдик баалоону окутууну өз учурунда коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн, ал эми окуучу өзү аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн колдонот. Окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен прогрессине көңүл коюлат. Окуучунун прогресси билим берүү

тармактарынын алкагында окутуунун максаттарында көрсөтүлгөн белгилүү бир натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Формативдик баалоодо көп учурда баа коюлбайт, мугалим окуучулардын жекече прогресси боюнча өздүк байкоолорун белгилеп алат. Журналга баа зарылдыгына жараша коюлат.

Суммативдик баалоо

Окуучулардын суммативдик баасы окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга окуучунун жетүү даражасын аныктоо үчүн колдонулуп, күндөлүк, аралык жана жыйынтык баалоодон келип чыгат.

- Күндөлүк (утурумдук) баалоо теманы сабак боюнча өздөштүрүүдө жүргүзүлөт. Анын негизги милдеттери: теманы түшүнүү жана баштапкы өздөштүрүү деңгээлин аныктоо, анын айрым элементтери менен мурунку темалардын мазмунунун ортосундагы байланыштарды белгилөө. Күндөлүк баалоо окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү жекече өгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, предметтик стандарт тарабынан сунушталган баанын критерийлери жана ченемдерине ылайык жүргүзүлөт. Күндөлүк баалоону мугалим, ошондой эле жуптардагы жана топтордогу өз ара көзөмөл, өзүн өзү көзөмөлдөө аркылуу окуучулар ишке ашырат.
- Орто аралык баалоо предметтик стандартта көрсөтүлгөн күтүлгөн натыйжаларга, мазмундук тилкелерге ылайык жана иштин төмөнкү негизги түрлөрү аркылуу өткөрүлөт:
    - биологиялык обьектини байкоого алуу жана сыпаттоо;
    - лабораториялык-практикалык иштер;
    - булактар менен иштөө (аныктагычтар менен иштөө);
    - жазуу иштери (биологиялык жат жазуулар, өз алдынча иштер, тесттик тапшырмалар, таяныч конспект-схемаларды түзүү ж.б.)
    - оозеки жооп/презентация;
    - эксперимент өткөрүү;
    - долбоор, изилдөө иши, иштин спецификалык түрлөрү;
    - портфолио (жетишкендиктер папкасы).

Иштин бардык түрлөрү баалоонун критерийлери менен ченемдеринин негизинде жүргүзүлүп, милдеттүү болуп саналышат жана мугалим тарабынан календардык-тематикалык планды иштеп чыгууда пландаштырылат.

Жыйынтык баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы), окуу-тематикалык планга (темалар боюнча баалоо) ылайык өткөрүлүп, төмөнкү формаларда болот:

-зачет, текшерүү иши, тандап алган тема боюнча реферат даярдоо, презентация, слайд-дарды даярдоо;

- баа коюу.

Компетенттүүлүктөрдү баалоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери)

Компетенттүүлүктөрдү баалоонун чен-өлчөмдөрү калыптанган компетенттүүлүктөр боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктеринин 3 деңгээлинин көрсөткүчтөрү жана окутуунун максаттары (милдеттер) ортосунда ылайыктуу параметр катары каралат.

7- таблица.Компетенттүүлүктү баалоонун деңгээлдери

Биринчи деңгээл (репродуктивдүү)	Экинчи деңгээл (продуктивдүү)	Үчүнчү деңгээл (креативдүү)
- Жандуу жаратылыштын кээ бир объекттеринин аталыштарын билет; - жандуу жаратылышта жүрүүчү жараяндар жана организмдердин турмуш-тиричилигин баяндоо жана байкоо жүргүзүү үчүн биология боюнча керектүү маалыматты бөлүп карай алат; - адамдын күнүмдүк турмушунда, коомдо биология жана жаратылыш ресурстарынын ролун жана маанисин түшүнөт; - практикалык аракеттерди чечүү үчүн алган билимдерин жана билгичтиктерин колдонот.	- Негизги биологиялык түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, теориялардын мазмунун түшүнөт жана аларды белгилүү кырдаалдарда колдонот; - организмдин бүтүндүгү катары органдар жана функциялар ортосундагы өз ара байланышты көрсөтө алат; - организмде болуп жаткан өзгөрүүлөр жана айланачөйрөнүн шарттары ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын түзө алат; - биология боюнча татаал эмес эксперименттерди өз алдынча жүргүзө алат.	- Акыл ишмердүүлүгүнүн логикалык ыкмаларына ээ (талдоо, топтоштуруу, жалпылоо, салыштыруу); - жаңы мааламыттарга багыт ала алат жана ылайыктуу түшүнүктөрдү формулировкалоо үчүн бул маалыматтын зарылдыгын аныктай алат; - изилдөөнү пландаштырып жана жүргүзгөнгө, жазып, жыйынтыгын талдоого жана жалпылоого жөндөмдүү; - илимий маалыматты баалай алат жана аны көйгөйлөрдү чечүүдө колдонот.

8 - таблица.Оозеки жооптордун чен-өлчөмдөрүнүн градациясы

5	*4*	*3*	*2*
Жооп толук жана туура, анда окулган материалдар: теориялар, гипотезалар, эксперименттерди пайдаланган, өз алдынча окуган кошумча материалдар менен логикалык иреттүүлүктө сунушталган, чыгармачыл колдонуу (5+) же билимди колдонуу.	Жооп толук жана туура, анда окулган материалдар: теориялар, гипотезалар, эксперименттерди пайдаланган, өз алдынча окуган кошумча материалдар менен логикалык иреттүүлүктө сунушталган, 2-3 маанилүү эмес каталар бар, тема түшүнүктүү.	Жооп толук, бирок маанилүү каталар бар же жооп толук эмес, байланышпаган, жаттоо жыйынтыгы (3), тема менен таанышкан (3^-)	Жооп берүүдө окуу материалынын негизги мазмунун түшүнбөгөнү көрүнгөн же маанилүү каталарды кетирген.

Тесттик тапшырмалардын чен-өлчөмдөрүнүн градациясы

5	*4*	*3*	*2*
Жалпы упайлардын санынан 80-100 %	70-79 %	50-69 %	0-49 %

Лабораториялык же практикалык сабактардын чен-өлчөмдөрүнүн градациясы

***"5" деген баа коюлат , эгерде окуучу*:**

1) тажрыйбанын максатын туура аныктаса;
2) жумушту толук көлөмдө тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү керектүү иреттүүлүктү сактоо менен аткарса;
3) тажрыйба жүргүзүү үчүн керектүү куралдарды өз алдынча жана рационалдуу тандаса жана даярдаса, бардык тажрыйбаларды алынган жыйынтыктар жана корутундулар так болуусун камтыган шарттарда жана режимдерде өткөрсө;
4) байкоо жүргүзүүнү илимий сабаттуу, логикалуу баяндаса жана жүргүзүлгөн тажрыйбадан корутундуларды жаза алса; сунушталган отчетто бардык жазууларды, таблица, сүрөт, графиктерди, саноолорду туура жана так аткарса жана жыйынтык жасаса;
5) уюштуруучулук, эмгек билгичтигин көрсөтсө (иш орунда тазалыкты жана иреттүүлүктү сактаса, иштетилген материалдарды үнөмдүү пайдаланса);
6) экспериментти жабдуулар жана материалдар менен иштөө эрежелерин жана коопсуздук эрежелерин эске алуу менен план боюнча ишке ашырса.
***"4" деген баа коюлат*, эгерде окуучу "5" деген баанын талаптарын аткарса**, бирок:
1) тажрыйбаны өлчөөлөр жеткиликтүү тактыкты камсыз кылбаган шарттарда аткарса;
2) же эки-үч таксыздык кетирилсе;
3) же бирден көп эмес ката жана бир жетишпегендик болсо;
4) же эксперимент толук эмес жасалса;
5) же байкоо жүргүзүүнү баяндоодо так эместик болсо, жыйынтыкты толук эмес жазса.
"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:
1. тажрыйбанын максатын туура аныктаса; жумуштун жарымы туура аткарылса, бирок аткарылган бөлүмдөрдүн көлөмү туура жыйынтык алууга жана иштин маанилүү, негизги милдеттери боюнча жыйынтыктарды алууга мүмкүнчүлүк берсе;
2. же материалдарды, жабдууларды, объектини тандоону, ошондой эле тажрыйбанын башталышы боюнча иштерди мугалимдин жардамы менен баштаса; же байкоо жүргүзүүнү баяндоодо, жыйынтыктарды жазууда, тажрыйбанын жана өлчөөлөрдүн жүрүшүндө ката кетирсе;
3. ушул иш үчүн принципиалдуу мүнөзгө эмес, бирок аткаруу жыйынтыгына таасир эткен тажрыйба рационалдуу эмес шарттарда жүргүзүлсө, жыйынтык алууда чоң айырмага алып келсе же отчетто жалпысынан экиден көп ката кетирсе (бирдиктерди, өлчөөлөрдү, эсептерди, график, таблица, схема ж.б. жазууда);
4. эксперименттин жүрүшүндө одоно ката кетирилсе (айтып берүүдө, жумушту жазууда, материалдар жана жабдуулар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоодо), ал мугалимдин талабы боюнча оңдолсо.
"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:
1. өз алдынча тажрыйбанын максатын аныктай албаса; жумушту толук аткарбаса; жумушка керектүү жабдуулар жана каражаттар даярдалбаса жана аткарылган жумуштун көлөмүнүн бөлүгү менен жыйынтык жасоо мүмкүнчүлүк бербесе;
2. же тажрыйбалар, өлчөөлөр, эсептөөлөр, байкоолор туура эмес жүргүзүлсө;
3. же иштин жүрүшүндө жана отчеттун жыйындысында "3" деген баанын талаптарында белгиленген бардык жетишпестиктер көрүнсө;
4. эксперименттин жүрүшүндө, жумушту жасалгалоодо, заттар жана жабдуулар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоодо, мугалимдин талабы менен дагы оңдой албаган эки (же андан көп) одоно ката кетирсе.

Өз алдынча жазма жана текшерүү иштерди баалоо

"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

1. жумушту катасыз, так аткарса;
2. бирден көп эмес ката кетирсе.

"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу жумушту толук аткарып, бирок:

1. бир гана одоно эмес ката кетирсе жана бир гана так эместик болсо;
2. же экиден көп эмес так эместик болсо.

"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу жумуштун 2/3 бөлүгүн аткарып же:

1. экиден көп эмес одоно каталар болсо;
2. же бир одоно жана бир одоно эмес ката кетирсе жана бир так эместик болсо;
3. же эки-үч одоно эмес ката болсо;
4. же бир одоно эмес ката жана үч так эместик болсо;
5. же ката жок, бирок төрт-беш так эместик болсо.

"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

1.белгиленген чектен жогору каталыктар жана так эместиктерди кетирсе;
2. же эгер жумуштун жарымынан азыраагы аткарылса.

9-таблица. Окуучунун билимин баалоонун чен-өлчөмү жана анын көрсөткүчтөрү

Чен-өлчөмдөр	**Деңгээлдер боюнча көрсөткүчтөр**		
	1- деңгээл	**2 - деңгээл**	**3 - деңгээл**
Түшүнүү	Жашоого мүнөздүү болгон негизги жана өзгөчөлүктүү белгилерин тааныйт жана айырмалайт.	Фактыларга таянуу менен, негизги белгилерин далилдөөдө мисалдарды келтирет.	1-объектке окшош ушул объектти изилдөөдө өздөштүрүлгөн түшүнүктөрдү колдонот.
Логикалык өз ара байланыштын түзүлүшү	Жандуу жаратылышта өтүүчү процесстердин себеп-натыйжа байланыштарын белгилейт.	Жандуу объекттердин өз ара байланышын баяндай алат.	Жаратылышта себеп-натыйжа байланыш схемасын түзөт.
Таанып билүү процессинде белги, схема, моделдерди колдонуу	Процессти өз алдынча өздөштүрүү боюнча жөнөкөй моделдерди курат.	Көйгөйлүү тапшырмаларды аткарууда моделди колдонот.	Өтүп жаткан процессти чагылдыруу-да шарттуу белгилерди колдонот.
Жекече көз караштын калыптанышы	Маалыматты таба алат, кайра иштетет жана талдайт.	Маалыматты кайра иштетүүнү пландаштырат.	Фактыларды далилдөөдө жөнөкөй изилдөөлөрдү аткарат.
Өздөштүргөн маалыматты практикада колдонуу	Өздөштүргөн маалыматтар боюнча практикалык иштерди аткарат жана бир нерсени колдонуу же колдонбоо себептерин көрсөтөт.	Процесстин механизмин ачууда биологиялык жалпы мыйзам ченемдүүлүктөргө таянат. Практикалык иштердин бардык баскычтарын пландаштырат жана аткарат.	Элестетүүгө таянуу менен схема түзөт. Практикалык иштердин вариант-тарын ишке ашырат.

10-таблица. Билим берүүчүлүк натыйжалар боюнча окуучулардын билимдерин баалоонун критерийлери менен индикаторлору

(7-класстын окуу материалы боюнча үлгү. Тема: «Канаттуулар»)

Мазмундук тилкелер	**Компетенттүүлүктөр**		**Күтүлгөн натыйжалар**		
	Негизги	**Предметтик**	**1 деңгээл (репродуктивдүү)**	**II деңгээл (продуктивдүү)**	**III деңгээл (креативдүү)**
			7.1.1.1. Жашоонун маңызын түшүнөт жана аныктайт, жаныбардын жалпы белгилерин бөлүп көрсөтөт.		
Организм биологиялык система катары	Маалыматтык	Жандуу обьектилерди тааануу жана баяндоо	-Канаттуулардын органдарынын жана органдар системасынын түзүлүшүн аныктап тааныйт -Канаттуулардын тамак сиңирүү, кан айлануу, дем алуу, нерв жана бөлүп чыгаруу системаларында жүрүүчү процесстерди санап берет.	-Канаттуулардын органдары менен органдар системаларынын түзүлүшүн талдоого алат -Органдар системаларында жүрүп жаткан процесстердин өз ара байланыштарын табат.	-Канаттуулардын органдары же органдар системаларынын түзүлүшүн жана аткарган кызматтарын салыштырат -Органдар системасында жүрүүчү процесстерге мисалдарды келтирет
	Социалдык-коммуникативдик	Биологиялык процесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү	-Канаттуулардагы кан айлануунун чоң жана кичи тегеректеринин мисалында органдар системасында жүрүүчү процесстердин схемасын пландайт. -Канаттуулардын ички органдары менен органдар системасынын өнүгүү этаптары (эволюциясы) тууралуу маалыматтарды табат.	-Канаттуулардагы кан айлануунун чоң жана кичи тегеректеринин мисалында органдар системасында жүрүүчү процесстердин моделин көрсөтөт -Канаттуулардын органдары менен органдар системаларынын татаалданышы боюнча бүтүмдөрдү чыгарат.	-Канаттуулар жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн органдары менен органдар системаларынын түзүлүшүндөгү биримдик жана айырмачылыктар тууралуу түшүнүктөргө ээ болот -Жерде жандуу организмдердин пайда болуусунун биримдиги тууралуу далилдерди келтирет
	Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү	Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечүү	Канаттуулардын органдары-нын жана органдар системасынын тамак сиңирүү, кан айлануу, дем алуу, нерв жана бөлүп чыгаруу системаларынын түзүлүшү боюнча практикалык жана лабораториялык иштерди өткөрөт.	Канаттуулардын ички органдары менен органдар системаларынын түзүлүшүнүн жана кызмат аткаруусунун өзгөчөлүктөрүн ачып берет.	Канаттуулардын ички органдары менен органдар системаларынын түзүлүшүнүн жана кызмат аткаруусунун өзгөчөлүктөрү боюнча билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн үй шартарында колдонот

4. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Окуу процессин толук кандуу иш жүзүнө ашыруу үчүн мектеп алдындагы жер тилкесинин болушу шарт. Суу түтүгү менен камсыздалган биология кабинети жана анда төмөнкү материалдардын болушу зарыл.

11-таблица.Биология кабинетин материалдык-техникалык камсыздоо

к.н. №	Материалдык-техникалык камсыздоонун объекттери жана каражаттарынын аталышы	Иш жүзүндөгү саны	
I.	**Материалдык чөйрө// Жалпы жана кошумча жабдуулар// лабораториялык куралдар**	Чакан мектеп	Баз.
1.	**Лупа** Талаа шартында биологиялык объекттерди чоңойтуп көрсөтүү үчүн кызмат кылат, 10 эсе чоңойтуучу, диаметри 16 мм көп эмес, материалы – айнек	**30**	**30**
2.	**БИМ жарык микроскобу** өндүрүүчү: Биомед Артикул: 10165 Категория: Окуу (мектептеги) микроскоп Оригиналдуулугу: Классикалык, көп жылдар бою текшерил-ген.Эң чоң чоңойтуп көрсөтүүсү: 640 эсе окуляр комплектиси менен.	**12**	**12**
3.	**Энциклопедия** Биологиялык энциклопедиялык сөздүк	**1**	**1**
4.	**Биология боюнча маалыматтагычтар** Базалык, профилдик жана элективдик курстардын муктаждыктарын канааттандырат; түшүнүктөрдүн системаларынын аныктамаларын, формулаларын камтыйт.	**1**	**1**
5.	**Биология боюнча китептер** КР Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган	**15**	**15**
II.	**Биология// МКТ каражаттары // Санариптик билим берүү ресурстары// Маалыматтык булактар // Адистештирилген**		
6.	**Биология боюнча Окуу-методикалык комплекс** ОМК, КР Билим жана илим министрлигинен сунушталган окуу китептер жана эркин колдонуучу КР жалпы билим системасында сандык формадагы маалыматтарды колдонууну камтыйт. Мугалим жана окуучулар тарабынан класстык, топтук жана өз алдынча иштөө жараянында материалдарды (тексттерди жана сүрөттөрдү) пайдалануу үчүн ылайыкталган.	**1**	**1**
7.	**Таблицалар:** Жандуу жаратылышты уюштуруу деңгээлдери Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын систематикасы Өсүмдүк клеткасынын түзүлүшү Жаныбар клеткасынын түзүлүшү Эукариоттор Прокариоттор Генетикалык код Менделдин (1-3) закондору Модификациялык өзгөргүчтүк Азык чынжыры Биосфера	**1**	**1**

	Биоценоз, биоценоздун түрлөрү Селекция боюнча таблица Моргандын ж.б. чырмалышкан тукум куучулугу Жекече өнүгүү Митоз Мейоз Органикалык дүйнөнүн эволюциясы Жаныбарлар дүйнөсүнүн эволюциясы Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн эволюциясы Антропогенез. Адамдын келип чыгышы. Адамдардын эволюциясы Жөнөкөйлөр Бир клеткалуу организмдер Көп клеткалуу организмдер Ичеги көңдөйлүүлөр Канаттуулар. Сырткы жана ички түзүлүшү. Көбөйүшү. Көп түрдүүлүгү Сүт эмүүчүлөр. Сырткы жана ички түзүлүшү. Көбөйүшү. Балыктар. Сырткы жана ички түзүлүшү. Көбөйүшү. Жерде-сууда жашоочулар. Сырткы жана ички түзүлүшү. Көбөйүшү Курт-кумурскалар Жумуру курттар Шакек курттар Жалпак курттар Курт-кумурскалардын метаморфозу Гүлдүн түзүлүшү. Топ гүлдөр. Гүлдүү өсүмдүктөрдүн кош уруктануусу. Жалбырак. Түзүлүшү, тарамыштануусу, формасы ж.б. Жөнөкөй жана татаал жалбыректар. Жалбырак жайгашуу. Жалбыректын ички түзүлүшү. Фотосинтез. Жалбыректын түр өзгөрүшү. Тамыр. Тамырдын анатомиялык түзүлүшү. Тамырдын түрлөрү. Тамырдын түр өзгөрүшү. Сабак. Сабактын түзүлүшү. Жалбырак жайгашуусу. Сабактын түр өзгөрүшү Байчечекейлер Дандуулар Татаал гүлдүүлөр Чанактуулар Роза гүлдүүлөр Корголуучу өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын (Кыргыз Республикасынын жана дүйнөнүн Кызыл китеби) Маданий өсүмдүктөрдүн келип чыгуу борбору Ширелүү жана кургак мөмөлөр Скелеттин түзүлүшү Тамак сиңирүү системасынын түзүлүшү Дем алуу системасынын түзүлүшү Кан айлануу системасынын түзүлүшү Нерв системасынын түзүлүшү Жүрөктүн түзүлүшү		

	Эндокриндик системанын түзүлүшү Көз, кулактын түзүлүшү Жабуучу ткандын түзүлүшү Тутумдаштыруучу ткандын түзүлүшү. Бактериялар Вирустар Козу карындар. Калпактуу козу карындар. Бубак козу карындар. Уулуу козу карындар Балырлар. Жашыл балырлар. Күрөң балырлар. Көк-жашыл балырлар. Кызыл балырлар Жаныбарлардын селекциясы Өсүмдүктөрдүн селекциясы ДНК. ДНК түзүлүшү. ДНК синтези. РНК синтези. Белоктун синтези Клетканын органоиддери Биосфера. Трофикалык байланыш Жаратылышта заттардын кайра айлануусу Азот, көмүртек, суу ж.б. кайра айлануусу		
III.	**Биология// Материалдык чөйрө// Керектелүүчү материалдар**		
IV.	**Биология// Материалдык чөйрө// Натуралдык объекттер**		
8.	**Гербарий** Окуучулардын өз алдынча ишин уюштуруу үчүн, ошондой эле көрсөтмөлүүлүк үчүн пайдаланылат Натуралдык объекттер түрүндө (ламинацияланган түрдө, түзмө-түз окуучулардын иши үчүн керек жана документ-камеранын (визуалайзердин) жардамы менен көрсөтүү) Даректар жана бадалдар; өсүмдүктөрдүн негизги топтору; өсүмдүк коомчулугу; айыл-чарба өсүмдүктөрү; жапайы өсүүчү өсүмдүктөр; маданий өсүмдүктөр; дары-дармек өсүмдүктөр; өсүмдүктөрдүн морфологиясы.	**15**	**15**
V.	**Интерактивдик такта**	**1**	**1**

4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө жана калыптандырууга багытталган, предметтик стандарт окуучулардын инсандык өнүгүү бардык тармактарын эске алат: таанып-билүү, эмоционалдык жана психомотордук, акырындап балдардын билим берүүнүн бир баскычынан экинчисине өтүүдө прогрессти жана ырааттуулукту чагылдырат. Бул контекстте билим берүү жараянында предметти окуп-үйрөнүүгө шыктанууну (мотивацияны) демилгелөө жана колдоо, инсандык сапаттарын калыптандыруу, жеке жетишкендиктеринин өнүктүрүү максатында окуучулардын жаш курагына ылайык келген окутуунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу керек.

Шыктандыруу (мотивация) ички жана сырткы болушу мүмкүн. Биологиялык эксперименттерди жүргүзүү, биология боюнча илимий долбоорлорду иштеп чыгуу, мээ чабуул ыкмасын пайдалануу, биологиялык көйгөйлөрдү табуу, ЖОЖдо окууну улантуу мүмкүнчүлүктөрү ж.б. сыяктуу окууга кызыгуу жөндөмдүүлүгүн арттырган бир катар ыкмаларды жана каражаттарды пайдаланып биологияны окутууда сырткы шыктандыруу (мотивация) калыптанат. Ички шыктандыруу (мотивация) билбегенден билгенге карай

ийгиликтүү жылуу үчүн негизди түзөт, ички мотивация 4 түргө бөлүнгөнүн көрсөк болот: жыйынтык, жараян боюнча мотив; баага жана ыңгайсыздыктан оолактоо мотиви. Алдыңкы эки мотивдер акыркы жыйынтыкка жетишүү жараянында жеке окуучунун жеке кызыкчылыгы үчүн шарттарды түзөт.

Окуучулардын шыктануучу (мотивациялык) тармагы, алардын ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнө мамилеси жана окуп-үйрөнүүдө өзүнүн жалпы активдүүлүгү негизинен алардын муктаждыктары менен дагы, ошондой эле ылайыктуу максаттары менен дагы аныкталат. Окуучулардын мотивациясынын интенсивдүүлүгү көбүнчө өзүнүн ишинин максаты жөнүндө түшүнүгү менен аныкталат. Өзүнүн ишинин маанилүүлүгү жана өзүнүн максатын так элестетиши окуучулардын шыктануусун күчөтүүнүн күчтүү каражаты болуп саналат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө – мектептин жашоо ишмердүүлүгүнүн тартибин калыптандыруучу факторлордун жыйындысы: мектептин материалдык ресурстары, окуу жараянын уюштуруу, тамактануу, медициналык жардам, психологиялык климат.

Заманбап шартта шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө татаал көп деңгээлдүү кубулуш катары каралат, ал бир нече аспекттерди камтыйт: материалдык (мектептин жана класстын абалы), уюштуруучулук (окуу жараяны, класстан тышкаркы ишмердүүлүк кантип уюштурулган), психологиялык (мотивация түзүү жана колдоо, мугалим жана окуучунун ортосундагы мамиле, окуучулардын ортосундагы, профилдик билим берүү мүмкүнчүлүгү), педагогикалык (мугалим жана окуучунун деңгээли), технологиялык (мектептин, класстын материалдык-техникалык базасы). Анын ар бири мектепте шыктандыруучу жана демилгелөөчү факторлор менен толтурулат, бул мектептин шыктандыруучу чөйрөнү түзгөндүгү жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай чөйрө сапаттуу билим берүүнүн жогорураак деңгээлин камсыз кылат.

СУНУШТАЛГАН НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР

1.Биология.Окуу китеби 6-класс. Субанова М., Ботбаева М., Жамангулова Г.– Б.,2018
2. Биология. Окуу-методикалык колдонмо. Субанова М., Жамангулова Г. – Б.,2018

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ГЕОГРАФИЯ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
VI-IX –КЛАССТАР
ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
6-9-класстар үчүн «География» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлум. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлум. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлум. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлум. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

1- бөлүм. Жалпы жоболор

1.1. Документтин статусу жана түзүмү

География боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекиген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

География боюнча предметтик стандарт – предметтин алкагында окуучулардын алган билимдеринин натыйжаларын, аларга жетүүнүн жана өлчөөнүн ыкмаларын жөнгө салуучу документ.

География боюнча предметтик стандарт 4 бөлүмдөн турат: Жалпы жоболор, Предметтин концепциясы, Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо (компетенциялар) жана Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар.

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2013-ж.);
- Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж. 21-июлундагы № 403 Токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн география боюнча предметтик стандарт;
- Жалпы билим берүүчү уюмдардын базистик окуу планы;
- Негизги мектеп (6-9-класстар) үчүн билим берүүнүн негизги программасы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул стандартта аныктамалар жана кыскартуулар Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» №404 токтомуна ылайык берилген жана колдонулган. Бул документке ылайык стандартта төмөнкү түшүнүктөрдүн, терминдердин, аныктамалардын системасы берилди:

Базалык жалпы билим берүү предметтери - мектептик билим берүүнүн бардык баскычтарында жана профилдеринде бардык окуучулар үчүн милдеттүү болуп саналган предметтер

Базистик окуу планы - милдеттүү предметтердин тизмесин, аларды окутуунун ырааттуулугун, окуу жүгүнүн көлөмүн жана формасын белгилеген документ

Билимдин сапаты - билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй эле коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы

Билим берүү тармагы - адамдын ишмердигинин белгилүү чөйрөсүнө тиешелүү, илимий жана практикалык иштин педагогикалык жактан жатыккан тажрыйбасы түрүндө берилген билим берүүнүн мазмуну

Билим берүү процесси - педагогдордун түздөн-түз катышуусу менен жалпы окуучулар менен өткөрүлгөн жана окуучунун өз алдынча иштөөгө багытталган сабактардын формасы,

окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сынактары, зачеттору, аттестациялоонун башка түрлөрү сыяктуу окутуунун жана тарбиялоонун уюштурулган процесси. Билим берүү программаларын ишке ашыруу билим берүү процесси аркылуу жүзөгө ашырылат

Белги - бул символ, окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин баасын цифралар, тамгалар, сүрөттөр же жаңсоолор менен шарттуу-формалдык түрдө, сандык туюндуруу

Баа - окуучуларды баалоонун жыйынтыктарын сандык жана сапаттык чагылдыруу

Баа берүү - окуучулардын этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө жана алар тарабынан турмуштук зарыл болгон компетенцияларга ээ болуусуна, ошондой эле бул иштин билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо үчүн окуучулар, мугалимдер, ата-энелер менен эки жактуу байланышты жүзөгө ашырууга багытталган маалымат арттыруучу ишин өлчөө, интерпретациялоо жана талдоо процесси

Баа берүү тутуму - жетишкендиктерди өлчөөнүн жана окутуу маселелерин диагноздоонун, эки жактуу байланышты түзүүнүн, окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөргө илим берүүнүн абалы, маселелери жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүүнүн негизги каражаты

Билим берүү процессинин катышуучулары - окуучулар, педагогикалык кызматкерлер, билим берүү уюмунун башкаруучу жана окуу-көмөкчү персоналы, окуучунун ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү)

Географиялык маданият – дүйнөнүн географиялык сүрөтүн, географиялык ойломду, географиянын методдору менен тилин өзүнө камтыган жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү

Географиялык ой жүгүртүү – географиялык чындыкты чагылдырган, анын өнүгүүсүн өз ара аракетте жана өз ара байланышта караган ойлом

Дүйнөнүн географиялык сүрөтү – заманбап география тармагындагы изилдөө жана практикалык иштердин жүрүшүндө алынган жана текшерилген илимий билимдердин негизинде турган географиялык маданияттын элементи, ал адам баласынын табият жана коом тууралуу түшүнүктөрүн, аларга болгон мамилесин чагылдырат

Долбоор - практикалык же теориялык маанилүү маселелерди чечүүдө жетишиле турган, окуучулардын өз алдынча жана топтук ишин талап кылган натыйжаларга багытталган мектеп окуучуларынын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигин уюштурууну камсыз кылуучу педагогикалык технология

Жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты - ченемдик-укуктук документ, ал: мектептик билим берүүнүн бардык баскычтарында билим берүүнүн бардык тармактарында белгиленген максаттарды жүзөгө ашырууну камсыз кылат; билим берүү процессин жөнгө салат; улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде билим берүү тутумун өнүктүрүүнү камсыз кылат

Жеке билим берүү траекториясы - педагогдун ата-энелер менен бирге өз ара аракеттенүүсүндөгү координациялык, уюштуруучулук, консультациялык ишмердигинде жүзөгө ашырылган ар бир окуучунун тийиштүү жөндөмдүүлүгүнө, мүмкүнчүлүгүнө, жүйөлөрүнө, таламдарына ылайык жеке билим берүү максаттарын жүзөгө ашыруу боюнча алардын окуу ишинин элементтеринин белгилүү ырааттуулугу

Инклюзивдик билим берүү - балдарды сегрегациялоонун ар кандай формаларын четке каккан ийгиликтүү окуу жана социалдашуу үчүн шарттарды түзүү аркылуу бардык

окуучулардын керектөөлөрүнүн жана муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүнө улуттук билим берүү тутумунун багытталышынын жана таасир кылышынын динамикалуу процесси

Компетенттүүлүк - белгилүү бир кырдаалда (окуу, жеке жана кесиптик) билимдин жана ыктын ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга адамдын интеграцияланган жөндөмү

Компетенция - окуучуну (үйрөнүүчүнү) билим алууга даярдоого карата мурдатан коюлган, анын белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу үзүрлүү иши үчүн зарыл болгон социалдык талап (ченем)

Мектептик стандарт - билим берүү уюму иштеп чыгып, бекиткен жана конкреттүү билим берүү уюмунун компетенциясынын чегинде окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу боюнча анын өзгөчөлүгүн чагылдырган документ

Мектептик билим берүү - тарбиялоо жана билим берүү системасы, ал коомдогу активдүү иши үчүн жетиштүү болгон, анын баскычтарына тиешелүү билимди, ыктарды, тажрыйбалык көндүмдөрдү камсыз кылат

Мамлекеттик компонент - менчигинин түрүнө карабастан бардык типтеги мектептер үчүн милдеттүү болгон мамлекеттик стандарттардын талаптарын жүзөгө ашырган мектептик билим берүүнүн окуу планынын бөлүгү

Негизги компетенттүүлүк - социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы

Натыйжалар (билим берүүчү) - негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому

О**кутуу технологиясы** - билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму

Окутуунун максаты - күн мурунтан берилген жана сыпатталган шарттар, окуучунун келечектеги ишинин ыкмалары; билим алуунун натыйжасында ээ болгон иштин мүмкүн болгон түрлөрүнө карата анын жөндөмү

Предметтик компетенттүүлүк - негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат

Предметтик стандарт - окуучунун билим алышынын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ

Профилдик билим берүү - билим берүү процессинин түзүмүн, мазмунун жана уюштурулушун өзгөртүүнүн эсебинен окуучунун кызыкчылыгын, шыгын жана жөндөмдүүлүгүн кыйла толук эске алууга, жогорку класстын окуучуларынын билим алуусун улантуу жагындагы кесиптик кызыкчылыктарына жана ниеттерине ылайык алардын окуусу үчүн шарт түзүүгө мүмкүнчүлүк берген окутуунун дифференциялоо жана жекелештирүү каражаты

2- бөлүм. Предметтин концепциясы

2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери

География предмети боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты предметти окуп-үйрөнүүнүн максаттары менен милдеттерин аныктайт.

География предметин окутуунун максаты –окуучулардын дүйнөнүн географиялык сүрөтүн жана ойломду, географиянын усулдары менен тилин камтыган географиялык маданиятка ээ болуусу, алардын негизинде окуучулардын географиялык компетенциялары калыптанат.

Предметти окутуунун милдеттери:

- окуучуларды табигый, социалдык жана экономикалык системалардын кызмат аткаруусу жана аларды өз ара аракеттенүүсү менен тааныштыруу;
- окуучуларды табиятта жана коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү баалоого үйрөтүү;
- окуучуларды өз Мекенинин өнүгүүсүнө салым кошууга үйрөтүү, башка маданиятты жана салттарды сыйлоого тарбиялоо.

2.2. Предметтин методологиялык негиздери

Предметтин мазмунун түзүүнүн методологиялык негизи болуп бир бүтүн педагогикалык процессти изилдөөгө болгон жалпы илимий мамилелер, атап айтканда, билим берүүгө болгон система-структуралык жана мазмундук-ишмердик мамилелер эсептелет.

Географиялык билим берүү жалпы орто билим берүү системасында жетектөөчү орундардын бирин ээлеп, дүйнөнү илимий түшүнүүнүн негизи болуп эсептелет, окуучулардын географиялык компетентүүлүгүнүн калыптанышын камсыз кылат. Заманбап географиянын предмети болуп «жаратылыш – адам – чарба – курчап турган чөйрө» бир бүтүн системасы болгон географиялык чындыктагы мейкиндик-мезгилдик өз ара байланыштарды жана өз ара аракеттерди окуп-үйрөнүү эсептелет. Бул система табияттын жана коомдун жаңы көз караштардын калыптануусуна, курчап турган чөйрөгө дөөлөттүк мамиле кылууга багытталган туруктуу өнүгүүсүүчүн зарыл. Дал географиянын мектептик курсунда Жердин табигый, социалдык, экономикалык системаларынын бир бүтүндүгү, туруктуулугу жана туруксуздугу тууралуу түшүнүктөр калыптанат. Мындан сырткары, адамзаттын глобалдык көйгөйлөрүн окуп-үйрөнүүгө жана алардын себептерин, маңызын, чечүү ыкмаларын талдоого мүмкүнчүлүк берет. Мындан географиялык билим берүүнүн мазмунуна «Туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыгындагы билим берүү» идеяларын киргизүү зарылдыгы келип чыгат, алар: глобалдык экологиялык көйгөйлөр, физика-географиялык шарттардын жаратылышка, адамдын жашоосуна тийгизген таасири, адамдын курчап турган чөйрөгө тийгизген таасири, табигый ресурстарды туруктуу пайдалануу, биоар-түрдүүлүктүн кыскаруу коркунучу ж.б. Туруктуу өнүгүү идеясы адамды ал жашаган чөйрөдөн, жашоону жаратуу шарттарынан ажыратпай кароону талап кылып, жаратылыштын туруктуу өнүгүүсүнүн, курчап турган чөйрөнү коргоонун жана коомдун өнүгүүсүнүн социалдык адилеттүүлүгүнүн фундаменталдуу негизги болуп эсептелет. Ошентип, Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнүн максаттары – активдүү жарандык позициясы бар, сынчыл ой жүгүртүүгө, социалдык өнүгүүгө жана курчап турган айлана-чөйрөгө терс таасир этүү көз карашынан кырдаалга баа берүүгө жана өз ишмердигинин натыйжаларын болжолдоого жөндөмдүү сабаттуу адамды тарбиялоо.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр.

Географиялык предметтик компетенттүүлүктөр деген–география предметинин алкагында специцфикалык маанаге ээ болгон өзөктүү компетенцияларга карата алганда жеке болуп эсептелген билим берүүчүлүк натыйжалар.

Окуучулардын географиялык компетенттүүлүгүнүн структуралык элементтери:

- **географиялык документтерди (карталар, диаграммалар, сүрөттөлүштөр, илимий тексттер) талдоо жана интерпретациялоо;**
- **географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндик менен мезгилде багыт алуу;**
- **географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү.**

«Географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо» компетенттүүлүгү - ишмердиктин ар кыл түрлөрүн географиялык маалыматтын айрым булактары (картографиялык, статистикалык, тексттик, ММК, интернет) менен бириктирет:

- маалыматты өз алдынча издөө, талдоо, тандап алуу, кайра өзгөртүү жүргүзүүнү, сактоону, берүүнү жана техникалык каражаттар жана маалыматтык технологиялардын жардамы менен презентациялоону билүү;
- картаны, географиялык жана статистикалык маалыматтарды колдонуп, тиешелүү эсептөөлөрдү жүргүзүү жана эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын чагылдырган диаграммалар менен таблицаларды түзүү;
- курчап турган чөйрөнү изилдеп-үйрөнүү үчүн географиялык куралдарды колдонуу;
- географиялык маалыматты оозеки жана жазуу түрүндө берүү.

«Географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү» компетенттүүлүгү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Жерде болуп жаткан процесстер менен кубулуштарды талдоо жана талдоонун жыйынтыктарын жалпылаштыруу;
- заманбап геоэкологиялык көйгөйлөрдү болжолдоо жана баалоо;
- курчап турган чөйрөнү коргоонун маанисин жана турмуштук зарылдыгын түшүндүрүү.

«Географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндикте багыт алуу» компетенттүүлүгү төмөнкүлөрдү талап кылат:

- алгоритмдештирүүнү географиялык объектилердин, процесстер менен кубулуштардын, логикалык схемалардын, структуралык моделдердин мүнөздөмөсүнүн планы катары пайдалануу;
- окуучулардын маалыматты кайра туюндуруп берүүсү, нускамаларды туура сактоо, объектилер менен кубулуштарды аныктап таануу;
- картадан географиялык объектилердин жайгашкан ордун көрсөтүү ж.б.
- географиялык түшүнүктөрдү, аныктамаларды пайдалануу менен оюн айтуу.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы.

Негизги компетенттүүлүктөр (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйдү чечүү) география предметинде табигый-илимий билим берүүчүлүк тармактын компетенттүүлүктөрү аркылуу калыптанат (илимий маселелерди аныктап таануу жана коюу; кубулуштарды илимий түшүндүрүү (чечүү); илимий далилдерди пайдалануу), алар өзөктүү компетенттүүлүктөрдүн курамдык бөлүгү болуп саналышат. Жогоруда аталган компетенттүүлүктөр географиялык компетенттүүлүктөрдүн деңгээлинде конкреттешет. На-

тыйжада, окуучулардын негизги компетенцияларга ээ болуусу географиялык компетенттүүлүктөрдү (географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо; географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү; географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндикте багыт алуу) өздөштүрүү деңгээлинен түздөн-түз көз каранды. Муну төмөнкү таблицада көрсөтүүгө болот:

Таблица 1. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Негизги компетенттүүлүктөр	Табигый-илимий билим берүүчүлүк тармактын компетенттүүлүктөрү	Географиялык компетенттүүлүктөр	Сыпатталышы
Маалыматтык компетенттүүлүк	Илимий маселелерди аныктап таануу жана коюу	Географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо	Окуучу географиялык маалыматтын булактары (географиялык карта, статистикалык маалыматтар, окуу китебинин тексти) менен өз алдынча талдап, суроолорду жана көйгөйлөрдү кое билүүсү.
Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк	Кубулуштарды илимий түшүндүрүү	Географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү	Географиялык түшүнү, фактылардын, себеп-натыйжалардын байланышынын, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негизинде Жердеги болуп жаткан жаратылыштын жана коомдун процесстерин, кубулуштарын түшүндүрүү.
«Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйдү чечүү» компетенттүүлүгү	Илимий далилдерди пайдалануу	Географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндикте багыт алуу	Логикалык схемалардын, структуралык моделедердин негизинде географиялык объектилерге комплекстүү мүнөздөмө берүү.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюча бөлүштүрүү

Предметтин мазмундук тилкеси деген - негизги географиялык идеялар менен түшүнүктөр, география предметинин бардык окуу материалдары жана окуучулардын географиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиялык мамилелеринин тегерегинде топтоштурулат. Предметтин фундаменталдык ядросу өз ара байланышкан жана бирин бири толуктоочу 3 предметтен турат, аларда төмөнкүлөр орун алат:

- методологиялык жана система түзүүчүлүк мүнөзгө ээ болгон негиз салуучу илимий билимдер;
- окуучулардын түрдүү предметтик тармактарда кеңири багыт алуусуна жол ачып берген универсалдык окуу аракеттери, иш-аракеттердин жалпыланган ыкмалары;
- билим берүү программларын өздөштүрүү жыйынтыктарына баа берүү системасы.

Географиялык билим берүүнүн мазмундук тилкелери:

- *Географиялык изилдөөлөрдүн методдору жана географиялык маалыматтын булактары* – чындыктын маалыматтык образдык-белгилик моделдери катары карталарды жана башка булактарды пайдалануу менен географиялык чындыкты окуп-үйрөнүү ыкмалары;
- *Жердин жаратылышы* – Жердин жана анын айрым аймактарынын жаратылышы тууралуу географиялык билимдердин системалары;
- *Табигый ресурстар* – минералдык, климаттык, суу, жер жана биологиялык ресурстар материктердин, аймактардын, өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүүсүнүн базасы катары;
- *Бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн экологиялык-экономикалык жана социалдык өнүгүүсү* – адамзат цивилизациясынын жашап турган чөйрөсүнөн, жашоону калыбына келтирүү шарттарынан ажырагыс байланышта өнүгүүсү, ал жаратылыштын туруктуу өнүгүүсүнүн, курчап турган чөйрөнү коргоонун фундаменталдык негизи болуп саналат.

Таблица 2. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Мазмундук тилкелер	Окуу материалдары			
	6- класс	7- класс	8- класс	9- класс
Географиялык изилдөөнүн методдору жана географиялык маалыматтын булактары	Байкоонун түрлөрү. Горизонттун багыттарын аныктоо, глобуста, пландa, географиялык картада. Жерди планга түшүрүүнүн ыкмалары: көз менен болжолдоо, уюлдук, маршруттук. Аралыкты өлчөө. Глобус. Жердин планы. Географиялык карта.	Материктер менен океандардын жаратылышын салыштыруу, тарыхый, картографиялык методдору.	Республиканын ТПК ландшафттарынын классификациясы, өзгөрүүлөрүнө баа берүү. Географиялык изилдөөнүн тарыхый, салыштыруу, картографиялык методдору. Кыргыз Республикасынын территориясын изилдөөнүн этаптары, байыркы изилдөөлөрдө кыргыздар жөнүндө алгачкы маалыматтар. Географиялык ачылыштар жана саякаттар. Кыргыз Республикасынын территориясын изилдөө боюнча тарыхый баштапкы булактар. Азыркы изилдөөлөрдөгү географиялык изилдөөлөрдүн материалдары. Геомаалыматтык системалар. Географиялык ачылыштар жана саякаттар.	Географиялык изилдөө методдору: статикалык, картографиялык, салыштырма-географиялык, Аэрокосмостук, геомаалыматтык болжолдоо, геоэкологиялык мониторинг, моделдөө.
Жердин жаратылышы.	Жердин кабыктары: атмосфера, гидросфера, литосфера жана биосфера. Географиялык	Материктердин жаратылышынын географиялык зоналуулугу. Океан менен жаратылы-	Кыргыз Республикасынын жаратылышынын рельефинин пайда болуусу. Атмосфералык жаан-чачындар.	Табигый ресурстардын калктын жайгашуусуна, экономикага, маданиятка, туризмге тийгизген таасири.

	кабыктын компонент-теринин мыйзам ченемдүүлүктөрү: географиялык кабыктын бир бүтүндүгү, заттардын айлануусу, процесстер менен кубулуштардын ыргактуулугу (ритмдүүлүгү), географиялык зоналуулуктар. Дүйнөлүк океан: Суунун айлануусу. Дүйнөлү океандын атмосфера, литосфера жана материктик агып келүүлөр менен өз ара аракети. Суу массасы жана суу массаларынын циркуляциясы. Аба массалары. Жердин Күндү айланган кыймылы жана анын натыйжалары. Атмосфералык жаанчачындар. Климат жана аба ырайы. Жаратылышта суунун айланышы. Топурактын пайда болушу. Атмосферанын, суунун, топурактын, Дүйнөлүк океандын булганууcу	штын өз ара таасири. Жердин климатынын калыптанышы. Материктер жана океандар. Материктердин жана океандардын рельефи. Кургактыктагы суулар. Географиялык кабыктын кургактыктагы бөлүктөрү (жаратылыш комплекстери). Дүйнөлүк океандагы жаратылыш комплекстери. Өзгөчө корголгон жаратылышы аймактары. Жердеги абанын кыймылы. Климаттын өзгөрүшү. Жердин жаратылышынын азоналуулугу. Геосистемалардын глобалдык өзгөрүүлөрү. Материктин калкынын руханий жана материалдык маданиятынын калыптанууcуна жаратылыштын тийгизген таасири. Адамдын курчап турган табигый чөйрөгө ыңгайлашуусу: материктердин климаттык өзгөчөлүктөрүнө бай-	Атмосферанын басымы. Бийиктик алкактуулук. Ландшафттардын пайда болушу. Ландшафттардын антропогендик өзгөрүүсү. Кыргызстандын территориясын изилдөө тарыхы: Кыргыз жери тууралуу алгачкы маалыматтар. «Манас» эпосунун географиясы. Кыргыз Республикасын географиялык изилдөөлөрдүн этаптары.	Курчап турган жаратылыштын каада-салттардын, ырым-жырымдардын, жүрүм-турум нормаларынын калыптанышына тийгизген таасири: кыргыз элинин жаныбарлар дүйнөсүн, жайыт жерлерин, суу башаттарын, булактарды ж.б. сактоо боюнча үрп-адаттары. Адамдын курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө ыңгайлашуусу: боз үй жана анын түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Республиканын табигый-климаттык шарттарынын адамдын тамактануусунун мүнөзүнө тийгизген таасири. Калкты коркунучтуу табигый кубулуштардан коргоо. Экстремалдык шарттардагы жүрүш-туруш эрежелери.

		ланыштуу кийимдердеги айырмачылыктар. Материктердин калкынын каада-салттарынын, үрп-адаттарынын, жүрүш-туруш нормаларынын калыптанышына курчап турган жаратылыштын тийгизген таасири.		
Жаратылыш ресурстары.	Тоо тектери. Пайдалуу кендер. Заттардын биологиялык айлануусу. Чөкмө, магмалык, метаморфтук кендердин пайда болуусу.	Материктердин жана океандардын жаратылыш ресурстары: климаттык, суу, минералдык, өсүмдүк, жаныбарлар, топурак ресурстары	Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары: климаттык, суу, минералдык, өсүмдүк, жаныбарлар, топурак ресурстары.	Жаратылыш ресурстары республиканыны экономикасынын өнүгүү базасы катары. Пайдалуу кендер чыккан жерлер жана бассейндери.
Бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн экологиялык-экономикалык жана социалдык өнүгүүсү.	Жердин климатынын өзгөрүшү. Туруктуу климат жана туруксуз климат. Жаратылыш катастрофалары, жаратылыш кырсыктарынын коркунучун азайтуу жана өзгөчө кырдаалдар шарттарында жүрүш-туруштун негиздери. Ички жана тышкы процесстердин аракеттеринин натыйжасында тоолор менен түздүктөрдүн өзгөрүшү. Жер ти-	Жердин климатынын өткөндөгү, акыркы 500 жана 60 миллион жылдагы өзгөрүүсү. Муз доорлору жана климаттын өзгөрүүсү. Акыркы он жылдыктардын негизги климаттык өзгөчөлүгү. Климаттын өзгөрүшү адамдын ден соолугуна, тамактанууусуна жана жашоо шарттарына таасир тийгизүүсү.	Кыргызстандын тоо экосистемаларын жана биоартүрдүүлүгүн сактоо жана рационалдуу пайдалануу. Токойлорду жана жайыттарды сактоо. «Туруктуу өнүгүү» түшүнүгү. Кыргыз Республикасынын жаратылышынын туруктуу өнүгүүсү. Кыргыз Республикасынын ресурстар менен туруктуу өнүгүүсү. Мөңгүлөр проблемасы. Чөлгө айлануу проблемасы. Кыргызстандын мөңгүлөрү менен суу ресурстарынын проблемасы. Жердин клима-	Климаттын өзгөрүшүнүн экономикага таасир тийгизүүсү. Минералдык ресурстарды туруктуу пайдалануу жана тоо-кен өндүрүү тармагынын өнүгүшүнүн экологиялык кесепеттеринин алдын алуу. Радиоактивдү булгануу проблемасы. Энергетикалык коопсуздук. Экологиялык коопсуздук жана адамдын саламаттыгы. Сунун сапаты. Республикадагы суу пайдалануу. Тамак-аш коопсуздугу. Гене-

	тирөөлөр, көчкүлөр, сел, жер көчкүлөрдүн аймактары. Коркунучтуу жаратылыш кубулуштары: кургакчылык, ысык жел, бороондор, үшүктөр, тайгак муз.		тынын жана республиканын климатынын өзгөрүүсү. Парник эффектиси. Дүйнөдө жана Кыргызстанда температуранын жогорулашы. Гидрометеорлогиялык кубулуштардын өсүш проблемасы.	тикалык-модификацияланган азыктар. Туруктуу эмес өндүрүш жана керектөө. Калдыктар. «Жашыл» экономиканы өнүктүрүү жолдору. Климаттын өзгөрүүсүнүн болжолдору жана кесепеттери. Климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин азайтуу. Табигый катастрофалар, тобокелдерди жана жаратылыш кырсыктарын азайтуу. Өзгөчө кырдаалдар шарттарындагы жүрүш-туруштун негиздери. Өлкөнүн территориясындагы жер титирөө аймактары. Атмосферанын булганышы. Озон катмарынын жукаруусу жана бузулушу. Суу ресурстарынын жана топурактын булганууусу.

2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

Предмет аралык байланыштар деген – окутуунун бүткүл процессин жана анын бардык функцияларын өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары. Предмет аралык байланыштарды ишке ашырууга система-структуралык жана мазмундук-ишмердик мамиле кылууда чектеш окуу дисциплиналарынын материалдары кыйла так координацияланат; материалдарды өздөштүрүүнүн илимий жана колдонмо деңгээлдери жогорулайт; билимдердин дидактикалык бирдиктери ирилешет; окуучуларда бекем жана системдүү билимдер, жалпыланган окуу билгичтиктери менен көндүмдөрү калыптанат, алар, өз кезегинде, мектеп окуучуларынын өзөктүү жана предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна таасир этет.

Таблица 3. Предмет аралык байланыштардын классификациясы

Классификациянын негизи	Байланыштардын түрлөрү
Оку материалын окуп-үйрөнүү мезгили	Буга чейинки; Ошол мезгилдеги; Кийинки (перспективдүү)
Окуу материалынын түзүмү	Фактылардын деңгээлинде; Түшүнүктөрдүн деңгээлинде; Мыйзамдардын деңгээлинде; Теориялардын деңгээлинде; Колдонмо маселелердин деңгээлинде; Табигый илимдердин изилдөө методдорун колдонуу деңгээлинде.
Билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ыкмалары	Репродуктивдүү; Продуктивдүү (издөөчүлүк); Чыгармачыл (креативдүү).

Буга чейинки байланыштар

- Стандарттын картографиялык-топографиялык маселелерин окуп-үйрөнүү план жана карта, Жердин модели – глобус, полюстар, экватор жөнүндөгү билимдерге (Табият таануу, 5-класс) жана масштаб, бурчтун чоңдугу жана аны өлчөөлөр тууралуу билимдерге (математика, 5- класс) таянууну талап кылат;
- геологиялык-геоморфологиялык билимдердин өнүгүүсү беттин формалары, тоо тектеринин касиеттери жана өз жеринин пайдалуу кендери тууралуу билимдердин (Табият таануу, 5 класс) негизинде жүрүүгө тийиш;
- суунун айланышы, дүйнөлүк океан, кургактыктагы суулар, климат, жаратылыш компоненттеринин өз ара байланышы боюнча билимдерди өздөштүрүү суунун, абанын, кыртыштын касиеттери; жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жашоо чөйрөсүнүн шарттарынан көз карандылыгы тууралуу маалыматтарды (Табият таануу, 5- класс) эске алуу менен жүргүзүлөт;

- материктердин жаратылыш зоналарын окуп-үйрөнүүдө Жердеги жандуу организмдердин ар түрдүүлүгү (Табият таануу, 5 -класс), топурак жана өсүмдүктөрдүн жашоосундагы анын маaaниси (Ботаника, 6 класс) тууралуу билимдерге таянуу талап кылынат;
- экологиянын маселелерин окуп-үйрөнүүдө адам ишмердигинин жаратылыш коомчулуктарына тийгизген таасири, адамдын ден соолугун сактоочу жана бузуучу факторлор тууралуу билимдер (Биология, 7-9 -класстар) эске алынат;
- жаратылышты коргоонун концепцияларын, калдыктарды минималдаштырууну, курчап турган чөйрөнү реконструкциялоону, экологиялык жактан таза технологияларды, калыбына келүүчү жана калыбына келбей турган ресурстарды окуп-үйрөнүү;
- адамдын ишмердиги жана өндүрүштүн таасиринен келип чыккан атмосферадагы химиялык өзгөрүүлөрдү окуп-үйрөнүү;
- суунун сапатынын коомдук мониторинги жана сууда кычкылтектин кармалышы суу экосистемаларынын жашоочуларына кандай таасир тийгизерин окуп-үйрөнүү;
- калыбына келүүчү жана калыбына келбей турган ресурстарды пайдалануу процесстерин жана алардын курчап турган чөйрө үчүн маанисин окуп-үйрөнүү;
- альтернативалуу энергетиканы колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн окуп-үйрөнүү;
- Жердеги климаттын глобалдык жылуу концепциясын окуп-үйрөнүү (Физика жана Химия, 8-11- класстар).

Учурдагы байланыштар

- Географиянын баштапкы курсун окуп-үйрөнүүдө географиялык координаталар тууралуу билимдер тегиздиктеги түз сызыктагы координаталардын октору, параллель түз сызыктар, перпендикуляр (математика, 6 -класс); суунун дүйнөлүк айланышы – жалбырактардын сууну буулантышы (биология, 6- класс); «Атмосфера» деген тема боюнча практикалык иштерди аткаруу графиктер, оң жана терс сандар (математика, 6 -класс) тууралуу билимдер менен коштолот;
- 7- класстын география курсунда материктердин жаратылыш зоналары, адамдын ишмердигинин таасири менен алардын өзгөрүшү жана коргоо боюнча билимдер түркүмдөрдөгү өсүмдүктөрдүн өз ара байланышы, адам ишмердигинин өсүмдүктөр түркүмүнө тийгизген таасири жана аларды коргоо (биология, 7- класс) менен параллель окуп-үйрөнүлөт;
- климатты пайда кылуучу факторлор менен алардын атмосферага таасирин окуп-үйрөнүүгө атмосфералык басым тууралууу билимдер (физика, 7 -класс) шайкеш келет;
- климатты окуп-үйрөнүүдө (география, 8- класс) параллель түрдө физика курсунда (8-класс) окуучулар заттын салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулугу, бууланууу тууралуу билимдерге ээ болорун; жаратылыш зоналары тууралуу билимдер жаратылыш түркүмдөрү жана аларды коргоо тууралуу билимдер (биология, 8 класс) менен коштолорун эске алуу талапка ылайык;
- 9 - класстын география курсунда химиялык өндүрүштөрдү жайгаштыруу принциптерин ачып берүүнү кычкылдарды (кислоталарды) чарбада колдонуу, күкүрт кычкылын өндүрүү тууралуу билимдерди (химия, 9- класс) эске алуу менен жүргүзүү натыйжалуу болот.

Перспективдүү байланыштар

- Жаратылыш компоненттеринин өз ара байланышы тууралуу билимдер жаратылыш түркүмдөрүн окуп-үйрөнүүгө таяныч катары кызмат кыла алат; геологиялык жыл саноо тууралуу билимдерди органикалык дүйнөнүн өнүгүшүн окуп-үйрөнүүдө; географиялык

кабыкча тууралуу билимдерди экологиянын негиздерин окуп-үйрөнүүдө колдонууга болот (биология, 7-9 - класс);

- суу буусу жана аба, жаан-чачындар тууралуу маалыматтар заттардын агрегаттык абалдарын окуп-үйрөнүүдө; компастын жардамы менен багыт алуу электромагниттик кубулуштарды окуп-үйрөнүүдө (физика, 6-8- класс) эске алынат;
- атмосфера, аны булгануудан коргоо тууралуу билимдер абанын курамын окуп-үйрөнүүдө пайдаланылат; минералдык ресурстар жөнүндөгү билимдер – кычкылтек тобундагы элементтерди окуп-үйрөнүүдө; сырье булактарын бөлүштүрүүү жана металлургиялык өндүрүштөрдү жайгаштыруу тууралуу билимдер – «Металлургия» темасында; нефть, көмүр, газ, нефтини кайра иштетүү жана коксохимиялык өндүрүш тууралуу билимдер углеводороддордун табигый булактары жана аларды кайра иштетүү тууралуу билимдерде; сырьенун жайгашуусу, отун жана химиялык өнөр жайы тууралуу билимдер — республиканын экономикасындагы химиянын ролун окуп-үйрөнүүдө (химия, 8-9 - класс) таяныч катары кызмат кылат;
- географиялык координаталар тууралуу окуу материалы тегиздиктеги тик бурчтуу координаталар системасын окуп-үйрөнүүдө; орундун планы тууралуу билимдер — көп бурчтуктардын аянттарын окуп-үйрөнүүдө; орунду сүрөткө тартуу, эңкейиштин тиктигин өлчөө боюнча билимдер — көп бурчтуктар жана үч бурчтуктар боюнча маселелерди чыгарууда; глобус тууралуу билимдер — айлануу телолорун окуп-үйрөнүүдө (математика, 6-9 –класс) колдонулат.

Бул байланыштарды таблица түрүндө төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

Таблица 4.

Географиянын чектеш предметтер менен предмет аралык байланыштары

География курсунун бөлүмдөрү жана темалары/класс	Чектеш предметтердин окуу материалдары				
	табият таануу	физика	биология	химия	математика
1. План жана карта. Глобус. Уюлдар. Экватор (6- класс).	5- класс				
2. Масштаб. Географиялык координаталар жана меридиандар. Параллелдер. (6- класс)					5-7 - класс
3. Тоо тектери. Пайдалуу кендер. Жердин үстүңкү бети. Пайдалуу кендерди колдонууну эсептөө. (6- класс).	5- класс				6 -класс.
4. Дүйнөлүк океандагы, кургактыктагы суулардагы, климаттагы суунун айланышы, жаратылыш компоненттеринин өз ара байланышы. (6 -класс).	5 -класс	7- класс	7 -класс	7- класс	7- класс
5. Атмосфера. (6- класс)	5 -класс	7 -класс			6 -класс
6. Материктердин жараты-	5- класс		Ботаника		

лыш зоналары. Материктердин топурагы. (7- класс).					
7. Жердин климаттары. Атмосфералык басым. Климат пайда кылуучу факторлор. (7- класс).		7 -класс			
8. Кыргыз Республикасынын климатынын калыптанышы. (8- класс)		8-класс. Атмосфералык басым			
9. Өнөр жай. Химия өнөр жайы. Металлургия. (8-9 -класс)				8-11-класс. Күкүрт кычкылын өндүрүү. Металдар.	
10. Жердин жаратылышынын туруктуу өнүгүүсү: жаратылышты коргоонун концепциясы, калдыктарды минималдаштыруу, калыбына келүүчү жана калыбына келбей турган ресурстар. Атмосферада жүргөн химиялык өзгөрүүлөр, суунун мониторинги жана сапаты. Климаттын өзгөрүшү. Жердин климатынын глобалдык жылышы. Практикалык иштер. (6-9-класстар)		7-11-класс	6-11-класс	7-11-класс	7-11 -класс

3-бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

Төмөндө берилген таблицада класстар боюнча күтүлүүчү натыйжалар көрсөтүлгөн. Биринчи цифра классты, экинчиси – мазмундук тилкени, үчүнчүсү – предметтик компетенттүүлүктү, төртүнчүсү – күтүлгөн натыйжаны билдирет.

Мисалы, 6.1.1.1 - мында “6” - алтынчы класс “1”- мазмундук тилке “Географиялык изилдөө методдору жана географиялык маалымат булактары”; “1”- компетенттүүлүк «Географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо » “1” – күтүлгөн натыйжа.	Мисалы, 7.3.3.1.- мында “7” - жетинчи класс; “3”- мазмундук тилке “Жаратылыш ресурстары” ; “3” - компетенттүүлүк «Географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндикте, мезгилде багыт алуу»; “1” – күтүлгөн натыйжа.	Мисалы, 8.4.2.1- мында “8” - сегизинчи класс; “4”- мазмундук тилке “Бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн туруктуу өнүгүүсү»; “2”- компетенттүүлүк «Географиялык процесстерди жана кубулуштарды түшүндүрүү»; “1” – күтүлгөн натыйжа.	Мисалы 9.2.1.1- мында “9” - тогузунчу класс; “2” - мазмундук тилке “Жердин жаратылышы»; “1” - компетенттүүлүк «Географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо»; “1” – күтүлгөн натыйжа.

Таблица 5. Окуучуларды мектептин негизги баскычында (6-9- класстар) окутуудан күтүлгөн натыйжалар

Мазмундук тилкелер	Предметтик компетенттүүлүктөр	6- класс	7- класс	8- класс	9- класс
3. Поиск информации - исследовательская работа учащихся, поиск информации, которая затем будет обработана, осмыслена и представлена участникам проектной группы.
4. Продукт - результат работы над проектом.
5. Презентация - подготовленный продукт должен быть представлен общественности, и представлен достаточно убедительно, как наиболее приемлемое средство решения проблемы.

Проектный метод позволяет отойти от авторитарности в обучении, всегда ориентирован на самостоятельную работу учащихся. С помощью этого метода ученики не только получают сумму тех или иных знаний, но и обучаются приобретать эти знания самостоятельно, пользоваться ими для решения познавательных и практических задач. Практическая часть работы выполняется за компьютером с использованием ранее полученных теоретических знаний. При этом, учитель выполняет роль организатора познавательной деятельности своих учеников.

Список использованной литературы:

1. «Государственный образовательный стандарт среднего общего образования». Постановление Правительства Кыргызской Республики, г. Бишкек, от 21 июля 2014 года №403;
2. Computer Science: A Curriculum for schools. Computing At School Working Group. Лондон, 2012.http://computingatschool.org.uk
3. http://makarova.piter.com/информатика-в-школе/образовательный-стандарт - Образовательный стандарт по информатике
4. http://psyera.ru/socialno-kommunikativnaya-kompetentnost-1747.htm - Социально коммуникативная компетентность
5. http://tsput.ru/res/informat/info_net/lek/lek03.htm - понятие информационной системы.
6. http://www.eidos.ru/journal/2005/0910-11.htm - Тришина С.В. Информационная компетентность как педагогическая категория
7. http://www.ido.rudn.ru/nfpk/inf/inf9.html- информационное моделирование.
8. 60 Countries' Digital Competitiveness, Indexed, https://hbr.org/2017/07/60-countries-digital-competitiveness-indexed
9. Digital Skills Toolkit https://www.itu.int/en/ITU-D/Digital-Inclusion/Documents/ITU%20Digital%20Skills%20Toolkit.pdf
10. DIGCOMP Framework: The Digital Competence Framework 2.0, https://ec.europa.eu/jrc/en/digcomp/digital-competence-framework
11. Essential Digital Skills Framework, Lloyds Banking Group and the Tech Partnership, Accenture, Amazon, BT, British Retail Consortium, Corsham Institute, DfE, DCMS, DWP, Federation of Small Businesses, Good Things Foundation, Greater London Authority, Greater Manchester Combined Authority, HMRC, Microsoft, NHS Digital, Scottish Council for Voluntary Organization and SSE,https://www.thetechpartnership.com/wp-content/uploads/2018/05/EssentialDigitalSkillsFramework-29May18.pdf
12. GII-2017, Cornell University, INSEAD and WIPO. http://www.wipo.int/edocs/pubdocs/en/wipo_pub_gii_2017.pdf
13. iCIMS, The Soft Skills Job Seekers Need Now, 2017. http://cdn31.icims.com/drupal/icims2_files/prod/s3fs-public/hei_assets/pr-report-soft-skills%20Final.pdf
14. ITU and ILO, Digital Skills Thematic Priority of the Global Initiative on Decent Jobs for Youth, https://www.decentjobsforyouth.org/wordpress/wp-content/uploads/2017/11/Thematic-Plan-1-Digital-Skills.pdf
15. ICT Competency Frameworks for Teachers, UNESCO, http://unesdoc.unesco.org/images/0021/002134/213475e.pdf
16. Part of the European Commission's New Skills Agenda for Europe, https://ec.europa.eu/digital-single-market/en/digital-skills-jobs-coalition
17. Skills For A Digital World, OECD Digital Economy Papers, 2016
18. Successful digital transformation, 2016https://www.researchgate.net/publication/316715943_Successful_digital_transformation_projects_in_public_sector_with_focus_on_municipalities_research_in_progress [accessed Aug 15 2018].
19. The Global Human Capital Index 2017. (Рейтинг стран мира по Индексу развития человеческого капитала 2017), группа Всемирного экономического форума (ВЭФ) в сотрудничестве с Гарвардским университетом (Harvard University) и международной консалтинговой компанией Mercer Human Resource Consulting.

20. The Global Competitiveness Report 2017-2018, WEF. http://www3.weforum.org/docs/GCR2017-2018/05FullReport/TheGlobalCompetitivenessReport2017%E2%80%932018.pdf
21. Болотов В.А., Сериков В.В. Компетентностная модель: от идеи к образовательной программе: – М. Педагогика, 2003. №10. – С.8-14.
22. Бородин М.Н., Цветкова М.С. Роль предмета Информатика и ИКТ в современном естественно-научном образовании. Базисный аспект. М: Издательство «БИНОМ. Лаборатория знаний» (БИНОМ), 2008, www.LBZ.RU
23. Закон Кыргызской Республики «Об Образовании» от 30 апреля 2003 г., Бишкек
24. Иванова Т.В. основные тенденции разработки требований в Государственных образовательных стандартов к уровню подготовки выпускников /Стандарты и мониторинг в образовании. – М., 2003, №5. –С. 3-13.
25. Информатика: 5-6 класс. Учебник для специализировнанных школ. / А.А. Беляев, И.Н. Цыбуля, Н.Н.Осипова, У.Э. Мамбетакунов, Л. Самыкбаева. – Б.: Фонд Сорос-Кыргызстан, 2019. – 204 с.
26. Информационные и коммуникационные технологии в образовании. Основная образовательная программа подготовки специалиста по специальностям: 050202.65 *Информатика*. «Мурманский государственный гуманитарный университет»(ФГБОУ ВПО «МГГУ»), 2013
27. Кириллова В.В. Использование метода проектов на уроках информатики: Выступление на РМО учителей информатики. - Горьковское, 2008
28. Концепция профильного обучения на старшей ступени общего образования КР // Кут билим, 23 март 2007, – Бишкек, 2009.
29. Концепция учебного предмета «Информатика», Министерство образования Республики Беларусь, 2009
30. Краевский В.В., Хуторской А.В. Предметное и общепредметное в образовательных стандартах. – М., Педагогика, 2003. №2
31. Куррикулум по предмету «Информационно-коммуникационные технологии» для 7-9 классов. – Бишкек, 2010
32. Мектепте информатиканы окутуу – Информатик мугалимдер үчүн окуу колдонмо. Ибирайым кызы А., Мамбетакунов У.Э., Осипова Н.Н. –Б., 2015-ж.
33. Никонова Е.З. Формирование ИКТ – компетентности у обучающихся в условиях ФГОС НОО второго поколения, М. 2013
34. Окуучуларды баалоо. Жаңы ча мамилелер жана усулдар. – Б., 2010.
35. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. «Информатика: Базалык курс боюнча практикалык иштер. Орто мектептердин 7-9-кл. үчүн окуу китеби», Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги. Кыргыз билим берүү академиясы. – Бишкек, 2015.- 192 б.
36. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. «Информатика: Базалык курс. Орто мектептердин 7-9-кл. үчүн окуу китеби», Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги. Кыргыз билим берүү академиясы. – Бишкек, 2015. - 352 б.
37. Программа Правительства по реализации Национальной стратегии устойчивого развития КР на период 2013-2017 годы;
38. Программа развития Кыргызской Республики на 2018-2022 гг. “Единство. Доверие. Созидание.”, 2018, п.8.1.5, 8.1.6.
39. Рамочный Национальный куррикулум среднего общего образования Кыргызской Республики. – Б., 2010. – 66 стр.
40. Рекомендации по оценке знаний, умений и навыков учащихся по курсу «Информатика и ИКТ», М - 2009. https://docs.google.com/document/d/19vUF6-AeIohhLybBfZiivs_SCR8buTrhR_6quP3Mimw/edit
41. Сухих А.Я. Применение метода проектов на уроках информатики. - М.2013 http://videouroki.net/filecom.php?fileid=98662927
42. Формативдик жана суммативдик баалоо боюнча колдонмо. – Б., 2008.

43. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования [Текст] / А.В.Хуторской // Ученик в обновляющейся школе. - М.: ИОСО РАО, 2002. - С.135-157.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
V-IX –КЛАССТАР
ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
5-9-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1-бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2-бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Кыргыз адабиятын окутуунун максаты жана милдеттери
2.2. Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү
2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

3-бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

1- бөлүм. Жалпы жоболор

1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин менчигинин түрлөрүнө, типтерине (лицей, гимназия, автордук мектеп ж.б.) карабай 5-9-класстарында кыргыз адабиятын окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары КРнын орто жалпы Мамлекеттик билим берүүчү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

Стандартты иштеп чыгууда КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу планында көрсөтүлгөн окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү эске алынды.

Аталган стандарт кыргыз адабиятын окутуунун негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, мектеп окуучуларына кыргыз адабияты сабактарында көркөм сөз каражаттары аркылуу билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз адабиятын окутуунун өзөктүү курсун, башкы таяныч-жолун белгилейт.

Стандарт, негизинен, аталган предмет боюнча окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болуп кызмат кылат.

Бул стандарттын негизинде окуу программалары түзүлөт, окуу китептерди жазууда да дал ушул стандарттын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну түзүлөт.

Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, урунттуу компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар адабияттык билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт. Жогорку окуу жайларында кыргыз тили, адабияты мугалимдерин даярдоодо, мугалимдердин адистигин жогорулатууда, аларды аттестациялоодо, кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик сынактардын, олимпиадалардын, конкурстардын, дил баяндардын суроо-тапшырмаларын түзүүдө негизги таяныч жана үлгү болуп саналат. Ошону менен бирге, бул документте окуу материалдарынын курстарга бөлүштүрүү өлчөмдөрү, андагы уланмалуулук, ал курстарынын сааттарынын көлөмү да так аныкталып көрсөтүлгөн.

Кыргыз адабиятын окутуунун стандарты бүтүн логикада түзүлгөн документ, ал төрт негизги бөлүмдөн турат, алар: жалпы маселелер; предметтин концепциясы; күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо; билим берүү процессине коюлуучу талаптар.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот: мурдагы стандартка караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана түйүндүү (б.а. негизги) компетенттүүлүктөрдүн (маалыматтык, социо-коммуникативдик жана өзүн-өзү уюштуруучулук, көйгөйлөрдү чечүү) предметтик компетенттүүлүктөр менен (окурмандык, баалуулук - дүйнө таанымдык жана адабий - чыгармачылык компетенттүүлүк) байланышы; окутуудан алынуучу натыйжалардын даана белгилениши; окуучулардын жетишкен теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

Сунушталган кыргыз адабияты боюнча стандарт азыркы мезгилдеги окуу процессин жетекчиликке алуу менен бирге, стандартты, окуу процессин жаңылоо багытындагы окутуу усулдарын, окуу китептерин жаңылоо максатында колдонулуп келген программадагы жана окуу китебиндеги ашыкча кайталоолорду азайтып, окутуу системасын дүйнөлүк стандартка алып чыгууга, саясатташкан жана авторлордун кадыр-

баркына, сыйлык-наамдарына карай окутууга сунуш кылынып жүргөн чыгармалардан арылууга, соңку учурда педагогика, психология, социология, адабият таануу, лингивистика ж.б. илимдер ачкан жаңы технологияларды колдонууга жардам берет.

Коомдогу социалдык деградациядан, ыймандык кризистен алып чыгууда, адамдын ички дүйнөсүн тазалоодо адабият сабагынын маниси чоң. Кыргыз элинин «Манасты» жараткан көркөм тил байлыктары азыркы жаштар тарабынан бааланбай, активдүү колдонулбай жаткан шартта эне тилибиздин байлыгын, көркөм-эстетикалык тереңдигин да кийинки муунга жеткирип берүүдө адабият сабагынын ролу өлчөөсүз чоң. Коом мүчөлөрүнүн кеп маданиятын, сүйлөшүү этикасын жана эстетикасын үйрөтүүдө да адабият сабагы өз милдетин аткарат.

Улуттук билим берүү дүйнөлүк илим-билим тармактарына улам көбүрөөк тутумдашып жаткан азыркы учурда адабият сабагын башка предметтер менен интеграциялоо проблемалары да курч коюлуп жаткан кырдаалда бул стандартта ал маселе да ар тараптуу каралат.

“Адабият” предмети биринчи жолу “Искусство” билим берүү тарамына кошулганы стандарттын жаңылыгы катары белгиленет. Бул жаңылык предметти окуп-үйрөнүүгө илимий мамиле кылууну көркөм ык менен алмаштырат, көркөм чыгармага адабий анализ (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык анализдөө менен алмаштырууга умтулууга негиз болот.

Кыргыз адабияты боюнча стандартта:

- адабий билим берүү процессин жөнгө салууга;
- ар бир мектептин, ар бир мугалимдин, ар бир окуучунун өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө;
- аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алууга
- окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүгө
- мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун чыгармачыл диалогун түзүүгө ж.б. кеңири мүмкүнчүлүк ачылат.

Кыргыз адабияты боюнча стандартта төмөндөгүлөр өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алат:

- окуу китебинин, окуу-усулдук колдонмолорунун авторлору;
- болочок кыргыз адабияты мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайларынын тиешелүү дисциплиналар боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр;
- кыргыз адабияты мугалимдери;
- билим берүү системаларынын жетекчилери;
- кыргыз филологиясы боюнча билим алып жаткан студенттер, магистрлер;
- кыргыз адабиятын окутуу боюнча илимий иш жүргүзгөн аспиранттар, изденүүчүлөр, методист-окумуштуулар.

1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

Бул стандарт төмөнкү нормативдик документтердин негизинде түзүлдү:

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-ж.);
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты;

3. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2008-ж.);

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары;

5. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Акыл даярдыгы – жаңы теманы өтүүдөн мурда окуучуларга күнүмдүк жашоодо кездешкен, темага багыт алдырууга даярдоочу, өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү аркылуу жаңы маалыматтарды түшүнүүгө даярдоо.

Акыл чабуулу – булкеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялар талдоого алынат, бул учурда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат, интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

Баа – бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу-формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу (белгиси).

Баалоо – бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

Баа берүү – бул учурда баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы жүзөгө ашат.

Баа койбостон баалоо – бул 5 баллдык баалоо системасына салууга мүмкүн болбогон шарттуу белгилер менен белгиленген көрсөткүчтөр (шкалалар), ар кандай параметрлер боюнча окуучунун окуу-үйрөнүү деңгээлин көрсөткөн «жекече жетишкендиктер баракчалары», конкреттүү критерийлер менен баалоодон келип чыккан иштеринин жыйынтыктары (процент менен, бөлчөктөр аркылуу, диаграмма, схема, чиймелер ж.б.). Баалоонун бул формасы мугалим, окуучу жана ата-эне үчүн андан аркы өнүгүүнү пландаштырууга кызмат кылышы керек.

Баа койбостон окутуу – окуучунун өз иш-аракетин өз алдынча баалоого үйрөнүүсүн, өздүк жетишкендиктерин жалпыга белгилүү көрсөткүчтөр менен өлчөө, жалпысынан айтканда, окуучунун өз алдынчалыгын өстүрүүнү айтабыз.

Билим берүүнүн сапаты – билим берүүнүн натыйжаларынын ар түрдүү билим берүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, жалпы эле коомдун) күтүүсүнө же алар тарабынан коюлган билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине шайкештигинин даражасы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүүнүн стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына шайкештигин көрсөтөт. Бул түшүнүктүн маанилүү өзгөчөлүгү динамикалуулукта, вариативдүү жана иштиктүү мүнөзүндө турат.

Билим берүүнүн стандарты – негизги билим берүү программаларындагы билимдин мазмунунун минимумун, окуучунун даярдыгынын сапатына коюлуучу базалык талаптарды, билим алуучулардын мүмкүн болгон окуу жүгүнүн чегин аныктоочу нормалар менен эрежелердин топтому.

Диагноздоочу баалоо – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо.

Долбоор методу– кандайдырбир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып, жашоо-турмушка өзгөчө зарыл болгон натыйжаларга жетүү максатын көздөгөн метод.

Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.

Инновация (анг. «жаңылануу, өзгөрүү» деген сөз) педагогикалык системада илимдин, техниканын жаңы жетишкендиктерин, жаңы технологияны колдонуу менен окуу-тарбия процессинин жаңылануусуна жетишүү, б.а. натыйжалуу, эффективдүү кайра жаралуу процессин түзүү дегенди билдирет. 20-кылымдын 80-жылдары педагогикалык лексикондо «инновация» деген түшүнүктү (адегенде журналисттер, андан кийин ар кандай кесип ээлери) колдоно баштаган. Ал кайра жаралуу мезгилине таандык.

Индикатор – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч».

Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

Окутуунун максаты – окуучулар когнитивдик (таанып -билүүчүлүк), аффективдик (эмоциялык- баалуулук) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп-үйрөтүүнүн утурумдук жана түпкү натыйжалары.

Окутуунун түшүндүрүп-иллюстрациялоо түрү окутуунун башка түрлөрүнө караганда бир катар артыкчылыкка ээ. Эң башкысы өтүлгөн тема боюнча негизги материалды эстеп калуу жагы жакшы жүзөгө ашырылат. Окутуунун мындай түрү мектептерде узактан бери колдонулуп, аны дагы өркүндөтүү менен ар кандай көрсөтмөлүүлүктөр көп пайдаланылып, жаңыдан өтүлө турган теманы түшүндүрүүдө убакытты үнөмдөөгө жетишет. Өтүлүүчү материалды кыска мөөнөттө түшүндүрүүгө болот. «Кемчилиги» көбүнчө окуучуларды «даяр» далилдерди гана айтып берүүгө үйрөтүп, өз бетинче иштөөгө, анын тегерегинде ойлонууга, изденүүгө түртө албайт.

Окутуу методдору:

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп, ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) обьектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механимзми); д) максатка жетүүнү камтыйт».

Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт.

Пассивдүү методдо мугалим сабак процессинин негизги башкаруучусу, башкы кыймылдаткыч күчү катары көрүнөт да, окуучулар менен анын иш-аракетин байкоочу, сөзүн тыңдоочу. Мында көбүнчө лекция, суроо-жооп, текшерүү иштерин жазуу, тесттин суроолоруна жооп берүү, мугалимдин айтканын кайталоо сыяктуу ыкмалар колдонулат.

Активдүү методдо мугалим менен окуучунун сабак процессиндеги алака-катышында окуучулар жандана баштайт, алар тыңдоочу, байкоо позициядан таасир этүүчү, аракеттенүүчү абалга өтөт. Эгерде пассивдүү методдо мугалим башкы орунда болуп, сабактын жетектөөчү фигурасы ошол киши катары көрүнсө, активдүү методдо мугалим менен окуучу бирдей аракет кылып, тең салмактуулукту турушат.

Интерактивдүү метод болсо активдүү методдун дагы өркүндөгөн формасы. Бул өзү – «биргелешип аракет кылуу» дегенди түшүндүрөт, б.а. мугалим менен окуучу бири-бири менен биригип, бирдей аракет кылып, максатка жетүү жолун издешет. Мында бүтүндөй класс жандуу аракетте, кыймылда, чыгармачылык изденүүдө болот.

Окшоштуруу методу бир окуяны же маселени ар кандай өңүттөн талкуулоо, бир документти талдоо үчүн кандайдыр бир эрежелердин негизинде окшоштук белгилерди табууга, андай белгилердин моделин түзүүгө багытталган метод.

Өрнөк окуя методу болуп өткөн же боло турган бир окуяны же кубулушту окуучуларга айтып берүү жана ал окуяда баяндалган маселени суроо-жооп формасында талкуулоо аркылуу өткөрүлөт.

Кайтарым байланыш– иш-аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң ыңгайлуу жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси.

Калыптандыруучу (формативдик) баалоо– булокуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси.

Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш - аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

Компетенция– (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү)- окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

Критерий – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана класификациялоого негиз болуучу белги, баанын ченеми.

Метод– педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы:

- айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);
- көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);
- практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу.

Мотивация – талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси. Натыйжалар (билим берүүдөгү) – билим алуучулардын инсандык,

жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

Маселе чечүү методу – маселечечүүнүн илимий негиздерин жетекчиликке алуу аркылуу окуучуларга практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүүнүн жол-жоболорун үйрөтүү максатын аркалайт. Көрсөтүп аткартуу методу кандайдыр бир иш-аракетти, адегенде көрсөтүп, андан соң окуучулардын өздөрүнө жасатууну көзөмөлдөп турат.

Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөр – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда ишке ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.

Предметтик компетенттүүлүктөр – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече мүнөздөргө ээ. Билим берүүчүлүк мамлекеттик стандарт негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмегин аныктайт, ал эми предметтик стандарттар айрым алынган предметтердин материалында аларды предметтик компетенттүүлүктөр түрүндө конкреттештирет.

Роль ойноо методу – роль аткаруу аркылуу окуучулардын туюм-сезимдерин жана ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталат.

Суроо-жооп методу сабакта окуучулардын активдүүлүгүн жандандыруу максатында карым-катыш түзүүдө көп колдонулган метод болуп эсептелет. Суроолор максатына, жооптун түрүнө, үйрөтүү методуна, берилиш формасына жана кимге багытталганына карай бири-биринен айырмаланат. Бардык учурда мугалимдин таасирдүү, ойлондуруучу, проблемалуу суроо бере билүүсү, б.а. бул ыкманы натыйжалуу колдоно билүүсү талап кылынат.

Талдоо («анализ», байыркы грек тилинен, «ажыратуу») – бул ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө аткарылат.

Талкуу методу–окуучуларөз ойлорун эркин ортого сала билүү, башкалардын көз карашын сыйлай билүү, өз ара карым-катышта болуу сыяктуу жөндөмдөрүн өстүрүүгө багытталат. Бул методдун негизги ыкмаларынын бири - чоң тайпаларда талкуу жүргүзүү. Ал эми чакан топтордогу талкуу чоң топту чакан топторго бөлүү аркылуу ишке ашырылат.

Синтез (грек тилинен: чогултуу, жыйноо) –бул метод талдоо, иликтөө процессинде жетишилген түшүнүктөрдү, пикирлерди, ойлорду, көз караштарды жыйноо, чогултуу, бир толук пикирге келүү, курамдык бөлүктөрдү бир бүтүн катары элестетүүнү билдирет. Ал дагы адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө ишке ашат.

Эвристикалык таанып билүү методу: (грек тилинен: таптым деген мааниде)бул проблемалуу суроолордун жана жагдайлардын негизинде окуучу өз алдынча ой корутундусуна келүүнү, чыгармачылык менен өз алдынча бир пикирге, ой корутундусуна келүүсүн билдирет.

2- бөлум. Предметтин концепциясы

Кыргыз адабиятынын окуу предмети катары спецификасын анын искусствонун өзгөчө түрү болгон ички табияты аныктайт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Дүйнөнү жандуу, конкреттүү жана биримдикте таанып-билүүнү кабылдоонун мүмкүнчүлүгүнүн көркөм образдуулук, эстетикалык идеаларга багытталгандык, жекелик, инсандык кабылдоодогу башталыштар, таанып-билүүчүлүк, эстетикалык, адеп-ахлакка тарбиялоочулук, дүйнө таанытуучулук, коммуникативдик жана гедонисттик функциялары адабиятты искусствонун башка түрлөрү менен байланыштырып турат.

Адабият – турмушту көркөм таануунун жана чыгармачыл ишмердүүлүктүн өз алдынча тармагы.

Көркөм адабият искусствонун өзгөчө түрү катары коомдук аң-сезимдин башка формалары: мораль, дин, философия менен тагыз байланышта. Адабият таануу илими менен адабий сын, коомдук жана гуманитардык илимдер: тил илими, өнөр таануу, этика, эстетика, тарых, психология, педагогика жана логика менен байланышта өнүгөт.

Адабият өз алдынча окуу предмети катары башка предметтер, курстар жана билим берүүчү башка тармактар менен карым-катышта болот, тил предметтери менен бирдикте окуучунун сөз маданиятын өстүрөт; адеп сабагы сыяктуу окуучулардын ыймандык жактан таза болушу үчүн таасир этет; көркөм-эстетикалык циклдеги (сүрөт, живопись, музыка ж.б.) предметтер менен бирдикте окуучунун айлана-чөйрөгө болгон эстетикалык табитин, мамилесин калыптандырат; коомдук циклдеги (тарых, коом таануу, география, экономика ж.б.) предметтер сыяктуу эле адабият адам жана анын коомдогу ролу, орду жөнүндөгү проблемаларды көтөрөт, ой жүгүртүүнүн өнүгүшүн калыптандырат, тарыхка болгон окуучулардын сезимин байытат, эске тутуусун жөнгө салат, эң негизгиси көркөм сөзгө болгон мамилесин калыптандырып, анын чексиз мүмкүнчүлүгү менен инсандык башталмаларга жол ачат.

Адабият курсу окурмандык багыттагы окутууга таянат. Ушуга байланыштуу негизги концептуалдык жоболор окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн төмөнкү факторлоруна таянат:

- мектеп окуучуларынын жакынкы өсүү зонасын эске алуу менен окурмандык өнүгүүсүнүн жаш курак өзгөчөлүктөрү;
- адабий чыгармаларды дүйнөнүн көркөм модели катары түшүнүү спецификасы;
- мектеп окуучуларынын окурмандык өнүгүүсүнүн негиздерин натыйжалуу ишке ашыруу жолдору.

Көркөм чыгармаларды окуу – окуучулардын өнүгүү каражаты катары каралат. Окуучунун адабий өнүгүүсү анын жалпы өнүгүүсү менен, дүйнөлүк көз карашынын калыптануусу жана адеп-ахлактык баалардын эволюциясы менен түздөн-түз байланышта. Адабиятты окутуу окуучунун жаш курагын эске алат, бирок окуучу өздөштүргөн деңгээл менен канааттанууга жол бербейт. Бул мааниде билим берүүнүн милдеттери жетишкен деңгээлден алдыга кетет, окутуу процесси окуучунун өздөштүргөн абалын улам өзгөртүү процессине айланат.

Окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн үч мезгили бөлүп көрсөтүлөт. (В.Г. Маранцман).

5-6-класстардын окуучуларынын кадимки өнүгүүсүнө мүнөздүү болгон аркы-беркини көп байкабаган, аңдабаган реализм алардын аң-сезиминде чындык менен искусствонун кошулуп биригүүсүно алып келет. Бул куракта балдар эмоционалдуу активдүү, таасирленүүсү жана элестетүүсү күчтүү болгондуктан, алар чыгарманын идеясына, андагы окуялардын маанисине объективдүү мамиле кылышат. Бирок, автордук көз карашка кызыгуусу жана көркөм формага көңүл буруусу али өнүгө элек, ошондуктан окуганы, көргөнү боюнча алган таасирленүүсүн логикалык аргументтештирүү алар үчүн кыйыныраак. Мектеп окуучусунун эстетикалык жана адеп-ахлактык эволюциясынын ушул мезгилдеги жолу – ички уйгу-туйгу сезимден баалоого карай, сюжеттен каармандардын образдарына карай жана автордун өз каарманына жасаган мамилесине карай болот.

7-8-класстардын окуучуларында өзүн адеп-ахлактык тараптан тереңдетүү мезгили башталат. Алардын көркөм чыгармага болгон мамилеси инсандык жана субъективдүү боло баштайт. Өспүрүмдүн көбүнчө өзүнө ыклас коюшу чыгарманын объективдүү маанисин көрө билүүгө тоскоол болот. Автордук идеяны анын жеке инсандык көйгөйлөрү тосуп калат. Бул куракта окуучулардын чыгармачылык элестетүүсүнүн ылдам өнүгүүсү алардын текстти өз билгендей кылып негизсиз түшүнүүсүнө алып келет. Адабий чыгарманын адеп-ахлактык проблематикасын актуалдаштыруу, адабий жанрлар жана түрлөр жөнүндө түшүнүктөрүн систематизациялоо адабий билим берүүнүн негизги тапшырмасына айланат. Адабий чыгарманын окурмандык интерпретацияланышы анын илимий түшүндүрүлүшү менен, тексттин музыкада, сүрөт искусствосунда, театрда жана кинодо көркөм интерпретацияланышы менен салыштырылат.

9-11-класстарда окуучулардын “Мен жана дүйнө” маселесине – ушул куракты байланыштарды билүү мезгилиндеги, себеп менен келип чыгууларды аңдоо мезгилиндеги борбордук маселеге кызыгуусу байкалат. Мектеп окуучуларынын жашоону көрө билүү горизонту кеңейет: алар адеп-ахлактык эле эмес, социалдык, эстетикалык көйгөйлөр менен алектенишет, аларда дүйнөнүн бүтүндөй толук картинасын түшүнүү, анын тарыхый өнүгүүсүн түшүнүү муктаждыгы пайда болот. Искусство чыгармасынын көркөм формасына көңүл буруусу тереңдейт, тексттин, живопись картинасынын, музыкалык пьесанын өз ара ички байланыштарын издөө башталат. Ушул мезгилде мектеп окуучуларын баарынан көп реалдуу жашоону адабият менен салыштыруу, искусствонун түрлөрүн бири-бири менен салыштыруу, искусствонун тарыхый өнүгүү мезгилдерин көркөм индивидуалдык менен салыштыруу кызыктырат. Бул көз караштан алганда, адабиятты окутуунун негизин мектепте билим берүүнүн ушул акыркы этабында, текстти биринчи ирет “момун-реалисттик” (Г.А.Гуковский) кабыл алуу гана эмес, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган аналитикалык талдоо түзөт. Бул болсо чыгарманы биринчи ирет кабыл алуу менен аны жыйынтыктоочу эстетикалык аңдоонун ортосундагы байланыштырган звено болуп калат.

Стандарттын негизин М.М.Бахтиндин адабият жөнүндө көркөм бүтүндүк катары, дүйнөнүн көркөм модели катары караган концепциясы түздү. Өсүп келе жаткан жаш адамды текст аркылуу автор менен маектешүүгө үйрөтүү, бул маектин толук жарамдуу катышуучусу болууга үйрөтүү – адабияттын мектеп курсунун негизги билим берүүчүлүк милдети.

Маданияттуу окурмандын алдында эки милдет турат:

1) чыгарманы автор өзү түшүнгөндөй түшүнүү, дүйнө картинасын “автордун көзү” менен көрүүгө аракеттенүү;

2) окулган чыгарманы өзүнүн (автордукунан айырмаланган) турмуштук жана маданий контекстине кошуп алуу.

Окуудагы эң башкы нерсе – **бул автор – көркөм текст – окурман мамилеси.**

Чыгарманы түшүнүүнүн негизинде этапы менен, көркөм текстти окуу, комментарийлөө, анализдөө, интерпретация кылуу көндүмдөрүн калыптандыруу жатат; көркөм тексттеги маанини түшүнүүнүн алгоритмин үйрөнүү жана өзүнүн тексттин түзүү, окуганы боюнча өз баасын билдирүү;

Ушуга байланыштуу компетенттүүлүктүн мазмунунда 4 аспектти бөлүп көрсөтөбүз:

- тексте ориентир алуу жана аны алгачкы кабыл алуусу;
- текстти анализдөө;
- интерпретациялоо;
- баалоо.

Анализ менен интерпретация тыгыз байланышта экенин жана философиялык жана идеологиялык мааниге ээ экенин практика көрсөтүп жатат. Анализ – бул чыгарманы майдалап бөлүштүрүү жана ошонун негизинде аны бирдиктүү бүтүн катары аныктоо, ал эми интерпретация чыгарманын маанисин туюм-сезим аркылуу кабылдоо болуп саналат.

2.1. Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары жана милдеттери

Адабият искусствонун бир түрү катары ички табияты менен өтөгөн функциясы жана окутуп тарбиялоодогу мектептин милдеттери адабият сабагынын максатын аныктайт.

Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө.

Адабиятты окутуунун **максаттары:**

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабият жөнүндө сөз искусствосу катары түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

Адабиятты окутуунун **милдеттери:**

- окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу;
- Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө;
- Мектеп окуучусунун окурмандык өнүгүүсүн камсыздоо.

Окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылуу; инсандын эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти,

жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезим жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн

калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу.

Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары төмөнкү учурда ишке ашат:

Окуучулар:

- көркөм чыгармаларды көп окушса;
- окуганын түшүнсө жана башкаларга түшүндүрө алса;
- ар тараптуу, системалуу, багыттуу даярданышып, окуй турган китепти туура тандай билип, окурмандык кызыгуусу артса;
- көркөм чыгарманын идеялык маанисин терең өздөштүрүп, кабылдоонун жекелик мүнөзү, чыгарманын мазмуну менен формасынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптан кенен кабылдап, ага жекече баа берип, берген баасын далилдей алса;
- адабият боюнча терең билимге жетишип, көркөм чыгармадан алган таасирлерди турмуштук кырдаалдарга жараша колдоно билүүгө ыңгайлашса;
- сөз байлыгы мол болуп, чыгарманын көркөм сөз каражаттарын өз сөзүндө пайдалана билсе;
- кебинин байланыштуулугу, кооздугу, тактыгы, таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, логикалуулугу, ырааттуулугу болсо ж.б.

2.2. Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери

Кыргыз адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга өзгөчө маани берилет. Кыргыз адабиятын окутуунун жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу маселеси. Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу чыныгысоциалдык-турмуштук, коомдогу муктаждыктарга жараша аныкталат. Учурдагы кыргыз адабияты – окуучулардын сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө кызмат кылуусу шарт. Мектеп окуучусу кыргыз адабиятын өз дүйнө таанууусунун, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун негизги каражатыкатары кабыл алып, адабияттык билимди терең өздөштүрүп, өз турмушунда колдоно алуусуна жетиштирүү максаты коюлат.

2. Кыргыз адабиятын окутууну ааламдаштыруу маселеси. Бул кыргыз адабиятын окутууда иштелип чыккан коцепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. алардын соңку жетишкендиктерин пайдалануу. Кыргыз адабиятын эл аралык, улуттар аралык карым-катнаштын, көп маданияттуу билим берүүнүн каражаты катары колдонуу, окутуу ишинде артыкчылык берүү. Предметти окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана көйгөйлөрдүн глобалдуулугун эске алганда көп маданияттуулук принцибин колдонуу актуалдашат. Бардык маданияттар өз мазмуну, өз бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат, ал эми маданияттын маанилүүлүгү айрым инсандар менен аныкталат. Кыргызстандагы коомчулук көп улуттуу табиятка ээ, көп маданияттуулук принциби билим берүүнүн мазмуну ар түрдүү этникалык маданияттардын белгилүү бир элементтерин чагылдырышы керек деп эсептейт. Этникалык маданияттар – өлкөнүн бардык адамдарынын жалпы байлыгы, Кыргызстандын жалпы улуттук маданияты – этникалык маданияттардын өз ара баюу жана өз ара сиңүү тарыхый процессинин жемиши.

3. Кыргыз адабиятын окутууну гумандаштыруу маселеси. Мында кыргыз адабиятын окутуу процессинде мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин карым-

катнашы, кызматташтык мамилелери, бири-бирин урматтоосу гумандуу педагогиканын шарты катары саналат. Мугалим адабий
түшүнүктөрдүн жыйындысын берүүчү гана адис эмес, окуучулардын адабий билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү калыптандыруучу катары саналат. Кыргыз адабияты сабагы мугалим менен окуучунун бири-бирин урматтоо сезимин калыптандырган, бир максатка багытталган ишмердүүлүктү жаратуу процесси болуп саналат.

4. Кыргыз адабиятын окутуунун философиялаштыруу маселеси. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде көркөм чыгармалардын философиялык маани-маңызыадабиятты окутуу процессинде окуучулар өз алдынча адам мүнөзүнүн маселелерин философиялык жактан өздөштүрүшү, аларга: жакшылык менен жамандык, акыйкат менен наадандык, өмүр менен өлүм, адам жана кудай, адеп-ахлак жана муундар тагдыры, жеке адам жана табийгат, адамдык нарк, ыйман, парз, сыймык, ар-намыс ж.б. түшүнүктөрдүн көркөм чыгармада чагылдырылышы. Чыгарманын философиялык маанисин, кыргыздардын улуттук ойлоо өзгөчөлүктөрүн талдоо, аларга баа берүү.

Кыргыз адабиятын окутууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун обьектисинкөркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндооиштери аркылуу жүргүзүлүшү шарт.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат.

Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

Окурмандык компетенттүүлүк– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык –адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

Баалуулук – дүйнө таанымдык компетенттүүлүк – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позицияларга бек туруу;

Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк – ар түрдүү типтегидилбаяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

- компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;

- компетенттүүлүк тийиштүү болгон объект өзгөрөт жана кеңейет;

- компетенттүүлүктөр өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөрдү – орчундуу компетенттүүлүктөр деп да атасак болот, анткени алар предметке багытталган, конкреттүү жана айкыныраак компетенттүүлүктөргө негиз боло алышат. Неигзги компетенттүүлүктөр ишмердүүлүктүн бардык жаатына тиешелүү мүнөздө деп божомолдосок болот: маалыматтык, социо-катнаштык, өзүн-өзү уюштуруучулук жана көйгөйлөрдү чечүү.

Предметтик компетенттүүлүктөр болсо окуучулардын чыныгы муктаждыктарынан, зарылчылыктарынан аныкталат да, маалыматтык, социо-катнаштык, өз ишмердигин уюштурууга жана маселе чечүүгө байланышкан орчундуу билгиликтерин калыптандырууга шарт түзөт.

1-схема: Негизги компетенттүүлүктөрдүн предметтик компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлүшү.

Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүүсүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү

№	Мазмундук тилкелер	Окуу материалынын бөлүнүшү				
		5- класс	6- класс	7- класс	8- класс	9- класс
1.	**Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)**	Чыгарманын дүйнөсү - чындык; Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөрүн Түз жана кыйыр автордук баалоо	Автордун позициясы жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү	Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары; Чыгарманын идеясы	Жазуучунун чыгармачы-лыгында темалардын, мотивдердин өсүшү; Чыгарманын негизги проблемасы; Көркөм чыгарманын авторун, каармандын жана баяндоочусун айырмалоо	Жазуучунун ахлак-адептүү идеалынын өзгөчөлүгү; Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позицияны билдирүү ыкмалары
2.	**Адабий каарман**	Фольклор - адабият, шарттуулук; Адабий каарман	Адабий каарман	Адабий каармандын образы, мүнөз	Адабий каармандын образы	Көркөм чыгармадагы образдар системасы; Адабий тип жөнүндө түшүнүк
3.	**Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)**	Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары	Орто формадагы эпикалык чыгармада (повестте) негизги эпизоддор; Көркөм чыгарманын сюжети жана анын тарыхый негизи	Чыгарманын аталышынын негизиндеги окуялар; Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү	Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар); Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы)	Сюжет жана фабула; Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтери
4.	**Көркөм сөз / көркөм ыкмалар**	Көркөм сөздүн негизги белгилери; Негизги троптор	Публицистикалык жана көркөм текст, көркөм тексттеги сөздөрдүн коп маанилүүлүгү	Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары	Каармандардын сөзү; Интонация Чыгарманын кептик түзүлүшү	Образ же образдар системасын түзүүдө көркөм ыкмалардын орду; Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгү

2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

Предметтер аралык байланыштар – бул окутуунун бир катар предметтердин окуу материалынын структурасына жана тандалышына таасир берүүчү өзгөчө категориясы, ал окутуунун методдорун активдештирет, окуу-тарбия процессинин бирдиктүүлүгүн камсыздап, окутууну уюштуруунун комплекстүү формаларын колдонууга багыттайт. Предметтер аралык байланыштар баарынан мурун адабияттын «Искусство» билим берүү тарамынын чектеш жана жакын предметтери («Музыка», «Көркөм сүрөт», «ДКМ»), менен, ошондой эле башкалардан көбүрөөк эне тили, тарых, коом таанууменен өз ара байланыштарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Адабият окутууда тематикалык тилкелерди бөлүп корсөтүүнүн негизинде кантип предметтер аралыык байланыштарды ишке ашырууга болору 2-таблицада чагылдырылган.

2-таблица. Предметтик аралык байланыштар жана адабият курсундагы өтмө тематикалык тилкелерде ишке ашыруунун деңгээлдери

1. Музыка. Көркөм өнөр. Ата-мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданияты	- бирдиктүү мазмундук тилкелер; - жалпы компетенттүүлүктөр; - чыгарманы эстетикалык баалоонун критерийлери; - дүйнөнү эстетикалык өздөштүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү; - концепциялар, идеялар, түшүнүктөр; - ишмердүүлүктүн мазмуну (искусствонун чыгармаларын кабыл алуу), ыкмалары жана формалары.
2. Эне тили	- эне тил курсунда калыптанган компетенттүүлүктөргө таяныч; - окуучулардын стилистикалык компетенттүүлүктөрү; - оозеки жана жазуу иштеринин жанрлары; - көркөм сөз, тилдин көркөм каражаттары жана алардын функциялары.
3. Тарых. Адам жана коом	- тарыхый темалар; - өтмө идеялар жана «түбөлүк» көйгөйлөр (тарыхый жана күнүмкү тынчтык жашоонун, согуштар менен тынчтыктын, өмүр менен өлүмдүн окуялары); - универсалдуу категориялар жана баалулуктар (жакшылык, башка маданияттарды сыйлоо, сүйүү, акыйкаттык, толеранттуулук ж.б.); - жалпы темалар (инсан жана мораль, милдет жана жоопкерчилик, үй-бүлө жана ник, кылмыш жана кыянат, адам жана табият)

3-бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуу материалдарынын мазмундук ттилкелерге жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү

№	Мазмундук тилкелер	Окуу материалынын бөлүнүшү				
		5- класс	6- класс	7- класс	8- класс	9- класс
				1. Автор		
1.	**Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө) Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси**	Чыгарманын дүйнөсү – чындык. Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөр. Түз жана кыйыр автордук баалоо	Автордун позициясы жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү	Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары. Чыгарманын идеясы	Жазуучунун чыгармачылыгында темалардын, мотивдердин өсүшү. Чыгарманын негизги проблемасы. Көркөм чыгарманын автору, каарманы жана баяндоочусу	Жазуучунун ахлак-адептүү идеалынын өзгөчөлүгү. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позицияны билдирүү ыкмалары
		5.1.1.1. Чыгарманын темасын жана негизги оюн аныктайт, тексттен мисал менен бекемдейт. 5.1.2.2. Автордук түз баалоолорду таба алат. 5.1.2.3. Каарманга жана кырдаалга автордун мамилесин түшүндүрө алат. 5.1.2.4. Автордун сүрөттөлүүчүгө болгон мамилесин ачып көрсөтөт. 5.1.2.5. Чыгармадан тилдик көркөм кара-	6.1.1.1. Чыгарманын адеп-ахлактык, социалдык темаларын ачып көрсөтөт. 6.1.1.2. Чыгарманын идеясын сюжеттин логикасынан табат. 6.1.2.3. Бир чыгарманын чегиндеги жазуучунун позициясын кабыл алат. 6.1.1.4. Жазуучулардын бири-бирине жакын темадагы жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. 6.1.1.5. Бир адабий түрдүн чегиндеги	7.1.1.1. Жазуучунун чыгармачылыгындагы мотив менен теманын өнүгүүсүнө көз алат. 7.1.1.2. Чыгарманын негизги көйгөйүн таба алат. 7.1.1.3. Чыгармадагы көйгөйдү аргументтейт 7.1.1.4. Көркөм чыгарманын каарманын, авторун, аңгемечисина йырмалайт 7.1.2.5. Көркөм тексттеги каарманга жана окуяларга жазуучу бири-бирине	8.1.1.1.Жазуучунун адеп-ахлактык идеалынын өзгөчөлүгүн көрө билет. 8.1.1.2. Жазуучунун адеп-ахлактык идеалынын өзгөчөлүгүн тексттен аргументтерди келтире алат. 8.1.1.3.Доордун контекстинде акын-жазуучулардын көркөм идеялык изденүүлөрүн баалайт. 8.1.1.4. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармалардагы автордун позициясын билдирүүчү ыкмаларды айырмалайт.	9.1.1.1. Чыгарманын адептик, социалдык-тарыхый жана ахлак-адептүү-философиялык проблематикасын алып чыга алат. 9.1.1.2. Түрдүү доорлордун акын-жазуучуларынын стилиндеги жана эстетикалык принциптериндеги жекечиликти жана жалпылыкты аныктай алат. 9.1.1.3.Акын-жазуучулардын идеялык изденүүлөрүн салыштырат. 9.1.1.4. Чыгармалардагы көйгөйлөрдү, аларды

		жаттарын таба алат. 5.1.3.6. Жазуучунун жараткан картинасын оозеки түрүндө көз алдыга келтирип, айтып берет. 5.1.1.7. Автордун сезимдеринин динамикасын көрсөтүп, авторго мүнөздүү стилди берип көркөм окуй алат. 5.1.3.8. Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармаларды жаратат.	түрдүү жазуучулардын чыгармаларын салыштыра алат. 6.1.1.6. Жазуучунун биографиясынын учурларын комментарийлейт. 6.1.1.7. Акын- жазуучунун биографиясы менен чыгармачылыгынын байланышын табат. 6.1.1.8.Чыгарма менен анын жаралуу мезгилинин ортосундагы байланышты табат. 6.1.3.9. Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармалады жаратат. 6.1.3.10. Чыгарманын аягын бүтүрөт. 6.1.3.11. Дараметине ылайык өз алдынча чыгарма (ыр, жомок. тамсил) жаза алат.	карама-каршы келе турган бааларды бере турганын көрө алат. 7.1.2.6. Түрдүү чыгармалардагы каармандарга карата автордун позициясынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын бөлүп ажыратат. 7.1.2.7. Жалпы жанрдын чегинде жазуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн айырмалайт. 7.1.3.8. Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат.	8.1.1.5. Эпикалык чыгарманы анын экранизациясы менен салыштырат. 8.1.1.6.Эпикалык чыгарманын экранизациясына автордук позициясын билдирүү аркылуу баалайт. 8.1.1.7. Түрдүү мезгилдин жана маданияттын жазуучуларынын жалпы көйгөйлөрдү чечүү өзгөчөлүктөрүн көрө алат. 8.1.2.8.Автордун чыгармадагы көздөгөн идеясынан көркөм ишке ашууга караган ойлорунун кыймылын көрө алат. 8.1.3.9. Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат. 8.1.3.10. Чыгарманын аягын бүтүрө алат. 8.1.1.11. Жазуучуга мүнөздүү стилди көркөм окуу аркылуу бере алат	чечүүнүн жолдорундагы жана ыкмаларындагы жалпылыктар менен айырмачылыктарды салыштырат. 9.1.2.5. Чыгармага эстетикалык баа берет, аны аргументтейт. 9.1.3.6. Чыгармачылык иштерди жазганда белгилүү бир стилге келтирүү элементтерин кошуп, адабияттагы жанрдык формаларды колдонот. 9.1.3.7. Автордун образы боюнча ой жүгүртүү аңгемесин түзөт.
2. Каарман						
2.	**Каарман. Адабий каарман.**	Фольклор, адабият, шарттуулук. Адабий каарман	Адабий каарман	Адабий каармандын образы, мүнөз	Адабий каармандын образы	Көркөм чыгармадагы образдар системасы Адабий тип жөнүндө

	Адабий каармандын образы, мүнөз. Образдар системасы Адабий тип жөнүндө түшүнүк					түшүнүк
		5.2.1.9.Чыгарманын башкы каармандарын жана авторун атай алат. 5.2.1.10.Каармандардын мүнөзүн ачып берген түйүндүү эпизоддорду текстке жакын жана кыскача кылып айтып берет. 5.2.2.11.Жомок каармандарынын (же реалдуу каармандардын) өзгөчөлүктөрүн аныктай алат. 5.2.1.12. Бир же бир нече чыгарманын каармандарын салыштыра алат. 5.2.1.13. Окуяларды, каармандардын оң жана терс кыймыл-аракеттерин аныктайт. 5.2.3.14.Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат. 5.2.1.15. Жомоктор-	6.2.1.12. Каармандардын жоруктары менен окуялардын арасындагы жүйө байланыштарды түшүндүрөт. 6.2.1.13. Каармандын мүнөзүн ачып берүүдө портреттин, тилдин, пейзаждын ролун аныктай алат. 6.2.2.14. Чыгарманын каармандарына өзүнүн мамилесин аргументтейт. 6.2.2.15. Каармандардын жүрүм-турумунун мотивдерин түшүндүрөт. 6.2.2.16. Каармандардын толгонууларын, иш-аракеттерин баалайт. 6.2.2.17. Каармандардын толгонууларын, иш-аракеттерин салыштырат. 6.2.3.18. Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган	7.2.1.9.Каармандардын мүнөзүн ачып берүүдөгү лейтмотив, диалог, монологдун ролун аныктайт. 7.2.1.10. Аларды тексттен таба алат. 7.2.1.11.Автордун каарманга болгон мамилесин ачып берүүдөгү ыкмаларды тексттен бөлүп көрсөтө алат. 7.2.1.12.Мүнөз, көркөм образ, лирикалык каарман деген түшүнүктөрдү түшүндүрө алат. 7.2.1.13. Бир же бир нече тексттеги адабий каармандардын образдарын салыштырат. 7.2.3.14. Каарман жөнүндө ой жүгүртүүчү аңгеме (схема боюнча) түзөт. 7.2.1.15. Каармандарга мүнөздөмө берет. 7.2.3.16.Каарман жөнүндө эркин эссе жазат	8.2.1.12. Көркөм образ, автор менен аңгемечинин образы, лирикалык каарман менен автордун образы сыяктуу түшүнүктөргө айырмалайт. 8.2.1.13. Образдар системасындагы каармандын ордун аныктайт. 8.2.2.14. Чыгарманын проблематикасынын жана автордук позиция-нын башкы каармандар-дын образдары менен өз ара байланышына көз салат. 8.2.3.15. Көркөм образдарды интерпретациялайт, өз позициясын аргументтейт. 8.2.1.16. Түрдүү жанрлардагы чыгармаларда мүнөз жаратуунун көркөм каражаттарын тексттен бөлүп көрсөтөт. 8.2.3.17. Сүйүктүү	9.2.1.8. Образ жаратуудагы негизги көркөм ыкмаларды аныктайт. 9.2.1.9. Көркөм образдарды түрлөрдүн спецификасын (эпос, драма, лирика) эске алуу менен жаратуу ыкмаларын салыштырат 9.2.2.10. Каармандардын кылык-жоруктарынын себептерин жана мотивдерин байкап, айрым эпизоддорду анализдейт. 9.2.3.11.Адабий образдар менен адабий типтердин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктайт. 9.2.3.12. Көркөм образ жаратууда жазуучунун стилинин өзгөчөлүктөрүн аңдап билет жана бөлүп көрсөтөт. 9.2.3.13. Образдарды интерпретациялайт. 9.2.3.14. Өз позициясын коргоого аргументтерди келтирет. 9.2.3.15. Образдарды,

		дон, аңгемелерден үзүндүлөрдү көркөм окуйт. 5.2.2.16. Каарманга өз мамилесин билдирет.	аңгеме түзө алат. 6.2.3.19.Айрым эпизоддорду сахналаштырат. 6.2.1.20.Баяндоо түрүндөгү (пейзаж, портрет) же аңгеме түрүндөгү үзүндүлөрдү көркөм окуйт.		каарман жөнүндө аргументтештирилген эссе жаза алат.	адабий типтерди салыштырып аргументтештирилген эссе жаза алат. 9.2.3.16.Көркөм образдардын мисалында белгилүү бир көйгөйдү чечүүнү көрсөткөн презентация жасайт.
3. Көркөм форма						
3.	**Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)**	Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары	Орто формадагы эпикалык чыгармада (повесть) негизги эпизоддор Көркөм чыгарманын сюжети жана анын тарыхый негизи	Чыгарманын аталышынын негизиндеги окуялар Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү	Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар). Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы)	Сюжет жана фабула Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтери
		5.3.1.17. Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуяларды тексттен бөлүп көрсөтөт. 5.3.1.18. Алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштарын түшүндүрөт. 5.3.2.19. Түйүндүү эпизоддорду анализдейт. 5.3.1.20. Каарман-	6.3.1.21. Орто формадагы эпикалык чыгармада (повестте) негизги эпизоддорду аныктайт 6.3.1.22. Көркөм чыгарманын сюжетин кыскача айтып берет. 6.3.1.23. Көркөм чыгарманын сюжетин жана анын тарыхый негизин салыштырат. 6.3.1.24. Тексттен	7.3.1.17. Чыгарманын аталышынын негизинде окуяларды божомолдойт. 7.3.1.18. Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгүн табат жана комментарийлейт. 7.3.1.19. Кыска жана тандалган айтып берүүдө сюжеттин мазмунун берет.	8.3.1.18. Негизги жана негизги эмес сюжеттик линияларды (сызыктар) тексттен бөлүп көрсөтөт 8.3.1.19. Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтерин (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) табат жана өз пикирин аргументтер менен бекемдейт 8.3.1.20.Сюжеттин логикасын көрө билет жана	9.3.1.17.Сюжет жана фабула түшүнүктөрүн айырмалайт. 9.3.1.18.Сюжет жана фабула түшүнүктөрүн чыгармада бөлүп көрсөтөт. 9.3.1.19. Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтерин бөлүп көрсөтөт 9.3.1.20.Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын

		дардын жүрүм-турумун баалайт. 5.3.2.21.Турмуш материалын көркөм сюжет менен салыштырат. 5.3.3.22.Турмуштук таасирленүүлөр боюнча фольклор жанрындагы чоң эмес (жомок, табышмак) чыгармаларды жазат. 5.3.3.23.Чыгармалардын негизинде сүрөт тарта алат.	композициянын элементтерин (интерьер, автордук мүнөздөмө, диалог, монолог ...) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып берет. 6.3.1.25. Аңгеменин, повесттин, ырдын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн айырмалайт. 6.3.3.26. Түйүндүү эпизоддорду сахналаштырат.	7.3.3.20. Түрдүү жанрдагы чыгармалардын образ-символдорун, көркөм деталдарын, лейтмотивдерин комментарийлейт. 7.3.3.21. Түрдүү жанрдагы чыгармалардын образ-символдорун, көркөм деталдарын, лейтмотивдерин интерпретациялайт 7.3.3.22. Турмуштук таасирленүүлөрдүн негизинде аңгеме түзөт. 7.3.1.23. Чыгармалардан диалогдорду жана монологдорду көркөм окуйт.	андан чыгарманын идеясын табат. 8.3.1.21. Композициянын элементтерин (көркөм деталдар, рамкага салуу) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун аныктайт. 8.3.1.22. Драмалык чыгармалардын айырмачылыктарын түшүндүрөт. 8.3.3.23. Белгилүү тема боюнча монолог түзөт.	(эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтерин салыштырат 9.3.1.21. Сюжеттин өзгөчөлүктөрүн баалайт. 9.3.1.22. Чыгармадагы конфликтти анализдейт 9.3.1.23. Конфликт окуя аркылуу ачыла турганын көрсөтөт. 9.3.1.24.Образдын композициясын түзүү жолун тексттен бөлүп көрсөтөт. 9.3.3.25. Лирикалык чегинүүлөрдүн ролун интерпретациялайт. 9.3.1.26.Түрдүү жанрлардагы чыгармалардын композицияларын анализдейт. 9.3.1.27.Көркөм окуу сынактарына катышат (монологдор, баяндоолор, ырлар). 9.3.3.28. Түрдүү жанрдагы чыгармалар боюнча спектаклдерди жазат 9.3.3. 29. Спектаклге же экрандаштырууга режиссёрдук комментарий

						жазат
4. Көркөм сөз						
4.	**Көркөм сөз / көркөм ыкмалар**	Көркөм сөз. Айрым түшүнүктөр	Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары	Көркөм сөз - айтылган сөзгө автордун мамилесин билдирүүчү каражат	Көркөм каражаттардын системасы	Көркөм каражаттар жана адабияттын өнүгүү тарыхы
		5.4.3.24.Каармандын көз карашы менен карап, абалын сезе алат. 5.4.3.25. Каармандын атынан кат, газетанын макаласы, окуя болгон жерден репортаж түрүндө текстти өзгөртүп айтып бере алат. 5.4.3.26.Чыгарма жана анын каармандары жөнүндө табышмак ойлоп түзө алат.	6.4.1.27.Чыгарманын образдык жана эмоционалдык мазмунун эркин түшүнөт. 6.4.1.28. Окуган тексттин жалпы маанайын түшүнүп сезе билет. 6.4.3.29. Окуган чыгармасы боюнча анонс, жарнама, досуна бул чыгарманы окууга сунуштаган кат жаза алат.	7.4.1.24. Көркөм чыгарманын негизги көркөм сүрөт каражаттарын бөлүп көрсөтөт. 7.4.1.25. Ырдын ритмикалык сүрөтүнүн схемасын түзөт. 7.4.3.26. Көркөм каражаттарды колдонуп өз көз карашын билдирген өз алдынча ангеме / эссе жазат.	8.4.3.24.Каармандардын сөзүн текстен таап, анализдейт. 8.4.1.25.Көркөм чыгармада интонациянын маанисин билет. 8.4.1.26. Көркөм чыгармада интонациянын маанисине карата тексттен мисал келтире алат. 8.4.1.27.Чыгарманын кептик түзүлүшүн аныктайт. 8.4.3.28.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат.	9.4.1. 30.Образдар системасында же образ түзүүдө көркөм ыкмалардын ордун аныктайт. 9.4.1. 31.Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн аныктайт. 9.4.3. 32.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат.

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган: 1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы; 2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши.

Төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;
- портфолионун чыгармачылык презентациясы.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

1-топтогу тапшырмалар – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

2-топтогу тапшырмалар – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

3-топтогу тапшырмалар – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

№	Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү	Баанын болжол-дуу бөлүштүрүү	Тапшырмалардын дал келиши
1.	Айтып берүүнүн түрлөрү	10%	1
2.	Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү	10%	1,2
3.	Жазуу иштери (иштердин мазмунуна багыт алуу, окуучулардын рефлексиясынын негизин-де кыргыз тили сабактары менен байланыш): Эркин эссе Аргументтештирилген эссе Түрдүү жанрларда дил баян (жомок, тамсил, ыр, аңгеме)	20%	2,3
4.	Көркөм окуу Сахналаштыруу Иллюстрациялоо	20%	3
5.	Чыгармачылык долбоор Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика)	20%	3
6.	Портфолиону чыгармачыл презентациялоо	20%	3

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат.

Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн терендиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлөт. Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку денгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн жана көркөм жалпылоого сиңүү денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл
- образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл
- идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл

Баалоонун негизги принциптери:

Окуучуларды баалоодо мугалим – обьективдүүлүк, негиздүүлүк, системалуулук, бирдиктүү талап, ар тараптуулук, жекелик мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

Обьективдүү баа субьективдүү жана жаңылыш ойду жокко чыгарат. Обьективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Алардын ичинен эң маанилүүсү окуунун максатынын диагноздуулугу, баанын мазмуну менен обьектти тандоонун негизделиши, талдоо, жыйынтыктарды баалоо методдору менен камсыздалышы. Обьективдүүлүк төмөнкүлөрдөн турат:

- билим берүү системасынын көсөткүчтөрү менен критерийлерин аныктайт;
- илимий негизделген баалоо каражаттарынын мазмуну (суроолор менен тапшырмалар, тесттер, анкета, сурамжылоо);
- ар түрдүү баалоо процедураларынын (байкоо, өлчөө, анкета алуу, суроо-жооп) туура келүүчүлүгү;

- талапка жооп берген критерийлер аркылуу системадагы компоненттердин абалын баалоо.

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе баанын чындыгынын обьективдүүлүгү баалоону аткаруучу мугалимдерден, баа каражаттарынан жана методдордон көз карандысыздыгы.

Негиздүүлүк. Коюлган баа сөзсүз аргументи менен болушу керек. Ошол эле учурда, аргумент мазмундуу мүнөздөлүп жана мазмун формасы менен окуучунун аткарган ишине, баанын критерийлеринин талабына жооп берүүсү керек. Бааны негиздөөдө мугалим окуу материалынын көлөмүн, деңгээлин жана берилген тапшырманын аткарылган сапатына көңүл буруусу керек. Мугалим бааны аргументтегенде төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүшү керек:

- окуучунун анализ бере билүү билгичтиги;
- себеп-натыйжалык байланыштын орнотулушу;
- ой-жүгүртүүнү маалымдоосу;
- өзүнүн көз карашын далилдөөсү;
- ар кандай шартта алган билимин колдоно билүүсү;
- окуу материалын жалпылоо менен негизгисин белгилеп көрсөтө билүүсү.

Системалуулук принциби билим берүү процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баа ишмердүүлүгү аткарылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Контролдоо менен баалоону системаны туруктуу текшерген жыштыкта өткөрүү керек. Баалоонун системалуулук принциби комплекстүү ыкма аркылуу аткарылып, ар кандай формалар, методдор жана баа каражаттары тыгыз байланышта бирдиктүү максатта башкарылат.

Бирдиктүү талап. Көпчүлүк учурларда кээ бирокуучуларга жеңил суроолор берилсе, кээ бирөөлөргө узак жоопту талап кылган тапшырмалар берилет. Ал эми окуучулардын билими бирдей балл менен бааланат. Бардык окуучуларга бирдей талап коюлушу керек. Баалоодо бирдиктүү программалык талаптар коюлушу керек, билимди баалоодо бирдей критерий болууга тийиш. Окуучулар кандай билимди кандай көлөмдө өздөштүрүшү керек экендигин билүүсү керек.

Ар тараптуулук принциби. Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин аныктоону, жана ошондой эле билгичтик менен көндүмдөрдү калыптандыруунун даражасын аныктоону шарттайт, алар ар тараптуулук принцибинин мазмунун түзүшөт. Мугалим ар тараптуу өнүгүү принцибин жетекчиликке алуу менен төмөндөгүлөрдү эске алуусу керек:

- өздөштүрүлгөн материал боюнча билимдин көлөмүн (окуу обьектилери жана билимдин элементтери, түшүнүк, мыйзамдар, идеялар ж.б.);
- өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, билимди текшерүү, стандарттык эмес шартта билимди колдонуу;
- билимдин сапаты (толуктугу, бекемдиги, тереңдиги, ийилчектиги ж.б.).

Жекелик принциби. Баа жекелик мүнөздү да алып жүрөт. Оозеки же фронталдык суроо-жоопто, дилбаян жазганда же жат жазуу жазганда, экзамен же зачетто дайыма өзгөчөлөнгөн билими билинип турат. Ошондуктан, баалоо процесси ар бир окуучунун билиминин деңгээлин билгенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Жекелик принциби төмөндөгүлөрдү аныктоону талап кылат:

- окуу материалы боюнча окуучу эмнелерди билет;
- окуучунун билим деңгээли кандай;

- окутуу процессинде окуучу эмнени үйрөнө алган жок;
- жетишпегенин себеби кайсы;
- билими боюнча жетишпегендигин жоюу үчүн эмне кылуу керек.

Ошондуктан, бул принциптин маңызы ар бир окуучунун өгөчөлүгүн жакындан билүү болуп саналат.

Баалоонун түрлөрү

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.*

Диагностикалык баалоо. Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана анын өркүндүтүшүнө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим өзүнүн окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү эле диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат. Мындан улам диагноздоочу маалыматтарды чогултуу кандай шартта ишке ашырылгандыгын: дал келген каражаттар мененби (класстык иштер, тесттер, анкеталар ж.б.) же ансыз элеби (мисалы, жөн гана байкоо методу) талкуулоо анчалык мааниге ээ эмес.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал прогноздолот.

Калыптандыруучу баалоо. Калыптандыруучу баалоо – бул окуу жана окутуу процессинин алгачкы этабында өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында окуучунун өнүгүүсүн баалоо. Баалоонун бул түрүн окутууну жакшыртуу үчүн баалоо деп атоого болот. Калыптандыруучу баалоо мугалимге окуучуну окутуу максатында жасалган аракеттерди көзөмөлөөгө жардам берсе, окуучу үчүн – билим алууга карата өзүнүн жоопкерчилигин сезүүгө, мугалимдин жардамы аркылуу жеке өнүгүүсүн көзөмөлдөөгө жана план түзүүгө жардам берет. Балоонун бул түрү окутуунун инсанга багытталган принцибин ишке ашырууга негизделген. Калыптандыруучу баалоо мугалимге ар бир окуучу менен жекече иштөөгө жана окуу материалын окуп үйрөнүүдөгү айрым жетишпестиктерди аныктоого жана окуу процессин системалуу түрдө жөнгө салып турууга мүмкүндүк берет.

Жыйынтыктоочу баалоо. Жыйынтыктоочу баалоо – бул окуу процессинин тигил же бул этабын жыйынтыктоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулуучу баалоо.

Жыйынтыктоочу баалоо белгилүү бир убакыт аралыгында окуучунун билиминин, билгичтигинин жана анын компотенцияларынын жыйынтыгы мамлекеттик билим берүү стандартындагы коюлган талапка жооп берүү деңгээлин аныктайт. Аны билим берүү этаптарында жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга болот. Жыйынтыктоочу баалоо – бул таанып билүү процессинин тигил же бул этабында жалпылоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулган баалоо.

Жекече аткарылган тапшырмаларды ***утурумдук баалоо*** баанын нормаларына жараша (туура чыгарылыштардын саны, кетирген каталардын саны, аткаруу эрежелеринин тууралыгы ж.б.), ошондой эле мугалим тапшырган өзүнчө ишти аткаруу боюнча критерийлерге жараша жүргүзүлөт. Мугалим утурумдук баалоодо окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүсүнө баа берет.

Аралык баалоо төмөндөгү иштердин түрүн аткаруунун негизинде жүргүзүлөт:

- жазуу иштер/булактар менен иштөө;
- оозеки жооп /жүзачар;
- долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

Жыйынтыктоочу баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы ылайык) жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша кат жүзүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Бала көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк аңдап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. Көрүүгө болжолдонгон – видеокассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер, экстерьер), схемалар ж.б.у.с.

2. Угууга болжолдонгон – аудиокассеталар, уялдук телефондордогу мукамдар (музыкалар), магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.

3. Жазууга болжолдонгон – тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, баян, диктанттар ж.б.у.с.

4. Талдоо кылууга болжолдонгон – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.

5. Сүйлөөгө болжолдонгон – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с

Адабиятты окутуу методдорунун классификацияланышы

Адабиятты окутуу методикасында методдор тууралуу түшүнүктөр ар дайым эволюциялык аракетте болуп, улам жаңы ойлор менен толукталып келгендигин байкайбыз.

Эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө) методу – текстти бир топ терең талдоого жол ачып, адабияттануунун материалдарын пайдаланат, б.а., адабий чыгарманы илимий-теориялык жактан таанып билүүгө жол ачылат. Проблеманы чечүүнүн ар кандай жолдору изделет. Булар көбүнчө эвристикалык аңгемелешүү аркылуу ишке ашат. Бул методду жарым-жартылай изденүүчүлүк деп да аташат. Тапкычтыкты, активдүүлүктү өнүктүрүүчү окутуунун методу катары мугалим менен окуучунун чыгармачылык иш аракетинде тапшырмаларды табуу жолун тездетет.

Эвристикалык методго төмөнкүдөй ыкмалар мүнөздүү:

1. Суроолордун логикалык жактан так коюлушу жана ошонун негизинде окуучулардын кандайдыр бир көрүнүштөрдү байкоолордон анализдөөгө, жеке мүнөздөгү жыйынтыктардан жалпылоолорго өтүшү.

2. Көркөм чыгарманын текстти, же сын макала, иллюстрациялык материалдар боюнча жалпы класс, же бир топ, же жеке берилген суроолордон турган тапшырмалардын системасын ылайыктуу жайгаштыруу.

3. Мугалим тарабынан проблеманын коюлушу же аны окуучулардын улантышы, диспут өткөрүү.

Методикалык ыкмалары – өз алдынча билим алууга шарт түзүүчү, текст боюнча тапшырмалардын ырааттуулугун жайгара билүүчү, проблема чыгара алуучу суроолордун логикалык системасын таба алуу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгармалардан материалдарды ылгай алуу; текстти анализдөөнүн элементтери менен айтып берүү; эпизодду анализдөө; образ-каармандарды анализдөө; дилбаянга, докладга ж.б. иштерге план түзүү; проблеманы көтөрө билүү.

Изилдөөчүлүк методу – кыргыз адабияты предметине чыгармаларды өз алдынча талдоо жүргүзүүчү ишмердүүлүк. Мында окуучулар жеке жана топтук изилдөө жүргүзүү менен чыгарманын идеялык-эстетикалык кунарын ачып билип, турмуш жана өз жашоосу менен салыштырып, көркөм табитин көтөрөт. Бул жагынан ал эвристикалык методго жакын болгону менен мында эвристикалык методдон үйрөнгөн чыгармаларды талдоо жана аларга баа берүү инструментарийлерин анадан ары иштетип, бир топ татаал проблемаларды окуучулар өз алдынча чече баштайт.

Методикалык ыкмалары – изилдөөчүлүк милдет тагылган проблемалык суроолорду коюу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгарманын бөлүктөрүн же бүт баарын өз алдынча талдоо, салыштыруу, баа берүү. Мугалим окуучуларга багыт жана кеңеш гана берет да, өзү пассивдүү байкоочу катары сыртта турат, изилдөөнү жана

иликтөөнү окуучу же окуучулар тобу жүргүзөт. Мында ар кандай эссе, дилбаян, доклад жазууга, адабияттаануу, эстетика багытындагы эмгектерди пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулат да, окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө шарт түзүлөт.

Репродуктивдүү методдо окуучулар билимди даяр түрдө алат, мисалы, алар мугалимдин лекциясынан, баяндоосунан, окуулуктардан, окуу колдонмолорунан, адабияттаануу багытындагы китептерден предметке байланыштуу маалыматтарды алат. Бирок бул ошол материалдарды ошол бойдон «мээсине көчүрүп алат» дегендик эмес, механикалык кабылдоодон аң-сезимдүү кабыл алууга өтөт дегендик. Даяр материалды бала өз даярдыгына жараша иштеп чыгып, жалпылап, жыйынтыктап, мурда алган билими менен толуктап турат.

Методикалык ыкмалар – мугалимдин баяндоосу; мугалимдин лекциясы; обзордук лекциялар; окуу китеби жана окуу куралдары боюнча тапшырмаларды берүү.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – мугалимдин лекциясынын планын түзүү жана конспектилөө; план коюу; окулган материалдарды конспектилөө жана тезис жазуу; синхрондук таблицаларды аткаруу; мугалимдин лекциясы, окуу китеби, окуу колдонмолору боюнча оозеки жооптоорду даярдоо; тема же проблема боюнча жалпылоочу багыттагы дилбаяндарды, докладдарды даярдоо.

Долбоорлоо методу. Соңку кылымда азыркы педагогикада долбоорлоо (проект) методу деген түшүнүк пайда болду. Долбоорлоо методу окуучулардын жамаатташып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүк. Мугалим менен окуучу кызматташып, ар кандай илимий билимдердин табылгаларын пайдаланып жаңы нерселерди издеп, аларды долдоорлойт. Методдо бала билген билимди дагы байытып, дагы өркүндөтүп гана калбай, аны иш жүзүндө колдоно баштайт.

Биринчи этап – уюштуруу этабында топтор жана алардын кызыгуу чөйрөсү аныкталат.

Экинчи этап – болочок долбоорду тандоо жана башкы идеяларын талкуулоо этабы болот да, анда долбоорду эмне үчүн түзөбүз жана андан кандай натыйжаларды алабыз дегендей максат-милдеттер белгиленет, тема дагы так аныкталып, план түзүлөт.

Кийинки – долбоордун курамын аныктоо, топторго милдеттерди бөлүштүрүү жана керектүү материалдарды тандоо этабында жалпы жөнөкөй план жазылат (ал кийин кеңири багытта түзүлүүгө тийиш), тема боюнча топтун жана окуучулардын кызыгууларына жараша тарыхый, археологиялык, крайтаануу, искусство чыгармалары, иллюстрациялар тандалат.

4.2. Кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Кыргыз адабияты сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда өнүмдүү (натыйжалуу) окуу технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет**.** Технология текст менен иштөөнүн үч этабын киргизет, бул этаптар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

I этап. Текстти окууга чейинки иш.

Актуалдаштыруу. Антиципация (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.

Сабактын максаттарын коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

II этап. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.

- Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө. *Текстти кайрадан окуп чыгуу.* Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.
- Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен анын анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

III этап. Текстти окугандан кийинки иш. Кийинки окуу.

- **Интерпретациялоо. Текст боюнча концептуалдуу (маанилик) маек**. Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо. Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.
- Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

1-схема.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ ТИЛИ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
V-IX –КЛАССТАР
ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 сентябрындагы
№1153\1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун» предметтик стандарт

Мазмуну

1-бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2-бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Эне тилин окутуунун максаты жана милдеттери
2.2. Эне тилин окутуунун методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү
2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

3-бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

1-БӨЛҮМ
Жалпы маселелер

1.2. Документтин макамы жана түзүлүшү

Бул стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-9-класстарда эне тилин (кыргыз тилин) окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары КРнын Билим берүү мыйзамына негизделип иштелип чыкты. Стандартты иштеп чыгууда КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жаңы окуу планында көрсөтүлгөн окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү эске алынды.

Аталган стандарт кыргыз тилин эне тили катары окутуунун негизги стратегиясы, уруттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, мектеп окуучуларына эне тилинин каражаттары аркылуу билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз тилин окутуунун өзөктүү курсун белгилейт.

Стандарт, негизинен, аталган предмет боюнча окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болуп кызмат кылат.

Анын негизинде окуу программалары түзүлөт, окуу китептерди жазууда да дал ушул стандарттын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну түзүлөт. Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, уруттуу компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар эне тилинен билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт. Ошону менен бирге, окуу материалдарынын курстарга бөлүштүрүү өлчөмдөрү, андагы уланмалуулук, ал курстарынын сааттарынын көлөмү да так аныкталып көрсөтүлгөн.

Эне тилин окутуунун бул стандарты бүтүн логикада түзүлгөн документ, ал үч негизги бөлүктөн турат, т.а. жалпы маселелерден, окуу материалдарынын негизги мазмуну, алардын класстарга жана сааттарга бөлүнүшү жана окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонетти бөлүп көрсөтүүгө болот:

- мурдагы стандартка караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана негизги компетенттүүлүктөрдүн (тилдик, коммуникативдик жана маданий) талаптагынын ачык көрсөтүлүшү;
- окутуудан алынуучу натыйжалардын так жана даана белгилениши;
- окуучулардын жетишилген теориялык жана практикалык ийгиликтерин объективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

Документтин түзүлүшү

1-Бөлүм: Жалпы маселелер

1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү

1.2. Негизги нормативдик документтердин системасы

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2-Бөлүм: Предметтин концепциясы

2.1. Эне тилин окутуунун максаты жана милдеттери

2.2. Эне тилин окутуунун методологиялык негиздери

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

2.4. Предметтик жана түйүндүү билгиликтердин байланышы

2.5. Мазмундук түзүм. Окуу материалдарынын мазмундук түзүмдөргө жана класстарга жараша бөлүштүрүлүшү

2.6. Предмет аралык байланыш. Тематикалык линиялар

3-Бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуучулардын билиминен күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4-Бөлүм. Билим берүү процессине уюштурууга коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

4.2. Шыктандырүүчү окутуу чөйрөсүн түзүү

1.2. Негизги нормативдик документтердин системасы

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-9-класстарында кыргыз тилин эне тили катары окутуунун стандарты төмөнкү расмий документтердин негизинде түзүлдү:

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы (2003-ж.);
2. Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдары үчүн Базистик окуу планы;
3. «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому;
4. КРдин жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тили предметинин предметтик стандарты (2015-жыл);
5. Кыргыз Республикасын 2013-2017-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясы;
6. Кыргыз Республикасын 2013-2017 ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясын ишке ашыруу боюнча Өкмөттүн программасы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Акыл даярдыгы – жаңы теманы өтүүдөн мурда окуучуларга күнүмдүк жашоодо кездешкен, темага багыт алдырууга даярдоочу, өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү аркылуу жаңы маалыматтарды түшүнүүгө даярдоо.

Акыл чабуулу - бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялар талдоого алынат, бул учурда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат, интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

Баа - бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу- формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу(белгиси).

Баалоо - бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

Баа берүү – бул учурда баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы жүзөгө ашат.

Баа койбостон баалоо – бул 5 баллдык баалоо системасына салууга мүмкүн болбогон шарттуу белгилер менен белгиленген көрсөткүчтөр (шкалалар), ар кандай параметрлер боюнча окуучунун окуу-үйрөнүү деңгээлин көрсөткөн «жекече жетишкендиктер баракчалары», конкреттүү критерийлер менен баалоодон келип чыккан иштеринин жыйынтыктары (процент менен, бөлчөктөр аркылуу, диаграмма, схема, чиймелер ж.б.). Баалоонун бул формасы мугалим, окуучу жана ата-эне үчүн андан аркы өнүгүүнү пландаштырууга кызмат кылышы керек.

Баа койбостон окутуу – окуучунун өз иш-аракетин өз алдынча баалоого үйрөнүүсүн, өздүк жетишкендиктерин жалпыга белгилүү көрсөткүчтөр менен өлчөө, жалпысынан айтканда, окуучунун өз алдынчалыгын өстүрүүнү айтабыз.

Билим берүүнүн сапаты – билим берүүнүн натыйжаларынын ар түрдүү билим берүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, жалпы эле коомдун) күтүүсүнө же алар тарабынан коюлган билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине шайкештигинин даражасы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүүнүн стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына шайкештигин көрсөтөт. Бул түшүнүктүн маанилүү өзгөчөлүгү динамикалуулукта, вариативдүү жана иштиктүү мүнөзүндө турат.

Билим берүүнүн стандарты – негизги билим берүү программаларындагы билимдин мазмунунун минимумун, окуучунун даярдыгынын сапатына коюлуучу базалык талаптарды, билим алуучулардын мүмкүн болгон окуу жүгүнүн чегин аныктоочу нормалар менен эрежелердин топтому.

Диагноздоочу баалоо – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо.

Долбоор методу - кандайдыр бир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып, жашоо-турмушка өзгөчө зарыл болгон натыйжаларга жетүү максатын көздөгөн метод.

Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.

Инновация (анг. «жаңылануу, өзгөрүү» деген сөз) педагогикалык системада илимдин, техниканын жаңы жетишкендиктерин, жаңы технологияны колдонуу менен окуу-тарбия процессинин жаңылануусуна жетишүү, б.а. натыйжалуу, эффективдүү кайра жаралуу процессин түзүү дегенди билдирет.

20-кылымдын 80-жылдары педагогикалык лексикондо «инновация» деген түшүнүктү (адегенде журналисттер, андан кийин ар кандай кесип ээлери) колдоно баштаган. Ал кайра жаралуу мезгилине таандык.

Индикатор – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч».

Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

Окутуунун максаты – окуучулар когнитивдик (таанып -билүүчүлүк), аффективдик (эмоциялык- баалуулук) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп- үйрөтүүнүн утурумдук жана түпкү натыйжалары. **Окутуунун түшүндүрүп-иллюстрациялоо түрү** окутуунун башка түрлөрүнө караганда бир катар артыкчылыкка ээ. Эң башкысы өтүлгөн

тема боюнча негизги материалды эстеп калуу жагы жакшы жүзөгө ашырылат. Окутуунун мындай түрү мектептерде узактан бери колдонулуп, аны дагы өркүндөтүү менен ар кандай көрсөтмөлүүлүктөр көп пайдаланылып, жаңыдан өтүлө турган теманы түшүндүрүүдө убакытты үнөмдөөгө жетишет. Өтүлүүчү материалды кыска мөөнөттө түшүндүрүүгө болот. «Кемчилиги» көбүнчө окуучуларды «даяр» далилдерди гана айтып берүүгө үйрөтүп, өз бетинче иштөөгө, анын тегерегинде ойлонууга, изденүүгө түртө албайт.

Окшоштуруу методу бир окуяны же маселени ар кандай өңүттөн талкуулоо, бир документти талдоо үчүн кандайдыр бир эрежелердин негизинде окшоштук белгилерди табууга, андай белгилердин моделин түзүүгө багытталган метод.

Өрнөк окуя методу болуп өткөн же боло турган бир окуяны же кубулушту окуучуларга айтып берүү жана ал окуяда баяндалган маселени суроо-жооп формасында талкуулоо аркылуу өткөрүлөт.

Кайтарым байланыш - иш – аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң ыңгайлуу жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана

алуу процесси.

Калыптандыруучу (формативдик) баалоо - бул окуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси.

Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш - аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

Компетенция - (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү)- окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

Критерий – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана класификациялоого негиз болуучу белги, баанын ченеми.

Метод - педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы:

1. Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);

2. Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);

3. Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу.

Мотивация - талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси. Натыйжалар (билим берүүдөгү) – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

Маселе чечүү методу - маселе чечүүнүн илимий негиздерин жетекчиликке алуу аркылуу окуучуларга практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүүнүн жол-жоболорун

үйрөтүү максатын аркалайт. Көрсөтүп аткартуу методу кандайдыр бир иш-аракетти, адегенде көрсөтүп, андан соң окуучулардын өздөрүнө жасатууну көзөмөлдөп турат.

Негизги компетенттүүлүктөр – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда ишке ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.

Предметтик компетенттүүлүктөр – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече мүнөздөргө ээ болуп саналат. Алкактык куррикулум негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмегин аныктайт, ал эми предметтик куррикулумдар айрым алынган предметтердин материалында аларды предметтик компетенттүүлүктөр түрүндө конкреттештирет.

Роль ойноо методу - роль аткаруу аркылуу окуучулардын туюм-сезимдерин жана ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталат.

Суроо-жооп методу сабакта окуучулардын активдүүлүгүн жандандыруу максатында карым-катыш түзүүдө көп колдонулган метод болуп эсептелет. Суроолор максатына, жооптун түрүнө, үйрөтүү методуна, берилиш формасына жана кимге багытталганына карай бири-биринен айырмаланат. Бардык учурда мугалимдин таасирдүү, ойлондуруучу, проблемалуу суроо бере билүүсү, б.а. бул ыкманы натыйжалуу колдоно билүүсү талап кылынат.

Талдоо («анализ», байыркы грек тилинен, *«ажыратуу»)* – бул ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө аткарылат.

Талкуу методу - окуучулар өз ойлорун эркин ортого сала билүү, башкалардын көз карашын сыйлай билүү, өз ара карым-катышта болуу сыяктуу жөндөмдөрүн өстүрүүгө багытталат. Бул методдун негизги ыкмаларынын бири - чоң тайпаларда талкуу жүргүзүү. Ал эми чакан топтордогу талкуу чоң топту чакан топторго бөлүү аркылуу ишке ашырылат.

Синтез (грек тилинен: *чогултуу, жыйноо*) –бул метод талдоо, иликтөө процессинде жетишилгендер түшүнүктөрдү, пикирлерди, ойлорду, көз караштарды жыйноо, чогултуу, бир толук пикирге келүү, курамдык бөлүктөрдү бир бүтүн катары элестетүүнү билдирет. Ал дагы адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө ишке ашат.

Эвристикалык таанып билүү методу: (грек тилинен: *таптым* деген мааниде)бул проблемалуу суроолордун жана жагдайлардын негизинде окуучу өз алдынча ой корутундусуна келүүнү, чыгармачылык менен өз алдынча бир пикирге, ой корутундусуна келүүсүн билдирет.

2-БӨЛҮМ

Предметтин концепциясы

Негизинен, эне тили окуучунун негизги турмуштук куралы жана рухий дүйнөсүн калыптандыруунун баалуу каражаты болуп саналат. Бул багытта ал тилге тиешелүү болгон адамдын өмүрүндө эне тилинен артык кызмат кылар эч кандай тил да, каражат да болбойт. Ошондуктан, эне тили окуучу үчүн ар тараптуу кызмат кылуучу негизги окуу предмети болуп эсептелинет. Ал эмнеден көрүнөт?

1.Турмушта өз ара карым-катнаш куралынын милдетин аткарат;

2.Дүйнөнү таануунун жана аны чагылдырып түшүнүүнүн каражаты;

3.Инсандык жактан интеллектти өстүрүүнүн жана жан дүйнөсүн байытуунун куралы;

Кыргыз тили предмети дал ушул кызматтарды аткаруу менен, окуучунун инсан катары ар тараптан калыптануусунун пайдубалы да болуп берет, анткени эне тилинде ой жүгүртүүсү өсүү менен башка бардык окуу предметтерин талаптагыдай өздөштүрүүнү шарттайт. Эне тилинде бала сабаттуу болбой, эне тилинде билим сапатына ээ болбой окуучу башка предметтерди сабаттуу өздөштүрүүсү мүмкүн эместиги практикада белгилүү. Ошондуктан, эне тилинде окуучуну сабаттуулукка жеткирүү, жазуу, оозеки компетенттүүлүктөрүн өстүрүү анын инсан катары турмушта ийгиликтүү жашоосун камсыз кылуучу күчкө эгедер кылууга барабар.

Ушул багыттарга жараша стандарта белгиленген окуу курсу төмөндөгүдөй үч өз алдынчалуу багытты карманды:

- кыргыз тилинин системасы (фонетика, лексика, грамматика);
- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер;
- байланыштуу кеп, кеп маданияты жана стилистика.

Мына ушул багыттар, логикалуу түрдө алганда, эне тилинен мектептик билим берүүнүн негизги мазмунун да, негизги өзөгүн да бирдей даражада түзүп турат. Ошентсе да, ар убакта эне тили сабактарында окуучулардын теориялык билимин түптөөгө көбүрөөк басым коюлуу менен, алар мектепти аяктаганда эне тилинде жетишердик компетенттүүлүккө ээ болбой чыгып жаткандыгы жыш учуроодо. Ал эмнеден? Ал жогоруда белгиленгендей, грамматикага ашыкча көңүл бурулуу менен, анын материалдары байланыштуу кептин жана кеп маданиятынын материалдарынан бөлүнүп окутулуусунун эсебинен, окуучулардын жазуу жана оозеки түрдөгү практикалык (функционалдык) сабаттуулугун калыптандырууга аз убакыт бөлүнүп жүргөндүгүнүн кесепеттери болуп саналат.

Мунун өзү баланын мектептеги башка окуу предметтерин талаптагыдай окуп-үйрөнүүгө жасалма тоскоолдуктарды түзөрүн көрсөтүп отурат.

Окуучулардын практикалык сабаттуулугун көтөрүү маселеси көбүнчө эсе методикалык адабияттарга калтырылып келгени – эне тили окуу предметин окутуудагы бир кемчилик болуп келатканы илимий жактан жаңылыштык экенин да практика далилдеп отурат. Сабакта окуучу эне тилинде грамматикалык-фонетикалык материалдарды, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүп жатканда сөзсүз түрдө, байланыштуу кеп менен кеп маданиятынын материалдары менен жуурулуштуруп өтүүнү практикалоо – дал ушул стандартта алгач ирет илимий-методикалык жактан ачык көрсөтүлдү.

Мунун өзү – грамматиканы өздөштүрүү сабагы – байланыштуу кепти өстүрүү жана кеп маданиятына үйрөтүү сабагы болуусу керек, -деген методикалык жобону алдыга койду. Андай болсо, окуу программасын жазууда грамматиканын ар бир сабагы байланыштуу кеп менен кеп маданиятынын материалдары менен логикалык түрдө байланышта берилүүсү тийиш экенин көңүлгө салат. Мунун өзү буга чейин иштеп келген окуу программасынын ички логикалык структурасын түп-тамырынан тарта өзгөртүү, эне тилин мектепте окутуу концепциясын жаңылоо зарылдыгын алдыга коёт. Тактап айтканда, анын ички модели – грамматика +байланыштуу кеп жана кеп маданияты-деген багытта түзүлүүсү шарт.

Албетте, байланыштуу кептин материалдарын берүүдө ар бир грамматикалык тема өтүлгөндө, ал кептин курулуш материалы катары эсептелинүү менен, текстти сабаттуу

жазуу (жат жазуу), текстти талдоо жана кайра түзүү (баяндама) жана жаңы текст түзүү (дилбаян) жазуу ишмердүүлүктөрү бирге жүргүзүлүүгө тийиш. Ал эми, кеп маданиятын грамматикалык материалдар менен бирдикте байланыштырып өтүүдө, анын төмөндөгү компоненттери толук түрдө эске алынууга тийиш:

- кептин тазалыгы (эне тилинде таза сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгү);
- кептин тактыгы (эне тилинде так ой жүгүртүү менен жазуу жана сүйлөө ишмердигине ээ болуу);
- кептин тууралыгы (туура жазуу жана туура сүйлөө эрежелерине жараша эне тилинде туура жазуу жана туура сүйлөө ишмердигине ээ болуу);
- кептин логикалуулугу (эне тилинде сүйлөм курулушун туура өздөштүрүү менен, логикалуу сүйлөп, жаза алуу ишмердигин өздөштүрүү);
- кептин орундуулугу жана адеби (чөйрөгө ылайык эне тилинде орундуу жана адептүү сүйлөө ишмердүүлүгүнө жетишүү);
- кептин көркүүлүгү, эмоционалдуулугу жана байлыгы (эне тилинин кеңири жана бай лексикалык корун өздөштүрүү, аны кырдаалдарга жараша ыктуу колдоно алуу, чебер сүйлөө жана жазуу ишмердигине ээ болуу).

Ушул максаттарды көздөп, 11-класстын окуу курсуна кеп маданияты жана стилистика деп аталган жаңы курс кыргыз тилин окутуунун структурасына алгач ирет киргизилди.

Эгер, эне тилинде инсан мына ушундай сапаттуу сүйлөп жана жаза билүүгө тийиш деген талапты коё турган болсок, анда мектепте кыргыз тилин окутуу иши – мына ушундай талаптарды жүзөгө ашырууга багытталышы талап кылынат. Ал – илимий-методикалык да, турмуштук да талап болуп саналат. Албетте, ал талаптар эне тилин окутуунун максаттары менен милдеттерин аныктоого негиз болуп берет.

2.1. Эне тилин окутуунун максаты жана милдеттери

Максаты: окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө, кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компетенттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын нормаларын кебинде туура сактоого үйрөтүү.

Милдеттери:

1. Тааныш-билүүчүлүк. Окуучуну эне тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү. Эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты жана чындыкты чагылдыруунун куралы, ошондой эле башка окуу предметтери боюнча билим алуунун *да куралы* катары колдонууга көнүктүрүү. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигин жеткилең түшүндүрүү. Кыргыз тилинин фонетикалык системасын лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга үйрөтүү. Окуучуну эне тилинин тил бирдиктеринин маанисин жана функцияларын толук аңдап билүүгө, эне тилиндеги кубулуштарды, фактыларды талдай алууга үйрөтүү; оозеки жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоого машыктыруу.

2. Жүрүм-турумдук. Окуучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жана сүйлөшүү, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик

жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтүү. Ар кандай чөйрөдө жана тематикада оозеки-жазуу түрүндө сабаттуу сүйлөө-жазуу маданиятына үйрөтүү. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча текшере алууга, сын көз менен карап, аны дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылуу.

3. Баалуулук. Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көнүктүрүү. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого үйрөтүү.

2.2. Эне тилин окутуунун методологиялык негиздери

Кыргыз тилин эне тил катары окутуу-үйрөтүү иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Аны менен бирге, эне тилди окутууга болгон түшүнүк-мамиледе инсанга багыттап окутууга өзгөчө көңүл бурулат, окутуу-үйрөтүүнүн жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт.

Биринчи, эне тилин окутууну социалдаштыруу. Эне тилди окутууну социалдаштыруу реалдуу социалдык-турмуштук, коомдук азыркы суроо-талаптарга, муктаждыктарга жараша аныкталат. Азыркы кыргыз тили – кыргыз элинин улуттук тили, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, окуучулардын кыргыз (эне) тили окуу предмети, башка окуу предметтерин окуп-үйрөнүүнүн негизи болуп кызмат кылат. Демек, кыргыз тили кыргыз коомунун бардык чөйрөлөрүн бирдей тейлеп, кызмат кылууга тийиш. Мектеп окуучусу эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн, таалим-тарбия алуунун каражаты, өзүн-өзү таанып-билүүсүнүн, келечек максаттарын аныктоонун жана ага жетүүнүн кубаттуу куралы катары кабылдап, тилдик-кептик маалыматтарды жетишерлик өздөштүрүп, аларды өз кебинде колдоно алуусуна жетиштирүү максаты коюлат.

Экинчи, эне тилин окутууну гумандаштыруу. Мында эне тилди окутуу процессиндеги мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун мугалим менен ата-эненин ж.б. мамилелерин, карым-катышын, кызматташууларын бирин-бири сыйлаган, түшүнгөн, колдогон алда канча гумандуу, маданияттуу деңгээлге жеткирүү талабы алдыга чыгат. Кыргыз тили мугалими теориялык-лингвистикалык билимдердин жыйындысын берүүчү адис эмес, ал – окуучулардын эне тили боюнча алуучу билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн зарыл экендигин ынандырып-тастыктаган, аларды өздөштүрүүгө багыт берип, каражат-булагын ачып көрсөтүп, шарт түзүп, уюштуруучу субъект. Ал эми окуучу билимдердин жыйындысын алуучу, жыйноочу обьект гана эмес. Окуучу – социалдык-турмуштук суроо-талаптарга, жеке керектөөлөрүнө, муктаждыктарына жараша тилдик-кептик көндүмдөрдү өздөштүрүүчү субьект. Эне тили сабагы – эки тараптын (мугалим–окуучу) бирин-бири сыйлаган, бири-бирине ишенген, биргелешкен бир максатты көздөгөн бирдиктүү чыгармачыл жана жаратмандык иш-аракеттеринин ишке ашуу процесси. Ал максаттуу, жандуу жана эмоционалдуу сүйлөшүүгө негизделет. Мындай жандуу, кызыктуу эне тили сабагын уюштуруп, өткөрүүдө интерактивдүү методдор, дидактикалык-кырдаалдык оюндар, тексттер ж.б. маанилүү роль ойнойт.

Үчүнчү, эне тилин окутууну ааламдаштыруу. Бул эки багытта ишке ашырылышы талап кылынат. Биринчиси, эне тилин окутууда жалпы эле тилди окутуу боюнча дүйнөлүк деңгээлде иштелип чыккан коцепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. алардын соңку жетишкендиктерин, тажрыйба-табылгаларын кыргыз этноилимдеринин тыянак-сунуштары менен эриш-аркак колдонуу. Экинчиси, эне тилибиздин турмуш-тиричиликтин жеке, коомдук ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрү менен түрлөрүн,

улуттар аралык жана эл аралык карым-катнаштарды тейлөө маданиятын, мүмкүнчүлүктөрүн дүйнөлүк өнүккөн тилдердин колдонуу деңгээлине чейин көтөрүүгө аракет кылуу, көп тилдүү, көп маданияттуу чөйрөлөрдө татыктуу ордун алуусуна кам көрүү. Окутуу-үйрөтүү иштеринде бул маселеге артыкчылыктуу маани берүү.

Кыргыз тилин эне тил катары окутууга коммуникативдик-ишмердүүлүк мамиле жасалып, окутуунун мазмундук өзөгүн текст түзүүсү, ал эми сабак процессии жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, текст түзүү иштери аркылуу жүргүзүлүшү кажет. Текст тилдик-кептик бирдик болуу менен бирге эле, ал дидактикалык да бирдик болуп саналат. Текст эне тилди окутуунун маанилүү эки багытын: тил системасын таанып-билүүгө жана сүйлөшүүнүн норма-эрежелерин, түрдүү кырдаалдарда кептик жүрүм-турумдун үлгүсүн бириктирип үйрөтүүгө шарт түзөт. Бул шартта текст тилдик системаны тейлеген мыйзам, нормаларды ж.б. тилдин функционалдык маанилери аркылуу өздөштүрүүгө өбөлгө болот.

Функционалдык стилдердин түрлөрүнө жараша тексттерди класстар боюнча колдонуунун болжолдуу пайыздык катышы 1-таблицада берилди.

Класстар	Сүйлөшүү	Көркөм	Публицистика	Окуу-илимий	Иштиктүү стиль
5-7	5%	45-50%	30-35%	10%	5%
8-9	5%	30-35%	25-30%	15-20%	15%

Эне тилин окутууда элдик педагогиканын «жакшы сүйлөгөнгө сүйлөп гана үйрөнүүгө болот», «жакшы ойлонсоң, жакшы сүйлөйсүң» деген накыл-насаатын, улуттук этникалык-тилдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу талабы да коюлат. Орто мектепти бүткөн окуучу кеп ишмердүүлүгү – бул адам баласынын жеке, жалпы жана бардык ишмердүүлүктөрүнүн ажырагыс бөлүгү, компоненти экендигине бекем ынанууга тийиш. Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүп-өркүндөтүү ой-жүгүртүүгө, ой жүгүртүү аң-сезимге, ал таанып-билүүгө, ал эми таанып билүү кызыгууга, умтулууга байланыштуу, атүгүл көз каранды. Демек, кыргыз тилин окутууда окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү менен анын өзүн-өзү таанып-билүүсү, инсан катары калыптануусу, коомго, коомдогу социалдык-турмуштук жагдай-шарттарга жараша өз көз карашынын иштелип чыгышы, коллективде жашоого көнүгүүсү, турмуштук, ишмердүүлүк максатын аныктап, ага жетүүгө өбөлгө түзүлүшү, жеке суроо-талаптарын, муктаждыктарын канагаттандырууга жол табышы, тилди баарлашуунун максаты менен кырдаалына жараша колдоно билүүсү сыяктуу турмуштук зарыл компетенцияларга ээ болуусун камсыз кылуу маселелери чечилүүгө тийиш.

Окуу ресурстарын тандоонун жана окутуунун принциптери. Кыргыз тилин окутуунун стандарты окутуунун жалпы дидактикалык принциптерине (илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, табигыйлык, ырааттуулук, көрсөтмөлүүлүк ж.б.) жана жеке предметтик принциптерге негизделет. Предметтик принциптер эне тилди өздөштүрүүнүн мыйзам-ченемдеринен келип чыгат.

- Коммуникативдик принцип;
- Тил жана ойлоонун биримдиги принциби;
- Окуучулардын сүйлөшүү практикасынан тексттин теориясына өтүү принциби;
- Интеграциялык принцип;
- Стратегиялык принцип;
- Тил, кеп жана текстти биримдикте окутуу принциби.

Коммуникативдик-ишмердүүлүк багытты ишке ашырууну камсыз кылуучу төмөндөгүдөй окуу ресурстарын тандоо принциптери да эске алынат:

Дүйнө таануучулук принцип тилди дүйнө таанууну калыптандыруучу каражат катары, анын келип чыгышы, тарыхый өнүгүшү, функциялары, системалуулугу, тилдердин көп түрдүүлүгү, жазуу-сызуунун келип чыгышы, кыргыз эли, тарыхы, маданияты, кыргыз адабий тили жана аны коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө колдонуу, өнүктүрүү, сыймыктануу, коргоо ж.б. маалыматтарды камтыган окуу материалдарын (тексттерди) тандоону талап кылат.

Системалык-функционалдык принцип кептин түрдүү типтерине жараша тандалган жана түрдүү стилдердеги тексттерди колдонууну көңүлгө алат. Ал аркылуу окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык негиздерин үйрөтүү, кыргыз адабий тилин баарлашууну ишке ашыруучу, информация сактоону камсыз кылган система катары туюндурган негизги түшүнүктөрдү тандоо, өздөштүрүү ишке ашат.

Эстетикалык принцип эне тилдин байлыгын, анын көркөм сөз каражаттарын, кеп маданиятын, тексттин этикалык, эстетикалык жагдайларын талдап үйрөнүүнү талап кылат. Аларды өздөштүрүү менен окуучунун кебинин көркөм, орундуу, эмоционалдуу болуусун, кеп ишмердүүлүгүн сапаттуу өркүндөтүүнү көздөйт. Кыргыз жергесинин, кыргыз маданиятынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган тексттердин мазмунун жеткире өздөштүрүүгө багытталат.

Предмет аралык принцип кыргыз тилин окутуунун мазмунуна башка окуу предметтеринин материалдарын киргизүүнү, ал аркылуу окуучунун предметтер боюнча билимдерин тереңдетүү, бышыктоо максатын көздөйт.

Практикалык принцип эне тилдин практикалык негиздерине басым коюп, төмөнкүдөй милдеттерди чечет:

- тилдик фактыларды (жана тексттерди) талдоо, өздөштүрүү, классификациялоо, оңдоо, толуктоо, кайра түзүү, өз алдынча текст түзүү сыяктуу көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган окуу материалдарын тандоо;
- керектүү маалыматтарды табуу, текст менен иштөө, баалоо, кайра иштеп чыгуу, кырдаалдар жана чөйрөгө ылайык маек куруу, өз пикирин, тыянагын билдирүү;
- окуучулардын түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган окуу ишмердүүлүгүнүн формаларын, методдорун жана каражаттарын практикада колдонуу ж.б.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Предметтик компетенттүүлүктөрдү аныктоодо авторлор төмөнкүлөрдү эске алышты:

- Кептик-ой жүгүртүүчү ишмердүүлүгү төмөнкүдөй фазаларга ээ: мотив – максат – багыт алуу – пландаштыруу – ишке ашыруу – текшерүү;
- Кептик ишмердүүлүк процессинде сүйлөөчүнүн кебинде колдонулган грамматикалык категориялар жана угуучунун кебиндеги грамматикалык категориялар шайкештикте болот;
- Адамдын кеби анын дүйнө таанымын жана маданий деңгээлин чагылдырат.

Мына ушуга байланыштуу эне тилин окуп-үйрөнүүдө ээ болуучу төмөнкүдөй жалпы компетенттүүлүктөр белгиленди:

1) **тил таануучулук** – тилдин системасын, тактап айтканда, тилдин түзүлүшү, анын категориялары тууралуу билимге ээ болуу, анын ичинде орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү;

2) **кептик –** кептик кырдаалдарга жана тилдик нормаларга ылайык жазуу жана оозеки формада карым-катнашты ишке ашыруу, өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт жана сөздүк корун байытуу, байланыштуу кебин, сүйлөө, жазуу маданиятын өркүндөтөт;

3) **маданият таануучулук** – тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн үйрөнөт, тил аркылуу элдин улуттук баалуулуктарын таанып-билет, элдик жана этномаданий лексиканы өздөштүрөт.

Эми булардын ар бирин кененирээк түшүндүрсөк, тилдик компетенттүүлүккө ээ болуу өзүнө буларды камтыйт:

- 11-классты бүтүрүүчү эне тилинин жеке жана жалпы мыйзамдарын чагылдыруучу нормалар жана эрежелер боюнча билимге ээ болот, лингвистикалык маалыматтарды талдап -түшүндүрө алат, аналитикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот дегенди билдирет;
- тилдик бирдиктердин, тилдин системасындагы алардын функцияларын тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;
- лингвистикалык түшүнүктөрдү, алардын кептеги функциялары менен маанилерин тексттин стилдерине ылайык комплексттүү түшүнүшөт;
- тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасын, семантикасын тексттин стилдерине жараша айырмалай алышат;
- кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалай билишет;
- окуп үйрөнгөн орфограммалардын жана пунктуациялык эрежелердин көлөмүнө ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

Кептик компетенттүүлүккө ээ болуу булар менен түшүндүрүлөт:

- мектептин бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү-угуучу) карым-катнаштык негизде аткарылуучу милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүү дегенди билдирет.
- карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык жүрүп жаткан сүйлөшүүнүн же текстеги ойдун предметин жана темасын түшүнөт жана түшүндүрүп бере алат;
- тексттеги негизги идеяны жана кошумча маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды талдап салыштырат;
- мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл түрлөрүн, тексттин жанрлары менен стилдерин айырмалайт жана оозеки, жазуу жүзүндө пайдалана алат;
- адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;
- текстти ар кыл стилдик айырмачылыктарына (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт.
- маданият таануучулук компетенттүүлүккө ээ болуу булар менен түшүндүрүлөт:
- мектеп бүтүрүүчүсү эне тилин жетик өздөштүрүү аркылуу социалдык- маданий-кептик шартты жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү дегенди билдирет, б.а.:

- коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун да социалдык ролу менен маани-маңызын түшүнө алат;
- элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;
- кеп адебинин нормаларына ээ болот;
- тилдик жана коммуникативдик билгиликтер үч деңгээлде бааланат: продуктивдик, репродуктивдик жана креотивдик, демек окуучулар үйрөнгөнүн бекемдешет, ой жүгүртүү менен аларды практикада колдонушат жана өз алдынча чыгармачылык менен иш алып барышат.

2.4. Предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Түйүндүү билгиликтер (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чече билүүчүлүк) кыргыз тили сабагында предметтик: тил таануучулук, кептик жана маданият-таануучулук билгиликтер аркылуу калыптанат (2-чиймени караңыз).

2-чийме.Предметтик жана түйүндүү билгиликтердин байланышы



Турмуштук кырдаалдардан алынган кызыктуу тексттерди окуучулардын окуу (угуу) жана талкуулоо аркылуу ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, ал тексттердин мазмунундагы таанытуучу жана тарбиялык баалуулук багыттарды аныктап-талдоого окуучуларга көмөктөшүү-негизги иш-аракеттерден болуп саналат. Ал тексттерди сынчыл көз караш менен баалоо да абдан маанилүү, анткени ал тексттерден маалыматтарды табууга, башкалардын пикирлерин уга билүүгө жана өз пикирин калыптандырууга, түрдүү көз караштарды салыштырууга үйрөтөт.

Бай сөздүк корго ээ мектеп окуучусу өз оюн эркин жана так билдирүүгө жөндөмдүү болуу менен ар түрдүү кырдаал жана карым-катнаштын чөйрөлөрүндө жазуу жана сүйлөө аракеттери аркылуу көп ийгиликтерге жетишет. Эне тили боюнча карым-катнаштын маданиятына жетишүү бул – башка элдердин да маданиятын сыйлоо сезимин өнүктүрүүнү жөнгө салат.

Предметтик билгиликтерди аныктоодо авторлор төмөндөгүлөрдү:

- кеп-ой жүгүртүү ишмердиги «мүдөө – максат – багыт алуу – пландоо – жүзөгө ашыруу – көзөмөлдөө» ирээти менен жүрөрүн;

- кеп ишмердигинде сүйлөөчүнүн кебинде колдонулган грамматикалык категориялар жана угуучунун кебиндеги грамматикалык категориялар шайкештикте болорун эске алышты.

Буга негизденип байланыштуу кептик, тил таануучулук жана маданият таануучулук билгиликтер бөлүнүп алынды.

- Кептик билгилиги – кеп ишмердигинин негизги 4 түрүндөгү (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) билгичтиктерди өнүктүрүүнү жүзөгө ашырат.

- Тил таануучулук билгилиги аркылуу – негизги мектеп үчүн тандап алынган темаларга, баарлашуу чөйрөлөрү менен кырдаалдарына жараша тилдик (фонетикалык, орфографиялык, лексикалык, грамматикалык) каражаттарды колдоно билүү, үйрөнүлүп жаткан тилдеги өзгөчөлүктөр жөнүндө билимдерди, ойду туюнтуучу ар түрдүү ыкмаларды өздөштүрүүгө жетишилет.

- Билгичтиктерди өнүктүрүүдө маалымат алуу жана алган маалыматтарды башкаларга өткөрүп берүү үчүн тилдик каражаттардын жетишсиздиги эске алынат. Мындай учурда реалдуу баарлашуу шартында жетишпеген билимдердин ордун толуктоо үчүн катнаш стратегияларын колдоно билүү зарыл болот.

Азыркы заманбап методиканын өзгөчөлүгү окуу процессинин шарттарын табигый катнаш шарттарына жакындатууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Андыктан мугалим менен окуучунун эки тараптуу, биргелешкен чыгармачыл ишмердигинин натыйжасында предметтик (тил таануучулук, кептик жана маданият таануучулук) билгиликтерди калыптандырууга зор маани берилет. Предметтик билгиликтер окуучулардын чыныгы муктаждыктарына, катнаш үчүн зарыл жана өз ара макулдашылган билгичтиктеринин мүмкүнчүлүгүнө жараша аныкталып, маалыматтык, социо-катнаштык, өз ишмердигин уюштырууга жана маселе чечүүгө байланышкан орчундуу билгиликтерди калыптандырууга шарт түзөт.

2.5. Мазмундук түзүм. Окуу материалдарынын мазмундук түзүмдөргө жана класстарга жараша бөлүштүрүлүшү

Кыргыз тили предметинин мазмуну жөнөкөйдөн татаалга кеткен өз алдынча системаны түзүп турат. Ал кыргыз тилин эне тили катары окутуунун негизги багыттары катары эсептелинет жана ал мугалим менен окуучуга предмет боюнча түшүнүктү жалпылап жана бүтүндүгүн түшүндүрөт.

Кыргыз тилинин мазмунунун өзөгүн төмөндөгү бөлүктөр түзөт:

- сөз, анын тилдеги жана кептеги орду;
- сүйлөм, анын тилдеги жана кептеги орду;
- байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст жана стилдер;
- орфография;
- пунктуация.

Бул мазмундук өзөк окутуунун бардык этаптарын аралап өтүүчү сызыкты түзөт жана ар бир класстын тиешелүү учурларында ачылып берилет. Курс кыргыз тилин башталгыч класстардан тартып окутуунун логикалык уландысы болуп саналат, т.а. жалпы мазмун, окуп-үйрөнүүнүн формалары менен методдору уланмалуулук принцибинин негизинде түзүлгөн.

Курс төмөндөгүдөй этаптарга бөлүнөт:

Аталган курстардын урунттуу мазмуну төмөндөгүдөй:

1-этап. 5-класс: башталгыч класс менен жогорку класстардын материалдарын камтыган аралык этап.

Бул этапта текст жөнүндө, тил бирдиктери: сөз, сөз айкаштары, сүйлөм, алардын кептеги кызматы жөнүндө маалыматтар кайталанат, тереңдетилет. Фонетика, орфоэпия жана графика боюнча («сөз жана анын тыбыштык кабы (кабыгы)») маалыматтар өзүнчө бөлүктөр менен берилет.

2-этап. 6-7-класстар: морфология курсу

3-этап. 8-9-класстар: синтаксис курсу

Мындан сырткары, байланыштуу кеп, кеп маданияты, кептин түрлөрү, текст жана стилдер боюнча окуу материалдары тереңдетилет. Окуучулардын жазуу жана оозеки багыттагы практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

Окуу курсунун мазмунунун түшүндүрмөсү.

Мазмундук өзөктүн биринчи, т.а. “Сөз, анын тилдеги жана кептеги орду” аттуу бөлүгүндө сөздүн мааниси, кептеги ролу, сөз түркүмдөрү, алардын түрлөрү, кептеги кызматы ачылып берилет;

“Сүйлөм жана анын кептеги орду” аттуу бөлүгүндө сөз айкашы, сүйлөм, алардын түрлөрү, сүйлөмдүн кептеги коммуникативдик кызматы ачылып берилет;

«Байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст жана стилдер» (5-9-кл.) аттуу бөлүгүндө байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст, анын түзүлүшү жана стилдер тууралуу түшүнүк берилет жана окуучулардын байланыштуу кебин өтүктүрүү, текст түзүп жазуу-сүйлөө ишмердүүлүгүн өркүндөтүү иштери аткарылат;

Орфография (5-9-кл.) бөлүгүндө окуучулардын орфографиялык сабаттуулугу бекемделинет;

Пунктуация (5-9-кл.) бөлүгүндө окуучулар сүйлөмдөрдү жазуудагы сабаттуулугу бекемделинет.

Бул этаптардын ар биринин өзөгүн байланыштуу кеп, кептин түрлөрү жана стилдер, кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрү (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) аралап өтөт. Ал материалдар жөнөкөйдөн татаалга кеткен системалык ырааттуулук менен ар бир этапта ар бир класста грамматикалык-лексикалык материалдар менен бирге жуурулуштуруп сунушталып отурат.

5-класс

Фонема жөнүндө түшүнүк

Үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө түшүнүк. Үндөштүк мыйзамы (сингармонизм) жөнүндө түшүнүк.

Лексика жана кеп маданияты бөлүмүндө лексика жөнүндө түшүнүк аттуу темада сөздүн лексикалык жана грамматикалык мааниси, бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, тика жана кыйыр маанилери, синоним, антоним жана омонимдер;

Сөз жасоо, сөздүн курамы аттуу бөлүмдө – сөздүн уңгу жана мүчөсү, сөз мүчөлөрүнүн түрлөрү, уңгулаш сөздөр.

Сөз түркүмдөрүнөн – зат атооч, алардын грамматикалык түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал зат атоочтор болуп бөлүнүшү, зат атоочтордун мүчөлөргө жараша өзгөрүштөрү, алардын жөндөлүшү.

Сын атооч, алардын грамматикалык түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал сын атооч болуп бөлүнүшү, туунду жана тубаса сын атоочтор;

Этиш сөз түркүмү, алардын грамматикалык түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал этиштер болуп бөлүнүшү, негизги жана жардамчы этиштер, этиштин жакталышы, чактары, аларды уюштуруучу формалар;

Жөнөкөй сүйлөм жана анын түрлөрү (баш жана айкындооч мүчөлөр, бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланыш каражаттары. Тике жана кыйыр сөз. Адеп диалогу.

Текст. Текст, анын мүнөздүү белгилери (тексттин тематикалык, маанилик, стилдик, грамматикалык бүтүн бирдиги).Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм, тексттин темасы жана негизги ою.Текстке ат коюу (темага же негизги ойго байланыштуу).Тексттин планы тууралуу түшүнүк. Жөнөкөй план.

Кептин түрлөрү. Кептин түрлөрү: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү (жалпы маалымат).Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери. Сүрөттөө жөнүндө жалпы маалымат. Сүрөттөө объектилеринин түрлөрү: жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө.

6-класс

Лексика, фразеология, лексиография, фразеология жана кеп маданияты бөлүмүнөн.

Кыргыз тилинин сөздүк кору, анын ар түрдүү катмарлары. Диалектилик, кесиптик сөздөр. Терминдер. Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү: историзмдер, архаизмдер, неологизмдер.

Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк. Лексикография. Лексикография жөнүндө түшүнүк.

Сөз жасоо, орфография жана кеп маданияты бөлүмүнөн: Сөз жасоонун жолдору. Сөз жасоочу мүчөлөр, алардын түрлөрү, Сөздүн синтаксистик жол менен жасалышы, татаал сөздөр, алардын түрлөрү. Сөздүн лексикалык-семантикалык жол аркылуу жасалышы.

Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелери.

Морфология, орфография жана кеп маданияты бөлүмүнөн: Зат атоочтун жөндөлүш типтери.

Сын атоочтун даражалары. Сын атоочтун түрлөрү. Сын атоочтун жазылышы.

Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Сан атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Сан атоочтун маанилерине карай бөлүнүшү.

Ат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Ат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү.

Этиштин ыңгайлары. Этиштин мамилелери. Этиштин мамилелери жөнүндө түшүнүк.

Жөнөкөй сүйлөм (айкындооч мүчөлөр, бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз).

Татаал сүйлөм: Тике сөздү камтыган багыныңкы татаал сүйлөм. Тике жана кыйыр сөз. Диалог жана монолог

Текст. Тексттин мүнөздүү белгилери (кайталоо).Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин темасы; тема жана подтема. Тексттин түзүлүшү, окуянын башталышы, өнүгүшү жана аякташы. Абзац, анын текст түзүүдөгү мааниси. Тексттин жөнөкөй планы (тереңдетип үйрөтүү).

Кептин түрлөрү. Жандуу, жансыз заттарды, айлана-чөрөнү сүрөттөө (кайталап бышыктоо же тереңдетип кайталоо).

Кептин стилдери. Стиль жөнүндө түшүнүк. Кептин оозеки жана жазма стили. Оозеки сүйлөшүү стилинин мүнөздүү белгилери (алгачкы маалымат). Көркөм стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык,

морфологиялык, синтаксистик). Расмий эмес иш кагаздар. Тил кат. Ишеним кат. Дарек (адрес). Телеграмма.

7-класс

Морфология, орфография жана кеп маданияты.

Тактоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Тактоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү.

Тууранды сөздөрдүн сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү.

Сырдык сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык мүнөздөмөсү. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү. Сырдык сөздөрдүн жазылышы жана колдонулуучу тыныш белгилер.

Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүнүк. Атоочтуктар жана чакчылдар.

Кызматчы сөздөрдүн маани бербөөчү сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, алардын түрлөрү. Жандоочтор, кызматчы сөз катары негизги касиети. Жандоочтордун бөлүнүшү. *Бөлүкчөлөр*, алардын негизги касиети. Бөлүкчөлөрдүн бөлүнүшү. Жөнөкөй сүйлөм (атоочтук жана чакчыл түрмөктөр)

Текст. Тексттин темасы, анын бөлүнүшү (кеңейтип кайталоо). *Тексттин маанилик бүтүндүгү*. Тексттин бөлүктөрү: тексттеги ойдун башталышы, өнүгүшү, аякташы (кайталоо).Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттары (сөздөрдүн кайталанышы, 3 жактагы жактама, шилтеме ат атоочтор, синоним жана антоним сөздөр, тектеш аталуулар). Орундуу кайталоо, анын зарылдыгы. Орунсуз кайталоо, аны чектетүүнүн жолдору.

Кептин түрлөрү. Баяндоо, сүрөттөө (айлана-чөйрөнү) (кайталоо). Ал-абалды (адамды, айбанды) сүрөттөө. Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери.

Кептин стилдери. Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары (кайталоо). Илимий стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөсү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик).

Публицистикалык стиль тууралуу жалпы түшүнүк. Расмий эмес иш кагаздары. Өмүр баян. Мүнөздөмө. Аннотация. Түшүнүк кат.

8-класс

Сөз айкашы, анын мүнөздүү белгилери. Сөз айкашынын түрлөрү. Сүйлөм, анын негизги белгилери. Сүйлөмдүн айтылыш максаттарына карай бөлүнүшү. Сүйлөмдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.

Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү баш жана айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай бөлүнүшү. Эки тутумдуу жана бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр.

Сүйлөм мүчөлөрү, анын баш жана айкындооч мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк.

Ээ, анын грамматикалык түзүлүшү, жөнөкөй жана тутумдаш ээ. Баяндооч, анын грамматикалык түзүлүшү, жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочтор. Баяндоочтун түрлөрү.

Аныктооч, анын грамматикалык түзүлүшү: жөнөкөй жана татаал аныктоочтор. *Толуктооч,* анын грамматикалык түзүлүшү: жөнөкөй жана татаал толуктоочтор. *Бышыктооч,* анын грамматикалык түзүлүшү: жөнөкөй жана татаал бышыктоочтор.

Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери.

Сүйлөм тутумунда сөздөрдүн көндүм болгон түз орун тартиби жана өзгөргөн терс орундары.

Текст. Тексттин түрлөрү, тексттеги абзац, микротема (тереңдетип кайталоо).Тема менен негизги ойдун сүйлөмдөгү орун тартиби түз жана өзгөргөн, терс экспрессивдүү

орун тартиби. Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (уланма байланыш, темалар аралык байланыш, удаалаш байланыш). Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыштыруучу тил каражаттары.

*Кептин түрлөрү.*Сүрөттөөнүн объектилери: жандуу, жансыз заттар, орун, айлана-чөйрө, ал-абал (кайталоо).Ой жүгүртүүнүн структурасы: тезис, далилдер, тыянак, аларды байланыштыруучу каражаттар. Ой жүгүртүүнүн баяндоодон жана сүрөттөдөн болгон айырмачылыгы.

Кептин стилдери. Илимий стилге мүнөздүү тил каражаттары жана андагы кептин берилиш өзгөчөлүгү (кайталоо). *Публицистикалык стиль:* колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Публицистикалык стилде аткарылуучу иштерге мүнөздөмө. Макала (дубал газетага). Газеттик жана журналдык кабарлар, жаңылыктар.

9-класс

Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү тууралуу түшүнүк жана алардын түрлөрү.

Сүйлөмдө мүчө боло албаган сөздөр. *Каратма сөз, Киринди сөз.* Сырдык сөз.

Атоочтук түрмөк, чакчыл түрмөк.

Татаал сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: тең байланыштагы татаал сүйлөм, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын жөнөкөй сүйлөмдөн айырмасы.

Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.

Төл жана бөтөн сөз. Бөтөн сөздү колдонуу жолдору: тике жана кыйыр сөз.

Жазууда тыныш белгилерин колдонулуш мааниси, кызматы. Тыныш белгилерди колдонуунун негизги эрежелери.

Текст, анын мүнөздүү белгилери боюнча билимдерди системалаштыруу жана жалпылаштыруу.

Кептин түрлөрү. Кептин түрлөрү боюнча билимдерин системалаштыруу жана жалпылаштыруу. Кептин түрлөрү менен кептин стилдеринин карым-катнашы, баяндоо, сүрөттөөнүн көркөм стиль менен карым-катнашы.

Кептин стилдери. Публицистикалык стилдин башка стилдерден өзгөчөлүгү (тереңдетип, кеңейтип кайталоо).Расмий-иштиктүү стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулган тил каражаттары.Расмий эмес иш кагаздары боюнча өтүлгөндөрдү тереңдетүү жана алардын татаал түрлөрүн (мүнөздөмө, токтом, отчет) өздөштүрүү.Расмий иш кагаздары: мыйзам, указ, буйрук. Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге мүнөздөмө. Тезис. Доклад.

Окуу материалын мазмундук түзүмдөргө жана класстарга жараша бөлүштүрүлүшү

Мазмундук өзөк	**5-класс**	**6-класс**	**7-класс**	**8-класс**	**9-класс**
Сөз, анын тилдеги жана кептеги орду	Фонетика жана графика жөнүндө түшүнүк. Үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө түшүнүк. Үндөштүк мыйзамы (сингармонизм) Лексика жана кеп маданияты Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, тике жана кыйыр маанилери, синоним, антоним жана омонимдер	Үнсүз тыбыштардын классификациясы. Үнсүздөрдүн окшошуусу жана окшошпоосу. Фонема. Лексика, фразеология, лексиография, фразеология жана кеп маданияты. Кыргыз тилинин сөздүк кору, анын ар түрдүү катмарлары. Диалектилик, кесиптик сөздөр. Терминдер. Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү: историзмдер, архаизмдер, неологизмдер. Фразеологизмдер. Лексикография.	Морфология, орфография жана кеп маданияты. Тактоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Тактоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Тууранды сөздөрдүн сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү. Сырдык сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык мүнөздөмөсү. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү. Сырдык сөздөрдүн жазылышы жана колдонулуучу тыныш белгилер. Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүнүк. Атоочтуктар жана чакчылдар. Кызматчы сөздөрдүн маани	Сөз айкашы, анын мүнөздүү белгилери. Сөз айкашынын түрлөрү.	Каратма сөз, Киринди сөз. Сырдык сөз.
	Сөз жасоо, сөздүн курамы. Сөздүн уңгу жана мүчөсү, сөз мүчөлөрүнүн түрлөрү, уңгулаш сөздөр.	Сөз жасоо, орфография жана кеп маданияты Сөз жасоонун жолдору. Сөз жасоочу мүчөлөр, алардын түрлөрү, Сөздүн синтаксистик жол менен жасалышы, татаал сөздөр, алардын түрлөрү. Сөздүн лексикалык-семантикалык жол аркылуу жасалышы.			
	Сөз түркүмдөрү. Зат атооч, жөнөкөй жана татаал зат атоочтор	Морфология жана кеп маданияты. Зат атоочтун жөндөлүшү. Сын атооч,		Зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш	Атоочтук түрмөк, чакчыл түрмөк.

	болуп бөлүнүшү, зат атоочтордун мүчөлөргө жараша өзгөрүшү, алардын жөндөлүшү. Сын атооч, жөнөкөй жана татаал сын атооч болуп бөлүнүшү, туунду жана тубаса сын атоочтор. Этиш, жөнөкөй жана татаал этиштер, негизги жана жардамчы этиштер, этиштин жакталышы, чактары, аларды уюштуруучу формалар	даражалары. Сын атоочтун түрлөрү, жазылышы. Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Сан атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Сан атоочтун маанилерине карай бөлүнүшү. Ат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Ат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Этиштин ыңгайлары. Этиштин мамилелери.	бербөөчү сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, алардын түрлөрү. Жандоочтор, кызматчы сөз катары негизги касиети. Жандоочтордун бөлүнүшү *Бөлүкчөлөр*, алардын негизги касиети. Бөлүкчөлөрдүн бөлүнүшү.		
Сүйлөм, анын тилдеги жана кептеги орду	Жөнөкөй сүйлөм жана анын түрлөрү (баш жана айкындооч мүчөлөр, бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз)	Жөнөкөй сүйлөм (айкындооч мүчөлөр, бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз)	Жөнөкөй сүйлөм (атоочтук жана чакчыл түрмөктөр)	Сүйлөм, анын негизги белгилери. Сүйлөмдүн айтылыш максаттарына карай бөлүнүшү. Сүйлөмдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Эки тутумдуу, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм. Сүйлөм мүчөлөрү, анын баш жана айкындооч мүчөлөрү. Ээ, жөнөкөй жана тутумдаш ээ. Баяндооч, жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочтор. Баяндоочтун түрлөрү. *Аныктооч,* жөнөкөй, татаал аныктооч	Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү
	Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланыш каражаттары	Татаал сүйлөм: Тике сөздү камтыган багыныңкы татаал сүйлөм	Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү. Атама сүйлөм. Кемтик сүйлөм.		Татаал сүйлөм, тең байланыш-тагы татаал сүйлөм, багыны-ңкы байланыш-тагы татаал сүй-лөм. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.

				тоочтор. *Толуктооч,* жөнөкөй, татаал толуктоочтор. *Бышыктооч,* жөнөкөй, татаал бышыктоочтор. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери. Сүйлөм тутумунда сөздөрдүн түз орун тартиби жана өзгөргөн терс орундары.	
	Тике жана кыйыр сөз. Адеп диалогу.	Тике жана кыйыр сөз. Диалог жана монолог		Тике жана кыйыр сөз. Цитата.	Төл жана бөтөн сөз, тике жана кыйыр сөз
Байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст жана стилдер	Текст, анын мүнөздүү белгилери (тексттин тематикалык, маанилик, стилдик, грамматикалык бүтүн бирдиги). Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм, тексттин темасы жана негизги ою. Текстке ат коюу (темага же негизги ойго байланыштуу). Тексттин планы тууралуу түшүнүк. Жөнөкөй план.	Тексттин мүнөздүү белгилери (кайталоо). Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин темасы; тема жана подтема. Тексттин түзүлүшү, окуянын башталышы, өнүгүшү жана аякташы. Абзац, анын текст түзүүдөгү мааниси. Тексттин жөнөкөй планы (тереңдетип үйрөтүү).	Тексттин темасы, анын бөлүнүшү (кеңейтип кайталоо). *Тексттин маанилик бүтүндүгү.* Тексттин бөлүктөрү: тексттеги ойдун башталышы, өнүгүшү, аякташы (кайталоо). Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттары (сөздөрдүн кайталанышы, 3 жактагы жактама, шилтеме ат атоочтор, синоним жана антоним сөздөр, тектеш аталуулар). Орундуу кайталоо, анын зарылдыгы. Орунсуз кайталоо, аны чектетүүнүн жолдору.	*Текст.* Тексттин түрлөрү, тексттеги абзац, микротема (тереңдетип кайталоо). Тема менен негизги ойдун сүйлөмдөгү орун тартиби түз жана өзгөргөн, терс экспрессивдүү орун тартиби. Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (уланма байланыш, темалар аралык байланыш, удаалаш байланыш). Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыштыруучу тил каражаттары.	*Текст,* анын мүнөздүү белгилери боюнча билимдерди системалаштыруу жана жалпылаштыруу

	Кептин түрлөрү: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү (жалпы маалымат). Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери. Сүрөттөө жөнүндө жалпы маалымат. Сүрөттөө объектилеринин түрлөрү: жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө. *Кептин стилдери*: оозеки стиль, жазма стиль. Расмий жана расмий эмес иш кагаздар. кулактандыруу, арыз, чакыруу кагазы	*Кептин түрлөрү.* Жандуу, жансыз заттарды, айлана-чөрөнү сүрөттөө (кайталап бышыктоо же тереңдетип кайталоо). *Кептин стилдери.* Стиль жөнүндө түшүнүк. Кептин оозеки жана жазма стили. Оозеки сүйлөшүү стилинин мүнөздүү белгилери (алгачкы маалымат). Көркөм стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Расмий эмес иш кагаздар. Тил кат. Ишеним кат. Дарек (адрес). Телеграмма.	*Кептин түрлөрү.* Баяндоо, (айлана-чөйрөнү) сүрөттөө (кайталоо). Ал-абалды (адамды, айбанды) сүрөттөө. Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери. *Кептин стилдери.* Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары (кайталоо). Илимий стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөсү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Публицистикалык стиль тууралуу жалпы түшүнүк. Расмий эмес иш кагаздары. Өмүр баян. Мүнөздөмө. Аннотация. Түшүнүк кат.	*Кептин түрлөрү.* Сүрөттөөнүн объектилери: жандуу, жансыз заттар, орун, айлана-чөйрө, ал-абал (кайталоо). Ой жүгүртүүнүн структурасы: тезис, далилдер, тыянак, аларды байланыштыруучу каражаттар. Ой жүгүртүүнүн баяндоодон жана сүрөттөдөн айырмачылыгы. *Кептин стилдери.* *Илимий стилге* мүнөздүү тил каражаттары жана андагы кептин берилиш өзгөчөлүгү (кайталоо). *Публицистикалык стиль:* колдонулуш чөйрөлөрү, милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Публицистикалык стилде аткарылуучу иштерге мүнөздөмө. Макала (дубал газетага). Газеттик жана журналдык кабарлар, жаңылыктар.	*Кептин түрлөрү.* Кептин түрлөрү боюнча билимдерин системалаштыруу жана жалпылаштыруу. Кептин түрлөрү менен кептин стилдеринин карым-катнашы, баяндоо, сүрөттөөнүн көркөм стиль менен карым-катнашы. *Кептин стилдери.* Публицистикалык стилдин башка стилдерден өзгөчөлүгү (тереңдетип, кеңейтип кайталоо). Расмий-иштиктүү стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулган тил каражаттары. Расмий эмес иш кагаздары боюнча өтүлгөндөрдү тереңдетүү жана алардын таталл түрлөрүн (мүнөздөмө, токтом,

					отчет) өздөштүрүү. Расмий иш кагаздары: мыйзам, указ, буйрук. Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге мүнөздөмө. Тезис. Доклад.
Орфография	Бир сөз ичинде **к,п** тыбыштарынын **г,б** тыбыштарына өзгөрүп жазылышы. **С-з, к-г, д-т, б-п, ч–ш** түгөйлүү үнсүздөрдүн жазылышы. Созулма үндүүлөрдүн туура жазылышы. **ъ,ь** белгилеринин туура жазылышы.	Сөздөрдү, сөз мүчөлөрүнүн жазуу эрежелери; сөздөрдү бирге, бөлөк, дефис аркылуу жазуу эрежелери; баш тамгаларды жазуу; ташымал.			
	Сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери. Зат атооч, сын атооч, этиш.	Сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери. Зат атооч, сын атооч, сан атооч , ат атооч. Этиштин ыңгайлары. Этиштин мамилелери.	Сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери. Тактооч, тууранды сөздөр, сырдык сөздөр, этиштин өзгөчө формалары, кызматчы сөздөрдүн жазылышы.	Маани берүүчү жана кызматчы сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери. Зат атооч, категориялары. Этиш жана анын категориялары.	Тике жана кыйыр сөз Төл жана бөтөн сөздүн жазылышы. Атоочтук түрмөк, чакчыл түрмөктөрдүн жазылышы.
	бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз	бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз	атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн жазылышы		
Пунктуация	Сүйлөмдүн аягындагы тыныш белгилери				
	Баш мүчөлөрдүн арасына сызыкчанын коюлушу. Бир өңчөй	Бир өңчөй мүчөлөрдө, каратма сөздө, киринди сөздө коюлуучу тыныш	Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн жазууда белгилениши. Тууранд-	Жөнөкөй сүйлөм. Жөнөкөй сүйлөмдөгү сызыкча. Бир өңчөй	Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрүндөгү

	мүчөлөрдө, каратма сөздө, киринди сөздө коюлуучу тыныш белгилер	белгилер. Расмий эмес иш кагаздардагы тыныш белгилер	ы сөздөр менен сырдык сөздөрдө илеп белгисинин коюлушу.	мүчөлөрдө үтүр.	тыныш белгилери.
	Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасындагы тыныш белгилер.	Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасындагы тыныш белгилер.	Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасындагы тыныш белгилер.		Татаал сүйлөмдө, тең байланыштагы татаал сүйлөмдө, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөгү тыныш белгилери. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөгү тыныш белгилери.
	Тике жана кыйыр сөздөгү тыныш белгилер.			Цитатаны белгилеп жазуудагы тыныш белгилери.	Төл жана бөтөн сөз, тике жана кыйыр сөздөгү тыныш белгилери.

2.6. Предмет аралык байланыш. Тематикалык линиялар

Сабактын элементи катары предмет аралык байланыштарды мугалимдер башка предметтерден алынган билимдерди пайдалануу менен сабактын ар кайсы баскычында колдонсо болот.

Кыргыз тилин башка предметтер менен байланыштыруу мисалдары:

Адабият. Предмет аралык байланыштын негизги булагы болуп тилди окуп-үйрөнүүнүн башкы таянычы катары текст жана текст менен иштөө саналат. Ар бир модулда авторлордун чакан чыгармалары менен өмүр баяндары колдонулат.

География. Окуучуларга Кыргызстандын жайгашкан жери, аны менен чектеш кошуна мамлекеттер тууралуу негизги географиялык маалыматтар камтылган тексттер сунушталат. Бул учурда мугалим окуучуларга Кыргыз Республикасынын, дүйнөнүн географиялык карталары менен иштөөнү сунуштаса болот.

Биология. Окуучулар көнүгүү, машыгуу иштеринде өсүмдүктөр, алардын түзүлүшү, канаттуулар ж.б. тууралуу жөнөкөй маалыматтарды камтыган, алардын түзүлүшүн сүрөттөгөн тексттер пайдаланылат.

Көркөм сүрөт. Окуу-чыгармачылык иш түрүндөгү (өз үй-бүлөсүн, үйүн, бөлмөсүн, мектебин тартуу, бул чогултулган материалдан) маалымат объектисин түзүп даярдоо.

Информатика. Шаблондорду пайдалануу менен жүзачар түрүндө комплекстүү маалымат объектисин даярдоо. Слайд түрүндө жүзачарларды түзүү: жүзачар элементтерин түзүү (текст, таблица, сүрөт, схема ж.б.); сабакка тиешелүү сүрөттөрдү топтоо; анимация жасоо. Жүзачарды проектордо же монитордо көрсөтүү.

Музыка. Азыркы кездеги заманбап, популярдуу жана балдарга жаккан музыканын түрлөрү мааниси жагынан балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалып алынат. Музыкалык чыгарманын автору, жазылышы тууралуу маалымат менен таанышырылат. Кептик үлгүлөрдү колдонуп, музыкалык чыгарманын текстинин мазмуну менен иштешет.

3-БӨЛҮМ Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуучулардын билиминен күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

Биринчи цифрада класстар берилген, экинчи -мазмундуу багыт, үчүнчү – предметтик компетенттүүлүк, төртүнчү – күтүлүүчү натыйжа.

Мисалы 5.2.1.1- бул “5”- бешинчи класс “1”-мазмундук багыт “Тил жана кеп” “1”- тилдик компетенттүүлүк “1”- күтүлүүчү натыйжа	Мисалы: 7.3.3.1- бул: “7”- жетинчи класс “3”- мазмундуу багыт “Тилдеги жана кептеги сөз” “3”- маданияттык компетенттүүлүк “1”- күтүлүүчү натыйжа	Мисалы: 9.2.2.1- бул: “9”- тогузунчу класс “2”-мазмун. б.“Кептеги жана тилдеги сүйлөм” “2”- тилдик компетенттүүлүк “1”- күтүлүүчү натыйжалар

№	Мазмундук багыт	5-класс	6-класс	7-класс	8-класс	9-класс
1	**Тилдеги жана кептеги текст**	5.1.1.1.Текстгин типтери (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана кептин стилдеринин (сүйлөшүү, көркөм, илимий) түзүлүшү жөнүндө айтып беришет; оозеки, жазуу түрүндө тексттерди түзүп алышат.	6.1.1.1. Кептин расмий иштиктүү жана илимий стилдеринин текстин айырмалай алышат.	7.1.1.1.Публицистикалык стилдин тексттерин аныктай алышат.	8.1.1.1. Кептин стилдеринин официалдык- иштиктүү, көркөм, илимий жана публицистикалык стилистикалык өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүп беришет.	9.1.1.1. Кептин стилдеринин официалдык- иштиктүү, көркөм, илимий жана публицистикалык жактан тексттерге стилистикалык анализ жасайт.
		5.1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде тексттин түзүлүшү, кептин типтери жана стилдери (оозеки, илимий жана көркөм) жөнүндө маалыматтарды оозеки жана жазма кепте колдонушат.	6.1.2.1.Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде өздүк тексттерди түзүүдө кептин официалдуу-иштиктүү жана көркөм стилдеринин тилдик өзгөчөлүктөрү колдонулат.	7.1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде өздүк тексттерди түзүүдө кептин публицистикалык стилинин тилдик өзгөчөлүктөрү колдонулат.	8.1.2.1.Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде кептин официалдуу-иштиктүү, көркөм жана илимий публицистикалык стилдеринин жөнөкөй сүйлөм синтаксиси боюнча маалыматтарды колдонуу менен өздүк	9.1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде кептин официалдуу- иштиктүү, көркөм жана илимий публицистикалык стилдеринин жөнөкөй жана татаал сүйлөм синтаксиси боюн-

					текстерди түзөт.	ча маалыматтарды колдонуу менен өздүк текстерди түзөт.
		5.1.3.1. Коомчулуктун жашоосундагы тилдин ролун түшүнөт.	6.1.3.1. Тилдин жана маданияттын байланыштарын түшүндүрөт.	7.1.3.1.Кыргыз тилинин келип чыгуусу жөнүндө маалыматка ээ болот.	8.1.3.1. Өзүнүн жашоосундагы жана азыркы мезгилдеги кыргыз тилинин ролун түшүнүшөт. Демонстрациялайт.	9. 1.3. 1. Өнүгүп келе жаткан кубулуш жана система катары тил жөнүндө маалыматка ээ болушат.
2	**Тилдеги жана кептеги сүйлөм**	5.2.1.1. Татаал сүйлөмдөгү байланыш каражаттары, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилеринин түзүлүшү,коммуникативдик функциялар жөндө билишет жана практикада колдонушат	6.2.1.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнүн түзүлүшүн түшүндүрөт, кептин тике жана кыйыр маанисин айырмалайт.	7.2.1.1. Сүйлөмдөгү атоочтукту жана атоочтук түрмөктөрдү, чакчыл жана чакчыл түрмөктөрдү аныктайт.	8.2.1.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн бардык түрлөрүнө анализ жүргүзөт, бөтөн кепти жөнөтүү ыкмалары жөнүндө билет.	9.2.1.1.Татаал сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилеринин түзүлүшү, коммуникативдик функциялары жөнүндө билет.
		5.2.2.1.Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилеринин түзүлүшү жана коммуникативдик функциялар жөнүндө маалыматтарды оозеки жана жазма кепте колдонот.	6.2.2.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшү, тыныш белгилери жана анын түрлөрү жөнүндө маалыматтарды колдонуу менен жөнөкөй сүйлөм түзөт, тике сөздү кыйыр сөзгө алмаштырат.	7.2.2.1. Атоочтуктан жана атоочтук түрмөктөрдөн, чакчыл жана чакчыл түрмөктөрдөн сүйлөм түзөт.	8.2.2.1. Тике сөздөн кыйыр сөздү пайда кылат жана жөнөкөй сүйлөмдүн бардык түрлөрүн түзөт.	Коммуникативдик маселелерге жараша татаал сүйлөмдүн ар кандай түрлөрүн түзөт.
		5.2.3.1. Күнүмдүк мамиле түзүүдөгү этикеттик нормалар менен таанышат, практикада колдонушат.	6.2.3.1. Мамиле түзүүдө (диалог, монолог) кырдаалга жараша тил каражаттарын колдонот	7.2.3.1. “Жакшы” кепти түзүү үчүн атооч жана атоочтук түрмөктөр менен конструкциялардын маанисин демонстрациялайт (көрсөтөт).	8.2.3.1. Кептин стилдерине, анын нормаларына карай жөнөкөй сүйлөмдүн элементтерин пайдаланат.	

3	**Тилдеги жана кептеги сөз**	5.3.1.1. Кептин толук маанилүү бөлүктөрү жана сөз жасоочу негизги ыкмалары жөнүндө маалыматка ээ болушат жана практикада колдоно алышат.	6.3.1.1. Сөздүн келип чыгуусу, жайылтылышы жана лексикалык маанисинин бүтүндүгү боюнча мүнөздөмө берет.	7.3.1.1.Кептин кызматчы сөз түркүмдөрү (муун, байламта, бөлүкчө, сырдык сөздөр) жана толук маанилүү сөздөр (атоочтуктар,чакчыл түрмөк, тактооч) жөнүндө маалыматка ээ болот.	8.3.1.1. Сөзгө тилдин жана кептин маанилүү бирдиги катары мүнөздөмө берет.	9.3.1.1 . Сөзгө тилдин жана кептин маанилүү бирдиги катары мүнөздөмө берет.
		5.3.2.1. Орфоэпиялык, сөз жасоочу жана лексикалык нормаларга карай сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот; зат атооч, сын атооч, этиштерди тексттик функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө жараша колдонот.	6.3.2.1. Сөздөрдүн келип чыгуусу, жайылтылуусу жана айтылуу деңгээлине карай оозеки жана жазма кепте колдонот; тексттик функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай ат атооч, сан атоочту колдонот.	7.3.2.1. Тексттин функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай атоочтук, чакчыл, тактооч жана кызматчы сөз түркүмдөрүн колдонот.	8.3.2.1. Тексттин функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай кептин ар кандай бөлүгүндөгү сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот.	9.3.2.1. Тексттин функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай кептин ар кандай бөлүгүндөгү сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот.
		5.3.3.1. Макаллакаптардын, учкул сөздөрдүн маанисин түшүнөт.	6.3.3.1. Кыргыз маданиятынын жана кубулушун көрсөткөн сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт.	7.3.3.1. Баяндоону түзүүдө кептин кызматтык бөлүгүнүн ролун түшүндүрөт.	8.3.3.1. Сөздүн жана улуттук-маданияттык компоненттердин ролун түшүндүрөт .	9.3.3.1.Сөздүн жана улуттук-маданияттык компоненттердин ролун түшүндүрөт.
4	**Орфография**	5.4.1.1. 5- класстын орфографиялык минимунун негизинде жазууда үйрөнүлгөн эрежелерди колдонот.	6.4.1.1. 6-класстын орфографиялык минимумунун негизинде өтүлгөн эрежелерди жазууда колдонот.	7.4.1.1. 7- класстын орфографиялык минимумунун негизинде өтүлгөн эрежелерди жазууда колдонот	8.4.1.1. Жазууда үйрөнүлгөн орфографиялык эрежелерди колдонот.	9.4.1.1. Жазууда өтүлгөн орфографиялык эрежелерди колдонот.

5	**Пунктуация**	5.5.1.1. 5- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат.	6.5.1.1. 6- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат.	7.5.1.1. 7- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат.	8.5.1.1. 8-класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат.	9.5.1.1.9-класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат.

5-класстын билиминин көрсөткүчү жана күтүлүүчү натыйжалары (үлгү)

№	Мазмундук	Максаттар жана көрсөткүчтөр		
	багыт	**1-деңгээл**	**2-деңгээл**	**3-деңгээл**
1.		5.1.1.1. Тексттин типтери (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана кептин стилдеринин (сүйлөшүү, көркөм, илимий) түзүлүшү тууралуу түшүнөт.		
	Тилдеги жана кептеги текст	Тексттин белгилерин атайт; Окуу текстинин түзүлүш бөлүгүн атайт. Окуу текстинин темасын атайт Кептин өтүлгөн стилдеринин себептерин айтат.	Текст же текст эместигин айырмалайт. Башкы жана экинчи даражадагы маалыматты, окуу текстинин түзүлүш бөлүгүн, негизги маанини бөлөт. Мугалимдин жетекчилигинин астында тексттин жөнөкөй планын түзөт. Мугалимдин жетекчилигинин астында окуу текстинин тибин аныктайт. Мугалимдин жетекчилиги менен кептин стилдерин айырмалайт.	Башкы жана экинчи даражадагы маалыматты, белгисиз тексттин структуралык бөлүгүн, негизги маанини бөлөт. Өз алдынча белгисиз тексттин жөнөкөй планынын түзөт. Белгисиз тексттин тибин өз алдынча аныктайт. Кептин сүйлөшүү жана китеп стилдерин өз алдынча айырмалайт.
		5. 1.2. 1. Окуу программасына киргизилген түрдүү жанрлардагы тексттердин түзүлүшү, кептин типтери жана стилдери (оозеки, илимий жана көркөм) жөнүндө маалыматтар берилет, оозеки жана жазуу түрүндө машыктырылат.		
		Сакталып калган жанрдык специфика жана лексикага жараша тексттерде сунушталган китеп стилинин мазмунун (оозеки жана жазма түрүндө) берет.	Мугалим тарабынан берилген темага окшош, иштелип чыккан үлгү менен өзүнүн текстин аналогия боюнча түзөт. Мугалимдин жетекчилигинин астында дил баян үчүн материалдардарды топтоштуруп, жалпылаштырып, аткарган ишин корутундулай алат.	Тексттин темасын жана аны ачууну өз алдынча аныктайт.
		5.1.3.1. Коомдогу тилдин ролу түшүндүрүлөт.		
		Тексттердеги улуттук-маданий	Улуттук маданият компоненттерин маанисин	Кыргызстандын жаратылышын ча-

		компоненттерин чагылдырган сөздөрдүн маанисин сөздүктүн жардамы менен түшүндүрөт.	кебинде пайдаланат. Элдик маданияттын жана үрп- адаттардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн сүрөттөрдү жана заттарды баяндоо менен белгилейт.	гылдырган чыгармаларга болгон мамилеси, көз карашы жана анын жашоосундагы илимий билимдин пайдасы жөнүндө, ошондой эле өз өлкөсүнүн жана башка өлкөлөрдүн тарыхын айтып берет.
2		5.2.1.1. Татаал сүйлөмдөгү байланыш каражаттар жана жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилери, алардын түрлөрү жана коммуникативдик функциялары жөнүндө билүү ишке ашат.		
	Тилдеги жана кептеги сүйлөм	Сунушталган үлгү боюнча сөз айкашына, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнө, бир өңчөй мүчөлөрүнө, каратма сөздөргө жана татаал сүйлөмдөгү каражаттардын байланыштарына мүнөздөмө берет.	Сунушталган алгоритм боюнча сөз айкашына, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнө, бир өңчөй мүчөлөрүнө, каратма сөздөргө мүнөздөмө берет.	Автор тарабынан колдонулган сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүн түшүндүрөт.
		5.2.2.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилери жана алардын коммуникативдик кызматтары жөнүндө маалыматтарды алышат, аларды оозеки жана жазма кепте колдонот.		
		Сунушталган үлгү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, каратма сөздөр менен сөз айкаштарын түзөт.	Сунушталган алгоритм боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, киринди сөздөр менен сөз айкаштарын түзөт.	Коммуникативдик маселелерге жараша жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн, татаал сөздөрдү, сөз айкаштарын өз алдынча тандайт.
		5.2.3.1. Күнүмдүк мамиле түзүүдөгү этикеттик нормалар менен таанышат.		
		Белгилүү кептик кырдаалдарды кептик этикетти пайдалана алат.	Муктаждыкка жараша кептик этикеттерди ар кандай кырдаалдарда өзгөртө алат.	Кептик кырдаалга жараша кептик этикеттерди өз алдынча тандай алат.
3		5.3.1.1. Кептин толук маанилүү бөлүктөрү (зат атооч, сын атооч жана этиш) жана сөз жасоонун негизги ыкмалары, сөздү түзүүчү маанилик, морфемалык жана фонетикалык табияты тууралуу маалыматтарга ээ болот.		
	Тилдеги жана кептеги сөз	Тамгаларды жана тыбыштарды айырмалайт. Сөз маанилүү бөлүктөрдөн тургандыгын жана мааниге ээ экендигин көрсөтөт. Сөздү пайда кылуучу негизги ыкмаларды атайт. Кептин толук маанилүү бөлүктөрүнүн өтүлгөн категорияларын атайт	Мугалимдин жетекчилиги алдында сөзгө фонетикалык, лексикалык жана сөз жасоо боюнча анализ жүргүзөт. Мугалимдин жетекчилиги алдында кептин үйрөнүлгөн бөлүктөрүнө морфологиялык жактан анализ жасайт.	Мугалимдин жетекчилиги алдында сөзгө фонетикалык, лексикалык жана сөз жасоо боюнча анализ жүргүзөт. Кептин үйрөнүлгөн бөлүктөрүнө морфологиялык жактан өз алдынча анализ жасайт.
		5.3.2.1. Орфоэпиялык, сөз жасоочу жана лексикалык нормаларга карай сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот; зат атооч, сын атооч, этиштерди тексттеги функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө жараша колдонот.		

		Эң көп колдонулуучу сөздөрдү, ошондой эле сөздөгү үндүү жана үнсүз тыбыштардын айкалышын туура колдонот. Сөздөрдү лексикалык жана грамматикалык маанисине карай колдонот. Кептеги өтүлгөн антонимдерди жана синонимдерди колдонот. Өтүлгөн синтаксистик конструкциянын үлгүсү боюнча негизги жана экинчи даражадагы сүйлөмдөрдүн ролунда зат атооч, сын атооч жана этишти колдонот.	Жаңы сөздөрдү колдонот. Сөздөрдү лексикалык жана грамматикалык маанисине карай колдонот. Мугалимдин жетекчилигинин алдында синонимдерди тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыш каражаты катары колдонот. Сөздөрдү эмоционалдык баалоонун жолдорун колдонот. Берилген алгоритм боюнча өтүлгөн синтаксистик конструкцияларда негизги жана экинчи даражадагы сүйлөмдөрдүн ролунда зат атооч, сын атооч жана этишти колдонот.	Кептин абалына жараша антоним, синоним, лексикалык жана грамматикалык маанисине карай сөздөрдү жана сөз формаларын өз алдынча тандайт. Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыш каражаты үчүн синонимдери өз алдынча тандайт. Түрдүү синтаксистик конструкцияда негизги жана экинчи даражадагы сүйлөмдөрдүн ролунда зат атооч, сын атооч жана этишти колдонот.
		5.3.3.1. Макал- лакап, учкул сөздөрдүн маанисин түшүнөт		
		Кебинде макал- лакап, учкул сөздөрдү пайдаланат.	Макал- лакап, учкул сөздөрдү кептик кырдаалдарга жараша өзгөртө алат.	Кептик кырдаалга жараша кыргыз тилинде эң көп колдонулган макал-лакап, учкул сөздөрдү өз алдынча тандайт.
4		5.4.1.1. 5- класстын орфографиялык минимумунун негизинде өтүлгөн эрежелерди жазууда колдонот		
	Орфография	Тааныш-билүүчү себептер боюнча өтүлгөн орфографиялык минимумдарды үйрөнөт. Окуу тексттериндеги үйрөнүлгөн орфографиялык эрежелер менен сөздөрдү туура жазат	Орфографиялык эрежелерди колдонуу үчүн текшерүүчү жана бир тамырлуу сөздөрдү тандайт. Окуу тексттеринде жазылган тандалмага негиздеп, өтүлгөн орфографиялык эрежелер менен сөздөрдү туура жазат	Өз алдынча түзүлгөн тексттерде үйрөнүлгөн орфографиялык бирдиктер менен сөздөрдүн жазылуусуна анализ жасайт. Орфографиялык каталарды оңдойт жана табат
5		5.5.1.1. 5- класстын пунктуациялык белгилердин минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин туура кое алат.		
	Пунктуация	Тыныш белгилер менен белгиленүүчү сүйлөмдөгү маанилик жагдайларды (эки же андан көп грамматикалык формаларды, бир өңчөй мүчөлөрдү, каратма сөздөрдү) табат. Мугалимдин жетекчилиги алдында үйрөнүлгөн эрежеге жараша тыныш белгилерин коёт.	Үйрөнүлгөн конструкцияда тыныш белгилерин тандап жана орду негизделет. Берилген алгоритм боюнча өтүлгөн эрежеге карай тыныш белгилерин коёт.	Өз алдынча түзгөн тексттерде тыныш белгилерин танап жана ордун негиздейт. Пунктуациялык каталарды табат жана оңдойт.

3.3. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Кыргыз тили сабагындагы билимдин натыйжасын баалоо окутуп үйрөтүүнүн формалары жана методдорунун максаты менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты-күтүлүп жаткан билимдин чыныгы натыйжаларына карата аныктоо. Окуучулардын билимин баалоодо мугалим окутуунун методдоруна жана формаларына жараша түрдүү методдорду колдонот.

Баалоонун негизги принциптери. Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишенимдүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

Калыстык. Калыстык принципи бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшкрүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун бирдей критерийлеринин болушун туюндурат.

Ишенимдүүлүк. Ишенимдүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

Жарамдуулук - бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

Баалоонун түрлөрү. Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.*

Диагностикалык баалоо. Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана анын өркүндүтүшүнө негиз болот.

Калыптандыруучу баалоо. Калыптандыруучу баалоонун максаты - окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө жараша өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагында окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

Жыйынтыктоочу баалоо. Жыйынтыктоочу баалоо окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалодон түзүлөт.

Жекече аткарылган тапшырмаларды *утурумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген катарлардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.

Аралык баалоо предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт:

- Кат жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;
- Оозеки жооп /жүзачар;
- Долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- Портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

Жыйынтыктоочу баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы ылайык) жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша кат жүзүндөаткарылат. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

Баалонун типтери. Билим берүү тутумунда милдеттери менен айырмалануучу педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат: *ченемдик* жана *критерийлик*.

Айрым окуучулардын билимдерин ченемдик баалоо окуп жаткандардын өзүнчө тобунун даярдык деңгээлине карата жүргүзүлөт. Анын максаты – айрым окуучулар менен калган окуучулардын ортосунда билимдерин иш жүзүндө салыштыруу.

Айрым окуучулардын билимдерин кртерийлик баалоо белгиленген стандарттарга ылайык жүргүзүлөт. Анын максаты белгиленген стандарттарга ылайык айрым окуучулардын жетишкен натыйжаларын сыпаттоо.

Баалоонун бул эки түрү бири бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практикада ченемдик дагы, критерийлик дагы баалоо зарыл. Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонуу керктигин аныктоо үчүн баалоонун максатын эске алышы абзел.

Эгер ар бир окуучунун окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөн-өздөштүрбөгөндүгүн аныктоо зарылболсо, бул учурда баалоонун критерийлик түрүн колдонуу шарт. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катыштыруу үчүн класстан бир нече окуучуну тандап алуу зарыл болгондо сөзсүз баалоонун ченемдик түрү керек.

Баалоонун түрлөрү, формалары жана типтери



Кыргыз тили сабагында негизги иштерди баалоо критерийлери жана нормалары.

Оозеки сурамжылоо. Кыргыз тилинде оозеки сурамжылоо окуучулардын билимин эсепке алуунун негизги жолу болуп саналат. Окуучунун толук жообу берилген темага байланыштуу, логикалык ырааттуу билдирүү, анын аныктамаларды, конкреттүү учурларда эрежелерди колдоно алуу жөндөмүн корсөтөт.

Окуучулардын жообун сунушталган баалоо критерийлери:

1) жооптун сурооого дал келиши;

2) жооптун далилдөөсү;

3) жооптун тил кооздугу.

Сунушталган нормативдер:

Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

Баа	Көрсөткүчтөр
“5” деген баа	Окуучу билимин жана ошол теманы түшүнгөнүн көрсөтөт: 1) тил түшүнүктөрүнө туура аныктамаларды берет; 2) өзүнүн ой пикирин негиздей алат, билимин практикада колдон алат, керектүү мисалдарды китептен эле келтирбестен, өз алдынча да түзө алат; 3) адабий тилдин нормаларында материалды иреттүү жана туура баяндайт.
“4” деген баа	Жооп “5” деген баадагы талаптарга дал келет, бирок өзү оңдогон 1, 2 катага, ырааттуулукта жана тил кооздугундагы баяндоодо 1-2 кемчиликке жол берет.
“3” деген баа	Окуучу билимин жана ошол теманын негизги жоболорун түшүнгөнүн көрсөтөт, бирок: 1) материалды толук эмес баяндайт жана түшүнүктөрдү же эрежелерди так эмес аныктоого жол берет; 2) өз оюн жетишерлик терең жана ишенердик далилдей албайт жана өз мисалдарын келтире албайт; 3) материалды ирээти менен баяндабайт жана тил кооздугунда баяндоодо катага жол берет.
“2” деген баа	Окуучу ылайыктуу бөлүмдүн материалын көпчүлүк бөлүгүн билбегендигин көрсөтөт, эреже жана түшүнүктөрдү так жана кыска түшүндүрүүдө катага жол берет, материалды ирээтсиз баяндайт. “2” деген баа окуучуну даярдоодо кийинки материалды ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө олуттуу тоскоол боло турган кемчиликтерин белгилейт.
“1” деген баа	Окуучу материалды толук билбегендигин жана түшүнбөгөндүгүн көрсөтөт.

Эскертүү: (“5”, “4”, “3”) деген баа бир эле жолу берилген жоопко гана эмес (окуучунун даярдануусун текшерүүгө белгилүү бир убакыт берилгенде), убакытка бөлүнүп берилген, башкача айтканда окуучу тарабынан берилген жооптордун жыйынтыгы, сабак аралыгында (ар бир сабакка балл чыгарылат), сабак учурунда окуучунун жооптору угулган гана эмес, анын билимин практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн текшерүү жүргүзүлгөн шартта.

Жат жазуу

Жат жазуу – бул орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукту текшерүүнүн негизги формасы. Жат жазууга байланыштуу тексттерди колдонуу жөндүү, заманбап,

адабий тилдин нормаларына жооп берген, ошол класстын окуучуларына мазмуну боюнча ылайыктуу болуш керек.

Жат жазуу тексттерине болгон талаптар

Тексттин көлөмү:

5-класс үчүн – 90-100 сөз,

6- класс үчүн – 100-110 сөз,

7- класс үчүн- 110-120,

8- класс үчүн-120-150,

9-класс үчүн- 150-170 сөз.

Сөздөрдү эсептөөдө өз адынча жана көмөкчү сөздөр да эсепке алынат.

Сөздүн көлөмү сүйлөм ичинде төмөндөгүдөй өлчөмдө болууга тийиш:

5- класста– 5 сөздөн ашык эмес,

6-7 класстарда – 7 сөздөн ашык эмес,

8-9 класстарда – 10-дон ашпаган өлчөмдө.

Биринчи чейректин аягына чейин (ал эми 5-класста – биринчи жарым жылдыктын аягына чейин) тексттин көлөмү сакталат.

Текшерүүчү сөздүк жат жазууда орфограммалар менен сөздөрдү өздөштүрүүсүн текшерет. Ал төмөнкү сөздүк көлөмдөн турушу мүмкүн:

5-класс үчүн – 15-20,

6-класс үчүн -20-25,

7-класс үчүн 25-30,

8- класс үчүн- 30-35,

9-класс үчүн 34-40.

Белгилүү бир темадагы жат жазууда өтүлгөн темалардын орфограмма же пунктограммаларынын негизги учурлары кошулушу керек жана да мурдагы жетишкендиктеринин бекемдигин текшерүүнү камсыз кылат.

Текшерүүчү жат жазууда өтүлгөн темада колдонулуп жаткан орфограмма жана пунктограммалар 2-3төн кем эмес жолуккан тексттерди тандоо керек.

Мурда үйрөнгөн орфограмма жана пунктограммалардан негизгиси эле кошулат, аларда 1-3 учурда колдонгондорун сунуштоого болот.

Жалпы алганда текшерилген орфограмма жана пунктограммалардын көлөмү:

5- класста-12 ар түрдүү орфограмма жана 2-3 пунктограмма,

6-класста 16 ар түрдүү орфограмма жана 3-4 пунктограмма;

7-класста: 20 ар түрдүү орфограмма жана 4-5 пунктограмма;

8-класста: 24 ар түрдүү орфограмма жана 10 пунктограмма;

9-класста: 24 ар түрдүү орфограмма жана 15 пунктограммадан ашпашы керек.

Текшерүү жат жазуусунун текстине жетишерлик өлчөмдө бекемделип, кайта дагы үйрөтүлгөн гана орфограммалар кошулушу зарыл.

Сунушталган нормативдер:

Жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

Баа	**Көрсөткүчтөр**
“5” деген баа	Катасыз иш же 1 одоно эмес орфографиялык, 1 одоно эмес пунктуациялык же 1 одоно эмес грамматикалык катасы бар болсо
“4” деген баа	2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же 4 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.

	“4” деген баа 3 орфографиялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтегилер болсо. Аны менен бирге 2 грамматикалык катага да жол берилет.
“3” деген баа	4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же 7 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда. 5-класста “3” деген бааны 5 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарда коюуга уруксат берилет. “3” деген баа 6 орфографиялык жана 6 пунктуациялык катада коюлушу мүмкун, эгер алардын арасында бир типтүү жана одоно эмес каталар бар болсо. Анын менен бирге 4 грамматикалык катага да жол берилет.
“2” деген баа	7 орфографиялык жана 7 пунктуациялык каталар, же 6 орфографиялык жана 9 пунктуациялык каталар, же 8 орфографиялык жана 6 пунктуациялык каталар
“1” деген баа	“2” деген баага караганда каталардын санынын көптүгү

Эскертүү:

Жат жазууну баалоодо оңдолот, бирок катасы эсептелинбейт:

1) сөз ташууда;

2) мектеп программасына кирбеген эрежелер;

3) али үйрөнбөгөн эрежелер;

4) жазуудагы жаңылыштык - туура эмес жазылуулар.

Жат жазууларды баалоодо катанын өзгөчө сапатын эсептөө маанилүү. Каталар арасында одоно эмес, мындайча айтканда сабаттуулукту мүнөздөй турган олуттуу мааниге ээ болбогондорун белгилей кетиш керек. Каталарды эсептөөдө эки одоно эмес ката бир катага эсептелинет. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөр кирет:

1) эрежеден тышкары;

2) баш тамганын, энчилүү аттардын жазылышы;

3) бир тыныш белгинин ордуна экинчиси коюлган учурда;

4) айкалышып турган белгилердин бирин калтырып кетүү же ырааттуулугун бузуу.

Катанын бир типтүү жана кайталана берүүчүлүгүн эске алуу керек. Эгерде ката бир эле сөздө же бир уңгу сөздүн уңгусунда кайталана берсе, анда ал бир катага эсептелинет. Бир типтүү деп бир эреже бузулган катаны эсептейбиз, эгер туура жазылуунун тандоо шарты ошол сөздүн грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөрүнөн турса.

1) Бир сөздүн туура жазылышын табыш үчүн башка (бир уңгу) сөздөрдү же анын формасын тандоо керек болгондо бир типтүү ката болуп эсептелинбейт.

2) Биринчи үч бир типтүү каталар бир ката болуп эсептелет, кийинки ар бир ошол сыяктуу ката өз алдынча ката болуп эсептелинет.

3) Эгерде бир сөздө текшерүүгө мүмкүн болбогон орфограммалар менен кошо 2 жана андан ашык катага жол берилсе, анда бардыгы бир ката болуп эсептелинет.

Сунушталган нормативдер:

Контролдук сөздүк жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

“5” деген баа	Ката жок
“4” деген баа	1-2 ката
“3” деген баа	3-4 ката
“2” деген баа	7 катага чейин
“1” деген баа	7 катадан ашык

Текшерүү иши (грамматикалык тапшырмасы бар жат жазуу)

Жат жазуу жана кошумча (фонетикалык, лексикалык, орфографиялык, грамматикалык) тапшырмадан турган текшерүү ишинде, ар бир иштин түрүнө эки баа коюлат. Жат жазууну баалоодо жогоруда айтылган нормативдерди колдонуу керек. Грамматикалык тапшырмаларды аткарууда жол берилген орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар, жат жазууга баа коюп атканда эсептелинет.

Сунушталган нормативдер:

Грамматикалык тапшырманы баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

“5” деген баа	Тапшырма туура аткарылган
“4” деген баа	Тапшырманын ¾ кем эмес бөлүгү туура аткарылган
“3” деген баа	Тапшырманын жарымынан кем эмеси туура аткарылган
“2” деген баа	Тапшырманын жарымдан кем туура аткарылган
“1” деген баа	Бардык тапшшырмалар ката аткарылган

Дил баяндар жана баяндамалар. Дил баяндар жана баяндамалар - окуучулардын кептик компетенттүүлүк түзүлүш деңгээлин текшерүүнүн негизги формалары болуп эсептелинет. Дил баян жана баяндоолордун жардамы менен теманы ачып берүү жөндөмдүүлүгү; тил каражаттарынын стиль, тема жана өз оюн айтуу милдеттери менен дал келиши текшерилет; тил нормаларынын жана туура жазуу эрежелеринин сакталышы.

Баяндама тексттеринин талаптары.

Толук баяндоонун текстинин болжолдуу көлөмү:

5- класста -100-150 сөз

6-класста – 150-200,

7-класста – 200-250,

8-класста- 250-350,

9-класста- 350-450 сөз.

Жыйынтыктоо контролдук баяндаманын текстинин көлөмү 8-9 класстарда мындай сабактарда даярдоо иштери жүргүзүлбөгөнүнө байланыштуу 50 сөзгө көбөйүшү мүмкүн.

Дил баян жана баяндоолорду сунушталган баалоо критерийлери:

А) мазмуну:

- темага мазмундун, негизги ойдун дал келиши;
- теманы оригиналдуу ачып берүүсү;
- фактыларга негизделген материалдардын аныктыгы;
- баяндоонун ырааттуулугу.

Б) кептик көркөмдүгү:

- сөздүктүн жана грамматикалык сөздүн түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү;
- стильдик бирдиктүүлүк жана кептин ачык – айкындуулугу;
- тил каталарынын жана стилистикалык кемчиликтердин көлөмү.

Бардык эле дил баяндар жана баяндоолор эки баа менен бааланат: биринчиси мазмуну жана кептин кооздугу үчүн коюлат (тил нормаларынын жана стилистикалык каражаттарынын тандоо эрежелеринин сакталышы), экинчиси –орфографиялык, пунктуациялык нормалардын жана грамматикалык каталардын сакталышына. Орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук окуучу тарабынан кетирилген катанын санына карата бааланат. (контролдук жат жазууну баалоо нормативдерин карагыла).

Сунушталган нормативдер:

Дил баяндар жана баяндоолордун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

	Көрсөткүчтөрү	
	Кептин кооздугу жана мазмуну	**Грамматика**
“5” деген баа	1. Иштин мазмуну толугу менен темага дал келет. 2. Чыныгы каталардын жоктугу. 3. Мазмуну ирети менен баяндалат. 4. Иш сөздүктүн байлыгы, ар түрдүү синтаксистик түзүлүштөрдү колдонулугандыгы, сөздөрдү колдонуунун тактыгы менен айырмаланат. 5. Жалпы алганда иште мазмунунда 1 жана 1-2 кептик кемчиликтерге жол берилсе.	Уруксат берилет: 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык, же 1 грамматикалык катага.
“4” деген баа	1. Иштин мазмуну негизинен темага дал келет (четке чыгуусу аз эле). 2. Негизинен мазмуну анык, бирок фактыга негизделген айрым учурай турган тактык эместиктер бар. 3. Ой пикирин иреттүү баяндоодо бир аз гана бузулуулар бар. 4. Кептин лексикалык жана грамматикалык түзүлүшү жетиштүү, ар түркүн болсо. 5. Иштин стилинин бирдиктүүлүгү жана кептин ачык-айкындыгы менен айырмаланат. 6.Жалпысынан иштин мазмунунда 2ден ашык эмес жана 3-4төн ашык эмес кептик кемчиликтерге жол берилсе.	Уруксат берилет: 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталар, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же 4 пунктуациялык каталар, орфографиялык каталар жок болсо, жана 2 грамматикалык каталар болсо.
“3” деген баа	1. Иште темадан олуттуу четке чыгууларга жол берилсе. 2. Иш негизинен ачык-айкын, бирок айрым тактык эместиктер бар болсо. 3. Иреттүү баяндоодо айрым бузулууларга жол берилсе. 4.Сөздүктүн жакырдыгы жана бир түрдүүлүгү колдонулган синтаксистик түзүлүшү, туура эмес сөздөрдүн колдонулушу кездешсе. 5. Иштин стили бирдикүүлүгү менен айырмаланат, кеп жетиштүү деңгээлде ачык-айкын эмес. 6. Жалпысынан иштин мазмунунда 4дөн ашык эмес жана 5 кептик кемчиликтерге жол берилсе.	Уруксат берилет: 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же 7 пунктуациялык каталар орфографиялык каталар жок болсо, жана 4 грамматикалык каталарга.
“2” деген баа	1. Иш темага дал келбейт. 2. Көп тактык эместиктерге жол берилсе. 3. Иштин бардык бөлүктөрүндө ойдун баяндоо ирети бузулса, өз ара байланыш жок болсо. 5. Тексттин стилдик бирдиктүүлүгү бузулган. 6.“3” деген баага караганда мазмунунда жана кепте кемчиликтер көп болсо.	Уруксат берилет: “3” деген баага караганда орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо.

Эскертүү: Көрсөтүлгөн баалоо нормалары орто көлөмдөгү 4-5 барак көлөмүндөгү дил баяндарга ылайыктуу. Дил баяндарды баалоодо өз алдынчалыгы, ойдун нукуралуулугу, анын көркөмдүк жана стилдик курулушунун деңгээли эсептелинет. Нукуралуу ойдун болушу, анын иш жүзүнө жеткиликтүү ашырылуусу бааны 1 балга көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. 3 дөн ашык түзөтүү бар болсо “эң жакшы” деген баа коюлбайт. Текстте 5 катадан ашык түзөтүүлөр болсо (туура эмес жазылган сөздү оңдоо) баа 1 баллга төмөндөйт.

Кыргыз тилиндеги иштин инновациялык түрлөрү жана аларды баалоо

Окуу портфолиосу. Окуу портфолиосу – бул окуучулардын жеке жетишкендиктерин белгилүү бир окуу учурда белгилөө жана топтоштуруу ыкмасы, жана да өзүн өзү анализдөө жана өзүн өзү баалоо ыкмасынын түзүлүшү. Портфолио ар түрдүү маалыматтан турган, бара бара ээ болгон тажрыйбаны жана окуучулардын жетишкендиктерин көрсөткөн жумушчу файлдык папкадан турат. Окуу портфолиосунун түпкү максаты – окуу прогрессинин жана жумшалган аракеттердин күтүлгөн натыйжаларга жетишүү күбөлүгү.

Түзүү максатына карай портфолио ар түрдүү типтерге бөлүнөт.

Портфолионун биринчи түрү – бул "жетишкендик папкасы", анын максаты – окуучунун өз баалуулугун жогорулатуу жана анын ийгиликтерин чагылдыруу (окуудагы мактоо баракчалары, спортто, музыка, шахмат ж.б жетишкендиктери; ата энелерине алкыш баракчалары, жетишүүчүлүк табели, значок, медалдары ж.б).

Экинчи түрү - "рефлексивдүү портфолио", окуучунун өздүк өсүүсүнүн динамикасын көрсөткөн жана анын ишмердүүлүгүн жыйынтыктоону көзөмөлдөөгө сандык гана эмес сапаттык да планда жардам берген. Мисалы, мындай портфолиого окуучу дил баянынын черновигин, анын редактордук оңдотуусу менен вариантын, жана да дил баяндык жыйынтыктоо вариантын. Же анда кетирилген контролдук иш жана каталар үстүндө иштөө, жана да кошумча иштер (аткарылган көнүгүү, тест ж.б), окуучунун жыйынтыкка жетишүү жетишкендиктерин далилдеп турган, ошол текшерүү иш тарабынан көзөмөлгө алынган.

Портфолионун үчүнчү түрү – проблемалуу-изилдөөчүлүк, реферат, илимий окуу иштер, семинар, конференцияда чыгуусуна даярдоочулук менен байланыштуу. Портфолионун ушул түрүндөгү бардык материалдардары белгилүү бир түрдө топтошкон болушу абзел. Мисалы:

Рефераттын аталышы, варианттары (доклад, макалалар);

Изилдөөнүн максаттары, жоболору жана пландары;

Микротемалар, проблемалуу областтар;

Талаш тартышты жараткан көз караштар;

Фактылар, сандар, статистика;

Цитаталар, афоризмдер;

Изилдөөнүн натыйжалары жана жыйынтыктары;

Адабияттын тизмеси.

Портфолионун төртүнчү түрү – тематикалык, кандайдыр бир теманы, бөлүмдү, окуу курсун үйрөнүү процессинде пайда болгон. Бул портфолио белгилүү бир темадан теоретикалык (конспект, макалалардын тезиси ж.б) гана эмес, практикалык (ар түрдүү деңгээлдеги оордукта аткарылган көнүгүүлөр) маалыматты да камтыганга жардам берет.

Портфолиону баалоонун сунушталган критерийлери:

А) мазмуну

- Берилген материалдардын портфолионун түрүнө дал келиши;
- Берилген маалыматтык толуктугу;
- Берилген маалыматтын логикалык байланышуусу;
- Берилген материалдарды тандоодогу негиздүүсү;

Б) кооздолушу

- Документтерди кооздоо эрежелерине дал келиши;

- Портфолио күтүүнүн системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- Портфолиодо берилген маалыматтын ачык-айкындыгы;
- Тыкандык жана кооздолуп жасалышы.

Сунушталган нормативдер:

Баалоо көрсөткүчтөрүнүн таблицасы

	Көрсөткүчтөр	
Балл	**Мазмуну**	**Жасалгалоосу**
“5” деген баа	Бардык берилген материалдар портфолионун түрүнө туура келет. Материалдардын саны жана сапаты окуу прогрессин жана жумшалган күч аракеттердин үмүт кылган натыйжаларга толугу менен жетип көрүүгө уруксат берет. Материалдар рубрикалары менен топтошкон жана белгилүү бир иреттүүлүктө жайгашкан. Портфолиодо берилген материалдарды тандоо ачык-айкын жана компетентүүлүктүн түзүлүш деңгелдеринин 40/40/20 ара катыштыгы чагылдырат. Портфолиодо окуучунун өз билимин өркүндөтүүсүн чагылдырган кошумча маалыматтар да кошулган.	Титул барагынын, мазмунунун, эпиграфтын бар болуусу. Берилген материалдардын бирдик-түүлүк жана эстетикалык аяктоосу. Кол жазмала-рынын тактыгы. Бардык материалдар керектүү библиографиялык маалыматтарды камтыйт.
“4” деген баа	80% ашуун материалдар портфолионун түрүнө дал келет. Материалдардын саны жана сапаты окуу прогрессин жана жумшалган күч аракеттердин үмүт кылган натыйжаларга жетип көрүүгө уруксат берет. Материалдар рубрикалары менен топтошкон жана белгилүү бир иреттүүлүктө жайгашкан. Портфолиодо берилген материалдарды тандоо ачык-айкын жана түзүлүш деңгелинин 40/40/20 ара катыштык компетенттүүлүгүн чагылдырат.	Титул барагынын, маз-мунунун, эпиграфтын бар болуусу. Берилген материалдардын бирдик-түүлүк жана эстетикалык аяктоосу. Кол жазмала-рынын тактыгы. Көпчү-лүк материалдар керек-түү библиографиялык маалыматтарды камтыйт.
“3” деген баа	Берилген материалдардын жарымынан көбү портфолионун түрүнө туура келет. Материалдардын саны жана сапаты окуу прогрессин жана жумшалган күч аракеттердин үмүт кылган натыйжаларга жетип көрүүгө уруксат берет. Материалдарды систематизация-лоо аракети жумшалган. Портфолиодо берилген материалдарды тандоо жарым-жартылай ачык айкын жана түзүлүш деңгээлинин 60/30/10 ара катыштык компетенттүүлүгүн чагылдырат.	Титул барагынын, маз-мунунун, бар болуусу. Берилген материалдарды жасалгалоодо аракет жасалган. Материалдар-дын жарымынан көбү керектүү библиогра-фиялык маалыматтарды камтыйт.
“2” деген баа	Берилген материалдардын жарымынан азы портфолионун түрүнө туура келет. Материалдардын саны жана сапаты окуучунун сабактагы ишин көрүүгө уруксат берет. Материалдарды систематизациялоо аракети жумшалган. Портфолиодо берилген материалдар түзүлүш деңгээлинин 75/20/5 ара катыштык компетенттүүлүгүн чагылдырат.	Титул барагынын бар болуусу. Берилген мате-риалдарды жасалгалоо-до аракет жасалган. Айрым материалдар керектүү библиография-лык маалыматтарды камтыйт.

Эскертүү: Сунушталган критерийлер жана нормалар жетишерлик жогорку деңгээлдеги жалпылоосу бар жана мугалим үчүн багыт катары колдонулушу мүмкүн. Портфолионун белгилүү бир тибин баалоодо окуучуларга түшүнүктүү болгон критерийлер, нормалар жана толуктоолорду окуучулар менен макулдашылуусу зарыл. Мисалы, компетентүүлүктүн 40/40/20 өз ара түзүлүшү деп жетекчинин кол астында гана эмес, өз алдынча да бар болгон, жана да татаалдыктардын ар түрдүү деңгээлдери иштин белгилүү бир өлчөмү . Жана дагы калыс эместиктен кутулуудан жардам берүүчү баалоо барагын колдонуу сунушталат (портфолионун баалоо барагын кара).

Портфолионун баалоо баракчасы

Баалоонун критерийлери	Портфолионун жакшы жактары	Портфолионун кемчиликтери

Бул таблица өз алдынча гана эмес, топто да толтурулса болот.

Окуу проектиси. Окуу проектиси – бул алдын ала пландаштырылган натыйжанын абдан ылайыктуу ыкма менен жетишкендиктери жана белгилүү бир проблеманы чечүүгө багытталган окуучунун/ окуучулардын ишмердүүлүгү. Проект доклад, реферат, изилдөөлөрдүн жана окуучулардын өз алдынча чыгармачыл иштеринин башка түрлөрүнүн элементтерин, бирок проекттин натыйжасын жетүү ыкмасы катары кошо алат.

Окуу проектисинин сунушталган баалоо көрсөткүчтөрү жана критерийлери

Баалоо		
Проекттин даярдалышы	**Проекттин натыйжасы (отчет)**	**Проекттин презентациясы**
Өз алдынча ишмердүүлүк: Максатка карай божомолдоо (проблема так сүрөттөлгөн, максат коюлган, милдеттер коюлган), Иш чаралардын милдеттерге жетүү планынын дал келиши; Иш аракеттердин аткарылуу ирээттиги жана мониторинги; Ар түрдүү булактар менен иштөө (биринчи, экинчи ирет болгон); Проект боюнча иш чаранын бүтүшү; Ишмердик деңгээли: - салыштырып ой жүгүртүү; - чыгармачыл ой жүгүртүү; - колдонуп ой жүгүртүү; - суроо коюп-жооп таап ой жүгүртүү; - иликтеп-талдап ой жүгүртүү; - проблемалуу ой жүгүртүү; -чечим чыгарып ой жүгүртүү, ушул сыяктуу эле: - сынчыл ой жүгүртүү; - өз алдынча ой жүгүртүү; - креативдүү ой жүгүртүү; - интеграциялап ой жүгүртүү; - анализдеп – синтездеп ой жүгүртүү; -жалпылап, жыйынтыктап ой жүгүртүү.	Жазуу түрүндөгү отчеттун мазмуну: Максатка карай божомолдоонун ачыктыгы, оңойлугу, конкреттүүлүгү; Теманын практикалык баалуулугу жана актуалдуулугу; Берилген чечимдердин иштиктүүлүгү; Теоретикалык негиздүүлүк жана далилдөөчүлүгү; Маалыматтын ачык айкындыгы (булактарга анын ичинде интернет - булактарына таянуу); Айтылган теманын толугу менен ачылышы	Эл алдына чыгып сүйлөөчү кептин мазмуну: Тема тандоодогу негиздүүлүк; Берилген чечимдердин далилдөөчүлүгү жана иштиктүүлүгү; Теоретикалык негиздүүлүк; Кептин так, ачык, оңойлугу; Көрсөтмөлүүлүктүн, видеокаттардын орундуулугу.

Топто иштөөнүн иш чарасы: Кызматташтык жана өз ара жардам көрсөтүү; Планды аткарууда жоопкечиликтерди бөлүштүрүү жана коюлган милдеттерге натыйжанын дал келиши; Проекттин бардык баскычтарында катышуу.	Отчетту жасалгалоонун сапаты: Материалдын түзүлүшүнүн проекттик форматка дал келиши; графиканын, видеокатардын мазмунуна дал келиши; жасалгалоонун эстетикалык жактан кооздолушу.	Чечендик чебердиги: кептин публицистикалык кепке дал келиши, өзүн алып жүрүү манерасы, көрсөтмөлүүлүктү колдонуусу, убакытты сезүүсү, импровизациялоо, эреженин сакталышы (регламент)
	Сырткы баа: Жасалган иштин анализи (көз карандысыз рецензиянын бар болушу)	Тема/проблеманын билүү деңгээли (суроолорго жооптор): жооптун конкреттүүлүгү, толуктугу жана далилдүүлүгү, ынактык, теманы ийгиликтүү ачып берүү үчүн суроолорду колдонуу жана иштин күчтүү тарабын демонстациялоо

Эскертүү: Сунушталган критерийлер жана нормалар жетишерлик бийик деңгээлдеги жалпылоосу бар жана мугалим үчүн багыт катары колдонулушу мүмкүн. Белгилүү бир проектти баалоодо окуучуларга түшүнүктүү болгон критерийлер, көрсөткүчтөр жана толуктоолорду окуучулар менен макулдашуу керек жана баалоо баракчасын иштеп чыгуу керек, ошонун негизинде жыйынтык баалар коюлат.

Мисал: Долбоордун баалоо баракчасы (үч балдуу шкала)

Проектке катышуучунун аты жөнү «_____»	Проектти даярдоо				Проекттин натыйжасы (отчет)				Проекттин презентациясы				Жыйынтык тоо баллы	Комментарийлер
	Критерийлер*													
	1	2	3	4	1	2	3	4	1	2	3	4		

**бул баалоо баракчасындагы критерийлердин саны белгилүү бир долбоор үчүн белгиленген критерийлердин санына дал келиши керек.*

Жазуу ишинин текшерүү эрежелери

Жазуу ишин текшерүү үчүн мугалим кандай каталар болот жана алардын шарттуу белгилерин билүү абзел.

1. мазмундагы каталар

[ ] - ашыкча бөлүгү (ашыкча сөз, сүйлөм)

V - калтыруу (ой, сөз, сүйлөм)

Z (сызылган) - абзац белгиленбеген

Ф - фактынын негизиндеги ката же так эместик

Л - логикалык ката

Р - кептик ката

С - стилистикалык ката

Фактыга негизделген каталарга материалды баяндоодогу маалыматтык (маанилеринин кошумча өзгөчөлүктөрү) тактыктын бардык бузулуштары кирет: фактыларды, аттарды бурмалоо, колдонулган булактардан, турмуш чындыгынан чегинүүсү, баяндап жазылган чындыктын абалынын жана чечмелөөнүсүнүн дал келбөөсү

Логикалык каталарга мааниси бирдей эмес түшүнүктөрдүн окшоштуруусу, ой пикирин анчалык маанилүү эмес далилдер менен түшүндүрүү, бөлүк жана бүтүндүн аралыгы бузулуусу, түшүнүктөрдү чектөө жөндөмүнүн жоктугу, тарыхий ишкерлердин образын жана ойлоп чыгарылган каармандарды баш аламандыкка алып келген каталар кирет. Ар түрдүү түшүнүктөрдү бир бүтүнгө бириктире алуу жана салыштыруу жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу, ойдун логикалык жайылтуусунун бузулуусу, себеп-натыйжа мамилелери, сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштын жоктугу, аракет обьектисинин алмашуусу, логикалык дал келбеген түшүнүктөрдү бир катарга байланыштыруу каталар кирет.

Кептик каталарга сөздүн ылайыксыз мааниде колдонулушу, лексикалык айкалышуунун бузулушу, ашыкча сөздүн колдонулушу (плеоназм), жакын бир маанилүү сөздөрдү колдонулушу (тавтология), кайталоолор, бөтөн стилдүү түсү бар сөздөрдү колдонуу, ар түрдүү тарыхий дооорлордун лексикаларынын аралаштыруусу, синтаксистик конструкциялардын жакырдыгы жана бир түрдүүлүгү, сөздөрдүн жарамсыз ырааттуулугу, сүйлөм бөлүкчөлөрүнүн стилистикалык жана маңызы жагынан дал келбегендиктер кирет.

Стилистикалык каталарга функционалдык стилдин бирдиктүүлүгүнүн талаптарынын бузулуусу. Адатынча текст бөлүктөрүн астын сызуу менен белгиленет.

Жыйынтык баалардын чыгаруусу

Жыйынтык баа (семестрдик, чейректик, жарым жылдык, жылдык) мурдагы баалардын орто арифметикалык саны катары механикалык түрдө коюлбаш керек. Аны аныктоодогу маанилүү ошол баанын чыгарылган убактысынан бардык көрсөткүчтөр боюнча фактыларга негизделген окуучунун натыйжалары.

Жыйынтыктоо баасын чыгарууда өзгөчө маанини орфографиялык, кептик, пунктуациялык үйрөнүү деңгээлин чагылдыра турган бааларга берүү керек (ортодогу баалоо). Каталар үстүндө иштөөнү эсепке алганда чейрек (жыл) аралыгында көпчүлүк текшерүү жат жазуулары, дил баяндары, баяндамалары орфографиялык, пунктуациялык, кептик сабаттуулугу “2” жана “1” деген балга эсептелинсе, жыйынтык баа жакшы болушу мүмкүн эмес. Жыйынтык бааны чыгарууда, окуу жылдын аралыгында окуучулардын олуттуу мамилесине демилге бериш үчүн, алардын учурдагы жетишүүлүгүн эсепке алуу керек.

Жогорку класстарда дил баяндарга болгон баалар, окуучулардын адабият жана алардын сабаттуулугун мүнөздөгөн класстык журналдарга адабият беттеринде (маңызы үчүн баа) жана орус тилинен (сабаттуулук үчүн баа) коюлат. Дил баяндар, баяндамалар, жат жазуулар үчүн баа качан текшерилбестигине карабай журналга өтүлгөн күнү катуу эсеп менен коюлат.

4-БӨЛҮМ. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Бала көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк аңдап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. Көрүүгө болжолдонгон - видео кассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер, экстерьер), схемалар ж.б.у.с.
2. Угууга болжолдонгон - аудио кассеталар, уялдук телефондордогу мукамдар (музыкалар), магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.
3. Жазууга болжолдонгон - тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, баян, диктанттар ж.б.у.с.
4. Талдоо кылууга болжолдонгон – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.
5. Сүйлөөгө болжолдонгон – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с.

Окутуу методдору. Эне тилин окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары, карым-катнаш жасоо менен пикир алышуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар өзүн-өзү, коомду жана дегеле дүйнөнү таанып билүү менен турмушка карата болгон туура көз караштары калыптанат жана предметтик, түйүндүү компетенттүүлүктөргө ээ болушат. Интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт.

Интерактивдүү окутууга өз алдынча иштөө, жуп менен иштөө, топ менен иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутуунун артыкчылыктары:

• окуучулар өздөрүн эркин сезип,”туура эмес жооп берип алам” деген коркунучтан алыс болуп, активдүүлүктөрү артат;

• ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө далалаттанат;

• жуп менен, топ менен иштегенге машыгышат;

• мугалим менен, бири-бири менен тыгыз карым-катнашта пикир алышуу ашат;

• окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;

• тапшырманы аткарууда бири-биринин тажрыйбаларын пайдаланууга, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;

• мугалим фасилитатор катары багыт берип, окуучу менен достук мамиледе болот.

Байкоо жана салыштыруу методу. Байкоо жана салыштыруу методу окуучулардын кептик, тилдик, маданият таануучулук ошондой эле, маалыматтык жана социалдык-коммуникативдик компетентүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат.

Биргелешип окутуу. Бул метод окуучуларга өз ара бири-бири менен маалымат алышып, баарлашууга, коюлган милдеттерди чечүү үчүн жамаатта, командада, топто өз ара мамилелешүүнүн ыкмаларына, өзүнүн көз карашын далилдей алуу менен талкууга катыша билүү маданиятына ээ болот. Алар кептик, социалдык-коммуникативдик жана өзүн өзү уюштуруу менен маселе чече билүүчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Буга акыл чабуулу (мээге чабуул), жупта, кичи топто иштөө, мозаика, ар кыл талкуулардын түрлөрү ж.б. кирет.

Акыл чабуулу – бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялардын бардыгын, сындалбастан иштелип чыгат. Акыл чабуулунда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат. Интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

Маалыматты түшүнүп окуу көндүмүн өнүктүрүүчү методдор. Бул методдор текст менен иштөө үчүн жаңы ыкмаларды колдонууну көздөйт, бардык окуучуларды окуу процессине тартууга, өтүлүп жаткан темага кызыгууну жаратууга, ой жүгүртүү ишмердигин активдештирүүгө жардам берет. Аларга ИНСЕРТ, эки бөлүктүү күндөлүк, жуптарда окуу жана биргелешип корутунду чыгаруу, чаташкан логикалык чынжырчалар ж.б. кирет.

Жазуу кебин өнүктүрүүчү методдор. Текстти жаратуучу ар кандай жумуштар окуучуларда түшүнүүнүн терең денгээлин пайда кылат, аларда байкоо жүргүзүүгө кылдаттык менен мамиле жасоо өнүгөт, өз пикирин, жазуу ишинин өзгөчө мүнөзүн жаратууга жардам берет, өз ойлоруна, тажрыбасына урматтоо менен мамиле жасай башташат.

Аларга беш-он мүнөттүк эсселер, дил баяндын элементтери менен изложение жазуу, аргементтүү эсселер жана башкалар кирет.

Окуучулардын илимий-изилдөөчүлүк ишмердигин өнүктүрүүчү методдор. Эне тил сабактарында окуучуларды илимий-изилдөөчүлүк ишмердикке үйрөтүүгө төмөнкүлөрдү киргизсек болот: көйгөйдү коюу, көйгөйдү чечүүнүн жолдорун аныктоо, ишмердиктин жолдорун аныктоо, күтүлүүчү натыйжаны кыска жана так жазуу, жыйынтыктарды корсөтө билүү жана өзүн-өзү талдоо.

Педагогикалык практикада долбоор методу, документ булактарын изилдөө, илимий жактан маанилүү материалдарды издөө жана топтоо, интервью, портфолио, концепция картасы ж.б. колдонуу ийгиликти жаратып жатат.

4.2. Мотивдештирүүчү окутуу чөйрөсүн түзүү

Эне тили — пикир алышуунун куралы, ойдун тикеден тике чындыгы катары көп кызматты өзүнө аркалаган көрүнүш. Ал карым-катнаштын каражаты болуу менен бирге эле чындыкты чагылдыруунун жана таанып билүүнүн куралы, ошондой эле, инсандын рухий жана интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнө да шарт түзөт. Эне тилине канчалык деңгээлде ээ болгондугу окуучунун башка предметтерди айрыкча экинчи тилди, чет тилдерди жана калган предметтерди өздөштүрүүдөгү ийгиликтеринен көрүнөт. Ошондой эле, аналитикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсү да ушуга байланыштуу. Тил менен ой жүгүртүүнү бири-бирисиз элестетүү эч мүмкүн эмес. Алар өз ара жуурулушкан бир

бүтүндүктү түзүп турат. Эне тили предмет катары мектепте үч аспектиде окутулат: 1) тилдин системасы; 2) орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөр; 3) кеп маданиятын өнүктүрүү. Эне тилин окутуунун максаты — мектеп бүтүрүүчүсү тилдик жана кептик нормаларга ылайык кептик ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүккө ээ болуу менен маданий-адептик жактан да калыптануусун жөнгө салуу.

Атап айтсак: тилдик компетенттүүлүктө - мектеп окуучусун тилдик бирдиктерди алардын тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнүүгө; лингвистикалык бирдиктерди функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурууга; тилдик бирдиктерди түзүлүшү, мааниси жана стили боюнча айырмалоого; кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн салыштырууга; орфографиялык жана пунктуациялык ыкмаларга ээ кылууга окутуу. Кептик компетенттүүлүктө - мектеп окуучусун коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк байлыгын байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, мисалы: карым-катнаштын максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнүүгө жана белгилөөгө; тексттеги биринчи жана экинчи орундагы маалыматтарды бөлүп көрсөтүүгө, аларды чындык менен салыштырууга; адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзүүгө; текстти ар кыл стилдик талаптарга, ар кыл эмоционалдык жагдайларга ылайыктап кайрадан түзүүгө; коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалоого жана пайдаланууга үйрөтүлөт. Маданий компетенттүүлүктө мектеп окуучусун пикир алышууга катышуу менен социалдык-кептик, маанилик жана тарыхый-маданий контекстти эске алуу менен сүйлөшүү маданиятынын нормаларына ээ болууга, коомдо калыпка түшкөн жүрүм-турумдун эрежелерине ылайык карым-катнаштын катышуучусунун социалдык ролун өзүнө кабыл алуу менен элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү, ыйык баалуулукка айланган эне тилин урматтоого жана сактоого окутуп-тарбиялоо ж.б.

Адабияттар:

1. Б. Абдухамидова, Кыргызча кеп адеби, Б., 2008.
2. И.Абдувалиев, Кыргыз тилинин морфологиясы, Б., 2010.
3. С.Мусаев, Кеп маданиятынын маселелери (Б.,2004);
4. Б.Исаков, Кыргыз тилин орто мектептин 5-11-класстарында натыйжалуу окутуу боюнча усулдук колдонмо (Б.,2011);
5. С.Рысбаев, Сөз жөнүндө дастан (Б.,2013);
6. С.Рысбаев, А.Акматова, "Окуучунун сүйлөө ишмердиги" (Б.2013).
7. С. Рысбаев, «Окуучунун дилбаяны», Б., «Интерполиграф» басм., 8 б.т., (Б.,2010).
8. С. Рысбаев, «Жат жазуу иштерин жүргүзүүнү өркүндөтүү технологиялары», Б., «Интерполиграф» басм., 5 б. т., (Б., 2010-жыл).
9. С.Үсөналиев, Б.Өмүралиев Азыркы кыргыз тилинин таблицалары. (Б.,2003);
10. А.Осмонкулов, Мектептерде фонетиканы окутуунун методикасы. (Б., 1967);
11. Б.Өмүралиев, Синтаксисти окутуунун методикасы. (Б.,1978);
12. Ж.Чыманов, Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери (2007);
13. Ж.Чыманов, Кыргыз тили: Окутуу методдору. (Б.,2007);
14. Ж.Чыманов, Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. (Б.,2009);
15. Р.Абдувалиева, Сабак-бүтпөгөн процесс, Б., 2010.
16. В.Мусаева, А.Сманбаев, Баяндама жыйнагы (Б.,2009);
17. В.Мусаева, А.Сманбаев, Жат жазуулар жыйнагы. (Б.,2009);
18. В.Мусаева, Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. (Б., 2009);
19. В.Мусаева, Кыргыз тили (Кыргыз тили таблица, чийме, схемаларда) 5-11-кл. (Б., 2009);
20. В.Мусаева, Т.Асанакунов. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Кыргыз тили боюнча методикалык колдонмо. 5-9-кл. USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоору (2011);
21. Азыркы кыргыз адабий тили, академиялык басылышы, Б., 2009.
22..Х. Карасаев, Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү (Б., 2009)
23. Т.Маразыков, Текст таануу жана анын айрым маселелери, 1-китеп (Б., 2005)
24. Т.Маразыков, Кыргыз тилиндеги текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар, 3-китеп (Б., 2005)
25. А.Биялиев, Кыргыз орфографиясынын принциптери., Б., 2005.
26. К.Сейдакматов, Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү, Фр., "Илим" басмасы, 1988-ж.
27. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү, Фр., 1988-ж.
28. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1-2-китеп, Б., 2012-ж.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МУЗЫКА

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
V- VII –КЛАССТАР
ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын Билим
жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
5-7-класстар үчүн «Музыка» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлум. Жалпы жоболор
1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлум. Музыка предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлум. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлум. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

1- бөлүм. Жалпы жоболор

5-7-класстар үчүн «Музыка» курсу боюнча предметтик стандарт «Музыка» предмети боюнча 1-4-класстар үчүн предметтик стандарттын логикалык уландысы болуп эсептелет. Музыка - «Искусство» билим берүү чөйрөсүнө кирүүчү предметтердин бири. «Музыка» предмети боюнча 5-7-класстар үчүн предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн.

Азыркы тапта базалык мектептик билим берүү системасында музыкалык билим берүү олуттуу мааниге ээ. «Музыка» предмети патриоттулукка, гумандуулук идеяларына, толеранттуулукка тарбиялоодо зор мааниге ээ, анткени таасир этүү күчү жагынан музыка искусствонун өзгөчө түрлөрүнүн бири болуп саналат. Музыканын тилин, музыкалык сабаттуулуктун негиздерин окуп-үйрөнүү окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнө өбөлгөлөрдү түзөт.

Базистик окуу планында «Музыка» предмети окуп-үйрөнүү үчүн 5-7-класстарда жумасына бир сааттан киргизилген. Жылдык окуу жүктөмү – 34 саат, 3 жылдагы жалпы окуу жүктөмү 102 саатты түзөт.

Предметтин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, орто мектепте музыка сабагы Кыргызстандагы мектептик билим берүүнүн негизги максатын ишке ашырууга, тактап айтканда, «инсандын көп түрдүү өзгөрмөлүү дүйнөдөгү жеке жана коомдук бакубатчылыгын камсыз кылуучу жарандык жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын»[1] калыптандырууга багытталган.

Мектеп окуучуларынын аталган предметтин алкагындагы окуу ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрү болуп музыка угуу, уккан жана аткарылган (ырдалган) чыгармаларды талдоо жана талкуулоо, ырдоо, импровизациянын элементтери эсептелет. Музыкалык аспаптык музыкалаштыруу окутууну уюштуруу үчүн жеткиликтүү сандагы музыкалык аспаптар болгон учурда талапка ылайык.

Предметтик стандарт билим берүү процессин камсыздоонун мазмунун жана жаңы педагогикалык шарттарын жөнгө салуучу окуу программаларын, окуу-методикалык комплексти (ОМК) иштеп чыгуучулар үчүн багыт болуп кызмат кылат.

«Музыка» предметинин мазмуну кыргыз элинин музыкалык өнөрүнүн жана башка элдердин музыкалык искусствосунун мисалдарынан түзүлөт. Окуу материалдары менен усулдары ар түрдүү этникалык, гендердик, социалдык топторго кирген окуучуларга болгон стереотиптердин алдын алуусу керек.

1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү

Предметтик стандарт «Музыка» курсунун программасын түзүүнүн багытын аныктаган расмий документ болуп саналат. Предметтик стандарт билим берүү процессинин бардык катышуучуларын «Музыка» окуу предметинин максаттары, мазмуну, предметтин каражаттарынын жардамы менен окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана

[1] Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты.

өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясы тууралуу түшүнүктөргө ээ кылат, курстун тематикалык жана сюжеттик тилкелерин белгилейт.

Предметтик стандарт базалык жана автордук программалар менен окуу китептерин түзүү үчүн да негиз жана багыт катары кызмат кылат. Ал мугалимдин позициясы менен чыгармачыл дараметин, окуучулардын жекече жөндөмдүүлүктөрүн, кызыкчылыктары менен талаптарын, билим берүүчү уюмдун материалдык базасын, жергиликтүү социалдык-экономикалык шарттарды, улуттук салттарды эсепке алуу менен автордук окуу курсун түзүүгө ар кыл мамилелерди ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет.

Стандарттын жоболору төмөндө белгиленгендер тарабынан *милдеттүү түрдө колдонулууга жана сакталууга тийиш:*

– менчиктин жана ведомстволук баш ийүүнүн тибине, түрүнө жана формасына карабастан, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары;

– музыка мугалимдерин даярдоочу орто кесиптик билим берүү уюмдары жана жогорку окуу жайлары;

– «Музыка» предмети менен Музыка мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуунун программаларын иштеп чыккан жана ОМКларды даярдаган КББАсы, мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу борборлору;

– жалпы билим берүүчү уюмдарда билим берүү стандарттарын жүзөгө ашыруу боюнча зарыл шарттарды түзүп берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

5-7-класстарда музыка боюнча предметтик стандарт төмөнкүдөй түзүмгө ээ:

1-бөлүм. Жалпы жоболор.

2-бөлүм. Предметтин концепциясы.

3-бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо.

4-бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде 5-7-класстарда музыка боюнча жалпы орто билим берүүнүн предметтик стандарты төмөнкүлөрдү аныктайт:

–5-7-класстын окуучуларына музыкалык билим берүүнүн илимий жана методикалык жактан келишилген артыкчылыктарын;

–жалпы билим берүүчү орто мектептин 5-7-класстарында музыканы окутуунун максатын жана милдеттерин;

–негизги (түйүндүү) жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн тизмесин;

–5-7-класстардын окуучуларынын музыкалык билим алуусунун жыйынтыктарын баалоонун негизги принциптерин;

–мектептик музыкалык билим берүүнүн уюштуруучулук жана усулдук өзгөчөлүктөрүн ж.б.

5-7-класстар үчүн музыка боюнча предметтик стандарт укуктук - ченемдик документ болуп эсептелип:

–мектептик билим берүүдөгү музыка тармагынын белгиленген максаттарын ишке ашырууну камсыз кылат;

–5-7-класстардын окуучулары үчүн «Музыка» предмети боюнча билим берүү процессин жөнгө салат;

–улуттук жана аймактык деңгээлдерде музыкалык билим берүүнүн өнүгүүсүн камсыз кылат.

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы.

–Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2013-ж.);

–Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж. 21-июлундагы № 403 Токтому менен бекитилген);

–Кыргыз Республикасында полимаданий жана көп тилдүү билим берүүнүн Концепциясы (2008-ж.);

–Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-ж. 23-мартындагы №201 «Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары тууралуу» токтому;

–2020-ж. чейин Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуучу жаштарын тарбиялоонун Концепциясы (2014-ж.);

–Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук Стратегиясы;

–Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук Стратегиясын жүзөгө ашыруу боюнча Өкмөттүн Программасы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул предметтик стандартта негизги түшүнүктөр менен терминдер төмөнкүдөй маанилерде колдонулган:

Билим берүү стандарты – негизги билим берүү программаларынын мазмунунун билим берүүчүлүк минимумун, окуучуларды даярдоонун сапатына коюлуучу базалык талаптарды, окуучулардын окуу жүктөмүнүн мүмкүн болгон чегин аныктоочу ченемдер менен эрежелердин жыйындысы.

Базистик окуу планы – милдеттүү окулуучу предметтердин тизмесин, аларды окуп-үйрөнүүнүн ыраатын, окуу жүгүнүн көлөмү менен формаларын аныктоочу документ.

Негизги компетенттүүлүктөр – бардык предметтердин жалпы мазмунунда жүзөгө ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.

Руханий-адептик тарбиялоо — өсүп келе жаткан жаш муундардын бийик руханий баалуулуктарды өздөштүрүүсү жана практикалык иш-аракет менен жүрүш-турушта ишке ашыруусуна багытталган тарбиялоонун бир аспектиси. Билим берүү системасында педагогдор менен тарбияланууучулардын өз ара аракетинин инсандын калыптануусуна, анын баалуулук-маңыздык чөйрөсүн өнүктүрүүгө багытталган максаттуу процесси. «Руханий-адептик баалуулуктар» катары адамдардын бири бирине, үй-бүлөгө, коомго болгон мамилесиндеги негизги принциптер менен ченемдер каралып, алар жакшылык жана жамандык, чындык жана жалган критерийлерине негизделет.

Искусствонун жанры – искусствонун ар бир түрүнүн бөлүмдөрү (тарыхый, мифологиялык, тиричилик, пейзаж, портрет, натюрморт ж.б.).

Окутуунун максаттары – окуучулар когнитивдик (таанып-билүүчүлүк), аффективдүү (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүш-туруштук чөйрөлөрдө жетүүчү окутуунун аяккы жана аралык жыйынтыктары, алар окуучунун түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрүнүн мугалим өлчөп, баалай ала турган белгилүү бир деңгээли менен туюндурулат.

Индикатор (көрсөткүч) – кандайдыр бир нерсенин ал-абалын көрсөтүүчү чен-өлчөм, «ченөө жабдуусу». Окутуунун натыйжаларынын индикатору (көрсөткүчү) – алдыга коюлган максаттарга жетүүнү күбөлөгөн конкреттүү белгилер.

Билим берүүнүн сапаты – билим берүү процессинин катышуучуларынын билим берүү мекемеси тарабынан көрсөтүлгөн билим берүүчүлүк кызмат көрсөтүүлөргө болгон үмүттөрүнүн канааттандырылыш даражасы же билим берүүгө коюлган максаттар менен милдеттерге жетүү даражасы. Билим берүү стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн талаптарына шайкеш келүү. Берилген түшүнүктүн өзгөчө маанилүүлүгү кыймылдуулугу, көп түрдүү жана практикалуу мүнөзү менен байланыштуу.

Компетенттүүлүк – адамдын ар кыл билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү түрдүү (окуу, жеке, кесиптик) кырдаалдарда өз алдынча колдоно билүүчүлүк жалпы жөндөмү.

Компетенция – (лат. competere – ээ болуу, ылайык келүү, туура келүү) – белгилүү бир (окуу, жеке, кесиптик) кырдаалдагы натыйжалуу, жемиштүү ишмердүүлүк үчүн билим берүүчүлүк даярдыкка коюлуучу алдын ала белгиленген социалдык талаптар (ченемдер, стандарттар).

Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөр – билим берүүнүн ченелүүчү жыйынтыктары, алар социалдык, мамлекеттик, кесиптик буйрутмага ылайык аныкталып, көп функциялуу жана предметтен жогору болот, окуу предметтеринин базасында ишке ашат жана окуучулардын социалдык тажрыйбаларына негизделет.

Предметтик компетенттүүлүктөр – билим берүү чөйрөлөрүнүн жана предметтердин алкагында калыптануу мүмкүнчүлүгүнө жана конкреттүү сыпаттоого ээ болгон жеке компетенциялар Предметтик компетенция окуучунун адамзат маданиятынын айрым чөйрөлөрүнүн позициясынан талдоо жүргүзүүгө жана аракет кылууга жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт.

Критерий – кандайдыр бир нерсени баалоого, аныктоого же классификациялоого негиз болгон белги.

Кайтарым байланыш – (англ. Feedback – кайтарым азыктандыруу) – кенен мааниде айтканда сын, мүнөздөмө, мамилесин билдирүү кандайдыр бир окуяга же аракетке болгон кайтарымдуу реакция. Окуу процессинде кайтарым байланыш окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүктөрүн корректировкасын божомолдойт.

Баа — окуучунун жетишкендиктерин баалоонун цифралар, тамгалар менен же башка түрдө сапаттык туюндурулушу.

Баалоо – окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердүүлүгүн байкоо, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында маалыматты сыпаттоо, жыйноо, каттоо жана интерпретациялоо процесси.

Диагностикалык баалоо – окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана окуучулардын компетенттүлүктөрүн баштапкы деңгээлине баа берүү. Адатта

диагностикалык баалоо, жаңы теманы өтөрдүн алдында окуучулардын буга чейин билгендери тууралуу жана аларды жаңы темага байланыштуу кандай суроолор кызыктырары тууралуу түшүнүктөргө ээ болуу үчүн жүргүзүлөт.

Формативдик (калыптандыруучу) баалоо – бул, окуучунун билим алуусуна максаттуу, үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. Формативдик баалоо «формалдуу эмес» (көпчүлүк учурда бааланбайт) баалоо болуп эсептелет. Бул, баалоонун критерияларына туура келген жана кайтарым байланышын бар баалоого негизделет.

Жыйынтыктоочу баалоо - белгилүү бир убакытка чейин тема менен бөлүмдү окууну жыйынтыктоодо билим, жөндөм жана көндүмдөргө үйрөнүү деңгээлин аныктоого багытталат. Суммативдик баалоо текшерүү иштеринин ар түрдүү түрлөрүн аткаруу жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт (тест, контролдук иш, дилбаян, эссе, долбоор, оозеки сунум ж.б.). Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз катары каралат.

Баа коюу – окуучуларда предметтик стандартта бекитилген компетенциялардын калыптаныш даражасын аныктоо.

Натыйжалар (билим берүүчүлүк) – инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоону ишке ашыруу үчүн жетиштүү болгон жекече (индивидуалдуу) компетенттүүлүктөрдүн жыйындысы.

Курчап турган дүйнөнү эстетикалык кабылдоо – кабылданган кубулушка эстетикалык баа берүү, ага карата эмоциялык мамиле-жооп.

Музыканын типтери – бул, аткаруучулук күч боюнча алганда, вокалдык, аспаптык жана вокалдык-аспаптык музыка, ал эми ким жараткан параметири боюнча алганда – бул элдик, профессионалдык жана компьютердик музыка.

Музыкадагы форма – бул, музыкалык чыгарманын түзүлүшү. Практикада кеңири жайылган формалар: бир бөлүктүү, эки бөлүктүү, үч бөлүктүү, ронда формасы, вариация, сонаталык форма ж.б.

2-бөлүм. Музыка предметинин концепциясы

Музыкалык билим берүү – окуучуда музыкага карата эмоциялык сезимталдыкты, анын мазмунун түшүнүү жана терең толгонууну, музыкалык сабаттуулуктун негиздерин, музыкалык тилди түшүнүүнү максатка багытталган системалуу түрдө тарбиялоо. Мындан сырткары, музыкалык билим берүү бул – музыкалык ишмердүүлүктүн коомдук-тарыхый тажрыйбасын жаңы муунга берүү процесси, Кыргызстандын музыкасын терең сыйлоого тарбиялоо жана түрдүү элдер жана муундардын музыкасына толеранттуу мамиле кылууга тарбиялоо.

Тандалып алынган музыканы **иллюстрациялоо** (угуу), ырдоо үчүн чыгармалардын репертуарынын үлгүлөрү окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрүнө, тематикага ылайык келип, предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусуна өбөлгө түзүшү керек. Музыкалык маданияттын ар кыл катмарлары сунуш кылынышы зарыл: музыкалык фольклор (элдик музыка, классикалык комуз жана кыл кыяк үчүн күүлөр), Кыргызстандын композиторлорунун жана дүйнөлүк музыкалык маданияттын классиктеринин классикалык мурастары, азыркы заманбап композиторлордун музыкалык үлгүлөрү.

Окутуу түрдүү тилдерде жүргүзүлгөн мектептерде музыкалык материал (ырдоо жана угуу үчүн) окутулган тилдеги музыкалык чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүнөн түзүлүп, мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдериндеги музыкалык чыгармачылыктын үлгүлөрү милдеттүү түрдө киргизилет.

Негизги мектепте - окуучулардын музыкалык маданиятынын калыптануу мезгилинде – музыкалык образга жетүүгө, музыканын адептик-эстетикалык кудуретине, музыкалык-таанып билүүчүлүк жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө, балдардын дүйнөлүк музыкалык искусствонун бийик жетишкендиктерине кызыгуусун жогорулатууга, заманбап музыкалык тилдин (язык) өзгөчөлүктөрүн аңдап-билүүгө, музыканын тарыхы, көркөм адабият, сүрөт искусствосу менен кеңири жана терең байланышын аңдап-түшүнүүгө жана анын негизинде сезип-туюу маданияты менен эстетикалык табитин (анын ичинде азыркы массалык заманбап музыкага) өнүктүрүүгө көңүл бөлүнүп, басым коюлушу зарыл.

Компьютердик техниканы, электрондук-музыкалык аспаптарды колдонуп, музыка менен баарлашуунун заманбап ыкмаларына да олуттуу көңүл буруу керек.

2.1. Окутуунун максаты жана милдеттери.

5-7-класстардагы “Музыка” предметинин **максаты** болуп окуучуларда курчап турган дүйнөнү көркөм-образдык аңдап-түшүнүүнүн курамдык бөлүгү катары эмоциялык чөйрөсүн өнүктүрүү, окуучулардын музыкалык чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, руханий-адептик тарбиянын негиздерин калыптандыруу эсептелет.

Милдеттери:

−окуучулардын музыкалык сабаттуулугун, кыргыз жана дүйнөлүк музыкалык маданияты боюнча жалпы музыкалык-эстетикалык маалыматтуулугун калыптандырууга өбөлгө түзүү;

−окуучуларда элдик жана кесиптик музыкалык чыгармачылыктын ажырагыс биримдигиндеги кыргыз музыкасынын улуттук өзгөчөлүгү тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү;

−музыкалык тилди түшүнүүгө жетишүүгө жана музыкалык чыгармага эмоциялык мамиленин пайда болушуна өбөлгө түзүү;

−мектеп шарттарында окуучулардын музыкалык-чыгармачыл ишмердүүлүгү – хордук жана жекече аткаруучулук, ыр жанрынын үлгүлөрүн аткаруу процессинде интерпретациялай билүү - үчүн шарттарды түзүп берүү;

−репертуарды, сабактарда ээ болгон билимдер менен билгичтиктерди класстын балдар жамаатынын ишмердүүлүгүндө, эс алууда пайдалануу үчүн музыкалык сабактардын коомдук-пайдалуу багыттуулугун активдештирүү.

2.2. Предметтин методологиялык негиздери

«Музыка» предмети боюнча стандартын методологиялык негизи болуп илимий-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн философиялык категориялары, ошондой эле объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук, бир бүтүн тарыхый-педагогикалык процесстеги педагогиканын жана заманбаптуулуктун теориялары кызмат кылды. Мында музыкалык тарбия берүүнүн методологиялык-теориялык мамилелеринин, принциптери жана

методдорунун системасы пайдаланылды. Заманбап музыкалык педагогика коомдун, билим берүү системасы менен музыкалык искусствонун өнүгүү тенденцияларын эске алат, ошондой эле чектеш илимдердин: философия, психология, физиология, аксиология, искусствону кабылдоо психологиясы жана педагогиканын илимий изилдөөлөрүнө негизделет.

а) Аксиология (баалуулуктар теориясы) искусство чыгармаларын аңдап-түшүнүүнүн, алардын инсандын структурасы менен өз ара байланышынын негизинде көркөм, адептик жана маданий баалуулуктардын калыптанышын болжолдойт. Музыка, бир жагынан, адамдын өзүн өзү, өзүнүн ички дүйнөсүн, экинчи жагынан, курчап турган дүйнөнү таанып-билүү каражаттарынын бири болуп саналат. Чындыгында эле, бала курчап турган дүйнөнү музыканын жардам менен таанып-биле алат. Музыка материалдык эмес, руханий дүйнөнү таанып-билүүнүн ыкмасы болуп эсептелет, ал спецификалык образдарга жана тилге ээ.

б) Искуствону кабылдоо психологиясы көркөм чыгарманы адамдарда эмоцияларды ойготууга багытталган эстетикалык белгилердин жыйындысы катары караган көз карашты билдирет (Л.С. Выготский). Музыканын эмоциялык таасири ачык-айкын эмоцияларды, асыл сезимдерди, жан дүйнөнүн жакшы ниеттерин ойготкондугу менен байланыштуу. Бул тууралуу көптөгөн белгилүү инсандар, жазуучулар, сүрөтчүлөр, музыканттар, педагогдор айтышкан. Л.Н. Толстой музыканы «сезимдердин стенографиясы» деп атаган. «Музыка — доордун жаңырып турган жаны» (В. Ворона), «Музыка — жан дүйнөнүн тили», — деп жазган орустун белгилүү музыка сынчысы А.Н. Серов.

в) Ишмердүүлүк мамиле – чыгармачылык аркылуу тарбиялоо жана «аткаруучулук теориясы». Анын башаттарында Л.С.Выготский, С.Л.Рубинштейн, А.Н.Леонтьев сыяктуу көрүнүктүү адамдар турган.

Музыка курсу төмөнкү принциптерге негизделип түзүлүшү керек:

–мектеп окуучуларынын музыканы кабыл алуу психологиясынын өзгөчөлүктөрү;

–бир бүтүндүк жана образдуулук;

–Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн улуттук музыкалык салттарын окуп-үйрөнүүдөгү полимаданияттуулук;

–музыканы «чечмелөөнүн» бир каражаты катары балдарда ассоциацияларды өнүктүрүү;

–музыкалык көркөм образга түшүнүк берүүнүн көп вариантуулугу;

–жаңы билимдерди берүүдөгү системалуулук жана ырааттуулук;

–музыкалык сабактарды өткөрүүдөгү дискуссиялуулук, диалогдуулук, бардыгына жаккан жалгыз жоопту табуу эмес, "үн чыгарып издөө»;

–окуучулардын музыканын мазмунун жекече окуй билүүсү жана интерпретациялардын көптүгү.

Окуу процессинде бардык дидактикалык принциптер тыгыз айкалышып, баланын өзүнүн рухий дүйнөсүн тереңден изилдөөсүн, форма катары музыкалык таасирдүү каражаттарынын уюшулушун музыканын мазмуну менен биримдикте түшүнүүнү камсыз кылууга багытталган.

2.3. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөр

«Музыка» предмети окуучулардын төмөндөгү предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптанышын шарттайт.

1. **Эмоциялык-баалуулук компетенттүүлүгү** – искусство чыгармалары менен инсандык, эмоциялык-сезимдик байланыш, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүндө ишке ашырылат. Музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын сыпаттап берүүгө жөндөмдүүлүк, түрдүү мезгилдердин, элдердин, ар кыл стилдеги, жанрдагы, типтеги музыкалык искусствонун чыгармаларында аккумуляцияланган адептик идеалдарга баа берүү жөндөмдүүлүгү.

2. **Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуп-үйрөнүлүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо жөндөмдүүлүгү, салыштыруу, музыкалык искусствонун чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын аныктай билүү, музыкалык чыгарманы талдоо жөндөмдүүлүгү, музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү жөндөмдүүлүгү.

3. **Аткаруучулук компетенттүүлүк** - музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу менен хордук жамаатта жана жекече ырдоодо жана аткарууда интерпретациялоо жөндөмдүүлүгү.

Музыкалык чыгарманы аңдап түшүнүүнүн негизинде музыканы уга билүү, аны хор менен же/жана жекече аткара билүү, талдай билүү билгичтиктерин баскычтуу, ырааттуу түрдө калыптандыруу турат. Буга байланыштуу, компетенттүүлүктөрдүн мазмунунда музыкалык чыгарманы түшүнүү үчүн бир нече аспектилер бөлүнүп көрсөтүлөт:

- музыкалык чыгарманы баштапкы кабылдоо жана аны менен таанышуудан, угуудан пайда болгон эмоциялык абалды сыпаттоо;
- талдоо;
- интерпретация;
- баалоо.

Предметтик компетенттүүлүк окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо жетектөөчү мааниге ээ. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө дайыма ишке ашырылганда гана ал ийгиликтүү түрдө калыптанды деп айтууга болот.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

«Музыка» предметин окуп-үйрөнүү процессинде предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусу түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн – маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна түздөн-түз өбөлгө түзөт. Предметтик компетенттүүлүктөр түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн ар кыл түзүүчүлөрүн пайда кылат.

Түйүндүү компетенттүүлүктөр	Предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн байланышын сыпаттоо
Маалыматтык компетенттүүлүк	окуучунун: – музыкалык чыгармаларды интерпретациялоо үчүн түшүнүктөрдү, символдорду айырмалай билүү билгичтигин көрсөтүү жөндөмдүүлүгү; – ресурстардын ар кыл түрлөрүн, анын ичинде заманбап маалыматтык ресурстарды колдонуу жөндөмдүүлүгү.
Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк	окуучунун: – руханий-адептик баалуулуктарга, эстетикалык жана этикалык ченемдерге ылайык, өзүнүн ишмердүүлүгүн салыштыруусу жана башка адамдардын ишмердүүлүгүн түшүнүү жөндөмдүүлүгү; – улуттук музыкалык маданияттын баалуулуктарын таануунун, адамзаттын музыкалык образдарда чагылдырылган оң тажрыйбасынын, башка маданий салттардын өкүлдөрүнө толеранттуу мамиле кылуунун негизинде инсан аралык коммуникацияларды түзүү жөндөмдүүлүгү.
Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү	окуучунун: –коюлган максаттын шарттарында милдетти аныктай билүү жөндөмдүүлүгү; –ресурстарды пландоо, өз ишмердүүлүгүнүн продуктусун өз алдынча көзөмөлдөө жана баалоо жөндөмдүүлүгү.

2.5. «Музыка» предметинин мазмундук тилкелери. Курсту түзүүнүн логикасы.

«Музыка» предметинин мзмундук тилкелери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Музыканын тили – музыкалык таасирдүү каражаттары.
- Музыкалык образ.
- Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары.
- Автор (автордук дүйнө).

«Музыка» предметинин курсу төмөнкүдөй логикалык түзүлүшкө ээ:

5-класстын окуучулары башталгыч мектептин «Музыка» курсунда калыптанган көндүмдөрдү бекемдеп, мазмундук тилкелерге ылайык предметтик жана түйүндүү (предметтен жогорку) компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну улантышы керек. 5-класста окуучулар музыкалык терминдерди, музыкалык көркөмдүктүн обон (мелодия), гармония, ыргак (ритм), штрихтер, өлчөм, регистр, темп, тембр, фактура сыяктуу каражаттарын билүүгө жана пайдалана билүүгө тийиш.

6-класста окуучулардын негизги көндүмү – музыкалык образды жана чыгармалардын музыкалык драматургиясын аныктоо.

7-класста музыкалык чыгармаларды, музыкалык искусствонун стилдерин, жанрларын салыштырма талдай билүү компетенттүүлүгү калыптанат.

Ынтаалуу угуучунун, хордук жана жекече ырдоонун активдүү аткаруучусунун көндүмдөрү, авторлор – Кыргызстандын белгилүү композиторлору менен аткаруучулары, элдик жана классикалык музыканын чыгармалары тууралуу маалыматтарга ээ болуу көндүмдөрү, музыкалык чыгармаларды талдай билүү жана музыкалык формаларды

аныктоо көндүмдөрү «Музыка» курсунун мазмунун окуп-үйрөнүү процессинде такай орун алууга тийиш.

2.6. Предметтер аралык байланыштар

Предметтер аралык байланыштар «Музыка» сабактарын уюштуруунун зарыл элементи болуп саналат. «Сабакта музыканын турмуштук байланыштары канчалык көп табылса, музыка балдардын аң-сезимине турмуштун өзү сыяктуу ошончолук бекем орнойт»- деп жазган Д.Б.Кабалевский. Предметтер аралык байланыштарда «Искусство» - «Адабият», «Көркөм-сүрөт чыгармачылыгы» билим берүү чөйрөлөрүнүн предметтери жана эне тили, экинчи тил жана чет тилдери предметтери менен кыйла тыгыз байланыштар түзүлөт.

Предметтер аралык байланыштар окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн бир ыкмасы катары төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет:

–кабыл алуунун ар кыл (көрүү, угуу, тыбыштык, сөздүк, кыймыл, сезүү, туюу) түрлөрүнүн жана практикалык ишмердүүлүк процессинде дифференцияланган көрүүнүн өнүгүүсүн байкоо;

–өз аймагынын маданиятынын тарыхын, дүйнөлүк көркөм мурастардын тарыхын өздөштүрүү;

–көркөм ой жүгүртүүнүн ар кыл типтерин иштетүү;

–фантазияны жана кыялдануу, балдардын өздүк чыгармачылыгын, искусствонун ар кыл формаларында музыкалык продуктыны өз алдынча жаратууну өнүктүрүү.

Максатка жетүүнүн бир кыйла натыйжалуу каражаттары болуп сабакты уюштуруунун төмөнкү формалары менен усулдары эсептелет: тематикалык сабактар; иллюстрация, адабий текст менен иштөө, музыкалык чыгарманы талдоо, жекече жана топтук иш, түрлөрүн салыштыруу.

«Искусство» билим берүү чөйрөсүнүн предметтеринин мазмундук тилкелери чөйрөнүн предметтери үчүн өтмө болуп эсептелип, предметтер аралык байланыштарды уюштурууга шарт түзөт. Мисалы, Музыкадагы «Музыканын типтери, формалары жана жанрлары» мазмундук тилкеси романтизм, классицизм ж.б. сыяктуу стилдерди окуп-үйрөнүүнү белгилейт. Бул аныктамаларды түшүндүрүүдө мугалим окуучулардын адабият жана көркөм-сүрөт чыгармачылыгы предметтеринде ж.б. алган билимдерине таянууга тийиш.

Окуучуларды жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн элдеринин музыкалык маданияты, түрдүү дооорлордогу музыкалык маданият, музыканын стилдери менен таанышtыруу процессинде окуучулардын Кыргызстандын тарыхы, дүйнөлүк тарых, география сабактарында алган билимдерин колдонуу сунушталат.

Музыка сабагында предметтер аралык байланыштарды активдүү колдонуу, балдардын башка предметтерден алган билимдерине жана турмуштук тажрыйбасына таянуу окуучуларда дүйнө жана анын өнүгүү мыйзамдары тууралуу кыйла толук жана терең компетентүүлүктөрдү калыптандырууга өбөлгө түзөт.

2.6. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

№	Мазмундук тилкелер	5- класс	6- класс	7- класс
1	**Музыканын тили – музыканын таасирдүү каражаттары**	Музыканын таасирдүү каражаттары – обон (мелодия), гармония, ыргак (ритм), штрихтер, өлчөм, темп, тембр.	Динамика, динамикалык боекчолор, полифония, гомофония. Кыргыз элинин музыкалык аспаптары, кыргыздардын өзүнчөлүгүн туюндуруу каражаттары катары.	Фактура, регистр,интерпретация. Заманбап музыкалык искусствodo элдик салттарды, элдик музыкалык аспаптарды пайдалануу.
2	**Музыкалык образ**	Сүрөттөөчү жана көркөм таасирдүү музыка.	Музыкалык образ, музыкалык драматургия.	Классикалык музыкадагы музыкалык образ жана азыркы композиторлордун чыгармалары. Окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү.
3	**Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары**	Музыканын бир бөлүктүү, эки бөлүктүү, үч бөлүктүү формалары. Куплеттик форма. Симфония. Фольклор. Концерт. Сюита. Скерцо. Реквием.	Увертюра. Опера. Балет. Оперетта. Симфониялык сүрөт. Балет-оратория. Ария. Музыкалык комедия.	Соната, симфония, аранжировка, музыканын 3 бөлүктүү жөнөкөй жана үч бөлүктүү татаал формалары. Музыканын стилдери: классика, романтизм, джаз, блюз, спиричуэлс, ПОП, рок, хип-хоп. Музыканын типтери: вокалдык, аспаптык, вокалдык-аспаптык музыка, электрондук музыка
4	**Автор (автордук дүйнө)**	Чыгарманын дүйнөсү: • чыгарманын көркөм идеясы; • эмоционалдык маанайы. Автордук баа берүү: автордук позицияны туюндуруу жолдору. Акындык аткаруучулар. Кыргызстандын композиторлору.	Чыгармалардын адептик жана социалдык темалары. Чыгармалардын негизги идеясы, проблемасы. Чыгарманын сюжетинин логикасы. Кыргызстандын композиторлору.	Түрдүү доорлордогу композиторлордун чыгармачылыгында мотивдердин, темалардын стилдердердин өнүгүшү. Кыргызстандын композиторлору.

3-бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (Окутуунун натыйжалары (класстар боюнча))

Бул бөлүмдө окутуудан күтүлүүчү натыйжалар берилген, алардан окуучулардын предметтик жана предметтен жогорку компетенцияларынын калыптануусу түзүлөт. Күтүлгөн натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Номерлөөнүн ар бир цифрасы маалыматтык жүк көтөрүп турат. Мисалы, 5.1.1. күтүлүүчү натыйжасы 5-класс үчүн (1-цифра) билим берүүчүлүк натыйжа экенин көрсөтөт. Экинчи цифра берилген натыйжа кайсы предметтик компетенцияны калыптандырарын билдирет. Берилген учурда бул - «Эмоциялык-баалуулук компетенттүүлүгү». Акыркы цифра күтүлүүчү натыйжанын иреттик номурун көрсөтөт. Алынган мисалда 1 (бир) цифрасы, б.а., күтүлүүчү биринчи натыйжа.

«Музыка» предметин окутуудан күтүлүүчү натыйжалар. Окутуунун натыйжалары (класстар боюнча)

№	Мазмундук тилкелер	Индикаторлор, иш-аракеттер (жүрүш-туруш, ишмердүүлүк терминдеринде) (Окуучу эмнени жасоого жөндөмдүү?)		
		5- класс	6- класс	7 класс
1.	**Музыканын тили– музыканын таасирдүү каражаттары**	5.1.1.1. музыкалык чыгарманы угуунун жыйынтыгында өзүнүн эмоциялык абалын сыпаттап берет 5.1.2.2. композитор музыканын таасирдүүкайсы каражаттарынын жардамы менен чыгарманын музыкалык идеясын бергенин аныктайт 5.1.2.3. музыкалык тилдин терминдерин жана түшүнүктөрүн түшүнүү менен пайдаланат	6.1.1.1. музыкалык чыгармаларды аткарууда импровизациялайт (хордук же/жана жекече ырдоодо) 6.1.2.2. ырларды хор менен же жекече аткарууда дирижердун шилтемдерине тиешелүү түрдө жооп кайтарып, айрым учурларда дирижердун ролун аткарат 6.1.2.3. ар түрдүү динамикалык боёкчолорду, темптерди пайдаланат (хордук же/жана жекече ырдоодо)	7.1.1.1. көркөм маданияттагы музыканын маанисин түшүндүрүп берет; уктурулган музыкалык чыгарма боюнча өзүнүң эмоционалдык абалын аргументтүү түшүндүрүп берет 7.1.2.1. музыкалык тилдин түшүнүктөрүн жана терминдерди түшүнүү менен колдонот 7.1.2.3. музыканын таасирдүү кайсы каражаттарынын жардамы менен композитор чыгарманын музыкалык идеясын бере алганын аргументтүү далилдеп берет
2.	**Музыкалык образ**	5.2.2.1. музыкадагы таасирдүү каржаттарды жана сүрөттөөчү каражаттарды айырмалап атап	6.2.1.1. сыпаттама же визуалдык образдар аркылуу музыкалык чыгарманы интерпретациялайт	7.2.1.1. заманбап композиторлордун чыгармалары менен классикалык музыканын

		берет 5.2.3.2. хор жана жеке ырдоодо музыканын көркөм-образдык мазмунун ишке ашырат 5.2.3.3. ырды хор менен же жеке аткарууда, чыгарманын музыкалык образын түзүү үчүн дирижердун шилтемдерине ылайыктуу таасирленет	6.2.1.2. музыкалык чыгармаларды эмоционалдык-образдык мүнөздөп берет (өзүнүн толгонууларын, автордун сезимдерин атайт) 6.2.1.3. угуу аркылуу музыкалык образдарды аныктайт жана чыгарманын музыкалык образын (образдарын) түшүндүрүп-мүнөздөйт 6.2.2.4. угуу аркылуу музыкалык образдарды аныктайт жана чыгарманын музыкалык образын (образдарын) түшүндүрүп-мүнөздөйт; 6.2.2.5. чыгарманын музыкалык драматургиясынын идеясын түшүндүрүп берет 6.2.3.6. хор жана жеке ырдоодо музыканын көркөм-образдык мазмунун ишке ашырат	үлгүлөрүндө, музыканы угуу (на слух) аркылуу музыкалык образдарды аныктайт 7.2.1.2. заманбап композиторлордун чыгармалары менен классикалык музыканын үлгүлөрүндө, музыканы угуу аркылуу музыкалык образдардын окшоштугун жана өзгөчөлүгүн аныктайт 7.2.3.3. ырларды хор менен же жекече аткарууда музыкалык образды түзүү үчүн музыкалык таасирдүү каражаттарды өз алдынча пайдаланат
3.	**Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары**	5.3.2.1. элдик жана профессионалдык музыканын негизги типтерин, жанрларын атап берет 5.3.2. бир нече элдик ырды, классик- композитордун жана азыркы композиторлордун ырларын (окуучулардын тандоосу боюнча) жекече таасирдүү аткарып берет (аспаптын коштоосу менен жана аспаптын коштоосуз)	6.3.2.1. музыканын кээ бир формалары менен жанрларын айырмалайт жана аны айтып берет 6.3.2.2. музыкалык тилдин түшүнүктөрүн жана терминдерин түшүнүү менен колдонот	7.3.2.1. элдик жана профессионалдык музыканын айырмачылыктарын аргументтүү түрдө негиздейт 7.3.2.2. кээ бир музыкалык чыгармаларды угуп стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктап, атап берет
4.	**Автор (автордук**	5.4.1.1. жанры кыргыз музыкалык-поэтикалык	6.4.1.1. музыкалык чыгарманы образдуу, эмоционалдуу мүнөздөйт –	7.4.1.1**.** түрдүү композиторлордун чыгармачылыгындагы бир эле

	дүйнө)	фольклорунун жанрларын айтып берет 5.4.1.3. Кыргызстандын композиторлорун, акындарын, аткаруучуларын жана дүйнөлүк композиторлорду атап берет 5.4.1.3. кээ бир чыгармалардын автордук идеясынын өзгөчөлөнгөн мүнөздөрүн айтып берет	өзүнүн кыжалаттаанусун, сезимин айтат жана аны ал чыгарманын автору берген образ менен салыштырат 6.4.2.2. көрүнүктүү композиторлордун жана музыкант-аткаруучулардын (комузчулар, кыл кыякчылар, чоорчулар) аттарын айтат жана алардын чыгармаларынын руханий-адептик, социалдык темаларын атап берет 6.4.2.3. кыргыз жана чет элдик көрүнүктүү композиторлордун чыгармаларына мүнөздүү болгон чектерин, негизги идеяларын жана чыгармачылыгынын үлгүлүү жактарын атап берет	музыкалык-көркөм идеяны жана сюжетти интерпретациялоонун өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт 7.4.2.2. музыкалык чыгарманы талдайт, автордун идеясына карата өз позициясын билдирет

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Музыка сабагы окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун спецификасына ээ. Музыка сабактарында окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгы төмөнкүлөр аркылуу бааланат:

- музыканы угуу жана музыкалык чыгарманы талдоо;
- хордук жана жекече ырдоо;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктулары – жазуу иштери, чыгармачыл презентациялар, портфолио ж.б.

Баалоо окуучунун окуудагы натыйжалары предметтик стандарттарга туура келерин аныктоо максатын көздөйт. Музыка сабактарында баалоо эки багытта жүргүзүлөт:

- окуучунун прогрессинин жекече динамикасы бааланат, б.а., баштапкы жана аяккы натыйжалар салыштырылып, окуучунун жетишкендиктеринин прогресси бааланат;
- окуучунун жообу/иши баалоонун критерийлери (ченемдери) менен салыштырылат.

Музыка сабактарында баалоонун типтери

Музыка сабактарында педагогикалык баалоонун эки тиби колдонулат: критерийлик жана ченемдик (нормативдик).

Критерийлик баалоо – бул критерийлер боюнча баалоо, б.а., баа окуучунун жетишкендиктерин көрсөтүүчү түзүүчүлөрдөн (критерийлерден) келип чыгат. Окуучулардын иштерин баалоого критерийлик мамиле кылуу процесстин бардык катышуучуларына (мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге) окуп-үйрөнүлүп жаткан материалды өздштүрүүнүн деңгээлин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү тескери байланышты жүзөгө ашырууга жардам берет. Тескери байланыш канчалык мазмундуу болсо, ага жасалган мамиле ошончолук конструктивдүү болушу мүмкүн. Критерийлик баалоо бул – баалоонун жана өзүн өзү баалоонун ар кыл түрлөрү, формалары жана усулдары колдонулган мамиле.

Критерийлик баалоо мугалим үчүн бир катар принципиалдуу көрсөтмөлөрдү билдирет:

- баа аркылуу окуучунун инсаны эмес, иши гана бааланат;
- окуучунун иши башка окуучулардын иши эмес, эталон (мыкты аткарылган иштин үлгүсү) менен салыштырылат. Эталон окуучуларга мурдатан тааныш болот;
- бааны чыгаруунун так алгоритми иштелип чыккан, окуучу ал боюнча өз жетишкендиктеринин деңгээлин өзү аныктап, өз баасын көрсөтөт;
- окутулуп жаткан нерсени гана баалоого болот, ошондуктан баалоо критерийи – окуу максаттарынын (билим берүүчүлүк натыйжалардын) конкреттүү туюндурулушу.

Критерийлик баалоону колдонуу баалоо процессине окуучулардын өздөрүн тартууга шарт түзөт, башкача айтканда, билим берүү процессинин маанилүү компоненти болгон өзүн өзү баалоону ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет, анткени рефлексия гана окуучуларга өз ишмердүүлүгүнөн тажрыйба чыгарууга, коюлган милдетти чечүү үчүн ички мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүүгө, өзүн жакшыраак аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзө алат. Өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин талдоо менен, окуучулар аларды четтетүү жолдорун табышат, өздөрүн өздөрү баалоого үйрөнүшөт, бул

болсо аларга өз иштеринин күчтүү жана алсыз жактарын көрүүгө жана мындай жыйынтыктарды аңтап түшүнүүнүн негизинде кийинки ишмердүүлүгүнүн программасын түзүүгө шарт түзөт. Туура уюштурулган рефлексия тапшырманы ийгиликтүү аткарууга өбөлгө болуучу оң маанайды түзүүгө жардам берет.

Музыка боюнча баалоонун критерийлеринин мисалдары:

- Ырды бир убакта аткаруу жана аяктоо (дирижердун сунуштарын аткара билүү).
- Обонду (ноталык) жана сөздүк текстти билүү (эгер үйрөнүп жатканда ноталык жазуу колдонулган болсо).
- Аткаруунун интонациялоонун тазалыгы жана ыргактык тактыгы.
- Ырды мүнөздүү аткаруу (музыкалык таасирдүү каражаттарын – динамикалык боёкчолорду, темпти, обонду, ыргакты… туура пайдалануу).
- Ырдоо учурунда туура отуруу (туруу).
- Жооп берүүдө (оозеки, жазуу, презентацияда) музыкалык терминдерди сабаттуу пайдалануу.
- Музыкага кызыгуу, ага эмоциялык жооп кылуу жана музыкалык чыгарма менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын мүнөздөй билүү.
- Окуучунун эки же бир нече музыкалык чыгарманы салыштыра жана алынган билимдердин негизинде өз алдынча жалпылоолорду чыгара билүүсү.
- Окуучунун өзүнүн аткаруусун мүнөздөй жана талдай билүүсү.
- Аткаруу учурунда эмоционалдуулукту көрсөтүү.
- Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктуларын баалоо критерийлери ар бир тапшырма жана окуучулардын ишинин түрү боюнча иштелип чыгат.

Ченемдик баалоо – жеке натыйжалар менен статистикалык маанилерди – ченемдерди салыштыруу жолу менен баага жана инсандын же жүрүш-туруштун өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу, тапшырма менен өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү интерпретациялоого болгон мамиле. Окутуунун натыйжалары беш баллдык шкала боюнча бааланат, зарыл учурда жоопко берилген оозеки мүнөздөмө менен толукталат. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун болжолдуу ченемдери 1-тиркемеде берилген.

Баалоонун түрлөрү

Музыка сабактарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү түрдө пайдаланылат: формативдик баалоо (окутуунун бүткүл процесси бою) жана суммативдик (жыйынтык) баалоо (компетенттүүлүктөрдүн калыптануусун аныктоо үчүн окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн аягында).

Музыка сабактарында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун төмөнкүдөй ар кыл формалары колдонулат:

окуучулардын оозеки жооптору;

- жазуу иштери;
- практикалык тапшырмалар.

Окуучулардын ***оозеки жооптору*** дегенибиз –

- сабактарда музыкалык чыгармалар тууралуу диалог-дискуссияларга катышуусу
- башка окуучулардын аткаруусу тууралуу пикирлери.

Жазуу иштери дегенибиз –

- карточкалар боюнча иштөө (музыкалык сөздүктү билүү),
- жеке таасирлери жана музыкалык чыгармаларды эмоциялык-образдык кабылдоо боюнча эссе.

Практикалык тапшырмалар – булар:

- презентацияларды даярдоо;
- «Обонду тапчы» - сабакта жаңырган чыгармалардан түзүлгөн фрагментардуу калейдоскоп;
- жекече, топтук жана хор менен ырдоо.

Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчү

«5» деген баа окуучунун төмөнкүдөй жетишкендиктери үчүн коюлат:

–эгер окуучу музыкалык чыгармага байланыштуу өзүнүн эмоциялык абалын мүнөздөй алса;

–эгер укkан чыгарма боюнча баа берүүчүлүк ой-пикир айтса, пикир анын музыкалык образына шайкеш келет;

–эгер окуучу жооп берүүдө музыкалык терминдерди пайдаланса;

–эгер окуучу чыгарманы, анын авторун (авторлорун) атаса, анын формасын, жанрын ж.б. аныктаса.

«4» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер жообунда чыгарманын мазмунуна доо кетирбей турган анча олуттуу эмес каталарга жол берсе;

–эгер окуучу өз жообунда айрым музыкалык терминдерди талапка ылайык түрдө колдонсо;

–эгер жөнөкөй музыкалык үлгүлөр жаралса;

–эгер окуучу чыгарманы, анын авторун (авторлорун) атап берсе.

«3» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер окуу материалын толугу менен ачып бере албаса (мазмун ырааттуу түрдө эмес, бөлүк-бөлүк болуп берилсе), эгер берилген суроо жана билимдер боюнча жалпы түшүнүгүн көрсөтсө;

–эгер музыкалык терминдерди аныктоодо жана аларды пайдалануда каталарга жол берсе;

–эгер каталарын мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана оңдосо;

–эгер берилген тема боюнча милдеттүү тапшырмаларды аткарганы менен, практикалык иштерди аткарууда же жаңы кырдаалдарда теорияны пайдалана албаса;

«2» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер кетирилген каталар окуучу берилген тема боюнча талап кылынган билимдерге, билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;

–эгер окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албаса;

–эгер окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөнү же билбегени, терминдерди, аныктамаларды түшүндүрүп бере албаганы байкалса.

«1» деген баа төмөнкү учурда коюлат:

–эгер жооп болбосо.

Баалардын ченемдери (ченемдеры). Хордук (жекече) ырдоо

«5» деген баа ырды аткаруудагы төмөнкүдөй жетишкендиктери үчүн коюлат:

–эгер окуучу ырдоо учурунда чыгармада берилген образ, мүнөздү түзүүгө аракет кылса – чыгарманын мүнөзүнө ылайык келгидей көркөм, эмоционалдуу аткаруу;

–эгер окуучу чыгарманы өздүк интерпретациясы менен аткарса;

–эгер окуучу хор менен аткарууда классташтарын угуп, биргелешкен аткарууга колдоо көрсөтсө;

–эгер динамикалык боёкчолор, темп, ыргак сакталса;

–эгер окуучу дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна көңүл коюу менен мамиле кылса;

–эгер окуучу аткарылып жаткан чыгарманын авторлорун атап, ырдын сөзүн жатка билсе;

–эгер окуучу тексттин мазмунун түшүндүрүп бере алса жана чыгарманыны жаралуу тарыхын билсе.

«4» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер окуучу чыгарманы аткаруу учурунда олуттуу эмес каталарга жол берсе, мисалы, дикциянын, артикуляциянын жаңылыштыктары, темптен, динамикадан көрсөтүлгөндөн бир аз четтөөлөр, тексттеги олуттуу эмес каталар ж.б.

–эгер окуучу аткарылган чыгарманын авторлорун атап берсе;

–эгер динамикалык боёкчолор, темп, ыргак сакталса;

–эгер окуучу дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна көңүл коюу менен мамиле кылса;

–эгер окуучу тексттин мазмунун, чыгарманын жаралуу тарыхын түшүндүрүүдө так эместиктерге жол берсе.

«3» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер ырды аткарууда олуттуу каталарга жол берилсе – берилген темптен четтөө, музыкалык таасирдүүкаражаттарын, динамикалык боёкчолорду колдоно албоо ж.б.;

–эгер тексттин мазмунун түшүндүрүп бере албаса;

–эгер ырдын сөзүн толук билбесе же олуттуу каталарды кетирсе;

–жүүнү бош кайдыгер ырдаса.

«2» деген баа төмөнкү учурда коюлат:

–эгер кетирилген каталар окуучунун чыгарма боюнча талап кылынган билимдерге ээ болбогонун көрсөтсө.

«1» деген баа төмөнкү учурда коюлат:

–эгер окуучу чыгарманы аткара албаса жана ал жөнүндө эч нерсе айтып бере албаса.

ЭСКЕРТҮҮ: Мугалим окуучулардын физикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, айрым балдар анча олуттуу эмес каталарга жол берген учурда баасын төмөндөтпөөгө тийиш. Анча олуттуу эмес каталар үн (добуш) чыгаруунун кемчиликтери катары каралышы керек.

4-бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

"Музыка" предмети боюнча коюлган максатка жана милдеттерге жетүү үчүн төмөнкүдөй ресурстук камсыздоо талап кылынат:

Адам ресурсу

"Музыка" предметин окутуу үчүн мектепте "Музыка мугалими" адистигине ээ болгон, атайын музыкалык билими (атайын орто, жогорку) бар адистин болушу талап кылынат. Адис музыкалык аспаптардын биринде ойной билүүгө тийиш, бул ыр репертуарын үйрөнүү жана аткаруу учурунда окуучуларга аккомпанементтөөгө мүмкүндүк берет (фортепиано, синтезатор, баян, аккордеон). Билим берүүнүн заманбап шарттары мугалимдин компьютердик технологиялар менен тааныш болуусун талап кылат.

Техникалык ресурстар

Музыка кабинети.

Сабакты уюштуруу үчүн өзүнчө "Музыка" кабинети же музыка сабагын жана "Искуство" билим берүү чөйрөсүнүн предметтеринин бирин (Көркөм сүрөт, Адабият, Информатика) өткөрүүгө ылайыкталган бириктирилген кабинет зарыл:

- Музыка сабагын өткөрүү үчүн жабдуулар;
- Музыкалык аспаптар (комуз, фортепиано же синтезатор, баян же аккордеон);
- Балдар музыкалык аспаптары, клавишалык, кселофон, ж.б.
- Колонкалары бар компьютер (санариптик ойноткуч);
- Видео-жабдуу - мультимедиялык проектор;
- Кыргыздын музыкалык аспаптары - комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз, чоор, чопо-чоор, добулбас, шылдырак;
- Музыкалык аспаптар (кашыктар, шалдырактар, маракастар, даптар, ышкырыктар, балдардын клавишалуу аспаптары, металлофон, ксилофон);
- Нота сызыктары түшүрүлгөн такта;
- Кыргызстандын композиторлорунун жана Дүйнөлүк музыкалык классиканын, музыкалык аткаруучулардын портреттеринин комплектиси же санариптик топтомдор;
- "Ноталык сабат" плакаттарынын комплектиси же санариптик топтомдор;
- КР Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган Музыка боюнча окуу-методикалык комплекстер – ОМК;
- музыканы окуп-үйрөнүү үчүн видеожазуулардын комплектиси, музыка боюнча ноталык жана фонохрестоматия – музыкалык чыгарманын угулуш үлгүлөрүн берүү үчүн колдонулат;
- Предмет боюнча аныктамалык адабияттар.

4.2. Шыктандыруу окуу чөйрөсүн түзүү

Күтүлгөн натыйжага жетүүнүн маанилүү фактору болуп шыктандыруу окуу чөйрөсүн түзүү эсептелет. Чөйрө деген – көп сандагы компоненттердин болушу: "Музыка" кабинети, салтанаттуу жыйындар залы, музыкага жана искусствонун башка түрлөрүнө арналган стенддер, мектептин музыкалык билим берүү менен байланыштуу сабактардан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча ишмердүүлүгү –

окуучулардын концерттик иштерин, окуучулар музыкалык номерлерди көрсөтүүгө тийиш болгон класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу.

Сабак учурунда окуучуларды шыктандыра турган окуу чөйрөсүн түзүү жаңы педагогикалык мамилелер менен технологияларды колдонуу зарылдыгын талап кылат. Инсандык-багытталган окутуу системасында анын кызматы менен уюштуруу формасы өзгөрүүгө дуушар болот. Сабак мугалимдин окуучулар менен, окуучулардын өз ара чыгармачыл баарлашуусуна айланат. Окуучуларда негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга өбөлгө түзүүчү инновациялык технологияларды практикага киргизүү зарыл. Окутууда өнүктүрүүчү окутууну киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылган инсандык-багытталган мамилени, маалыматтык-коммуникативдик, оюн технологияларын колдонуу сунуш кылынат.

Кийинки маанилүү компонент – бул шыктандыруучуу электрондук билим берүүчүлүк чөйрө. Шыктандыруучу электрондук билим берүүчүлүк чөйрө билим берүүчүлүк электрондук сервистердин максималдуу ачыктыгын жана окуучуларга жеткиликтүүлүгүн шарттайт. Электрондук чөйрөнүн технологиялык негизинде окуу китептери, тесттик тапшырмалар, фоно жана видео хрестоматиялар, аныктамалык адабияттар, электрондук архив турат. Электрондук архивдин мазмуну бай болууга тийиш: андан мугалим күн сайын конструктор сыяктуу сабакты «жыйнай» алат. Чөйрө кызыккан окуучуларга фундаменталдык түшүнүктөрдү өздөштүрүү үчүн кызыктуу тексттерди, предметти көрсөтмөлүү жана жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн сүрөттөлүштөр менен таблицаларды, электрондук окутууну уюштуруу үчүн видео- жана аудио материалдардын китепканасын бере алат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ТАБИЯТ ТААНУУ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН V–КЛАССТАР ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
5-класстар үчүн «Табият таануу» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандаруучу окуу чөйрөсүн түзүү.

1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Документтин статусу жана түзүлүшү

Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн табият таануу боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын нормаларына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын» жана ал боюнча түзүлүп, бекитилген Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыкты.

Бул **предметтик стандарт** Кыргыз Республикасынын мектептеринде табият таануу предмети боюнча билим берүүнүн мамлекеттик саясатынын негизги багыттарын аныктайт жана табият таануу предметинин алкагында окуучулардын окуу натыйжаларын баалоону, ага жетишүүсүнүн ыкмаларын жөнгө салуучу документ болуп саналат.

Аны иштеп чыгуунун максаты − окуучулар табият таануу предмети боюнча 5-класста сөзсүз ээ болууга тийиш болгон билимдердин мазмунунун милдеттүү минимумун аныктоо.

Стандарттын жоболору тибине жана түрүнө, мамлекеттик же жеке менчик экендигине карабастан Кыргыз Республикасынын бардык билим берүүчү уюмдары, билим берүүнү башкаруу жана көзөмөлдөө органдары үчүн колдонулууга жана сакталууга милдеттүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин уруксатысыз бул стандартты толугу менен же бөлүктөп басып чыгарууга жана таратууга тыюу салынат.

Предметтик стандарт төмөнкүдөй 4 бөлүмдөн турат:

1. Жалпы жоболор.
2. Предметтин концепциясы.
3. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо.
4. Билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар.

1.2. Негизги мектепте табият таануну окутуудагы негизги ченемдик документтердин системасы

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы.
- Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2012 – 2020-жылдарда өнүктүрүүнүн концепциясы, стратегиясы жана аларды жүзөгө ашыруунун иш планы.
- “Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (КР Өкмөтүнүн №403, 21-июль 2014-ж. Токтому менен бекиген).
- 2018-2019 окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн базиситик окуу планы.
- Ушул предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн табият таануу боюнча окуу программасы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Табият таануу боюнча предметтик стандартта негизги түшүнүктөр жана атоолор төмөнкү мааниде пайдаланылат:

Компетенттүүлүк − адамдын алган билимин, билгичтиктеринин түрдүү элементтерин жана ишмердүүлүк ыкмаларын *окууда, жекече инсандык* жана *кесиптик* белгилүү бир кырдаалдарда өз алдынча колдонууга болгон жалпы жөндөмү.

Компетенция – окуучуларды *окууда, жекече инсандык* жана *кесиптик* белгилүү бир кырдаалдарда натыйжалуу, үзүрлүү иш-аракет жасоого даярдоого карата коюлган зарыл социалдык талап.

Негизги компетенттүүлүк – социалдык, мамлекеттик жана кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталуучу, окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделип, жалпы окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылуучу көп функциялуу билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

Предметтик компетенттүүлүк – негизги компетенттүүлүккө караганда жекече мааниге ээ болуп, айрым предметтердин материалдары боюнча **билим натыйжаларынын топтому** түрүндө аныкталат.

Табигый-илимий сабаттуулук – илимий методдордун жардамы менен изилденип, такталып, байкоолорго жана эксперименттерге негизделген тыянактарга алып келүүчү реалдуу кырдаалдардагы проблемаларды табигый-илимий билимдерди колдонуу менен аныктоого жөндөмдүүлүк. Ал тыянактар курчап турган дүйнөнү, адам баласынын ишмердүүлүүнүн натыйжасында келип чыккан андагы өзгөрүүлөрдү түшүнүү жана тийиштүү чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болуп эсептелет.

Табигый-илимий ой жүгүртүү – жаратылыш кубулуштарынын жалпы жана кыйыр түрдө чагылдырылышы. Ал предметтик реалдуулуктарды мүмкүн болгон ар кандай моделдерге (образдык, белгилик, логикалык ж.б.) өзгөртүп түзүү менен мүнөздөлүүчү физикалык, химиялык жана биологиялык билимдердин структуралык компоненттеринин диалектикалык байланыштарынын негизинде калыптанат жана өнүгөт.

Курчап турган дүйнөнүн сүрөттөлүшү – бул курчап турган дүйнөнүн адамдын аң сезиминде жана коомдук аң сезимде чагылдырылышы.

Табигый-илимий билим берүүнүн сапаты – билим берүү натыйжаларынын билим берүүнүн түрдүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, жумуш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй коомчулуктун) күткөн натыйжаларына же алар тарабынан коюлган билим берүү максаттарына жана милдеттерине дал келүү даражасы.

Объектинин модели – натуралдык объектилердин олуттуу белгилерин бөлүп көрсөтүүчү схемалык түрдө берилген сүрөттөлүш.

2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

2.1. Табият таануу предметин окутуунун максаты жана милдеттери

5-класста табият таануу предметин окутуунун **максаты** – жандуу жана жансыз жаратылыштын көп түрдүүлүгүн жана айлана чөйрөдө, табигый топтордо жана тирүү организмдерде жүрүүчү кубулуштардын законченемдүүлүгүн түшүнүү үчүн окуучуларда дүйнөнүн сүрөттөлүшү жөнүндө элестөөлөрдү калыптандыруу.

Бул стратегиялык максатка практикада жетүү окутуунун мазмунунун компетенттик өбөлгөлөргө багытталышы менен шартталат жана окутуу процессинини төмөнкүдөй максат, милдеттери менен жүзөгө ашырылат.

Окутуунун максаты	Окутуунун милдеттери
1. Окуучулардын таби-гый кубулуштардын закон ченемдүүлүктөрүн, илимий далилдерге неги-зделген тыянактарды түшүнүүсүнө жетишүү. 2. Окуучулардын курчап турган дүйнөдөгү ордун сезүүсү, аны менен рационалдуу (конструк-тивдүү, натыйжалуу) өз ара байланышта болуусу үчүн зарыл болгон табигый-илимий билим-ге болгон кызыгууларын өнүктүрүү.	***Когнитивдик*** – окуучулар жаратылыш объектилерин, физикалык, химиялык, биологиялык кубулуштарды айырмалай жана байкай алат, айлана чөйрөдө жүрүп жаткан процесстердин мыйзамченемдүүлүктөрүн түшүнө алат. Белгилүү бир деңгээлде лабораториялык жумуштарды аткаруу билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болот. **Иш-аракеттик:** окуучулар табият таануу предметин окуп үйрөнүүдөн ээ болгон табигый-илимий билимдерин биология, география, физика жана химия предметтерин окуп үйрөнүүдө колдоно алат, табигый илимдердин жетишкендиктерине байланыштуу болгон коркунучтуу экологиялык жана этикалык кесепеттер боюнча өзүнүн көз карашын калыптандырат жана аргументтерди келтире алат. ***Баалуулук*** – окуучулар жаратылыштын бирдикте, бир бүтүндүктө жана системалуу уюшулгандыгы жөнүндөгү принципти карманат, туруктуу өнүгүү принцибин, коопсуз жашоо образын түшүнөт. Жашоо-тиричилик коопсуздугун камсыздоо, ден соолукту сактоо, энергияны үнөмдөө жана айлана чөйрөнү коргоо үчүн табигый-илимий билимдерин күндөлүк турмушта колдонот.

2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы

Табият таануу предметин түзүүнүн методологиясынын негизин окутуу процессине карата системалык-структуралык жана мазмундук-иш аракеттик мамиле түздү.

Бул мамилелердин негизги идеясы болуп окутуунун башкы натыйжасы катары окуучулардын айрым билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү эмес, билимдер менен билгичтиктердин системасын өздөштүрүүсү, ошондой эле түрдүү социалдык маанилүү кырдаалдарда натыйжалуу жана продуктивдүү иш-аракетке даярдыгы эсептелет.

Табият таануу предмети табигый-илимий циклдеги предметтер үчүн система түзүүчү болуу менен төмөнкүлөргө шарт түзөт:

- ✓ табигый-илимий билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт;
- ✓ предметтер аралык жана предмет ичиндеги байланыштарды жүзөгө ашырат;

✓ туруктуу өнүгүү принцибин жетекке алуу менен табигый ресурстарды үнөмдөөнү жана жаратылышты иретсиз пайдаланууудан келип чыккан терс кесепеттерди алдын алууну түшүндүрөт;

✓ биология, география, физика жана химия предметтерин окуп үйрөнүүгө карата пропедевтикалык даярдыкты камсыздайт.

5-класста табият таануу предметин окуп үйрөнүү курчап турган чөйрөдөгү кубулуштар жөнүндө элементардык түшүнүктөрдү, тирүү организмдердин негизги белгилерин, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдын организмдеринин түзүлүшүндөгү жана жашоо-тиричилигиндеги өзгөчөлүктөрдү кароодон башталат. Окутуунун бул баскычында окуучулар курчап турган чөйрөдөгү объектилерди байкоо, байкаганын баяндап жазуу, өлчөөлөрдү жүргүзүү, закон-ченемдүүлүктөрдү аныктоо, эксперимент жүргүзүү жана анын жыйынтыктарын алдын ала айта билүү сыяктуу изилдөөнүн илимий методдорунун жөнөкөй ыкмаларын пайдалануу аркылуу табияттын негизги кубулуштары менен таанышуусун улантат. Предметтин мазмунун өздөштүрүүдө окуучулар илимдин, техниканын жана коомдун өнүгүшүнүн табияттын учурдагы абалына тийгизген таасирлерин баалоого үйрөнүшөт жана өз чечимдеринин варианттарын сунуштай алышат.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Табигый-илимий сабаттуулук жалпы предметтик (жалпы окуу) компетенттүүлүктөрү, табигый-илимий түшүнүктөр жана кырдаалдар аркылуу жүзөгө ашырылат. Алар өз кезегинде төмөнкү компоненттерден турган табигый-илимий билимдерди талап кылат:

1. **Илимий суроолорду аныктоо жана коё билүү**
   - изилденүүчү маселелерди аныктоо;
   - маалыматтарды издөөдө керек болуучу түйүндүү сөздөрдү аныктоо;
   - табигый-илимий изилдөөлөрдүн негизги өзгөчөлүктөрүн (мүнөздөмөлөрүн) айырмалай билүү.
2. **Кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү**
   - берилген кырдаалга ылайык билимдерди колдонуу;
   - кубулуштарды сүрөттөп жазуу же интерпретациялоо, өзгөрүүлөрдү прогноздоо;
   - жаратылыш кубулштарын жана объектилерин тааный жана түшүндүрө алуу.
3. **Илимий далилдерди колдонуу**
   - фактыларды, өлчөөдөн алынган маанилерди жалпылоо жана тыянактарды формулировкалоо;
   - тыянактардын негизинде жаткан фактыларды, божомолдорду, маанилерди жана далилдерди ачып көрсөтүү;
   - илимдин жана техниканын жетишкендиктерин колдонуудан келип чыккан кесепеттерди баалоо.

Табигый-илимий билим берүүнүн жыйынтыгы болуп окуучуларда калыптанган компетенттүүлүктөрдүн жыйындысы эсептелет. Компетенттүүлүктөр окуучулар тарабынан түрдүү (окуу, социалдык) иш-аракеттердин окутуу процессинде жана андан тышкаркы убакыттарда аткарылышында калыптанат.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

«Табият таануу» предметин окуп-үйрөнүүдө окуучуларда төмөнкү өзөктүү компетенттүүлүктөр калыптанат:

Маалыматтык компетенттүүлүк – жаратылыш кубулуштары тууралуу маалыматтарды ар түрдүү булактардан жыйноо, жаратылыш кубулуштары, жаратылыш системалары менен адамдын өз ара байланышы тууралуу маалыматтарды жаңы технологиялык каражаттарды колдонуп чыгармачылык менен пайдалануу жөндөмдүлүгү.

Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк – алган билимдерин колдонуп ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда, күндөлүк практикада чечимдерди кабыл алуу; эмгек, турмуш-тиричилик ишмердүүлүгүндө жаратылышты коргоонун өздүк эрежелерин сактоо; коюлган максат, милдеттерди чечүүдө өз тажрыйбасын колдонуу, топ, класс менен кызматташуу жөндөмдүүлүгү.

Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү – жаратылыш тууралуу түрдүү илимдердин негизги багыттарын бөлүп көрсөтүү, предметтер жана кубулуштарды салыштыруу, схемаларды, диаграммаларды, көйгөйлөрдү кароо жана сыпаттоо үчүн план түзө алуу жөндөмдүлүгү.

Негизги компетенттүүлүктөрдүн негизинде татаалдыктын түрдүү деңгээлдерин эске алуу менен табият таануу боюнча төмөнкүдөй предметтик компетенттүүлүктөр аныкталган:

Негизги компетенттүү-лүктөр	Табият таануу боюнча предметтик компетенттүүлүктөр	Компетенттүүлүктөрдүн сыпаттамасы *Окуучу:*
Маалыматтык	***Курчап турган дүйнө жөнүндө ар түрдүү ресурстарды жана маалыматтарды жаратылыш кубулуштарын түшүндүрүү үчүн пайдаланат жана бүтүмдөрдү чыгарат.***	1.1. Курчап турган дүйнө тууралуу билимдерге ээ болот жана аларды практикада колдонот. 1.2. Колдо болгон маалыматты пайдаланып, курчап турган дүйнөдө болуп жаткан процесстерди жана өзгөрүүлөрдү аныктайт; 1.3. Курчап турган дүйнө тууралуу маалыматтарды топтойт, талдоо жүргүзөт жана сынчыл баа берет, окуу жыйынтыктарын жаратат (мындай жыйынтыктарга окуучу окуу материалын өздөштүрүп жатканда жасаган нерселери: рефераттары, анкеталары, жаратылыш жана курчап турган дүйнө жөнүндө топтогон материалдары, нерселердин, заттардын, куралдардын моделдери ж.б. кирет).
Социалдык–коммуникативдик	***Курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын жана көйгөйлөрүн түшүндүрүү үчүн илимий далилдерди жана практикалык көндүмдөрдү***	2.1. Табият таануу боюнча окуп-үйрөнгөн материалдын негизинде курчап турган дүйнөнүн объектилери менен кубулуштарын сыпаттайт жана түшүндүрөт. 2.2. Курчап турган дүйнөдөгү өзгөрүүлөрдү негиздейт, андагы өзгөрүүлөрдүн келип чыгуусунун себеп-натыйжалык байланыш-

	пайдаланат.	тарын аныктайт; фактылардын негизинде бүтүмдөрдү чыгарат. 2.3. Тема боюнча суроолорду коёт, фактылар менен теориялардын негизинде бүтүмдөрдү чыгарат.
Өзүн өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүүщ	***Теориялык билимдери менен көндүмдөрүн жандуу жана жансыз жаратылыштагы кубулуштарды сыпаттоо үчүн колдонот, өзгөрүүлөрдү болжолдойт, көйгөйлөрдү чечүү ыкмалары боюнча билимдерин көрсөтөт.***	3.1 Курчап турган дүйнөнү таанып-билүүнүн ыкмаларын тандап алат жана айлана-чөйрөдө пайда болгон айрым көйгөйлөрдүн мүмкүн болгон практикалык чечилиштерин сунуш кылат. 3.2. Байкоо жүргүзөт, байкоонун жыйынтыктарын жазат, кубулуштарды моделдейт, куралдарды тандап алат, ченөөлөрдү жүргүзөт, бүтүмдөрдү чыгарат. 3.3. Илимдин, техниканын, коомдун жетишкендиктери жаратылыштын азыркы абалына кандай таасир тийгизгенине баа берет жана өз чечиминин варианттарын сунуш кылат.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүү

Предметтин мазмундук тилкелери – предметтин бардык окуу материалдарын айланасына топтоочу (генералдаштыруучу) негизги идеялар жана компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга жасалган технологиялык мамилелер.

«Табият таануу» курсунун негизги мазмундук тилкелери: «Табият жана аны таанып-билүү жолдору», «Нерселердин жана заттардын дүйнөсү», «Табияттын кубулуштары», «Биз жер планетасында жашайбыз».

Мазмундук төрт тилке өздөрүнүн аталышында эле окуп-үйрөнүүчү негизги багытын (предметин) көрсөтүп турат. Мындай түзүм табият таануу тармагындагы илимий билимдер системасынын дисциплиналык түзүмүнө туура келет. Аталган тилкелердин туруктуулугу табият таануунун өнүгүү процессинде алар негизги багыттар катары сакталгандыгында: ички мазмуну өнүгөт, ал эми тилкелер кала берет.

Негизги мазмундук тикелерди бөлүп көрсөтүү мектептеги табият таануунун үзгүлтүксүз курсунун мазмунун системалаштырууда олуттуу мааниге ээ (пропедевтикалык – базалык – профилдик этаптар). Тилкелер өзгөчө концентрлер болуп эсептелип, алардын айланасында ар бир жаңы этапта деңгээлди жогорулатуу менен окутуу уюшулат.

Окуу материалын жогоруда көрсөтүлгөн мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүү окуп-үйрөнүү методикасына жана материалды берүүгө өтмө мамиле кылууну талап кылат. Окуп-үйрөнүү методикасына жана материалды берүүгө өтмө мамиле кылуу окуучуларда курчап турган дүйнөнүн бир бүтүн табигый-илимий сүрөтүн, масштабы жагынан ар түрдүү табигый системалар: атомдон планетага чейин, клеткадан биосистемага чейин, орундан географиялык оболочкага чейин түшүнүктөрдү калыптандырууну шарттайт. Алар Жер планетасынын жашоочусу катары адамдын ролун аңдап түшүнө башташат.

Окуучулар жаратылыштын объектилери менен таанышып жатып, жалпы окуу жана интеллектуалдык билгичтиктерин өркүндөтүү менен, дүйнөнү таанып-билүү методдору тууралуу түшүнүктөргө ээ болушат. Бул этапта табигый-илимий билимдерге болгон кызыгуу пайда болуп, экологиялык маданияттын элементтери түптөлөт, ден соолукту сактоочу билимдер алынат.

5-класста табият таануу предметинин жогоруда көрсөтүлгөн мазмундук тилкелери боюнча окуу материалын бөлүштүрүү.

Мазмундук тилкелер	Окуу материалы
«Табият жана аны таанып-билүү жолдору»	Бизди курчап турган табигый дүйнө. Табияттын сырларын кантип окуп үйрөнүү керек. Мурун көңдөйү – жыт билүү органы. Даамды кантип сезебиз. Кантип көрөбүз. Көз. Кантип угабыз. Кулак. Тери. Сырткы чөйрөнү тери менен сезүү. Адамдын мээси. Мээнин таанып-билүүдөгү орду. Таанып-билүү методдору: байкоо жана тажрыйба.
«Нерселердин жана заттардын дүйнөсү»	Материя. Зат жана нерсе. Масса–бардык нерселердин негизги мүнөздөмөсү. Нерсенин массасын өлчөө. Заттын курамы, түзүлүшү жана абалы. Молекулалардын жана атомдордун кыймылдары. Диффузия. Химиялык элементтер. Жөнөкөй заттар. Заттардын аралашмасы. Татаал заттар. Суу эриткич. Органикалык заттар.
«Табияттын кубулуштары»	Механикалык кыймыл. Үн кубулуштары. Жылуулук кубулуштары. Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдардын жашоосундагы суунун буулануышынын мааниси Электрдик кубулуштар. Магниттик кубулуштар. Жарык кубулуштары. Химиялык кубулуштар.
«Биз жер планетасында жашайбыз»	Жылдыздуу асман – жаратылыштын ачык китеби. Күн – күндүзгү жылдыз. Күн системасы жана планеталар. Жер планетасы – адамзаттын бешиги. Атмосфера–жердин аба кабыгы. Абанын температурасы. Абанын кыймылы. Жаан-чачын. Суу – Жердеги жашоонун булагы. Топурак жана анын өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү мааниси. Жаныбарлар дүйнөсү.

2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

Предмет аралык байланыштар деген – окутуунун бүтүндөй процессин жана анын бардык функцияларын өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары. Предмет аралык байланыштар окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн жалпы илимий методдордун жана идеялардын негизинде уюштурууга мүмкүндүк берет. Алар окуучунун жалпы жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырып, предметтин түзүлүшүнүн жалпы принциптерин ачып берет. Мында предмет аралык байланыштардын төмөндөгү негиздер боюнча классификациясы колдонулду:

Классификациянын негизи	ПАБдын типтери	Байланыштардын түрлөрү
Окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн убактысы	Хронологиялык	Буга чейинки. Ошол мезгилдеги. Кийинки (перспективдүү).
Окуу материалынын түзүмү	Мазмундук-маалыматтык	Фактылардын деңгээлинде. Түшүнүктөрдүн деңгээлинде. Закондордун деңгээлинде. Теориялардын деңгээлинде. Колдонмо маселелердин деңгээлинде. Табигый илимдердин изилдөө методдорун колдонуу деңгээлинде.
Билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ыкмалары	Ишмердик	Репродуктивдүү. Издөөчүлүк (продуктивдүү). Чыгармачыл (креативдүү).

Предмет аралык байланыштарды ишке ашырууга мазмундук-ишмердик мамиле кылууда чектеш окуу предметтердин материалдары кыйла так координацияланат; өздөштүрүлгөн материалдардын илимий жана колдонмо деңгээли жогорулайт; билимдердин дидактикалык бирдиктери ирилешет; окуучуларда бекем жана системдүү билимдер, жалпыланган окуу билгичтиктери менен көндүмдөр калыптанат, ал өз кезегинде мектеп окуучуларынын өзөктүү жана предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышына таасир тийгизет жана предмет аралык байланыштардагы өтмө тематикалык тилкелер аркылуу чагылдырылат. Бул жобону конкреттештирүү үчүн табигый-илимий билим берүүчүлүк тармактын ар түрдүү предметтеринин материалдарынын ортосундагы байланышты көрсөтүүчү төмөндөгү матрица сунушталат (бир теманын мисалында).

Математика	Табият таануу 1–4- кл	**Тема**	Физикалык география	Биология	Физика	Химия
Буга чейинки байланыштар			**Ошол мезгилдеги байланыштар**		**Кийинки байланыштар**	
Негизги арифметикалык амалдарды аткара	Жандуу жана жансыз жаратылыш. Өсүмдүк-	**Бизди эмне курчап турат?**	Жандуу жана жасыз нерселер. Өсүмдүктөр жана жаны-	Жандуу жана жансыз нерселер. Өсүмдүк-	Жандуу жана жансыз нерселер. Атомдор,	Жандуу жана жансыз нерселер. Органи-

билүү. Нерсенин өлчөмүн аныктоо.	төр менен жаныбар-лар ар түр-дүү жыл мезгилде-ринде.		барлар дүй-нөсү. Дары-лар, көл-дөр, тоолор, талаалар, түздүктөр ж.б.	төр жана жаныбар-лар, алар-дын түзү-лүшү жа-на аткар-ган функ-циялары.	молекула-лар, заттар.	калык эмес жана органи-калык заттар.

Табият таанууну окуп-үйрөнүү процессинде табигый-илимий тармактын предметтеринен тышкары, төмөнкүдөй **предмет аралык байланыштар** эске алынат**:**

1) орус тили менен – байланыштуу кепте жаңы сөздөрдү колдонуу, сөздүк запасты классификациялоо, салыштыруу, толуктоо;

2) адабий окуу менен – жаратылыш, анын байлыктары тууралуу аңгемелерди окуу, жаратылыш жөнүндөгү макалдарды, лакаптарды, ырларды жаттоо;

3) математика менен – практикалык иштерде өлчөөчү куралдарды пайдалануу, масштаб жөнүндөгү түшүнүктүн кеңейиши;

4) музыка менен – жаратылыш, адам жөнүндөгү ырларды, күүлөрдү тандап алуу жана угуу;

5) сүрөт искусствосу менен – сүрөтчүлөрдүн жаратылыш, жаратылыш кубулуштары жана жыл мезгилдери тууралуу сүрөттөрүн пайдалануу;

6) эмгекке үйрөтүү менен – буюмдарды жасоодо табигый материалдар тууралуу билимдерди пайдалануу;

7) дене тарбиясы менен – жашоонун сергек образы, күндүн режими, зыяндуу адаттар, адамдын организмин чыңдоо тууралуу билимдерди байытуу.

Предмет аралык байланыштарды жүзөгө ашыруу табият таануунун төмөнкүдөй **өтмө тематикалык тилкелерин** ишке ашыруунун эсебинен аткрылат**:**

Жаратылыш бул – өнүгүп туруучу бирдиктүү система.

Жаратылышта бардык компоненттер өз ара аракеттенишип, бири бирине таасир тийгизет**.**

Жаратылыштын бардык компоненттери бирдей эле химиялык элементтерден турат, бирок алар жаратылыштагы көп түрдүүлүктү пайда кылат.

Жаратылышта бардыгы физикалык жана математикалык жалпы мыйзам ченемдүүлүктөргө баш иет.

Адам – жаратылыштын бир бөлүгү жана анын мыйзамдарына баш иет.

Адамдын акыл-эси жаратылыштын мыйзамдарын таанып-билет жана аларды жаратылышты илимий негизде пайдалануу үчүн колдонот.

Жаратылыш жана адам жөнүндөгү илим – бирдиктүү илим.

Жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу жана тең салмакта өнүгүү**.**

3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

3.1. Негизги мектепте табият таануу предметин окутуудан күтүлгөн натыйжалар

Билим берүүчүлүк натыйжалар – билим берүү процессинин белгилүү бир этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин жыйындысы, алар негизги жана предметтик компетенцияларга ээ болуу деңгээли менен туюндурулат.

Табият таануу боюнча билим берүүнүн натыйжалары:

1. Курчап турган дүйнө жөнүндөгү билимдерге ээ болот жана аларды практикада колдонот.

2. Колдо болгон маалыматтарды пайдалануу менен, айлана-чөйрөдө болуп жаткан процесстерди жана өзгөрүүлөрдү аныктайт;

3. Курчап турган дүйнө тууралуу маалыматтарды топтойт, талдоо жүргүзөт жана сынчыл баа берет, окуу продуктыларын жаратат (бул – окуучу окуу материалын окуп-үйрөнүп жатканда жасаган продукт: анкеталар, жаратылыш жана курчап турган дүйнө жөнүндө материалдардын топтомдору, нерселердин, заттардын, куралдардын ж.б. моделдери).

4. Табият таануу боюнча окуп-үйрөнгөн материалдын негизинде курчап турган чындыктын объектилери менен кубулуштарын сыпаттайт жана түшүндүрөт.

5. Курчап турган дйүнөдөгү өзгөрүүлөрдү негиздейт, курчап турган дүйнөдө өзгөрүүлөрдүн келип чыгуусунун себеп-натыйжалык байланыштарын аныктайт; фактылардын негизинде бүтүмдөрдү чыгарат.

6. Тема боюнча суроолорду коёт, фактылар менен теориялардын негизинде бүтүмдөрдү чыгарат.

7. Курчап турган дүйнөнү таанып-билүүнүн ыкмаларын тандап алат жана айлана-чөйрөдө пайда болгон айрым көйгөйлөрдүн мүмкүн болгон практикалык чечилиштерин сунуш кылат.

8. Байкоо жүргүзөт, байкоонун жыйынтыктарын жазат, кубулуштарды моделдейт, куралдарды тандап алат, ченөөлөрдү жүргүзөт, бүтүмдөрдү чыгарат.

9. Илим, техника, коомдун жетишкендиктери жаратылыштын азыркы абалына кандай таасир тийгизгенине баа берет жана өз чечиминин варианттарын сунуш кылат.

Коюлган максаттар орто окуган окуучулар жете алгандай болууга тийиш, ошондуктан күтүлгөн натыйжанын калыптангандыгынын үч деңгээли бөлүнүп көрсөтүлөт:

- ✓ Репродуктивдүү деңгээл – окуучулардын үлгүнү (иш-аракеттерди аткаруунун берилген алгоритмин) ээрчий алуусу менен мүнөздөлөт;
- ✓ Продуктивдүү деңгээл – курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткара алуу, ишмердүүлүктүн өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалда колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт;
- ✓ Конструктивдүү (креативдүү) деңгээл – өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтери менен татаал курамдуу ишмердүүлүктү ишке ашырууну билдирет.

Мазмундук тилке	5-класстын окуучуларын табият таанууга окутуудан күтүлгөн натыйжалар
«Табият жана аны таанып-билүү жолдору»	5.3.1.3. Сезүү, кабылдоо жана элестөө процесстери жөнүндө маалыматтарды топтойт, талдоого алат жана баалайт. 5.3.2.4. Биринчи сигналдык системада жүрүүчү процессти сыпаттайт. 5.3.2.5. Экинчи сигналдык системада жүрүүчү процесстерди (талдоо, ой корутундулоо, түшүнүү) түшүндүрөт.
«Нерселердин жана заттардын дүйнөсү»	5.2.1.3. Жандуу организмдин керектөөлөрү жана айлана-чөйрөнүн факторлорунун жандуу организмге тийгизген таасири боюнча маалыматтарды топтойт, талдоого алат жана баа берет. 5.2.2.4. Адамдын жаратылыш жана анын жашоочулары менен болгон өз ара мамилесин алынган фактылар менен түшүнүктөрдүн негизинде сыпаттоого алат, илим менен техниканын жетишкендиктеринин жаратылышка, адамга жана бардык жандуу организмдерге тийгизген таасирине баа берет. 5.2.3.6. Адам менен жаратылыштын өз ара таасири тууралуу маалыматтардын негизинде суроолорду коёт, бүтүмдөрдү чыгарат.
«Табияттын кубулуштары»	5.1.1.2. Маалыматтын колдо болгон булактарын пайдаланат, жаратылышта пайда болуучу проблемаларды аныктайт. 5.1.1.3. Курчап турган дүйнө жана жаратылыш кубулуштары, илим менен техниканын жаратылышка жана жаратылышта жүрүп жаткан кубулуштарга тийгизген таасири жөнүндөгү маалыматтарды топтойт, талдоого алат жана алынган маалыматтарга баа берет. 5.1.2.4. Жаратылыштын кубулуштарын жана жашоочуларын байкоого алат, изилдеп-үйрөнөт, байкоолордун жыйынтыктарын сыпаттайт, алынган фактылар менен түшүнүктөрдүн негизинде бүтүмдөрдү чыгарат. 5.1.2.5. Жаратылышта жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү түшүндүрөт, мындай кубулуштардын байланыштарын көрсөтөт жана жаратылыш кубулуштары тууралуу болгон маалыматтардын негизинде бүтүмдөрдү, корутундуларды жасайт. 5.1.3.7. Жаратылышты жана жаратылыш кубулуштарын окуп-үйрөнүү ыкмаларын тандап алат.
«Биз жер планетасында жашайбыз»	5.4.1.1. Күн системасына кирүүчү планеталар, ааламдын түзүлүшү, глобус менен иштөөнүн эрежелери жана жолдору, айлана-чөйрөнүн факторлорун колдонуу менен убакытты эсептөө, жыл мезгилдерин аныктоо боюнча билимдерге ээ болот. 5.4.1.3. Жер планетасында жүрүп жаткан процесстер, кубулуштар тууралуу маалыматтарды топтойт, талдоого алат жана баа берет. 5.4.2.4. (Күн системасынын) Жер планетасында жана анда жашаган жандуу организмдерде жүрүп жаткан процесстерди

	сыпаттайт, алынган фактылар менен түшүнүктөрдүн негизинде бул процесстердин байланыштарын көрсөтөт. 5.4.2.5. Күн системасынын планеталарын жана Жер планетасын, анда орун алган жандуу организмдер менен заттарды таанып-билүүнүн жолдору жана процесстери тууралуу билимдердин негизинде бүтүмдөрдү чыгарат. 5.4.3.7. Жер планетасында жана башка планеталарда жүрүп жаткан процесстерди, жандуу организмдерди жана заттарды окуп-үйрөнүү ыкмаларын тандап алат. 5.4.3.8. Процесстерди жана өзгөрүүлөрдү байкоого алат, аларды моделдейт, куралдарды тандап алат, өлчөөлөрдү жүргүзөт, байкоолордун жыйынтыктарын сыпаттап жазат, корутундуларды чыгарат. 5.4.3.9. Илим менен техниканын жетишкендиктеринин Жер планетасына, Күн системасынын планеталарына, жаратылышта жүрүп жаткан процесстерге тийгизген таасирине баа берет.

- 1- цифра окутуунун классын билдирет;
- 2-цифра – мазмундук тилкенин катар номуру;
- 3-цифра – компетенттүүлүктүн катар номуру;
- 4-цифра – билим берүүнүн натыйжасынын катар номуру.

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Баалоо системасы – окутуунун жетишкендиктерин ченөөнүн жана жетишпестиктердин себебин диагностикалоонун негизги каражаты, кайтарым байланышты ишке ашыруунун, окуучуларды, мугалимдерди, ата-энелерди, мамлекеттик жана коомдук структураларды билим берүүнүн абалы, көйгөйлөрү жана жетишкендиктери менен кабардар кылуунун негизги каражаты. Табият таануу сабактарында окутуунун натыйжаларын баалоо окутуунун максаттары (күтүлгөн натыйжалары), усулдары жана формалары менен тыгыз байланыштуу. Баалоонун максатын окутуунун иш жүзүндөгү натыйжаларынын күтүлгөн натыйжаларга шайкеш келишин аныктоо түзөт. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн баалоодо мугалим окутуунун тандалып алынган усулдары менен формаларына ылайык баалоонун ар түрдүү методдорун колдонот.

Баалоонун түрлөрү жана формалары

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, формативдик жана суммативдик, булардын ар бири белгилүү бир формада ишке ашырылат.

Диагностикалык баалоо окуучунун прогрессин баалоо үчүн пайдаланылат, окуу жылынын ичинде мугалим окуучуда компетенттүүлүктөрдүн калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностикалык баалоонун жыйынтыктары сыпаттамалар түрүндө каттоого алынат, алар жалпылаштырылып, мугалимге окутуу милдеттерин жана окуучуларга окуу милдеттерин коюу аркылуу окутуу процессин өркүндөтүү жана коррективаларды киргизүү үчүн негиз катары кызмат кылат.

Формативдик баалоо материалды өздөштүрүүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (иштин темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучулардын прогрессин аныктоо үчүн, ошондой эле ийгиликке жетишүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Формативдик баалоону мугалим окутууну өз учурунда коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн, ал эми окуучу өзү аткарып аткан иштин сапатын жакшыртуу үчүн колдонот. Окуучунун прогресси билим берүүчүлүк тармактардын алкагында окутуунун максаттарында көрсөтүлгөн белгилүү бир натыйжаларга окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде жетүү катары аныкталат. Мугалим журналга баа коюу аркылуу окуучулардын жекече прогрессин байкоосун белгилейт.

Суммативдик баалоо окуучунун окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга жетүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *учурунда, аралык* жана *жыйынтыктоочу* баалоодон келип чыгат.

Учурунда баалоо баалоонун нормаларына (туура аткарылган жумуштардын санына, кетирилген каталыктардын санына, калыптандыруу эрежелерин сактоосуна ж.б.) жана мугалим берген же окуучу өзү алган тапшырмалардын так аткарылыш критерийлерине ылайык жүргүзүлөт. Мугалим окуучунун окуу материалдарын өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүнө учурунда баа берип турат.

Аралык баалоо предметтик стандарт менен аныкталган күтүлгөн натыйжаларга, мазмундук тилкелерге ылайык, иштин негизги түрлөрү аркылуу жүргүзүлөт:

–жаратылыштын объектисин же кубулушун байкоо жана сыпаттоо;

–лабораториялык-практикалык иш;

–жазуу иштери (графикалык жат жазуулар, өз алдынча иштер, тесттик тапшырмалар, конспектилерди, схемаларды, кластерлерди түзүү ж.б.);

–оозеки жооп;

–тажрыйба, эксперимент жүргүзүү;

–долбоор, изилдөө иши;

–портфолио (жетишкендиктер папкасы).

Жыйынтыктоочу баалоо мектептин календары боюнча (чейректик, жарым жылдык, жылдык болуп) баалоонун нормаларына жана критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын салыштырма көлөмү окутуунун баскычтарын жана предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик стандарт боюнча аныкталат.

Иштин бардык түрлөрү баалоонун критерийлери менен ченемдеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан календардык-тематикалык планды иштеп чыгууда пландаштырылат жана төмөнкү формаларда болот:

– зачет, текшерүү иши, тандалып алынган тема боюнча доклад даярдоо, презентация, слайдарды даярдоо;

– баа коюу.

Баалоонун негизги принциптери:

– **Ишенимдүүлүк** – педагогикалык өлчөөнүн тактык даражасы.

– **Валиддүүлүк** же баалоо методунун шексиздиги чындыгында эле өлчөнүүгө тийиш болгон нерсе же башка нерсе өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

– **Объективдүүлүк** – бардык окуучулар бирдей эле кырдаалда бир эле сыноодон өткөрүлүшүн талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүүлүгү баанын мугалимге да, бардык окуучуларга да белгилүү болгон так критерийлеринин болушун талап этет.

Объективдүүлүк принцибин камсыз кылган баалоо бул – критерийлер боюнча баалоо. «**Критерий** – кандайдыр бир нерсени баалоо, аныктоо же классификациялоого негиз болгон белги. Баанын чени».

Критерийлер боюнча баалоо ар бир окуучунун ишмердүүлүгүн гана баалоого мүмкүндүк берет (бир окуучунун жообун/ишин башка окуучунун жообу/иши менен салыштырбай). Окутуунун жыйынтыктарына карата окуучунун окутулгандык деңгээлин аныктайт. Бул жерде ар бир окуучу тарабынан окуу материалын өздөштүрүү деңгээли баалоо критерийлерине жана тиешелүү күтүлгөн натыйжаларга жараша бааланат.

Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалоо критерийлеринин негизи болуп окутуудан күтүлгөн натыйжалардын жыйынтык максаттары эсептелет.

Мындай баалоонун критерийлерин пайдалануда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн баалоо ачык-айкын жана түшүнүктүү болот. Бул критерийлер объективдүү баалоону камсыз кылат. Мындай баалоодо мугалим баалоонун критерийлери менен окуучуларды алдын ала тааныштыруусу керек. Ушундай учурда гана окуучулар ар бир тапшырмага түшүнүү менен мамиле кылат, бул болсо кийинки жетишкендиктерге ээ болууга мүмкүндүк берет.

Табият таануу боюнча баалоонун критерийлери үчүн мисалдар:

– Практикалык ишти же экспериментти аткарууда иш-аракеттердин иретин туура көрсөтүп берүү;

– Куралдар жана жабдуулар менен туура жана тыкандык менен иштөө;

– Коюлган тапшырмалар менен иштерди аткаруу үчүн ыкманы тандап алуу;

– Табият таануу боюнча терминдерди, символдорду туура пайдалануу;

– Тапшырманы толугу менен жана туура аткаруу;

– Окуп-үйрөнүп жаткан тема боюнча маалыматтык материалга ээ болуу;

– Коюлган милдеттер менен көйгөйлөрдү чечүү үчүн окуп-үйрөнгөн материалды пайдалануу;

Өзүн өзү баалоо/ өз ара баалоо процедурасы өз ичине камтыйт:

–ар бир конкреттүү учур үчүн баалоонун так критерийлеринин мугалим тарабынан иштелип чыгышын;

–окуучулардын өз натыйжаларын талдоосу үчүн зарыл болгон психологиялык маанайды түзүүнү;

–баалоо критерийлери окуучуларга белгилүү болгон, алар аны менен өз жыйынтыктарын салыштырган жана иштин натыйжалуулугу тууралуу тиешелүү бүтүмдөрдү чыгарган кырдаалды камсыз кылуу;

– окуучулар алынган натыйжаларды эске алуу менен окутуунун кийинки этабы үчүн өз ишмердүүлүгүнүн программасын түзүүсүн.

Бааларды ченемдери.

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын объективдүүү баалоо үчүн бааларды коюунун төмөндөгү градациялары колдонулат.

Окуучулардын оозеки жоопторун баалоо.

«5» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

–эгер программада жана окуу китебинде берилген материалдардын мазмунун толук ачып бере алса;

–эгер предметке тиешелүү терминдер менен символиканы колдонуп, материалды логикалык ырааттуулукта так түшүндүрүп бере алса;

–эгер жоопторго тиешелүү чиймелерди туура чийип берсе;

–эгер теорияны конкреттүү мисалдар менен иллюстрациялай алса жана практикалык тапшырмаларды аткарууда жана жаңы кырдаалдарда теорияны колдоно алса;

–эгер мурда алган билимдерди өздөштүргөнүн көрсөтсө, суроолорго жооп берүүдө тиешелүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн көрсөтө алса;

–түрткү берүүчү суроолорсуз өз алдынча жооп берсе.

«4» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

– «4» деген баа, негизинен, «5» деген баага коюлган талаптарга жооп берип, бирок төмөнкүдөй кемчиликтердин бири орун алса коюлат:

– эгер түшүндүрүп берүүдө мазмунду бузбай турган айрым кемчиликтерди кетирсе;

– эгер негизги материалды ачып берүүдө мугалимдин талабы боюнча оңдолгон 1-2 кемчилик кетирилсе;

– эгер кошумча суроолорго жооп берүүдө ката же 1-2 кемчилик болсо, бирок алар мугалимдин эскертүүсүнөн соң оңдолсо.

«3» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

– эгер окуу материалын толугу менен ачып бере албаса (мазмун ырааты менен эмес, бөлүк-бөлүк болуп берилсе), эгер программалык материалды мындан ары өздөштүрө аларын, маселени жана билимди жалпы түшүнгөнүн көрсөтө алса;

же,

–эгер математикалык түшүнүктөрдү аныктоодо кыйналса же терминдерди, графиктерди, чиймелерди колдонууда ката кетирсе жана аларды мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана оңдосо;

же,

–эгер практикалык иштерди аткарууда же жаңы кырдаалдарда теорияны колдоно албаса, бирок берилген тема боюнча милдеттүү тапшырмаларды аткара алса;

же,

–эгер теориялык билимдери жетишерлик болсо, бирок билгичтиктери менен көндүмдөрү жетишерлик түрдө калыптанбаса.

«2» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

–эгер окуу материалынын мазмунун толук ачып бере албаса;

же

–эгер окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөнү же билбегени байкалса;

же

–эгер табият таануу түшүнүктөрүн аныктоодо кыйналса же терминдерди, чиймелерди, графиктерди колдонууда каталарды кетирсе жана аларды мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин да оңдой албаса.

Эгер окуучу окуу материалынын мазмунун таптакыр билбегени байкалса, «1» деген баа коюлат.

Окучулардын жазуу / текшерүү иштерин баалоо

«5» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй жазуу текшерүү (өз алдынча) иштери үчүн коюлат:

–эгер иш толугу менен аткарылса;

–эгер маселени чечүүнүн кадамдарын негиздөөдө жана логикалык ой жорууда каталар жана кемчиликтер жок болсо;

–тапшырмаларды аткарууда каталар болбосо (бир так эместик же жазуудагы ката болушу мүмкүн, бирок мындай каталар окуу материалын түшүнбөгөндүктөн же билбегендиктен кетирилген эмес);

–эгер тапшырмалар рационалдуу ыкма менен аткарылса.

«4» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй жазуу текшерүү (өз алдынча) иштери үчүн коюлат:

–эгер иш толугу менен аткарылса, бирок кемчиликтери болсо (эгер ой пикирди негиздеп берүү текшерүүнүн максаты болуп саналбаса);

же

–эгер сүрөттөрдө, чиймелерде, графиктерде, таблицаларда 2-3 кемчилик болсо же 1 ката кетирилсе (эгер иштин бул түрлөрү текшерүүнүн максатын түзбөсө);

–эгер тапшырмалар рационалдуу эмес ыкма менен аткарылса.

«3» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй жазуу текшерүү (өз алдынча) иштери үчүн коюлат:

–эгер сүрөттөрдө, чиймелерде, графиктерде, таблицаларда берилген тема боюнча 2-3 кемчилик болсо же 1 ката кетирилсе, эгер окуучунун билимдери, билгичтиктери коюлган талаптарга негизинен жооп берсе;

«2» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй жазуу текшерүү иштери үчүн коюлат:

–эгер кетирилген каталар окуучу бул тема боюнча талап кылынган талаптар боюнча билимдерге, билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;

«1» деген баа окуучулардын төмөнкүдөй жазуу текшерүү иштери үчүн коюлат:

–эгер окуучу берилген тема боюнча талап кылынган билимдерге, билгичтиктерге таптакыр ээ болбогону көрүнсө.

5-класста баалоо окуунун ички жүйөсүн демилгелөөгө, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү анализдөө жана өз ара баалоо көндүмдөрүн калыптандырууга, өз ишмердүүлүгүнө жана башка окуучулардын ишмердүүлүгүнө сын көз караш менен баа берүүгө багытталган. Ушул максатта баалар да, сапаттык жана сыпаттоочу (мүнөздөөчү) ыкмалар да колдонулат.

4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Табият таануу боюнча предметтик стандарт артыкчылык катары кенже өспүрүмдөрдө жөнөкөй изилдөөчүлүк ишмердүүлүктүн жолдорун, табигый-илимий маалымат менен иштөө ыкмаларын, коммуникативдик билгичтиктерди калыптандырууну, окуучулардын табигый-илимий компетенциялардын элементтерине ээ болуусун эсептейт. Материалдык–техникалык камсыздоо ушул милдеттердин ишке ашырылышы үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылышы керек.

Окуучулардын байкоолору менен тажрыйбаларынын негизин коллекциялар, гербарийлер жана курстун бардык темалары боюнча комплектилер түзөт. Мындай ар бир

комплектиде берилген тема боюнча практикалык иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон бардык куралдар болот. Комплектилерге мугалим үчүн байкоолор менен тажрыйбалардын кеңири сыпаттамасы, окуучулар үчүн зарыл болгон дидактикалык материалдар тиркелүүгө тийиш. Коллекцияларды, гербарийлерди жана куралдардын комплектисин пайдалануу менен өткөрүлүүчү практикалык иштердин номенклатурасы ишмердүүлүктүн стандартта көрсөтүлгөн бардык түрлөрүн камсыз кылуусу керек: жаратылыш кубулуштарын аныктоо, тааануу, ченөөлөрдү, байкоолор менен тажрыйбаларды жүргүзүү үчүн моделдерди жана түзүлүшүтөрдү конструкциялоо, өз жеринин экологиялык проблемаларын үйрөнүү ж.б.

Табият тааануу курсунун практикалык бөлүгүнүн маанилүү аспектисин окуу процессине реалдуу жаратылыш объектилерин кошуу түзөт, ал бөлмөдөгү өсүмдүктөрдү, жандуу бурчтагы жаныбарларды (мүмкүнчүлүккө жараша) байкоо жана багуунун алкагында да, ошондой эле курчап турган табигый чөйрөдөгү экскурсиялар менен практикумдардын алкагында да уюштурулат.

Табият тааануу сабактары өткөрүлүүчү кабинетте окутуунун техникалык каражаттарынын (телевизор, видеомагнитофон, кодоскоп ж.б.) болушу зарыл.

Азыркы учурда мугалимдин мультимедиялык компьютер жана проектордун базасында автоматташтырылган жумушчу ордунун болушу маанилүү болуп эсептелет. Тиешелүү программалык камсыздоо болсо бул ар түрдүү маалыматтык объектилерди (видео, анимация, интерактивдүү моделдер, статикалык иллюстрациялар ж.б.) көрсөтүүгө шарт түзөт. Ар бир конкреттүү учурда колдо болгон мүмкүнчүлүктөргө жараша окутуунун техникалык каражаттарынын жана аларды колдоочу программалык продуктулар менен куралдардын өздүк оптималдуу топтому түзүлөт.

Материалдык-техникалык камсыздоонун сандык көрсөткүчтөрүн эсептөөнүн мүнөздөмөсү.

Окуу жабдууларынын саны эсептөөлөргө коюлуучу талаптарда бир окуу кабинети үчүн класстын орточо толуусун (25-30-окуучу) эске алуу менен келтирилет. Сунуштамаларда сандык көрсөткүчтөрдү чагылдыруу үчүн символдук белгилөөлөрдүн төмөнкү системасы колдонулат:

–**Д** – демонстрациялык нуска (1 нуска, атайын белгиленген учурлардан башка учурда), анын ичинде мугалим демонстрацияларды өткөрүшү үчүн же кабинетте такай туруусу үчүн колдонулгандар.

–**К –** толук комплект (класстын реалдуу толумдуулугуна жараша).

–**Ф** – фронталдык иштер үчүн комплект (толук комплектиден болжол менен эки эсеге аз, б.а., эки окуучуга 1 нуска). Мындай жабдуу окуучулардын фронталдык иштерин өткөрүү үчүн колдонулат.

–**П** – бир нече окуучудан турган топтордо практикалык иштерди аткарууга зарыл болгон комплект (6-7 нуска).

Окуу кабинетинин мүнөздөмөсү.

Окуу кабинетин уюштурууда жайды тандап алуу жана аны рационалдуу пландаштыруу санитардык талаптарга ылайык жүргүзүлөт. Табият тааануу сабактарын өткөрүү үчүн кабинет окуу эмеректери, демонстрациялык жана лабораториялык жабдуулар сакталуучу шкафтар, мугалимдин электр тогу жана суу туташтырылган демонстрациялык столу, ошондой эле окуучулардын коопсуз эмгегин камсыз кылууга зарыл болгондун бардыгы менен жабдылууга тийиш. Кабинет аз колдонулгандыктан, ал

физика же биология кабинети менен бириктирилиши мүмкүн. Мындай учурда окуучулардын табият таануу боюнча даярдыгына коюлуучу талаптарды аткарууга зарыл болгон жабдуулардын тизмеси сакталууга тийиш.

Табият таануу курсун окутуу үчүн сунуш кылынган материалдык-техникалык камсыздоонун тизмеси

№	**Материалдык-техникалык камсыздоонун объектилери менен каражаттарынын аталыштары**	**Зарыл болгон саны**
	Китепкана фонду (китеп, басма продукция)	
1	Табият таануу боюнча мамлекеттик предметтик стандарт	Д
2	Табият таануу боюнча билим берүү программасы	Д
3	Окутуу боюнча методикалык сунуштамалар	Д
	Табият таануу боюнча окуу-методикалык комплект	
4	Аныктамалык басылмалар. Табигый-илимий терминдердин сөздүгү	К
5	Табият таануу боюнча көзөмөлдөөчү-ченөөчү материалдар (окуучулардын даярдыгынын деңгээлине коюлуучу талаптарды диагностикалоону жана көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу тесттик тапшырмалардын жыйнагы)	Ф
6	Табигый илимдер боюнча энциклопедия, маалымдамалар.	П
7	Өсүмдүктөр жана жаныбаларды аныктагыч-атлас	Ф
8	Кенже өспүрүмдөр үчүн табигый-илимий мазмундагы илимий-популярдуу адабияттар.	П
9	Табият таануу сабактары үчүн дидактикалык материалдар (3 деңгээлде предметтик компетенцияларга ээ болууну камсыздоочу ар кыл деңгээлдеги тапшырмалардын жыйнактары)	Ф
	Басылма куралдар	
10	Улуу окумуштуу табият-изилдөөчүлөрдүн портреттери	Д
11	Жылдыздуу асмандын картасы	Д
12	Табият таануу курсунун негизги темалары боюнча таблицалар (кабинетти полиграфиялык басылыштагы жана электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү маалымдамалык басылмалар менен комплектилөө сунушталат)	Д
13	Кыргызстандын физикалык картасы	Д
14	Дүйнөнүн физикалык картасы	Д
	Маалыматтык-коммуникациялык каражаттар	
15	Табият таануу боюнча маалымдама жана маалымат ресурстары (электрондук энциклопедия, карталардын атластары, өсүмдүктөр менен жаныбарларды аныктагычтар, маалымдамалык материалдар жана Интернет-ресурстар)	Д
16	Фронталдык жана жекече иштерди уюштурууга тематикалык жана түрдүү деңгээлдүү машыктыруучу жана текшерүү материалдарды үчүн компакт-дисктер (табият таануу боюнча тапшырмалардын базасын, ошондой эле окуучулардын билимдерди өздөштүрүү деңгээлин жана жекече билим алуучулук траекториясын эске алган тематикалык жана	Д

	жыйынтыктоочу иштерди комплектилөө системасын камтыган программалык продукт)	
17	Табият таануу боюнча көрсөтмө куралдардын электрондук китепканасы (түрдүү типтеги маалымат объектилерин камтыган компакт-диск: видеофрагменттер, анимациялар, интерактивдүү моделдер, фотосүрөттөр жана статикалык иллюстрациялар, ошондой эле презентацияларды түзүү жана сактоо үчүн каражаттар)	Д
	Окутуунун техникалык каражаттары (ОТК)	
18	Мультимедиялык компьютер (аудио-видео кирүүлөрү бар, Интернетке туташуу мүмкүнчүлүгү, телекоммуникция каражаттары, колдонмо программалар пакети (тексттик, презентациялык ж.б.) менен камсыздалган компьютер.	Д
19	Принтер	Д
20	Сканериптик фотоаппарат	Д
21	Видеокамера	Д
22	Мультимедиялык проектор	Д
23	Проекциялык экран	Д
24	Телевизор, диагоналы 72 см ден кем эмес	Д
25	Видеомагнитофон (видеоплеер)	Д
26	Графопроектор	Д
27	Диапроектор	Д
	Окуу-практикалык жана окуу-лабораториялык жабдуулар	
28	Жөнөкөй өлчөөчү куралдарды конструкциялоо үчүн комплект (салмакты, убакытты ж.б. өлчөө)	Ф
29	Аба ырайына байкоо жүргүзүү үчүн комплект, ичинде термометр, жаандын суусун чогултуу үчүн мензурка, анемометр, флюгер бар.	Ф
30	«Заттардын айлануу кубулуштары» комплектиси. (Комплект окуучуларды химиялык реакциялардын негизги белгилери, курчап турган дүйнөдөгү заттардын айлануу кубулуштарынын мисалдары менен тааныштыруу үчүн зарыл болгон жабдуулардан жана реактивдерден турат.)	Ф
31	Атомдор менен молекулалардын түзүлүшүн моделдөө үчүн комплект	Ф
32	«Механикалык кубулуштар» комплектиси. (Комплект механикалык кыймылдын түрлөрү; жөнөкөй механизмдердин түрлөрү жана колдонулушу менен тааныштырат)	Ф
33	«Жылуулук кубулуштары» комплектиси (Комплект жылуулук кубулуштары менен тааныштырууну, заттардын газ, суюк жана катуу абалындагы касиеттери менен тааныштырууну камсыз кылат.)	Ф
34	«Жарык кубулуштары» комплектиси (Комплект ар түрдүү жарык кубулуштары менен тааныштырууну, жарыктын чагылуусун, сынуусун жана дисперсиясын окуп-үйрөнүү боюнча тажрыйбаларды өткөрүүнү камсыз кылат)	Ф
35	Лабораториялык жабдуулардын комплектиси (лабораториялык штатив,	Ф

	стакандар, Петри идиштери, өлчөөчү стакандар, пробиркалар, колбалар, айнек таякчалары ж.б.)	
36	Күн системасынын модели	Д
37	Жердин физикалык глобусу	Д
38	Компас	Ф
39	Лабораториялык таразалар	Ф
40	«Биринчи жардам көрсөтүү» комплектиси (Окуучуларды жеңил жаракат алгандарга жана кан агууларда биринчи жардам көрсөтүүгө үйрөтүүнү камсыздайт)	Ф
41	Микроскоп	Ф
42	Демонстрациялык жабдуулары бар идиштердин комплектиси	Д
43	Демонстрациялык штатив	5 шт.
	Натуралдык объектилер	
44	«Пайдалуу кендер», «Тоо тектери жана минералдар» коллекциялары	Ф
45	Жапайы өсүмдүктөрдүн, маданий өсүмдүктөрдүн, дары өсүмдүктөрүнүн гербарийлери	Ф
46	Мөмөлөр менен жашылчалардын муляждарынын топтому, «Желе турган жана желбей турган козу карындар» коллекциясы.	Д
47	«Жандуу организмдердин клеткалык түзүлүшү» темасы боюнча микропрепараттар	Ф
48	«Адамдын тулкусу» көлөмдүү модели	Д

4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Шыктандыруу – адамдын ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруунун, максаттарды белгилөөнүн, ага жетүүнүн каражаттарын тандап алуунун, пландоонун, рефлексиянын өзөктүү фактору болуп саналат. Ишмердүүлүктү эрктик жөнгө салуу олуттуу мааниге ээ.

Шыктандыруунун өнүгүшүнө таасир тийгизүүчү факторлор. Билим берүү процессинин катышуучуларынын муктаждыктары ар бир конкреттүү окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрү (жөндөмдүүлүктөрдүн деңгээли, тигил же бул ишмердүүлүккө шыктуулугу, темперамент ж.б.) катары да, социалдык факторлор менен да (үй-бүлөдөгү салттар, мектептин ички чөйрөсүнүн багытталуусу, курбалдаштарынын референттик топторунун ортосундагы байланыштар ж.б.) аныкталат.

Бул муктаждыктар мектепте салттуу түрдө орун алган ишмердүлүктүн төмөнкү формалары жана багыттарынын алкагында канааттандырылышы мүмкүн:

– сабактагы окуу ишмердүүлүгү;

– чоң кишилер тарабынан уюштурулган сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн түрдүү чөйрөлөрү;

– балдардын субмаданий топторунун алкагындагы социалдашуу;

– мектептик өз алдынча башкаруунун ар кыл түрлөрү.

Билим берүү чөйрөсүнө коюлуучу талаптар. Мектептеги билим берүү чөйрөсү социалдык-позитивдүү ишмердүүлүккө, окуучулардын татаал социомаданий муктаждыктарын жүзөгө ашырууга багытталган баалуулук-маңыздык талааны түзүүгө багытталып долбоорлонушу керек.

Буга байланыштуу, мектептин билим берүү чөйрөсүнө коюлган талаптардын арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

– кандайдыр бир ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда окуучулар менен чоң кишилердин инсандык байланышын камсыз кылуучу иштин формаларынын болушу;

– сунушталган ишмердүүлүк формаларынын максималдуу кеңири предметтик-тематикалык курамы;

– окуучулардын уюмдашкан органдарына мектеп турмушунун белгилүү бир чөйрөлөрү боюнча укуктарды жана жоопкерчиликти берүү;

– мектептин позитивдүү ишмердүүлүгүнө окуучулардын өзүнөн өзү уюшулуучу субмаданий топторун аралаштыруу механизмдеринин болушу;

– чөйрөнүн «ачыктыгы», окуучулардын сырткы агенттер (башка билим берүү мекемелери, кесиптик уюмдар, аймактык субъекттер, башка өлкөлөрдөгү коомчулуктар ж.б.) менен ар кыл контактылары үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүү;

– мектептик жана андан кыйла жогорку деңгээлдерде жетишкендиктерди презентациялоо жана таануу системасынын болуусу.

Мектептин шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүүнүн негизги механизмдери үчөө:

– жаңы бирикмелердин, кызматташтыктардын, клубдардын, лабораториялардын ж.б. негизинде билим берүү процесссинин катышуучуларынын өз ара мамилелеринин системасын өзгөртүү;

– билим берүү чөйрөсүнүн инновациялык инфраструктурасын түзүү;

– конкреттүү билим берүү програмаларынын деңгээлинде гуманитардык жана маалыматтык технологиялардын негизинде билим берүүчүлүк жаңы практикаларды киргизүү.

Шыктандыруучу чөйрөнү түзүүнүн өзөктүү иш-чаралары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– мектептин психологиялык чөйрөсүн байытуу, билим берүүнүн ар бир баскычында окуучулардын курактык жана инсандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын эмоциялык мазмундуулугун камсыз кылуу;

– долбоорлордун жана окуу тапшырмаларынын үстүндө жекече иштөө үчүн мектеп китепканасын пайдаланып, жалгыз болуучу жана тынч жайларды түзүү;

–мектептин маалыматтык жана технологиялык чөйрөсүн сапаттык жактын кыйла жогорку деңгээлге өткөрүү: окутуунун заманбап техникалык каражаттары: интерактивдүү тактала, компьютерлер жана проекторлор ж.б. талап кылынат.

Шыктандыруучу билим берүү чөйрөсүн түзүү төмөнкүлөрдүн керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган:

- **окуучулардын** – сапаттуу билим алууга, турмуштук жана кесиптик ишмердүүлүктүн ар түрдүү чөйрөлөрүндө өз алдынча чечимдерди кабыл алуу билгичтиктерине ээ болууга, атаандаштыкка жөндөмдүү болууга жетишүүсүнө багытталган окутуу программаларына болгон керектөөсүн;
- **ата-энелердин** – окуучу балдарынын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша максималдуу өнүгүшү, андан аркы турмуштук ийгиликтерге жана кесиптик жактан өсүштөргө жетишүүсү үчүн бардык шарттарды камсыз кылууга болгон керектөөлөрүн;

- **педагогдордун** – кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу, билим берүү процессинде өзүн өзү чыгармачылык менен реализациялоо мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу муктаждыктарын;
- **уюмдун** – мектептин өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу жекече билим берүү моделин түзүүгө болгон муктаждыгын, ал мектепти билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү кылат;
- **коомдун жана мамлекеттин** – илим, маданият, коомдук мамилелер чөйрөсүндө жемиштүү чыгармачыл ишмердүүлүккө жөндөмдүү болгон инсандын жаңы маданий тибин калыптандырууга багыттап, окуучуларды өнүктүрүү программасын жүзөгө ашырууга болгон талабын.

Шыктандыруучу чөйрөнү түзүүнүн маанилүү шарттары болуп: өз ара түшүнүшүү, өз ара кызматташуу, идеялардын консолидациясы жана ишмердүүлүктү интеграциялоо эсептелет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ТАРЫХ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН V-IX–КЛАССТАР ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргызстан тарыхы жана дүйнө тарыхы» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандаруучу окуу чөйрөсүн түзүү.

1. бөлүм. Жалпы жоболор

Бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүү этабында тарых боюнча мамлекеттик стандартын маданияттык компетентүүлүк мамиленинин негизинде жаңылоо зарылчылыгы келип чыкты.

Бул стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын, 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403 токтомунун негизинде иштелип чыгып, мамлекеттик милдетүү билим берүүнүн мазмунуна, мектептеги окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн тарыхый билиминин даярдыгынын деңгээлине талаптарды коет.

1.1. Стандарттын статусу жана структурасы:

«Тарых» боюнча предметтик стандарт Кыргызстандын окутуу кыргыз, орус, өзбек, тажик ж.б. тилдерде жүргүзүлгөн бардык мектептери үчүн бирдиктүү болуп, бардык окуучуларга сапаттуу мектептик билим алуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, сапаттуу билим алышын шарттайт.

1.2. Жалпы билим берүү уюмунун негизги нормативдик документтердин системасы.

Бул стандарт төмөндөгүлөрдү негиз кылып алды:

— «Билим берүү тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

— Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403 токтому.

Тарых боюнча предметтик стандарт негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы орто билим берүүнүн базистик окуу планы, жалпы билим берүү уюмунун окуу планы, негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолор менен комплексте колдонулат.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул стандарттагы түшүнүктөр жана терминдер, алардын аныктамасы жана кыскартылышы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык колдонулду.

Мектептик тарых боюнча предметтик стандарты – окуучунун билим алышынын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ.

Предметтин концепциясы – мектептеги тарых предметин системалык баяндоо, түшүнүү, түшүндүрмө берүү, жетектөөчү идеяларды ачып көрсөтүү, ирээттөө жана өнүктүрүү.

Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

Компетенция – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

Негизги компетенттүүлүк – окуучулардын өздөрү өздөштүргөн турмуштук иш ыкмаларын теориялык жана практикалык милдеттерди чечүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Предметтик компетенттүүлүк - негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.

Мектептик тарых предметинин базалык мазмуну – мектепте окутулууга милдеттүү сабактын мазмунун түзүлүшүнүн жана курамынын тизмеси.

Мектептеги тарых боюнча окуу программасы – мектептик тарых предметинин мазмунун аныктоочу нормативдик документ.

Натыйжалар (билим берүүчү) – негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому

Баа берүү – окуучунун когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигине, мугалимдердин, класстын, мектептин ишине байкоо жүргүзүүнүн, ошондой эле алынган билимдин натыйжаларынын пландаштырылганга ылайык келүү даражасын аныктоо үчүн билимдин сапатын жакшыртуу максатында маалыматты сыпаттоонун, чогултуунун, каттоонун жана интерпретациялоонун тутумдуу процесси.

2- бөлүм. Предметтин концепциясы

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Кыргызстан тарыхын окутуу демократиялык мамлекеттин өнүгүшүнүн, дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн кабылдоого даяр, азыркы доордун толеранттуу инсанын калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Мектептик тарых предметинин негизги максаты – социалдык эстутумдун негизинде окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, азыркы көп улуттуу, көп маданияттуу коомдо өзүн идентификациялоого, өз алдынча чечим кабыл алууга, өнүгүүгө жөндөмдүү компетенттүү инсанды калыптандыруу.

Бул максатка жетүүдөгү негизги мектептин салымы – окуучуларда жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда турат.

Мектепте тарыхты окутуунун негизги милдеттери:

Когнитивдик (таанып-билүү) чөйрөсүндө:

— Кыргызстандын аймактары жана чек аралары тууралу элестөөлөрдү камтыган, тарыхый-географиялык образды калыптандыруу;

— окуучуларда тарыхый окуялардын көп түрдүүлүгү жана алардын азыркы дүйнөгө таасири тууралуу элестөөлөрүн камсыз кылуу;

— илимий маалыматтарды табуу, тарыхый материалдар менен иштөө жана өткөндү баалоодо өз аргументтерин тизмектөө ыктарын калыптандыруу;

— окуучуларда социалдык-сынчыл ой жүгүртүүнүн негиздерин, тарыхыйлуулук принцибин, жетекчиликке алып, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуялар жана көрүнүштөрдү анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

— окуучуларда тарыхый билимдерин азыркы көп маданияттуу жана көп этностуу коомдо башка адамдар менен алака-мамиле түзүүдө колдоно билүү ыктарын калыптандыруу.

Жүрүм-турумдук чөйрөдө:

— окуучуларды мекенчилдик, өз Ата Мекенин урматоо, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу сезимин, жарандык идентүүлүктү жана этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруу;
— курчап турган реалдуулукка карата өз позициясын аныктоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
— окуучуларда тең укуктуу мамилелердин жана өз ара урматоонун негизинде диалог жүргүзүү, конфликттерди конструктивдүү маанайда чечүү ыктарын калыптандыруу;
— башка элдердин өткөн доорлордогу тарыхына, маданиятына толеранттуу мамиле жасоо, гуманизмдин идеяларын кабылдоо, адам укуктарын урматтоо мамилесин калыптандыруу.

Аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) чөйрөдө:

— жаш муундарда жарандык, этноулуттук, социалдык, маданий чөйрөдө өзүн идентештирүү үчүн багыттарын калыптандыруу;
— үй-бүлөнүн салттуу баалуулуктарына урматтоо мамилесин, табиятты сүйүү, өзүнүн жана башка адамдардын саламаттыгынын баалуулугун таануу, дүйнөнү кабылдоодогу оптимизмди калыптандыруу;
— улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтаган, жаратылыштын эскирбес баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап билген, адептик сапаттарга ээ болгон инсан катары идентификациялоого көмөктөшүү;
— көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн эсепке алуу менен, окуучулардын ой-пикирди жана ишенимди эркин тандоо укугун жүзөгө ашыруу, окуучуларды гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыттоо.

2.2. Тарых предметин түзүүнүн методологиясы

Тарых окуу предмети катары азыркы билим берүү мейкиндигинин ажырагыс бөлүгү болуп, тарыхый эстутумдун жана аң-сезимдин калыптанышына шарт түзөт. Тарых предметин окуп-үйрөнүү компетенттик мамилеге дал келүүгө тийиш.

Тарых предметин окуп-үйрөнүүдө хронологиялык, өлкө таануучулук жана проблемалык принциптерге таянып, цивилизациялык мамилени колдонуу оптималдуу жол болуп саналат. Цивилизациялык мамиле бир цивилизациянын ичинде, өз өлкөсүнүн, өзүнүн этникалык, диний, маданий жалпылыгын, негизги баалуулуктарын жана тарыхый тажрыйбасын өспүрүмдөрдүн кабылдоосуна басым жасайт.

Стандарттын жаңылыгы негизги мектепте окуу курстарын түзүүнүн азыркы талаптарын, тажрыйбасын жана билим берүүнү модернизациялоонун келечектеги милдеттерин эсепке алуу менен байланышкан. Ал окуучулардын маалыматтык жана коммуникативдик маданиятын, окуучулардын социалдык идентүүлүгүн өнүктүрүүгө жетишүүдө турат.

Тарых предметинин мазмумундагы темалардын олуттуу бөлүгү, азыркы талаптарга ылайык өзгөртүлдү. Негизги мектепте тарыхый көрүнүштөрдүн маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, материалдардын кайталануучулугуна жол бербеген окуу курстарынын кыйла тең салмакташтырылган структурасын түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

«Тарых» предметинин базалык принциптери төмөндөгүлөр:

— окуу предмети катары тарыхты окутуунун **негизги максатына жана милдеттерине** жетишүүгө багытталгандыгы;

— **системалуулук** (компоненттердин ар бири башкалар менен өз ара аракетке келген учурда гана толук кандуу иштей алат);

— мазмундун, материалды баяндоонун формасынын жана окуу ишмердигинин **окуучулардын жаштык мүмкүнчүлүктөрүнө, муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына туура келиши**;

— курстардын ичиндеги (5-9-класстар жана 10-11-класстар) **тынымсыздык жана улануучулук принциби**, бул бирдиктүү мазмундук сызык, окутууну уюштуруунун жалпы принциптери жана окуучуларда компетенттүүлүктөрдү ырааттуу калыптандыруу;

— окуу маалыматтарынын илимий изилдөөлөрдүн негизги натыйжаларына дал келишин аныктаган, **илимийлүүлүк принциби**;

— азыркы мектептик билим берүүнүн **демократиялуулук принциби**;

— балдардын өзүн жана азыркы коомду таанып-билүү, жоопкерчиликтүү **инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүү принциби**;

— **көп маданияттуулук принциби,** окуучуларга өткөн муундар тарабынан иштелип чыккан улуттук жана жалпы гуманисттик баалуулуктарды өздөштүрүүнү камсыз кылып, көп маданияттуу коомдо жашоо жөндөмдүүлүгүн калыптандырат;

— **толеранттуулук принциби**: маданияттык көп түрдүүлүктү түшүнүүнү жана урматтоону, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү, биргелешкен чечим кабыл алууга катышууну, ар кандай жаңжалдарды сүйлөшүү жолу менен жөнгө салууну камтыйт;

— жынысына, расасына ж.б. карабастан жарандын укуктарынын жана милдеттеринин теңдигин какмтыган – **гендердик теңчилик принциби**;

— **жашоо менен байланыш принциби** жашоого зарыл болгон (алакалашуу ыктары, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо ж.б.) ишмердиктин ыкмаларын өздөштүрүү аркылуу жүзөгө ашат;

— **экологиялаштыруу принциби** табияттын маанисин аңдап-билүү жана азыркы учурдун глобалдык проблемаларын түшүнүү аркылуу табиятка аяр мамилеси калыптанат.

Төмөндөгү артыкчылыктуу билим берүүчү жана тарбиялык багыттар мектепте тарыхты **окутуунун методологиялык негиздерин** түзөт:

— Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын, ***дүйнөлүк тарых менен байланышта*** окуп-үйрөнүү;

— ***жарандык коомдун баалуулуктары*** – укуктун жогоркулугу, жарандык тилектештик, коопсуздук, эркиндик жана жоопкерчилик;

— ар бир баскычта өмүр бою ***үзгүлтүксүз билим алууга талаптарын калыптандыруу***;

—***мультиперспективалык мамиле*** тарыхты баяндоодо жаңжалдардын себептерине жана натыйжаларына эки тараптын көз карашы менен түшүндүрмө берүүгө мүмкүнчүлүк берет;

— ***антропологиялык мамиле***, өткөндү инсандык, эмоциялык боектор менен кабылдоосун калыптандырат;

— ***тарыхый-маданият таануучулук мамиле***, маданияттар аралык диалогго, маданий мурастарды кабылдоо жана аяр мамиле жасоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

Жогорудагы мамилелерге таянып, стандарттын жаңы моделинин чегинде мазмунда бир катар структуралык өзгөрүүлөр жүргүзүлдү:

1. Саясий жана экономикалык тарыхтын материалдарын кыскартуунун, өткөндөгү согуштук-саясий темаларды экинчи планга түшүрүүнүн эсебинен, тарыхый антропологиянын, мифологиянын, диндин, маданияттын жана искусствонун тарыхынын,

биринчи кезекте, руханий маданияттын, Кыргызстан элинин өз ара алака-мамилелеринин, күндөлүк тарыхтын материалдары кыйла кеңейтилди.

2. Түрк Кеңешинин мүчө-өлкөлөрүнүн: Азербайджандын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Түркиянын мамлекет башчыларынын, 2012-жылдын 23-августта Кыргызстандын борбору Бишкекте өткөн жолугушуусунда «Орток Түрк тарыхы» курсун окутуу тууралуу биргелешкен чечим кабыл алынган. Түрк Кеңешинин бул чечими 2013-жылдын 16-августундагы Габаладагы (Азербайжан) жана 2014-жылдын 5-июнундагы Бодрумдагы (Түркия) саммиттеринде бекитилген. Аталган чечимдерди жүзөгө ашыруу максатында, «Тарых» предмети боюнча стандартка, Европа өлкөлөрүнүн тарыхынын материалдарын кыскартуунун эсебинен, Түрк элдеринин, Борбордук Азия элдеринин, Азия, Африка, СССР жана анын урандыларында пайда болгон өлкөлөрдүн тарыхы боюнча материалдар кеңейтилди.

3. Тарыхтагы инсандарга өзгөчө орун берилет, ал көрүнүктүү инсандардын өмүр баяндарын окуп-үйрөнүү аркылуу гана эмес, «карапайы адамдардын» да тагдыры аркылуу социалдык жана саясий процесстер баяндалып берилет.

4. Кыргызстан тарыхы курсуна, өзгөчө, азыркы мезгилине өлкөнүн калкынын көп улуттуу жана көп конфессиялуу экендигин эсепке алган материалдар киргизилет.

5. Өзгөчө көңүл критикалык ой жүгүртүү өнүгүшүнүн негизги ыкмаларынын бири тарыхтагы "талаш маселелерге" бурулат. Бул материалдарды изилдеп жатып, мугалим окуянын адеп-ахлактык жана руханий жактарын талкуулагандан баш тартпаш керек. Мугалим алардын бирине да ташуучу катары иш-аракет кылууга болбойт, окуучуларга өздөрүнүн маданий салттарга байланыштуу критикалык ой-жүгүртүү жана түшүнүүсүн үйрөтүү керек. Булактардын тексттери менен иштөө ретроспективалык маалыматтар менен сабаттуу иштөөнүн негиздерин түптөө, аны анализдөөнү жана анализденген маалыматтардын негизинде өз алдынча корутунду жасоого үйрөтүү.

6. Тарых курстарында көркөм адабияттын көбүрөөк колдонулуп, тарыхый географиянын маселелери кеңири чагылдырылат.

«Тарых» предметин окуп-үйрөнүү системасы жалпы билим берүүнүн экинчи жана үчүнчү баскычын камтыйт. Кыргызстан тарыхы менен алгачкы таанышуу башталгыч мектептеги «Мекен таануу» курсунда болуп, ал тарыхый материалдар менен байытылат. Биринчи деңгээлде (5–9-класстар) программмалык материалды окуп-үйрөнүү окуучулардын жаштык мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен хронологиялык уланууучулукта жүргүзүлөт.

«Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары, 5—9-класстарда тизмектүү, биринчи жарым жылдыкта «Дүйнөлүк тарых» жумасына 2 саат (жылына 32 саат), экинчи жарым жылдыкта «Кыргызстан тарыхы» жумасына 2 саат (жылына 36 саат). 9-класста «Кыргызстан тарыхы» курсу боюнча мектептик бүтүрүү экзамендери жана атайын орто окуу жайларына кирүү экзамендерин тапшырышат.

Негизги орто билим берүү баскычында предметти окуп-үйрөнүүнүн милдеттерине ылайык «Кыргызстан тарыхы» курсу өлкөнүн жана анын элдеринин өткөндөгү дооруна кызыгуусун арттырган, социомаданий мүнөздөгү материалдар менен кеңейтилди. «Тарыхый персонаждар» мазмундук сызыгына ылайык өткөндөгү окуялардын жүрүшү жана натыйжалары окуу китептерде жана сабактарда адамдардын ишмердиктери жана тагдырлары аркылуу өтөт.

«Тарых» предметинин мазмуну негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар аркылуу жүзөгө ашырылат. 5—9-класстар үчүн «Тарых» предметинин мазмуну эки: «Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнөлүк тарых» (Орток Түрк тарыхы курсу көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстары түрүндө баяндалат.

Негизги билим берүүчү программанын мазмуну предметтин базалык мазмунун аныктайт. Негизги билим берүүчү программада бөлүктөрдүн жана темалардын мазмуну салыштырмалуу кыскача берилет, ал кошумча (вариативдик), автордук программаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдер автордук, эксперименталдык программаларды иштеп чыгууга жана колдонууга укуктуу.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр:

«Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнөлүк тарых» (түрк элдеринин орток тарыхы көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстарындагы предметтик компетенттүүлүктөр төмөндөгүлөр:

	Компетенттүүктөр	**Компетенттүүктөрдү**
1	**Хронологиялык жана картографиялык**	негизги даталарды атап, хронологиясын тизмектей алат; мезгилдик терминологияны колдонуп, мезгилдик бирдиктерди (жылды, кылымды, биздин заманга чейинки жана биздин заманды) аныктап, алардын ортосундагы айрмачылыктарды таба алат; негизги окуяларды конкреттүү мезгилге шайкеш келтирет; даталарды белгилүү тарыхый окуялар менен шайкеш келтире алат; аталган окуяга, көрүнүшкө дал келбеген даталарды таба алат; тарыхый картада орун алган шарттуу белгилерди окуй алат жана туура колдонот; тарыхый окуяларды тарыхый карта менен шайкш келтире алат; өз алдынча контурдук картада мамлекеттердин чек араларын жана алардын өзгөрүшүн көрсөтө алат; үйрөнүлүп жаткан окуялардын жайгашкан жерин жана материалдык маданияттын эстеликтерин белгилей алат; карта боюнча тарыхый окуяларга түшүндүрмө берет; тарыхый картанын жардамы менен тарыхый окуяларды анализдейт;
2	**Тарыхый-цивилизизациялык**	адамдардын эмгек жана чарбалык ишмердүүлүктөрүн, материалдык өндүрүштүн, техниканын өнүгүшүн сүрөттөп бере алат; тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөп бере алат; фактыларды, окуяларды, көрүнүштөрдү шайкеш келтире алат; тарыхый окуяларды, кырдаалдарды көрүнүштөрдү салыштыра алат; окуялардын жана көрүнүштөрдүн тиешелүү экендигин аныктап бере алат;

		окуяны жыйынтыгы боюнча, бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалай алат.
3	**Этномаданий**	өз элинин маданий байлыктарын анализдеп, анын тарыхый-маданий баалуулуктарына инсандык мамилесин билдирет; өз элинин маданий мурастарын урматтайт жана башка элдердин маданий мурастарына толеранттуу мамиле жасайт; маданият таануучулук мамиленин тажрыйбасына таянып, тарыхый инсандарга мүнөздөмө берет; гуманизмдин идеяларын кабылдап, адам укуктарына урматтоо менен мамиле жасайт.
4	**Социалдык-жарандык**	доорго өз изин, ордун калтырган тарыхый инсандардын аттары атап бере алат; жеке инсандык тажрыйбасынын негизинде тарыхый инсандарга мүнөздөмө берет; айрым инсандардын ролун «доордун руху» менен салыштыра алат; тарыхый инсандардын портреттерин берилген критерийлер боюнча классификациялайт жана топтоштурат; тарыхый өнүгүүнүн контекстинде инсандардын тарыхый ордун аныктай алат; түрдүү тарыхый дооорлордогу адамдардын жашоо-тиричилигинин шарттарын салыштыра алат.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы

Тарых предмети боюнча предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланышкан.

Мамлекеттик стандартта белгиленген негизги компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:

1. Маалыматтык компетенттүүлүк

— адамзаттын өнүгүүсүнүн тарыхый жолу жана тажрыйбасы тууралуу базалык билимдери бар;

— тарыхый мүнөздөгү материалдарды өз алдынча максаттуу тандап, тарыхый маалыматтардын булактарын салыштырып, өткөндү баалоодо өз аргументтерин келтире алат;

— алынган тарыхый-социалдык маалыматка сынчыл анализ жасай алат;

— түрдүү тарыхый окуяларды азыркы турмуш, тарыхый инсандарды азыркы инсандар менен салыштыра алат.

2. Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк

— позициялардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, профессионалдык, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат;

— тарыхый фактыларга түшүндүрмө берүүнүн объективдүү жана субъективдүү-инсандык ыкмаларын айырмалай алат;

— жалпы адамзаттык баалуулуктарды негиз кылып алып, гуманизмдин идеяларын көтөрүп чыгат, адам укуктарын урматтайт, маданиятка жана дүйнө элдеринин өткөндөгү тарыхына толеранттуу мамиле жасайт;

— маданият таануучулук билимдерине, тажрыйбасына таянып, өз ара алака-мамиле түзөт.

3. Өзүн-өзү өркүндөтүү компетенттүүлүгү

— диалогдон зарыл маалыматтарды алып, аны жеке, социалдык жана профессионалдык проблемаларды оозеки жана жазуу түрүндө сунуш кылат;

— ишмердик процессинде, адамдардын, уюмдардын ортосундагы өз ара мамилелеринде, коомдо үстөмдүк кылган маданий-баалуулук системаларды колдонот;

— тарыхый окуяларга жана инсандарга аргументтүү мүнөздөмө берет.

2.5. Мазмундук сызык. Окуу материалын мазмундук сызык жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

2.5.1. Мазмундук сызык.

«Тарых» предметинин негизги мазмундук сызыгы тарыхый билимдердин ар тараптуулугун жана көп перспективалуулугун чагылдырып турат. Мазмундук сызык: тарыхый мезгил, тарыхый мейкиндик, тарыхый кыймыл жана тарыхый персонаж деген негизги компоненттер менен аныкталат.

Мектептик тарых курсунун негизин төмөнкү мазмундук сызык түзөт:

I. Тарыхый мезгил

1. окуялардын чен-өлчөмдөрүн жана датасын билүү;

2. даталардын, кубулуштардын жана процесстердин өз ара байланыштуулугун аныктоо;

3. окуяларды, процесстерди доорлого (мезгилдерге) бөлүштүрүү.

II. Тарыхый мейкиндик

1. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхый картасы, анын динамикасы;

2. тарыхый топография жөнүндө билим;

3. дүйнөнүн, региондун, өлкөнүн түрдүү доорлордогу тарыхый картасындагы өзгөрүүлөр тууралуу билимдер;

4. цивилизациялардын, мамлекеттердин географиялык, экологиялык, этникалык, социалдык, геосаясий абалы жөнүндө элестөөлөрү;

5. тарыхый картада адамдын, коомдун жана табияттын өз аракеттеринин чагылышы.

III. Тарыхый динамика

1. окуяларды жана көрүнүштөрдү баяндап жазуу;

2. фактылардын жана процесстердин, көрүнүштөрдүн өз ара катышын аныктап, шайкеш келтирүү;

3. фактыларды жалпылаштыруу;

4. тарыхый окуялардын өз ара байланыштуулугунун себептик-натыйжалык байланышын аныктоо;

5. тарыхый окуялардын жана процесстердин карама-каршылыктуулугун, тенденцияларын, динамикасын, диалектикасын ачып берүү;

6. тарыхый окуяларды, кырдаалдарды, көрүнүштөрдү салыштыруу;

7. окуялардын жана көрүнүштөрдүн маңызын, таандык экендигин, типтерин аныктоо;

8. окуяларды натыйжалары, кесепеттери, бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалоо ж.б.

IV. Тарыхый персонаждар

1. көрүнүктүү тарыхый ишмерлердин ишмердүүлүктөрүнүн маанилүүлүгүн баяндоо;

2. кээ бир инсандардын ролун «доордун рухуна» салыштыруу;

3. түрдүү персонаждардын тарыхый ишмердүүлүгүн мазмунун салыштырып, аларды типтештирип, ишмердиктериндеги жалпы жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;

4. персонаждардын тарыхый ордун тарыхый өнүгүүнүн контекстинде аныктоо;

5. түрдүү тарыхый дооорлордогу адамдардын жашоо шарттарын жана тиричилигин, алардын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, иш-аракеттеринин мотивдерин, дүйнөнү кабылдоосун, баалуулуктарын салыштыруу.

Аталган сызыктарга ылайык негизги (тогуз жылдык) мектепте окуу материалынын базалык мазмуну эки: Дүйнөлүк тарых жана Кыргызстан тарыхы курстарында баяндалат.

2.5.2. Окуу материалын мазмундук сызык жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

Негизги мазмундук багыттар Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых курстарынын чегинде жүзөгө ашырылат. Жалпы орто билим берүүнүн II баскычында (V—IX класстар) окуучулар тарыхты окуу предмети катары төмөнкүдөй структура боюнча окуп-үйрөнөт:

1. V класс — Тарыхты үйрөнүүгө киришүү жана Дүйнөлүк тарых;

2. VI класс—Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых (Түрк цивилизациясы);

3. VII класс — Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых;

4. VIII класс — Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых;

5. IX класс — Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых.

Окуучулар эзелки доордон бүгүнкү мезгилге чейинки тарых боюнча билимдерге ээ болушат. Негизги мектепте тарыхты окуп жатып, окуучу жөнөкөй хронологиялык-мейкиндиктик системада келтирилген тарыхый билимдерге ээ болуп, айрым бир дооорлордун спецификасына ылайык тарыхый терминология менен иштөөгө үйрөнүп, тарыхый анализдин негизги ыкмалары менен таанышат.

Бул курстардын сунуш кылынып жаткан хронологиялык бөлүштүрүүсү негизги билим берүүчү программаларда чагылдырылган.

2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өзөктүк тематикалык сызыктар

2.6.1. Предметтер аралык байланыш

Негизги предметтер аралык байланыштар төмөнкү багыттар аркылуу жүрүүгө тийиш: Кыргызстан тарыхы — Кыргыз тили; тарых — адабият; тарых — география; тарых — *«Адам жана Коом»*.

Табигый жана так илимдерди үйрөнүүдө, окуучуларга алардын тарыхы, көрүнүктүү окумуштуулар, алардын ата мекендик жана дүйнөлүк илимге салымы тууралуу маалыматтарды берүү максатка ылайыктуу.

Кыргыз тили сабактарында Кыргызстандын өткөн дооорлордогу, азыркы учурдагы жана келечектеги кыргыз тилинин ордун жана ролун, тилде чагылдырылган, кыргыз элинин адептик баалуулуктарын айкындоо керек.

Кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүүдө адабий образдардын тарыхый, тарыхый образдардын — көркөм болуусуна жетишүү зарыл.

Кыргыз адабиятын окуп үйрөнүп жатып, төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

— Кыргызстандын элдеринин көркөм маданиятындагы, дүйнөлүк көркөм маданияттагы кыргыз адабиятынын ролу;

— ата мекендик адабияттын түрдүү жанрларынын калыптанышынын жана доордун колоритин чагылдырган көрүнүктүү чыгармалардын жаралышынын тарыхый шарттары;

— түрдүү тарыхый дооpлордогу табиятты, адамдардын жашоо-тиричилигин, алардын кесиптерин жана каада-салттарын сүрөттөө.

География курсунда төмөндөгү жалпы проблемалардын жана темалардын өз ара байланышын эсепке алуу зарыл:

— географиялык жана тарыхый карта;
— дүйнөнүн саясий картасы,
— дүйнөнүн экономикалык картасы;
— улуу географиялык ачылыштар;
— дүйнө элдери;
— дүйнөнүн эң ири шаарлары;
— Кыргызстандын географиялык абалы;
— Кыргызстандын административдик-территориялык бөлүнүшү;
— Кыргызстандын экономикасы;
— Кыргызстандын калкынын саны жана жайгашуусу;
— Кыргызстандын калкынын улуттук составы;
— Кыргызстандын геологиясы жана табияты.

«Адам жана Коом» курсу тарыхты окуп-үйрөнүү учурунда алынган, фактылык материалдарга жана конкреттүү аппаратка таянууга тийиш. Өз кезегинде, коомдук илимдердин түшүнүктүк аппараты, тарых курстарында ийкемдүү колдонулууга тийиш.

Бир катар жалпы проблемаларды окуп-үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш:

— Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү;
— революцияга чейинки, советтик, эгемен Кыргызстандын калкынын этникалык курамы, улуттук саясаты жана улуттар аралык мамилелер;
— коомдун турмушундагы маданияттын, диндин орду жана ролу.

1.6.2. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

«Тарых» предметинин негизги мазмундук тилкелер төмөнкүдөй:

Мазмундук тилкелер					
	5	6	7	8	9
Тарыхый мезгил	Тарых эмне окутат. Өткөн тууралуу билим булактары. Тарыхый жыл эсептөө (жыл, кылым, миң жылдык). Көмөкчү тарыхый дисциплиналар тууралуу маалыматтар.	Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары	Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары	Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары	Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары
Тарыхый мейкиндик	Тарыхый карта: уруулардын жана элдердин аймагы, мамлекеттердин чек арасы, тарыхый окуядардын орду ж. б. Дарыя цивилизациялары (Нил, Ефрат, Тигр, Хуанхе, Янцзы, Инд, Ганг). Египет, Алдыңкы Азия: Ассирия жана Вавилон, Индия, Кытай. Деңиз цивилизациялары (Финикия, Карфаген, Греция, Рим)	Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия байыркы доордо. Көчмөн цивилизациялар. Борбордук Азия). Улуу Жибек Жолу. Тургундардын кесиптери.	Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка орто кылымдарда	Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка жаңы мезгилде	Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка соңку мезгилде
Тарыхый динамика	Мамлекеттердин пайда болушу. Байыркы Чыгыштын, Грециянын жана Римдин тарыхый мурастары. Эллинизм. Байыркы диндердин пайда болушу.		Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты. Орто кылымдык цивилизациянын мүнөздүү белгилери. Элдердин улуу көчү жана варвардык	Түрк дүйнөсү. Чыгыштын жана Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты. Азия жана Африка өлкөлөрү Батыш Европа жана Америка.	XX к. социалдык революциялар. Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты.

	Конфуцийдин окуусу. Зороастризм. Буддизм. Христианчылык.		королдуктар доору. Христиан цивилизация-сы. Мусулман цивили-зациясы. Ыраакы Чыгыш цивилизациясы. Түрк-монгол цивилизациясы. Кайра жаралуу доору	Европадагы социалдык революциялар. Өнөр жай революциясы. Колониялык система-нын пайда болушу. Илимий-техникалык революция. Европанын салттуу маданияты.	
Тарыхый персонаждар	Менес, Хуфу, Хаммурапи, Соломон, Кир II, Дарий I, Цезарь, Александр Македонский	Модэ-Шаньюй, Ли Лин, Чжи-Чжи, Бумын, Истемин, Барсбек, Эрен Улуг	Алп Сол, Або, Сатук Буура хан, Жусп Баласагын, Махмуд Кашгари, Чыңгыз хан, Урус инал, Хайду хан, Тогулук-Темир, Султан-Халил, Мухаммед-кыргыз, Улуу Карл, Мухаммед пайгамбар, леонардо да Винчи, Рафаэль, Мартин Лютер, Иван IV	Тайлак баатыр, Ормон хан, Боромбай, Жантай хан, Шабдан баатыр, Байтик баатыр, Болот хан, Алымбек датка, Курманжан датка, О. Кромвель, Ж.Вашингтон, Н. Бонапарт, Пётр I, О. Бисмарк, А. Линкольн, С. Боливар, Махмуд II, Сунь Ятсен,	К.Сарыкулаков, А.Сыдыков, А.Орозбеков Ж.Абдрахманов, И.Арабаев, К.Тыныстанов, Д.Шопоков, Ч. Түлөбердиев, Панфилов, Раззаков, Усубалиев, А.Акаев. К.Бакиев. А.Атамбаев, В.И.Ленин, И.В.Сталин Ф. Рузвельт, М.Ганди, М. Кемал, М.Хрущев, Б.Клинтон, М. Тетчер, М. Горбачев, Мао Цзедун, Дэн Сяопин, Ли Сын Ман, Обама, Путин.

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

3.1. Окуучуларды окутуунун күтүлгөн натыйжалары (баскычтар жана класстар боюнча)

Негизги мектепте тарыхты окуп-үйрөнүүнүн натыйжасы катары окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү — маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана «Өзүн-өзү өркүндөтүү компетенттүүлүгү», атайын (предметтик): хронологиялык жана картографиялык, этномаданий, тарыхый-цивилизиялык жана социалдык-жарандык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу болуп саналат.

Негизги мектепте тарыхты окуп-үйрөнүүнүн маанилүү инсандык натыйжасы төмөнкүлөр:

— үй-бүлөнүн, этникалык жана диний топтун мүчөсү катары өз иденттүүлүгүн аңдап билет;

— азыркы коомдун гуманисттик традицияларын жана баалуулуктарын кабылдайт жана адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтайт;

— өткөн муундардын социалдык-адептик тажрыйбасы тууралуу ой жүгүртө алат, азыркы коомдогу өз позициясын жана жүрүш-турушун жөнгө салат;

Негизги мектепте тарыхты окуп-үйрөнүүнүн метапредметтик натыйжасы төмөнкүлөр:

— өзүнүн: окуу, коомдук ж.б. ишмердиктерин аң-сезимдүү уюштуруу жана жөнгө салуу жөндөмдүүлүгү калыптанган;

— окуу жана мектептен тышкаркы окуу маалыматтары (фактыларды анализдөө жана жалпылоо, жөнөкөй жана кеңири план, тезис, конспект түзүү, корутунду жасоо жана негиздөө ж.б.) менен иштөө ыктарына ээ болуп, маалыматтын азыркы булактарын, ошонун ичинде, электрондук материалдарды колдонот;

— чыгармачыл тапшырмаларды аткарууга, ишмердигинин натыйжаларын түрдүү формада (кабарлоо, эссе, презентация, реферат ж.б.) алып чыгууга жөндөмдүү;

— классташтары менен кызматташууга, коллективдүү ишке, мектепте жана социалдык чөйрөдө маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн негиздерин өздөштүрүүгө даяр.

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

Мазмундук сызыктар	Компетент үүлүктөр	**Билим берүүнүн натыйжалары**				
		5	**6**	**7**	**8**	**9**
1. Тарыхый мезгил	**1** Хронологиялык жана картографиялык	**5.1.1.1.** тарыхый жыл менен кылымды шайкеш келтире билет.	**6.1.1.1.** окуялардын мезгилдерге жараша узактыгын жана уланмачылуулугун тактай алат. **6.1.1.2.** легендаларга таянуу менен тарыхый картаны чечмелей билет	**7.1.1.1.** тарыхтагы негизги окуялардын даталарын атайт жана мезгилдерге бөлүштүрө билет, хронологиялык талблица түзө алат.	**8.1.1.1.** тарыхтагы эң башкы даталарды, негизги тарыхый процесстердин мезгилин хронологиялык рамкада белгилей алат.	**9.1.1.1.** XX–XXI кк эң негиздүү, түп тамырынан бери өзгөрүүгө алып келген тарыхтагы саясий окуяларды айтып бере алат жана картадагы өзгөрүштөрдү көрсөтөт.
	2 Тарыхый-цивилизациялык	**5.1.2.1.** өзгөчөлөнгөн тарыхый фактыларды жана жалпы тарыхый көрүнүштөрдү дал келтире алат.	**6.1.2.1**. хронологияны пайдалануу менен окуялардын узактыгын жана уланмачылуулугун аныктай алат.	**7.1.2.1.** дүйнөлүк маданияттын көптүрдүүлүгү жөнүндө элестете алат.	**8.1.2.1.** берилген чен өлчөмгө карата тарыхый булактарды максатуу түрдө тандай (системалаштыра) алат.	**9.1.2.1.** кээ бир өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүү динамикасын салыштыруу менен анын этаптарын мүнөздөйт, алардын XX – XXI кк чектеринде модернизациялануу жолунун негизги мазмунун жана жыйынтыгын баалай алат.
	3 Этноматаний		**6.1.3.1**. өзүнүн жана башка этностордун тарыхый маданий баалуулуктарын билет.	**7.1.3.1.** өз жана башка этностордун тарыхый-маданий баалулуктарын анализдей алат.	**8.1.3.1.** өз жана башка маданий чөйрөдө жүрүм-турум нормаларын түшүндүрүп бере алат.	**9.1.3.1**. өз өлкөсүнүн жана дүйнөлүк тарыхый маданий социалдык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн тааныйт ошо менен бирге мезгилге жараша анын өзгөрүүлөрүн көрө билүүгө жөндөмдүү.

	4 Социалдык-жарандык	**5.1.4.1.** жалпы адамзаттын негизги баалуулуктарын билет жана түшүнөт	**6.1.4.1.** жалпы адамзаттык принциптерди классификациялайт	**7.2.3.1.** жалпы адамзаттын негизги баалуулуктарды анализдей алат	**8.1.4.1.** азыркы окуялардын маңызын баалоодо жана анын себептерин ачууда тарыхый билимдерин колдоно алат.	**9.1.4.1.** өзүнүн жарандык позициясын көрсөтөт жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде аракеттене алат.
2. Тарыхый мейкиндик	**1** Хронологиялык жана картографиялык	**5.2.1.1**. тарыхый картадан аймактарды, мамлекеттерин чектерин, шаарлардын ордун көрсөтө алат.	**6.2.1.1**. тарыхый карталарды пайдалануу менен байыркы цивилизациялардын ордун, алардын жаратылыш шарттарын жазып бере алат.	**7.2.1.1.** тарыхый окуя жана көрүнүштөрдүн негиздүү белгилерин жана мүнөздөрүн атап бере алат.	**8.2.1.1.**XVII-XIX кк. колониялык империялардын кеңейишин көрсөтүп, колониялык саясаттын негизги багыттарын жана кесепеттерин айтып бере алат.	**9.2.1.1**. тарыхый фактыларды салыштыруу менен анын жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтө алат.
	2 Тарыхый-цивилизациялык	**5.2.2.1**. тарыхый окуялар жана алардын катышуучулары жөнүндө айтып бере алат (ооз эки жана жазуу түрүндө)	**6.2.2.1**. дүйнөлүк жана ата мекендик тарых жана маданияттагы негизги фактыларды элестете алат.	**7.2.2.1.** маданияттын жана руханий жашоонун өнүгүшүндө диндин ролун белгилей алат.	**8.2.2.1**. ири согуштардын себебин, жүрүшүн анализдейт, алардын мүнөзүн баалайт, ири дөөлөттөрдүн союзунун тышкы саясаттарынын негизги багыттарын аныктай алат	**9.2.2.1.** өткөн жана азыркы окуялардын жана көрүнүштөрдүн маанисин ачып берүүдө тарыхый билимдерин жана тарыхый анализдөөнүн жолдорун колдоно алат.
	3 Этномаданий	**5.2.3.1**. ар түрлүү тарыхый дооорлордогу элдердин ишмердигин, жашоо образын жана шарттарын мүнөздөй алат.	**6.2.3.1.** өз жана башка маданий чөйрөдө жүрүм-турум нормаларын түшүндүрүп бере алат	**7.2.3.1**. өз ата мекенинин жана дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө мүнөздөмө бере алат	**8.2.3.1.** башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарына толеранттуу мамиле жазай алат.	**9.2.3.1.** өз жана башка маданий чөйрөдөгү жүрүм-турум нормаларына анализ бере алат.
	4 Социалдык-жарандык	**5.2.4.1.** тарыхый тексти окуп аңдап түшүнөт, анын негизги мазмунун	**6.2.4.1.** байыркы цивилизациянын жаратмандарынын өз ара мамилелери	**7.2.4.1.** ар түрдүү дооорлордогу элдердин тарыхый-маданияттынын тажрый-	**8.2.4.1.**адамзаттын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгүн, алардын материалдык жана рухий	**9.2.4.1.** саясий система жана режимдерге мүнөздөмө берет,

		ачып бере алат.	жөнүндө элестете алат.	баларын түшүнөт жана кабыл алат	керектөөлөрүнүн өсүшүн, эмгек шарттарынын өзгөрүшүн, жашоо образын жана турмуш-тиричилигин түшүндүрүп бере алат.	фактыларга таянуу менен саясий режимдердин маңызын ачып берет.
3. Тарыхый динамика	**1** Хронологиялык жана картографиялык	**5.3.1.1.** бир же бир нече булактардан зарыл маалыматты табуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат.	**6.3.1.1.** ар түрлүү булактарга таянуу менен маалыматтын окшоштуктарын жана айрымачылыктарын салыштыра алат.	**7.3.1.1.** негизги тарыхый түшүнүктөрдүн маанисин жана маңызын чечмелеп бере алат.	**8.3.1.1.** ири өлкөлөрдөгү өнөр жай төңкөрүшүнүн фактыларын, экономикалык өнүгүүнүн негизги белгилерин анализдей алат.	**9.3.1.1.** ар түрлүү булактарда белгиленген тарыхый фактыларга баа бере алат.
	2 Тарыхый-цивилизациялык	**5.3.2.1.** ар түрлүү дооорлордогу элдердин тышкы облигин, турак жайын, эмгек куралдарын, турмуш тиричилик буюмдарын, кийим кечелери, тарыхый эстеликтерин жана элдик чыгармачылык предметтерин жазып бере алат.	**6.3.2.1**. маданияттын негизги жетишкендиктерине мүнөздөмө берүү менен дүйнөлүк маданияттка байркы цивилизациянын кошкон салымын баалоо аркылуу анын маданий өнүгүштөгү өзгөчө маанилүүлүгүн аныктай алат.	**7.3.2.1.** жашоо образынын, адамдардын дүйнөнү кабыл алуусунун өзгөрүшүн көрсөтүү менен маданий жашоодо жана саясатта, диний багытта, чарбачылыкта шаарлардын ролун тактай алат.	**8.3.2.1.** өткөн дооорлорго салыштырмалуу адамдардын дүйнөгө, айлана чөйрөгө болгон көз карашынын, элестөөлөрүн өзгөрүшүн анализдей алат.	**9.3.2.1.** негизги саясий агымдардын эволциясына, алардын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүктөрүнө баа бере алат.
	3 Этномаданий		**6.3.3.1.** өз жана башка этностордун тарыхына жана маданиятына кызыгат.	**7.3.3.1.** тарыхый билимди колдонуу менен өз өлкөсүнүн жана дүйнөлүк тарыхый эстеликтерди аныктайт жана	**8.3.3.1.** өз өлкөсүнүн тарыхындагы элдердин жана жеке инсандардын аракеттерин алардын жашоодогу ишмердүүлүк-	**9.3.3.1.** тарыхый өнүгүштүн натыйжаларын анын күчтүү жана алсыз жактарын анализдей алат.

				сактоого даяр	төрүнө жана бүтүндөй адамзаттагы жетишкендиктерди балоо тажрыйбасы бар экендигин көрсөтө алат.	
	4 Социалдык-жарандык	**5.3.4.1.** адамдар менен сүйлөшүү билимдерин колдонуу менен мектепте жана мектептен тышкары жашоодо маданияттын көп түрлүү чөйрөсүндө диалог жүргүзө алат.	**6.3.4.1.** ар түрлүү тарыхый жана азыркы булактардан маалыматтарды системалаштыра алуу билгичтигин көрсөтө алат.	**7.3.4.1.** жеке жана топтук иштерде өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын белгилеп, аргументтештирүү аркылуу жыйынтык чыгара алат.	**8.3.4.1**. окутулган тарыхый окуяга карата өзүнүн интерпретациясын, баасын сунуштай алуу жөндөмүнө ээ.	**9.3.4.1**. ар түрлүү булактардан тарыхтагы социалдык-саясий окуяларды бөлүп көрсөтө алат.
4. Тарыхый персонаждар	**1** Хронологиялык жана картографиялык	**5.4.1.1.** тарыхый инсандарды атап беришет	**6.4.1.1.** тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн жазып беришет	**7.4.1.1**. инсандарды конкреттүү мезгилдердин убактысына локалдаштыра алышат	**8.4.1.1.** инсандарды белгилүү бир мезгилдин убактысына жараша топтоштура алышат.	**9.4.1.1**. XX к четеринде ги ири техникалык ачылуулар жана материалдык, руханий маданияттын өнүгүшүнүн негизги белгилерин жана алардын адамдын жашоосуна тийгизген таасирин баалай алышат.
	2 Тарыхый-цивилизациялык		**6.4.2.1.** элдердин жана тарыхый инсандардын ишмерүүлүктөрүнүн маанисин жазып беришет	**7.4.2.1**. мамлекеттик ишмердердин ишмердүүлүгүн мүнөздөй алышат	**8.4.2.1.** тарыхтагы негизги окуялар, андагы катышуучулар жөнүндө айта алышат жана алардын аракеттеринин маанисине баа беришет	**9.4.2.1**. тарыхы балкатарды жана мезгилдүү басмаларды колдонуу менен адамдардын жашоо белгилерин аныктай алышат
	3	**5.4.3.1**. жашоо	**6.4.3.1**. тарыхтагы өтө	**7.4.3.1.** маданиятта-	**8.4.3.1.** тарыхый оку-	**9.4.3.1**. саясий лидер-

	Этномаданий	предметтерин жана тиричилигин, маданий эстеликтерди салыштыра алышат	маанилүү окуя жана инсандарга өз мамилесин аныктайт жана түшүндүрүп бере алат.	гы эң көрүнүктүү эстеликтерге жана аларды жаратуучуларга баа берүү менен мүнөздөй алат	яларды жана окуу адабиятында берилген тарыхый инсандарды анализдей алышат.	лердин жана топтордун ишмердүүлүгүнүн мотиви, максаты жана жыйынтыгына баа беришет
	4 Социалдык-жарандык		**6.4.4.1**. маданияттын эң көрүнүктүү ишмерлер жана алардын кошкон салымдары жөнүндө айтып беришет	**7.4.4.1.** эң негиздүү ачылыштар жана адамдардын ойлоп табуулары, алардын адамзаттын өнүгүшүнө кошкон салымы жөнүндө элестете алышат жана искусствodo, диний ишенимдердеги өзгөчөлүктөрүн тактап беришет	**8.4.4.1**. адамдардын коомдогу абалынын кээ бир мисалдарына мүнөздөмө беришет	**9.4.4.1.** коом менен мамлекеттин , инсандар ортосундагы карама-каршылыктарды чечүү жөндөмдүүлүктөрүн бөлүп көрсөтө алышат

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Билим берүүнүн сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик-укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

1. Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баа берүүнүн диагностук, форматтык жана жыйынтык сыяктуу үч түрү колдонулат.

2. Диагностук баа берүү окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат – окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностук баа берүүнүн натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп, кызмат кылат.

3. Форматтык баа берүү материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим форматтык баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ал эми окуучулар – алар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече прогрессине көз салууну белгилейт.

4. Суммативдик баа берүү окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

5. Жекече аткарылган милдеттерге учурдагы баа берүү баа берүү ченемдерине (туура чечимдердин саны, жол берилген каталыктардын саны, тариздөө эрежелерин жолдоо ж.б.) жана мугалими жана/же окуучунун өзү берген айрым иштерди аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө учурдагы баа берүүнү жүргүзөт.

6. Орто аралык баа берүү предметтик стандартта аныкталган иштин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт: жазуу жүзүндөгү иштер/булактары менен иштер; оозеки жооп/бет ачар; долбоор, изилдөө иштери, иштин өзгөчөлүү түрлөрү; портфолио (жетишкендиктердин папкасы) ж.б. Иштин бардык түрлөрү баа берүү критерийлеринин негизинде бааланат, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баа берүү планын иштеп чыгууда алдын-ала пландаштырылат.

7. Жыйынтык баа берүү мектептин календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана колдонуудагы ченемдерге жана баа берүүнүн иштеп чыккан критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө аткарылат. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын жыйынтыктоочу баа берүүдөгү салыштырма салмагы окутуунун баскычтарын жана предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик

стандарттар боюнча аныкталат. Иштердин формаларынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныктайт.

8. 5-9-класстарда баа берүү окуучунун ички туюмуна дем берүү, өзүнө-өзү баа берүү, өзүнө-өзү талдоо жана өз ара баа берүү, өз ишине жана башка окуучулардын ишине сын көз менен баа берүү жөндөмүн калыптандырууга багытталган. Ушул максатта белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат.

9. Баа берүү максаттарына жетишүү үчүн негизги жана жогорку мектептин мугалими:

1) бааны окутуунун натыйжасына жетишүү даражасынын көрсөткүчү катары карайт;

2) натыйжаларга жетишүүгө жана инсандык өнүгүшүнө тиешелүү окуучунун прогрессине көз салат;

3) сапаттык жана сандык баа берүүнүн (окуучунун портфолиосу, байкоо жүргүзүү, тесттер, контролдук иштер ж.б.) ар кандай формаларын (жеке жана топтук, оозеки жана жазуу жүзүндө ж.б.), усулдарды, ыкмаларды жана аспаптарды пайдаланат;

4) маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун прогресси жана окутуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө ата-энелерге маалымдайт;

5) ким, качан жана кайда, ага баа бергендигине карабастан окуучуларга коюлган талаптардын биримдигин камсыз кылат.

Баалоо окуу-тарбия пролцессинин маанилүү этабы, окуучу, мугалим жана жалпы эле тарбиялоо процесси тууралу маалымат алууга багытталган дидактикалык аракеттердин комплекси болуп саналат. Баа окуучулардын алган билимдерин жана ээ болгон компетенцияларын, окуучулардын иштеринин натыйжалуулугун жана колдонулуп жаткан дидактикалык стратегиялардын тууралыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Баалоо – бул билим берүү процессине интеграцияланган комплектүү дидактикалык метод, ал өткөрүү мөөнөтүнө жараша: биринчи, күндөлүк жана жыйынтыктоочу болушу мүмкүн.

Натыйжалуу окутууга багытталган баалоо системасы төмөндөгүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт:

— окуучуларга предметти окуп-үйрөнүүдө канчалык ийгиликке, мугалимге коюлган максатына жетишкендиги тууралу маалымат берип, кайтарым байланышты жүзөгө ашырат;

— аны жазалоо эмес, кызыктыруу формасында колдонуу;

— окуу ишмердигин стимулдаштыруу;

— анын жардамы менен окуучулардын бир аз да болсо алга жылуусун белгилөө;

— өзүн-өзү баалоонун калыптанышына жана өнүгүшүнө көмөктөшүү.

Бардык окуучулардын активдүүлүгүнө жана потенциалына карабастан камтылгандыгы баалоонун маанилүү шарты. Баа окуучулардын таанып-билүү жана изилдөөчүлүк ишмердигин стимулдаштырууга, кыйла жогорку натыйжаларга жетишүү перспективасын ачууга тийиш. Баалоо аркылуу мугалим окутуу процессинде окучу кездеше турган проблеманы, кыйынчылыктарды айкындоого тийиш. Баалоонун натыйжасында чыгарылган тыянак, мугалимге конкреттүү кырдаалда иштөө методдорун жана формаларын колдонуунун натыйжалуулугу тууралу зарыл маалымат берет.

Баалоо төмөнкү этаптарды өзүнө камтыйт:

1. Максатты пландаштыруу, коюу, критерийлерди жана баалоо шкаласын аныктоо.

2. Иштелип чыккан критерийдин негизинде окутуунун натыйжаларын баалоо жана түшүндүрмө берүү.
3. Баалоонун негизинде корутунду чыгаруу.
4. Жүргүзүлгөн баалоонун негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Окуучуларды баалоонун принциптери жана критерийлери билим берүүнүн максаттары жана милдеттери менен шартталган. Негизги максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн мугалим окуу стандарттарын колдонот жана анын базасында баалоонун критерийлерин жана формаларын иштеп чыгат.

Мугалим натыйжаларды баалоонун оозеки, жазуу жана практикалык формаларын колдонууга тийиш. Окуучулардын билимин текшерүүнүн төмөндөгүдөй формалары жана методдору каралат:

— суроолорго жооп;
— айтып берүүнүн түрлөрү;
— тарыхый инсандарга мүнөздөмө берүү;
— жеке жана топтук долбоор;
— контурдук карта менен иштөө;
— тестирлөө.

Мында жооптордун тууралыгы гана бааланбастан, билимдердин жана компетенциялардын системасы, жооп берүүчүнүн эрудициясы, предметке мамилеси бааланат.

4. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыз кылууга коюлуучу талаптар

1. Жалпы билим берүүчү мекемелерде окуу процессин окуу-методикалык жактан камсыздоо Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлиги тарабынан жарыялануучу окуу жылындагы окуу сабактарын окутуу жөнүндөгү инструктивдик-методикалык катка ылайык ишке ашырылат.

<u>Бул катта төмөнкүлөр берилет</u>:

Кыргыз Республикасындагы башталгыч, негизги, орто жалпы билим берүүчү мекемелердеги мамлекеттик компонент базистик окуу процессинде бардык сабактар окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстери (ОМК) (конкреттүү аталыштарын көрсөтүү менен) камсыз болушу;

Окуу-методикалык пособиялардын, сабактар боюнча рекомендациялардын тизмеси (тандоо курсу, факультативдик окутуу, прикладдык курстар).

1. Окуу адабиятынын төмөнкү типтерин өзүнө камтыган окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгуу, кыйла келечектүү деп тааануу керек.

— ***Окуу программасы*** — тарых предметинин мазмунун: билимдердин көлөмүн жана түзүмүн, үйрөнүүлүчү темалардын ырааттуулугун жана сабактардын санын, ошондой эле, тарыхты окуп-үйрөнүү процессинде окуучуларда калыптанууга тийиш болгон ишмердүүлүктөрдүн ыкмаларын аныктаган нормативдик документ.

— ***Окуу китеби*** — негизги жалпы орто билим берүүнүн мазмунун чагылдырган, зарыл иллюстративдик жана методикалык материал менен жабдылган китеп;

— ***Окуу колдонмосу*** — факультативдик курстарда колдонулуучу китеп;

— ***Окуу үчүн китеп*** — окуу китеби менен катар эле, негизги курстун айрым темаларын же сюжеттерин кызыктуу формада баяндаган китеп;

— ***Хрестоматия*** — Кыргызстан жана Дүйнө тарыхынын үйрөнүлүп жаткан мезгилдери боюнча документтердин жана булактардын жыйнагы;

— ***Жумушчу дептер*** — окуучулар үчүн түрдүү таанып-билүүчүлүк тапшырмалардын жыйнагы, ошонун ичинде, контурдук карталар бар индивидуалдуу окуу-методикалык колдонмо;

— ***Маалымдамалар*** — милдеттүү материалды, ошондой эле, окуучунун өз алдынча кошумча иштөөсү үчүн зарыл болгон, маалыматтык-энциклопедиялык билимдердин минимумун камтыган китеп;

— ***Картографиялык материалдар*** (түшүндүрмө тексттери жана иллюстрациялары бар тарыхый карталардын жыйнагы – тарыхый атластар, дубал карталары, контурдук карталар) тиешелүү тарыхый материалдарды өздөштүрүүгө, картографиялык компетентентүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган.

— ***Окутуунун электрондук каражаттары*** (мультимедиялык презентациялар, электрондук энциклопедиялар жана маалымдамалар, хрестоматиялар, интернет-ресурстар, электрондук окуу китептери, электрондук окуу карталары жана атластары) окутуунун окуп, таанып-билүү ишмердигинин бардык этаптарында окутуунун салттуу каражаттарын компьютердик колдоо катары маалыматтык компьютердик технологияларды колдонуунун караштырат.

— ***Аудиовизуалдык каражаттар*** (диафильмдер, диапозитивдер, компьютердик программалар, кинофильмдер, видеожазмалар, аудиоматериалдар ж.б.) тарыхты окутуунун көрсөтмөлүүлүгү принцибин жүзөгө ашырууга багытталган.

Мындан тышкары, тарыхый темадагы көркөм сүрөттөрдүн репродукциясын, окуу картиналарын колдонуу зарыл.

4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Мотивация, окуу маселелерин чечүү процессинде окуучунун активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын камсыз кылат. Окуу мотиви – бул негизин аң-сезимдүү максат түзгөн, окуучунун окууга карата субъективдүү мамилеси. Бардык мотивдерди социалдык жана таанып-билүүчүлүк деп бөлүүгө болот. Биринчиси, адамдар менен өз ара аракеттенүү ыкмаларына багыт алып, оң баа алууга жетишүүгө жана белгилүү бир кесип алууга умтулуу аркылуу, тарыхтын баалуулугун аңдап-билүү менен байланышкан. Экинчисинде – процессуалдык мотивдер, б. а. окуу процессине кызыгуу өзгөчө роль ойнойт.

Окуу ишмердиги дайыма көп мотивдүү, анда тышкы жана ички мотивдер айкалышып турат. Ички мотивдерге окуу процессиндеги өзүнүн өнүгүүсү, башкалар менен жана башкалар үчүн аракет жасоо, жаңы, белгисизди таанып-билүү кирет. Андан аркы жашоосу үчүн окуунун зарылдыгын түшүнүү, мугалимдерден, өзүнөн улуу инсандардан мактоо угууну, табигый жана пайдалуу көрүнүш катары кароого болот. Аргасыздан окуу, окууну адаттагыдай көрүнүш катары кабыл алуу, лидерлик жана престиж үчүн окуу, көңүл борборунда болууга умтулуу мындай мотивдердин тышкы белгиси болуп саналат. Тышкы мотивдер ар кандай сыйлыктар жана жол болбой калуудан качуу үчүн окуудан ачык байкалат. Бул мотивдер окуу процессинин мүнөзүнө жана натыйжаларына терс таасир тийгизиши мүмкүн.

Окуу ишмердигинин мотивдерин эки топкө бөлүүгө болот.

I. Окуу ишмердигинин өзүндө түптөлгөн мотивдер:

1) окуунун мазмуну менен байланышкан мотивдер: окуучуга жаңы фактыларды билүүгө, билимдерге, ишмердиктин ыктарына ээ болууга, көрүнүштөрдүн маңызын түшүнүү үчүн окууга түрткү болот;

2) окуу процесси менен байланышкан мотивдер: окуучу интеллектуалдык активдүүлүгүн көрсөтүүнү, талкуулоого катышууну, маселелерди чечүү процессинде пайда болгон тоскоолдуктарды жеңүүнү каалайт, б.а. баланы алынуучу натыйжа гана эмес, чечүү процессинин өзү да кызыктырат.

II. Окуу ишмердигинен тышкаркы мотивдер:

1) кеңири социалдык мотивдер: а) коом, класс, мугалимдер, ата-энелер алдындагы милдет жана жоопкерчилик; б) өзүн-өзү аныктоо (келечек үчүн маанисин түшүнүү, келечектеги ишке даярдануга каалоосу ж.б.) жана өзүн-өзү өркүндөтүү (окуунун натыйжасында өнүгүү);

2) тар жеке мотивдер: а) жагууга, жакшы баа алууга умтулуу (ойдогудай болуу мотивациясы); б) теңуштарынын арасында татыктуу орун ээлеп, биринчи окучу болууну каалоо (престиждүү мотивация);

3) терс мотивдер: мугалимдер, ата-энелер, классташтар тарабынан болуучу жагымсыз жагдайлардан качууга умтулуу (жагымсыз жагдайлардан качуу мотивациясы).

Окуу ишмердигиндеги мотивацияны эки жол менен өнүктүрүүгө мүмкүн болот. Биринчиси «төмөндөн жогоруга карай» жол катары белгиленген. Аны жүзөгө ашыруу окуучулардын жагымдуу эмоциялык толгонууларына таянуу менен, алардын каалоолорун жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн шарттарды түзүү аркылуу камсыз болот. Мында окуучулардын кызыкчылыктары эсепке алынып: аларга пикирилерин айтууга мүмкүнчүлүк берилип, таанымал болууга, жетишкендиктеринин бааланууусуна, мактоолорго татыктуу болууга умтулуусуна колдоо көрсөтүлөт.

Экинчи жолу, «жогорудан төмөнгө карай» жол, окуучунун тандаган багытын эсепке алуу менен, окуучулардын каалоосуна, максат кое билүүсүнө, идеалдарды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү. Бул жол ынандыруу, кеңеш берүү, үлгү көрсөтүү методдорун колдонуу менен байланышкан. Анда жамаат, социалдык чөйрө, каада-салттар өзгөчө роль ойнойт.

Адабият жана искусство тарабынан түзүлгөн тарыхый персонаждар, образдар аркылуу, мектеп окуучулары өзүнүн «мен» дегенин, курчап турган адамдарды таанып-билүүгө, өзүнүн жүрүм-турум сызыгын калыптандырууга, турмуштук тажрыйба алууга умтулат. Ушул жерден өзүнүн жүрүм-турумдарын салыштырып, окшоштуруу үчүн ага тарбиялык максаттта үлгүлөрдү көрсөтүүнүн канчалык маанилүү экендигин байкайбыз.

Окуучунун жашоо-тиричилигинде анын маанилүүлүгүн айкындоо аркылуу тарыхты окуп-үйрөнүү боюнча мотивациясын күчөтүү үч багытта жүрүшү мүмкүн.

Биринчи багыт окуучулардын эмгектик, коомдук жана турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү практикалык ишмердигинин кеңейиши, социалдык-саясий маанилүүлүгүн көрсөтүү менен байланышкан. Бул багытты жүзөгө ашыруу мектептин алдына коюлган маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Бул багыттагы иш көбүнчө тарых сабагынан тышкаркы жерлерде жүрөт.

Экинчи багыт азыркы коомдук-саясий турмушту түшүнүү жана ага активдүү катышуу үчүн тарыхты окуп-үйрөнүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү аркылуу жүзөгө ашат. Аны жүзөгө ашыруу үчүн окуучуларга тарых коомдун өнүгүшүнүн ар бир этабындагы

социалдык-экономикалык проблемаларды анализдөөгө үйрөтүп, бүгүнкү күндүн өткөнгө, келечектин азыркы күнгө көз карандылыгын айкындайт.

Үчүнчү багыт маанилүү тарыхый фактыларды деталдаштыруу, инсандын руханий дүйнөсүн көрсөтүү жана жүрүм-турумдарын мотвациялоо аркылуу жүзөгө ашырылат. Тарых биринчи кезекте, айрым инсандардын тагдырларынын жана ишмердиктеринин чөйрөсү катары көрсөтүлөт. Бул бир эле мезгилде, тарыхый окуяларга түшүнүп гана тим болбостон, эмоциялык аралашууга, терең анализ жасоо мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Ошол эле мезгилде тарыхый инсандардын иш-аракеттерин көрсөтүү, тарыхый процесстин субъектисиин өнүгүшүн ачып берет жана окуучуларда адептик позицияны иштеп чыгуу проблемасын чечет. Ушул максатта, окуучуларга үйрөнүлүп жаткан окуяларды жана көрүнүштөрдүн маанилүүлүгүн көрсөтүү, алардын турмуштук тажрыйбасын, социалдык практикасын актуалдаштырууга ыраттуу таянууга тийиш.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ФИЗИКА

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН VI-IX –КЛАССТАР ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
6-9-класстар үчүн «Физика» боюнча предметтик стандарт

Мазмуну

1- бөлум. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлум. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлум. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлум. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын (КР) жалпы билим берүүчү уюмдарында физиканы окутуунун предметтик стандарты КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын нормаларына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын» негизинде иштелип чыкты. Бул стандарт мектептерде физикалык билим берүүнүн мамлекеттик саясатынын негизги багыттарын аныктайт.

Физиканы окутуунун предметтик стандартын иштеп чыгуунун негизги максаты окуучулар негизги мектепте сөзсүз ээ болууга тийиш болгон физикалык билимдердин мазмунунун милдеттүү минимумун аныктоо болуп саналат.

Стандарттын жоболору тибине жана түрүнө, мамлекеттик же жеке менчик экендигине карабастан Кыргыз Республикасынын бардык билим берүүчү уюмдары, билим берүүнү башкаруу жана көзөмөлдөө органдары үчүн колдонулууга жана сакталууга милдеттүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин уруксатысыз бул стандартты толугу менен же бөлүктөп басып чыгарууга жана таратууга тыюу салынат.

Предметтик стандарт төмөнкүдөй 4 бөлүмдөн турат:

1. Жалпы жоболор.
2. Предметтин концепциясы.
3. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо.
4. Билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар.

1.2. Физикалык жалпы билим берүү боюнча негизги ченемдик документтердин системасы

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарында физика предметин окутууда негизинен төмөнкү документтер жетекчиликке алынууга тийиш:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы. − Бишкек, 2004.
- Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2012 – 2020 жылдарда өнүктүрүүнүн концепциясы, стратегиясы жана аларды жүзөгө ашыруунун иш планы.
- “Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (КР Өкмөтүнүн №403, 21-июль 2014-ж. Токтому менен бекиген).
- 2018-2019 окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн базиситик окуу планы. –Б., 2015-ж.
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн физика боюнча предметтик стандарт. – Б., 2015-ж.
- Ушул предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн физика боюнча окуу программасы.

Физикалык билим илимий-техникалык өнүгүүнүн негизин түзөт, адамдардын табиятка болгон туура мамилесин, дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандырат. Ал эми физиканын мектептик курсу бардык **табигый-илимий** билимдерди системага салуунун негизи катары кызмат кылат. Анткени, химиялык, биологиялык, географиялык жана астрономиялык кубулуштарды түшүндүрүүдө көбүнчө физикалык түшүнүктөр жана закондор пайдаланылат. Ошондуктан, физика окуу предмети катары Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине кирет жана аны негизги мектепте окутууга төмөнкүдөй убакыттар бөлүнгөн:

7-класса – жумасына 2 саат, жылына 34 х 2 = 68 саат;

8-класса – жумасына 2 саат, жылына 34 х 2 = 68 саат;

9-класса – жумасына 2 саат, жылына 34 х 2 = 68 саат.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Физикалык билим берүүнүн предметтик стандартында негизги түшүнүктөр жана атоолор төмөнкү мааниде пайдаланылат:

Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты – ченемдик-укуктук документ, ал: мектептик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде жана билим берүүнүн бардык тармактарында белгиленген максаттарды жүзөгө ашырууну камсыз кылат; билим берүү процессин жөнгө салат; улуттук жана региондук/жергиликтүү деңгээлдерде билим берүү тутумун өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Предметтик стандарт – конкреттүү предметтин алкагында окуучунун билим натыйжаларын жана аны ченөөнүн ыкмаларын жөнгө салган документ.

Компетенттүүлүк − адамдын алган билимин, билгичтиктеринин түрдүү элементтерин жана ишмердүүлүк ыкмаларын *окууда, жекече инсандык* жана *кесиптик* белгилүү бир кырдаалдарда өз алдынча колдонууга болгон жалпы жөндөмү.

Компетенция – окуучуларды *окууда, жекече инсандык* жана *кесиптик* белгилүү бир кырдаалдарда натыйжалуу, үзүрлүү иш-аракет жасоого даярдоого карата коюлган зарыл социалдык талап.

Негизги компетенттүүлүк – социалдык, мамлекеттик жана кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталуучу, окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделип, жалпы окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылуучу көп функциялуу билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

Предметтик компетенттүүлүк – негизги компетенттүүлүккө караганда жекече мааниге ээ болуп, айрым предметтердин материалдары боюнча **билим натыйжаларынын топтому** түрүндө аныкталат.

Физика (грекче жаратылыш) – жаратылыш кубулуштарынын жөнөкөй жана жалпы мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, материянын түзүлүшүн, касиетин жана анын кыймылынын закондорун окуп-үйрөнүүчү илим.

Физикалык билимдердин системасы – физика предметинин мазмунунун структуралык элементтеринин (фактылар, түшүнүктөр, закондор, теориялар, билимди практикада колдонуу ж.б.) жыйындысы.

Материя – биздин сезимдерге таасир этүү менен объективдүү жашаган реалдуулук.

Физикалык кубулуш – жаратылышта жүрүүчү бардык өзгөрүүлөр. Анын негизги түрлөрү: механикалык, жылуулук, оптикалык, электрдик жана магниттик кубулуштар.

Дүйнөнүн физикалык сүрөттөлүшү – физикалык теориялардын жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн негизинде келип чыккан дүйнө жана андагы кубулуштар жөнүндө түшүнүк. Ал физика илиминин материя, кыймыл, өз ара аракеттенишүү, мейкиндик жана убакыт, себептүүлүк жана мыйзам-ченемдүүлүк жөнүндө түшүнүктөрүн камтып турган жаратылыштын жалпы модели катары каралат.

Факт (лат. factum – болмуш) – болгон окуя же натыйжа; ойдон чыгарылбаган, реалдуулук; кеңири маанисинде чындык дегендин синоними катары колдонулган термин.

Гипо́теза – далилдөөнү талап кылган божомол же бекемдөө. Эгер гипотеза алдын ала такталган фактыларга карама-каршы келбестен, аларды түшүндүрүүнү көздөсө, ал илимий гипотеза болуп эсептелет.

Физикалык эксперимент – атайын түзүлгөн шарттарда жаратылыш кубулуштарын окуп-үйрөнүү аркылуу жаратылышты таанып билүүнүн жолу. Эксперименттер негизинен илимий гипотезаны текшерүү үчүн коюлат. Тактык менен эксперимент коюу физиканын маанилүү милдети болуп саналат.

Эгер эксперименттин натыйжасы алдын ала коюлган илимий гипотезага карама-каршы келбесе, гипотеза **теория** статусуна ээ болот.

Физикалык теория – бул физикалык кубулуштарды жана алардын өз ара байланыштарын түшүндүрүүчү билимдердин системасы. Физикалык теорияга кубулушту сүрөттөө, эксперименттин жыйынтыгы, түшүнүктөр, негизги идеялар, моделдер, гипотезалар, законченемдүүлүктөр, изилдөө методдору кирет.

Физикалык закон – бул эксперименталдык фактыларды жалпылоонун негизинде такталган физикалык чодуктар арасындагы сандык катыш болуп саналат жана ал жаратылышта кездешкен объективдүү законченемдүүлүктү билдирет.

2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде табигый-илимий билим берүүнүн концепциясына ылайык, республиканын мектептеринде физикалык билим берүү үч этапта жүргүзүлөт.

Биринчи этап пропедевтикалык деп аталып, ал башталгыч (I −IV) мектепте жана негизги мектептин V классында «Табият таануу» курсу аркылуу жүргүзүлөт. Мында физиканы окуп үйрөнүү үчүн таяныч болуп эсептелген алгачкы табигый-илимий түшүнүктөр берилет.

Башталгыч мектепте «Табият таануу» курсун окуп үйрөнүү менен окуучулар курчап турган дүйнө, табият жөнүндө алгачкы элестерге жана түшүнүктөргө ээ болушат. Өзү жашап турган чөлкөмдүн табияты, жандуу жана жансыз жаратылыш жөнүндө маалымат алышат. Ал эми V класста окуучулар курчап турган дүйнөдөгү физикалык кубулуштар – механикалык, жылуулук, электрдик, магниттик, жарык кубулуштары жөнүндө алгачкы маалыматтарга жана кыймыл, өз ара аракеттенүү, зат, энергия, электр, заряд, магнит, жарык ж.б. жөнүндө элементардык түшүнүктөргө ээ болушат.

Экинчи этап негизги мектептин VII − IX класстарын камтып, анда бардык окуучулар үчүн милдеттүү болуп эсептелген физиканын *системалуу курсу* окутулат. Мында окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык физиканын бардык бөлүмдөрү боюнча толук негизги билимдер калыптандырылат.

Үчүнчү этап орто мектепти (X−XI классты) камтыйт. Компетенттик негизде билим берүү парадигмасына ылайык, бул класстарда окуучуларды шыгына, жөндөмүнө жараша профилдик багыттарда дифференцирлеп окутуу максатка ылайык.

2.1. Физиканы окутуунун максаты жана милдеттери

Физиканы окутуунун максаты	**Физиканы окутуунун милдеттери**
Окуучулардын физикалык билимдердин системасын (фактылар, түшүнүктөр, закондор, теориялар, изилдөө методдору, физикалык билимди колдонуу технологиялары, дүйнөнүн физикалык сүрөттөлүшү) өздөштүрүүсүнө жетишүү, аларды айлана чөйрөдөгү, техникадагы, жашоо тиричиликтеги кездешүүчү ар кандай кубулуштардын маани-маңызын түшүндүрүү, проблемаларды чечүү үчүн колдоно билүүгө үйрөтүү; билим алуунун андан аркы деңгээлине жетишүүсүнө, окуучулардын компетенттүү инсан катары калыптанышына өбөлгө түзүү болуп эсептелет.	**Таанып-билүүчүлүк (когнитивдик):** окуучулар физикалык билимдердин системасын (илимий фактылар, түшүнүктөр, закондор, теориялар, изилдөө методдору, прикладдык маселелер ж.б.) өздөштүрүшөт; жаратылыштагы жана техникадагы кубулуштарга өз алдынча байкоо жүргүзүү жана жалпылоо менен физикалык кубулуштарды, законченемдерди теориянын негизинде түшүндүрө алышат; материянын түзүлүшүнүн структуралык чексиздигин жана биримдигин таанып-билип, айлана-чөйрөдө жана адамдардын жашоосунда билимдерин колдонууга даяр болушат.
	Иш-аракеттик (жүрүм-турумдук): окуучулар атайын тажрыйбаларды, эксперименттерди пландоону жана жүргүзүүнү үйрөнүшөт; өлчөөчү куралдардын жана жабдыктардын арналыштарын, иштөө принциптерин билишет жана аларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат; жаратылыш кубулуштарын, аны үйрөнүү методдорун күнүмдүк турмушта, технологиялык процесстерде колдоно билишет; жаратылыштагы кубулуштардын диалектикалык, себептик-натыйжалык мүнөзүн, сакталуу жана айлануу закондорунун универсалдуулугун түшүнүшөт; физика илиминин өнүгүшүндөгү теория жана тажрыйбанын байланышын, таанып-билүүдөгү практиканын маанисин ачык көрө алышат; окуучулар билимге өз алдынча ээ болуу, физикалык кубулуштарды байкоо жана түшүндүрө билүү, ошондой эле басма сөз, электрондук каражаттар менен иштей билүү ыкмаларына ээ болушат.
	Баалуулук: окуучулар илимий-техникалык өнүгүүнүн башкы багыттары – энергетика, электрондук эсептөөчү техника, байланыш, космосту өздөштүрүү ж.у.с. эл чарбасын автоматташтыруу жана механизациялаштыруу физика илимине негизделгендигине ишенишет; физикалык закондордун техникада жана өндүрүштүк технологияда

	колдонулушу менен таанышышат; жергебизде байкалуучу жаратылыштын ар кандай кубулуштарынын элдик баяндамасын, табиятты байкоонун негизинде ар кандай процесстерди алдын-ала айтуулардын маанисин өздөштүрүшөт; физика илиминин өнүгүшүнө кыргыз окумуштууларынын кошкон салымынын мааниси, электр энергиясын өндүрүүдөгү жана космостук техниканы жасоодогу республиканын жетишкендиктери, жаңы пайда боло баштаган илимий-техникалык тармактары менен кабардар болушат; илим менен техниканын өнүгүшүндө, адамдын жаратылышты өздөштүрүүсүндө чөйрөлөрдүн физикалык параметрлеринин айрым өзгөрүүлөрүнүн жаратылышка жана адамдын жашоо тиричилигине тийгизүүчү тескери таасирлерин ачып көрсөтө алышат жана жаңы проблемаларды аныктай билишет; жаратылышта өзүн-өзү алып жүрүү эрежелерин билишет.

2.2. Физика предметин түзүүнүн методологиясы

Физика – курчап турган чөйрө жөнүндөгү билимдердин башкы жана маанилүү булагы, илимий-техникалык прогресстин негизи, адамзат маданиятынын маанилүү компоненттеринин бири. Физиканын мектептик курсу бардык табигый билимдерди системага салуунун негизи катары кызмат кылат. Анткени, химиялык, биологиялык, географиялык жана астрономиялык кубулуштардын көпчүлүгү физиканын түшүнүктөрү жана закондору аркылуу аныкталып, түшүндүрүлөт.

Жалпы билим берүүчү мектептерде физикалык билим берүүнүн мазмунун аныктоодо, б.а. физикалык билим берүүнү стандартташтырууда **системалык-структуралык** жана **мазмундук-ишмердүүлүк** мамиле өз ара айкалышта колдонулду.

Системалык мамиледе ар кандай объект өз ара байланыштагы элементтердин жыйындысы катары каралат. Ал эми системалык-структуралык мамиле берилген системанын элементтеринин ички байланыштарын жана көзкарандылыктарын түшүндүрөт жана изилденүүчү системанын ички уюштурулушу (түзүлүшү) жөнүндө түшүнүк алууга шарт түзөт.

Демек, физикалык билимдер система катары каралса, анын структуралык элементтери катары физикалык фактылар, түшүнүктөр, закондор, теориялар, изилдөө методдору жана прикладдык маселелер кызмат кылат.

Билимге алып баруучу бирден бир жол – бул **ишмердүүлүк**. Окуу процессин уюштурууга **мазмундук-ишмердүүлүк мамиле** окуучулардын окуу материалдардын мазмунун өздөштүрүү, аларды таанып-билүү маселелерин уюштуруу тажрыйбасына ээ болуусун, кабыл алган чечимдерге жана анын жыйынтыктарына болгон жоопкерчилигин камсыздайт.

Билим берүүнү уюштурууга жасалган мындай мамиле базалык жана прикладдык билимдердин өз ара байланышын, аларды ар кандай формаларда (символикалык,

графикалык ж.у.с.) моделдештирүүнү, өзөктүү түшүнүктөрдү жана байланыштарды аныктоону камсыз кылат.

Мазмундук-ишмердүүлүк мамиле окутуу практикасында орун алып келген айрым кемчиликтерди, мисалы мугалим тарабынан чексиз көлөмдөгү билимдердин берилишин, ал эми окуучунун даяр үлгү боюнча гана аракеттенүү билгичтиктерине ээ болушун жоюуга, аларда чыгармачыл ишмердүүлүк тажрыйбасынын жана изилденүүчү материалга карата эмоцианалдык-баалуулук мамилелеринин калыптанышына шарт түзөт. Бул мамиле окуунун маалыматтык-маңыздык жана уюштуруучулук-ишмердүүлүк жактарынын өз ара байланышын камсыз кылып, окуу материалдарын, жаңы маалыматтарды даяр түрүндө эмес, окуу маселелерин чечүү, тапшырмаларды аткаруу жолу менен өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кылат. Булар өз кезегинде окуучуларга иш-аракеттерди тандоо эркиндигин берүү менен, алардын таанып билүү активдүүлүгүн стимулдаштырат.

Мазмундук-ишмердүүлүк мамиле компетенттик негизде билим берүү парадигмасын, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн бардык компоненттерин өз ичине камтуу менен, төмөнкүлөргө шарт түзөт:

- окуунун максатын билимдин практикада колдонулуш абалы менен шайкеш келтирүүгө;
- кабыл алынган билимдерди өздөштүрүп, эске тутуп, кайра айтып берүүдөн аларды колдонууга, окуу жана турмуштук маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө өтүүгө;
- окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн мурда өздөштүргөн теориялык билимдерине жана практикалык билгичтиктерине таянуу менен гана өнүктүрө ала тургандай кырдаалдарда уюштурууга;
- физиканы үйрөнүүдө калыптануучу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн денгээлдерине туура келген натыйжаларга карата талаптардын маанилүүлүгүн ачып көрсөтүүгө ж.б.

Мектепте физикалык таалим-тарбия берүүнүн принциптери

Мектепте физикалык билим берүү Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренесинде көрсөтүлгөн «Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын принциптери» менен катар төмөнкү *атайын принциптерге* негизделүүгө тийиш:

- физикалык билим берүүнүн мазмунун илим менен техниканын жетишкендигинин учурдагы абалына жараша жеткиликтүү мүнөздө түзүү, б.а. курстун жогорку деңгээлдеги илимий мазмунун жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- физикалык билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү жана улануучулугу;
- физика илиминин мазмунун, ошондой эле аны адамдын турмушуна пайдаланууну гумандуулугуна жараша, анын негизин мектепте окутууга гумандуу мамиле жасоо;
- физикалык билим берүүнү демократиялык мүнөздө ишке ашыруу;
- физикалык билим берүүнү теория менен практиканын тыгыз айкалышында, тарыхка кайрылуу принциби менен катар мүмкүн болушунча аны жергиликтүү шарттарга ылайыктап жүргүзүү;
- физиканы окутуу менен окуучуларга политехникалык билим берүүнү камсыздоо;
- физика курсунун мазмунун аныктоодо интеграциялоо жана дифференциялоо принциптерин айкалыштыра пайдалануу;

- физика курсунун мазмунун мектептин айрым баскычында өзүнчө бүтүн курс катары иштеп чыгууну жана окутууну камсыз кылуу;
- физика курсун башка тектеш предметтер менен тыгыз байланыштырып окутуу;
- физика боюнча билим берүүдө педагогикалык жана психологиялык илимдин алдынкы жетишкендиктерин эске алуу, окутуунун традициялуу жана жаңы технологияларын, б.а. окутуу методдорун, каражаттарын, уюштуруу формаларын оптималдуу тандоо жана комплекстүү пайдалануу;
- физика курсунун мазмунун фундаменталдык теориялардын жана анын азыркы өркүндөшүндөгү ыктымалдуулук-статистиканын идеаларынын негизинде түзүү;
- физика курсунун мазмундук тилкелерин физика илиминин өздүк методологиясынын негизинде аныктоо жана окуучуларга метапредметтик билим берүүнү камсыз кылуу.

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Мектептик билим берүү процессинде окуучуларда калыптандырылуучу ***негизги компетенттүүлүктөр*** төмөнкүлөр:

Маалыматтык компетенттүүлүк − өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу, негиздүү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматтарды пайдаланууга даярдык. Маалымат менен иштей билүүнү талап кылат: жетишпеген маалыматты максатка умтулуу менен издөө, айрым фрагменттерди салыштыруу, гипотезаларды бирдиктүү талдоо жана коюу ыкмаларына ээ болуу. Ал адамга сын көз менен ой жүгүртүлгөн маалыматтын негизинде акылга сыярлык чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет.

Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даярдык жана аны жеке, социалдык жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүү. Милдеттерди чечүү үчүн башка адамдардын ресурстарын жана социалдык институттарды пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Өзүн-өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү компетенттүүлүгү – маалыматтардагы, окуу жана турмуштук жагдайлардагы карама-каршылыктарды көрө билүү жана аларды түрдүү ыкмаларды колдонуп, өз алдынча же башка адамдар менен биргеликте чече билүү, ошондой эле андан аркы иш-аракеттер жөнүндө чечим кабыл алууга болгон даярдык.

Негизги компетенттүүлүккө караганда жекече мааниге ээ болгон билим натыйжалары ***предметтик компетенттүүлүк*** деп аталат.

Физика боюнча предметтик компетенттүүлүк физикалык билим берүүнүн натыйжаларынын топтому түрүндө физика предметинин окуу материалдары аркылуу аныкталат.

Физиканы окутуу процессинде калыптандырылуучу предметтик компетенттүүлүктөр:

- физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.

- физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө);

- өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.

Физика боюнча предметтик компетенттүүлүк “Табигый илимдер” билим берүү чөйрөсү калыптандыруучу компетенттүүлүктөр менен тыгыз байанышта. Ал байланыш жана аталган физика боюнча предметтик компетенттүүлүктөрдүн мүнөздөмөсү төмөнкү таблицада берилди.

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Негизги компетенттүүлүктөр менен физикалык-предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышын төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Негизги компетент-түүлүктөр	Табигый-илимий билим берүүчүлүк тармактын компетенттүүлүктөрү	Физика боюнча предметтик компе-тенттүүлүктөр	Предметтик компетенттүүлүктүн мүнөздөмөлөрү
Маалыматтык компетенттүүлүк	**Таанып билүү жана илимий суроолорду коюу**	1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	Окуучу: 1.1. Физика илими изилдеп, окуп-үйрөнө турган кырдаал-дарды аныктайт; 1.2. илимий маалыматтарды издөө үчүн өзөктүү термин-дерди аныктайт; 1.3. физикалык изилдөөнүн негизги мүнөздөмөлөрүн (жолдорун, методдорун, каражаттарын) аныктайт.
Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк	**Кубулуштарды илимий түшүндүрүү**	2. Физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү.	Окуучу: 2.1. Физика боюнча алган билимин белгилүү жагдай-ларда колдонот; 2.2. Физикалык кубулуш-тарды илимий жактан негиз-дөөнү же интерпретациялоо-ну, өзгөрүүлөрдү алдын ала айтууну ишке ашырат; 2.3. Илимий негизделген баяндоону түшүндүрүүнү жана прогноздоону билет.

Өзүн-өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү компетенттүүлүгү	**Илимий далилдерди пайдалануу**	3. Өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.	Окуучу: 3.1. Илимий фактыларды, алынган маалыматтарды интерпретациялайт жана тыянактарды формулировкалайт 3.2. Тыянактардын негизин түзгөн илимий божомолдоолорду, фактыларды, маалыматтарды же далилдерди белгилейт. 3.3. Коомдо илимдин жана технологиянын жетишкендиктерин колдонуунун оң жана терс натыйжаларын баалай билет.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Физика предметинин мазмундук тилкеси − бул айланасына физиканын мүмкүн болгон бардык окуу материалдарын жана окуучулар ээ болуучу компетенцияларды топтоштура турган негизги идеялар жана түшүнүктөр. Алар предметтин фундаменталдык ядросун түзүшөт.

Мектепте физиканы окутуу төмөнкү **беш мазмундук тилке** боюнча ишке ашырылат:

- **Физика илимин өздөштүрүү методдору.**
- **Материя жана анын түрлөрү, түзүлүшү жана касиеттери.**
- **Кыймыл жана өз ара аракеттешүү.**
- **Энергия.**
- **Физикалык билимдерди пайдалануу технологиялары.**

«Физика илимин өздөштүрүү методдору» мазмундук тилкеси физиканы мектепте жана андан ары окуп үйрөнүүгө негиз катары кызмат кылат, курчап турган дүйнөнү таанып билүү үчүн байкоо, моделдештирүү, эксперимент жүргүзүү сыяктуу түрдүү табигый-илимий методдор колдонуларын үйрөтөт. Фактылар, себептер, илимий божомолдор (гипотеза), натыйжалар, далилдер, закондор, теориялар жөнүндө түшүнүктөрдү бири-биринен айырмалоону үйрөтөт. Фактыларды түшүндүрүү үчүн илимий божомолдорду иштеп чыгууга жана илимий божомолдордун тууралыгын эксперименттин жардамында текшерүүгө үйрөтөт. Окуучулар жаратылышты таанып билүүгө мүмкүн экендигин түшүнүшөт.

«Материя жана анын түрлөрү, түзүлүшү жана касиеттери» мазмундук тилкеси материянын ар кандай түрлөрү: зат жана талаа жөнүндө окуучулардын түшүнүктөрүн калыптандырууну максат кылат.

Заттардын курамы, түзүлүшү жана касиеттери, заттардын ар кандай агрегаттык абалдарда болушунун себептери, заттарды бир түрдөн экинчи түргөөзгөртүүнүн ыкмалары жөнүндө билим берет. Талааны аныктоонун жолдорун, алардын бирин-бири өз

ара жаратууларын үйрөтөт. Электр заряддарынын жана тогу бар өткөргүчтөрдүн касиеттерин талаанын таасири аркылуу түшүндүрүүгө үйрөтөт.

«Кыймыл жана өз ара аракеттешүү» мазмундук тилкеси кыймылды материянын жашоосунун формасы катары түшүнүүнү, материалдык объектилердин абалын бирин экинчисине салыштырмалуу өзгөртүүнүн ыкмаларын үйрөтөт. Өз ара аракеттешүүнүн натыйжасы болгон күч нерсеге башка нерселердин, ошондой эле талаалардын таасиринин интенсивдүүлүгүнүн чени болуп эсептелген вектордук физикалык чоңдук экенин түшүндүрөт. Нерсеге таасир эткен күч анын ылдамдыгынын өзгөрүшүнүн, же андагы деформациянын, же чыңалуунун келип чыгышынын себепчиси болуп эсептелет ж.б.

«Энергия» мазмундук тилкесинде энергия кыймылдын түрдүү формаларынын жана материянын өз ара аракеттешүүлөрүнүн жана материянын кыймылынын бир формадан экинчисине өтүүсүнүн чени экендигин, нерсенин жумуш аткарууга жөндөмдүүлүгүн, эгер физикалык система туюк болсо, берилген убакыт ичинде энергиянын сакталуу закону орун ала тургандыгын үйрөтөт.

«Физикалык билимдерди пайдалануу технологиялары» мазмундук тилкеси адамзат коомунун жашашы жана өнүгүшү үчүн илимдин жана техниканын жетишкендиктерин аң-сезимдүү колдонуунун зарыл экендигин түшүнүүгө, илим менен техниканын жетишкендиктерин жаратуучуларды сыйлоого үйрөтөт. Технологиялык укладдар менен экономиканын байланышын ачып көрсөтөт. Окуучуларда физикага болгон мамиле жалпы адамзат маданиятынын элементине болгон мамиле экендиги жөнүндө түшүнүктү калыптандырат. Физикадан алган билимдерди жана билгичтиктерди күндөлүк турмуштагы практикалык маселелерди чечүүдө колдонуунун, адамдардын жана жеке өзүнүн техникалык коопсуздугун камсыз кылуунун жолдорун, ошондой эле жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдаланууну жана айлана чөйрөнү коргоону үйрөтөт.

Окуу материалдарынын мазмундук тилкелер, бөлүмдөр жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү

Мазмундук тилкелер	**Окуу материалдары**					
	7 - класс	**8 - класс**		**9 - класс**		
	Механика	Жылуулук кубулуштары	Электрдик жана магниттик кубулуштар	Механика (уландысы)	Оптика	Космос физикасы
Физика илимин өздөштүрүү методдору	Физикалык билимдерди өздөштүрүгө коюлуучу жалпы талаптар. Физиканы үйрөнүүнүн жалпыланган планы. Байкоо жана таж-рыйба. Физикалык чоңдуктар жана алардын чен бирдиктери. Бирдиктер системасы.	Байкоо жана тажрыйба. Катуу нерсенин салыштырма жылуулук сыйымдуулугун лабораториялык шартта аныктоо. Абанын нымдуулугу. Аны өлчөөнүн жолдору. Нерселердин жана заттардын жылуулук абалдарын мүнөздөөчү чоңдуктар, алардын бирдиктери.	Байкоолор жана тажрыйбалар. Электрометр. Электроскоп. Амперметр. Вольтметр. Амперметр жана вольтметрдин жардамында өткөргүчтүн каршылыгын аныктоо.	Байкоолор, тажрыйбалар. Өлчөөлөр. Координаттар системасы.	Байкоо, тажрыйба. Жарыктын күзгүдө, линзаларда ж.б. таралышына, чагылышына жана сынышына байкоо жүргүзүү. Кванттык физиканын калыптанышы. Резерфорд тажрыйбалары. Бөлүкчөлөрдү каттоо. Эсептегичтер.	Космос физикасынын изилдөө методдору. Жылдыздуу асманды байкоочу куралдар жана обсерватория-лар.
Материя жана анын түрлөрү, түзүлүшү жана касиеттери	Материя, зат, талаа, нерсе, катуу заттар, суюктуктар, газдар жөнүндө түшүнүк. Физика илиминде окуп үйрөнүлүүчү объектилер (материя, зат, талаа, кый-	Заттын курамы жана түзүлүшү. Заттын агрегаттык абалдары. Алардын өзгөчөлүктөрү. Катуу нерселер. Кристаллдар жана аморфтук заттар. Катуу нерселердин жы-	Нерселердин электрлениши. Электр заряды. Электр талаасы. Электр тогу. Электр тогунун булактары жана керек төөчүлөрү. Өткөргүчтөр. Электр чын-	Материалдык чекит. Эсептөө системасы.	Жарык булактары. Күн – табигый жарыктын булагы. Атомдун планетардык модели. Бор постулаттары. Атомдун нурла-	Космос физикасынын предмети. Жылдыздуу асман. Дүйнөнүн геоборбордук жана ге-

	мыл, өз ара аракеттешүү, энергия). Физикалык билимдердин системасы (фактылар, түшүнүктөр, закондор, теориялар, изилдөө методдору, билимдерди колдонуу). Физикалык кубулуштар (механикалык, жылуулук, электрдик, электромагниттик, оптикалык).	луулуктан кеңейиши. Суюктуктар. Суюктуктардагы беттик тартылуу. Газ абалын мүнөздөөчү чоңдуктар. Алардын өз ара байланыштары. Газ закондору жөнүндө маалыматтар.	жыры. Токтун багыты. Ток күчү. Амперметр. Электрдик чыңалуу. Вольтметр. Өткөргүчтүн электрдик каршылыгы. Салыштырма каршылык. Электр чынжырынын бөлүгү үчүн Омдун закону. Өткөргүчтөрдү удаалаш жана жарыш туташтыруу. Реостат аркылуу ток күчүн өзгөртүү. Ток күчү жана чыңалуу аркылуу өткөргүчтүн каршылыгын эсептөө. Магнит. Магнит талаасы. Жердин магнит талаасы. Магниттик бороон жана анын организмге тийгизген таасири. Токтун магнит талаасы. Эрстеддин тажрыйбасы. Түз жана тегерек өт-		нышы. Лазер нуру. Рентген нуру. Ядролук физиканын негиздери. Атом ядросунун түзүлүшү. Радиоактивдүүлүк. Радиоактивдүү нурлар. α -, β -, γ - нурларынын табияты. Радиоактивдүүлүк – ядродогу ички айланыштардын натыйжасы. Бөлүкчөлөрдү каттоо. Эсептегичтер. Изотоптор. Атом ядросунун жасалма айланыштары. Элементардык бөлүкчөлөр, алардын толкундук касиети.	лиоборбордук системасы. Күн системасы, анын түзүлүшү. Планеталар. Күн жана жылдыздардын физикалык жаратылышы. Ааламдын түзүлүшү. Ааламдын эволюциясы.

			көргүчтөрдөгү токтун магнит талаасы. Электромагнит.			
Кыймыл жана өз ара аракеттешүү	Кинематиканын негиздери. Нерсенин механикалык кыймылы. Кыймылдын траекториясы. Кыймылдагы нерсенин өткөн жолу жана которулушу. Кыймылдын ылдымдыгы. Ылдамдыктын бирдиктери. Бир калыптагы жана бир калыпта эмес кыймылдар. Орточо ылдамдык. Орточо ылдамдыкты аныктоонун жолдору. Кыймылдын графикте сүрөттөлүшү. Ылдамдануу. Ылдамдануунун бирдиктери. Ылдамдатылган жана акырындатылган	Затты түзгөн майда бөлүкчөлөрдүн жылуулук кыймылы. Капиллярдык кубулуштар, алардын жаратылыштагы маанизи.	Электр талаасынын күчү жана чыңалышы. Заряддалган бөлүкчөлөрдүн өз ара аракеттери. Кулондун закону. Электр өткөрүмдүүлүк. Металлдардагы электр тогу. Суюктуктардагы электр тогу. Газдардагы электр тогу. Разряддардын түрлөрү. Плазма жөнүндө түшүнүк. Кыргызстанда плазманын изилдениши жана колдонулушу. Вакуумдагы электр тогу. Электрон-нур түтүгү. Жарым өткөргүчтөрдөгү электр тогу. Жарым өткөргүчтүү куралдар. Тирүү организмдердеги	Механиканын негиздери. Кыймылдагы нерсенин координаттарын аныктоо. Кыймылдын салыштырмалуулугу. Өзгөрмөлүү кыймылдын ылдамдануусу. Бир калыпта өзгөрүүчү кыймылдын ылдамдыгы. Бир калыпта өзгөрүүчү кыймыл кезиндеги нерсенин которулушу. Горизонталдык багытта жана горизонтко бурч боюнча ыргытылган нерсенин кыймылы. Ийри сызыктуу кыймыл. Материалдык чекиттин	Жарыктын түз сызыктуу таралышы. Жарыктын чагылуусу. Жарыктын чагылуу закону. Жалпак күзгү. Жалпак күзгүдөгү сүрөттөлүш. Жарыктын сынуусу. Жарыктын сынуу закону. Жарыктын сынуу коэффициенти. Жарыктын үч бурчтуу призма аркылуу өтүүсү. Жарык нурларынын заттар менен өз ара аракеттенишүүсү. Фотоэлектрдик эффект. Фотоэффекттин кол-	Жердин Күндүн айланасындагы кыймылы. Айдын көзгө көрүнгөн кыймылы жана фазалары. Күн жана Ай тутулуулары.

	кыймылдар. Нерсенин айлана боюнча кыймылы. Айлана боюнча кыймылды мүнөздөөчү чоңдуктар. Термелүү кыймылы. Термелүү кыймылын мүнөздөөчү чоңдуктар. Динамиканын негиздери. Нерселердин өз ара аракеттешүүсү. Күч. Күчтүн бирдиги. Инерция жана инерттүүлүк. Нерсенин массасы. Нерсенин массасын өлчөө. Заттын тыгыздыгы. Нерсенин ылдамдануусунун, күчтүн жана массанын өз ара байланыштары. Нерселердин Жерге тартылуусу. Эркин түшүү. Эркин түшүүнүн ылдамдануусу.		электр тогу. Магнит талаасынын тогу бар өткөргүчкө жана өткөгүчтүн заряддалган бөлүкчөсүнө жасаган аракети.	айлана боюнча бир калыптагы кыймылы. Сызыктуу жана бурчтук ылдамдыктар. Борборго умтулуучу ылдамдануу. Ньютондун закондору. Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону. Бир нече күчтөрдүн таасири астындагы нерсенин кыймылы. Нерсенин импульсу. Импульстун сакталуу закону. Реактивдүү кыймыл. Жасалма спутниктердин кыймылы. Космостук ылдамдыктар. Термелүүлөр жана толкундар. Механикалык термелүүлөр. Тер-	донулушу. Фотоэлемент. Линзалар. Линзалардын түрлөрү. Линзанын оптикалык огу. Линзада нурдун жүрүшү. Линзанын фокусу. Линзанын оптикалык күчү. Линзанын колдонулушу жана анын жардамы менен предметтин сүрөттөлүшүн алуу. Оптикалык куралдар. Лупа, фотоаппарат, телескоп, микроскоп, проекциялык аппаратар. Көз. Адамдын көзүнүн түзүлүшү жана иштөө принциби. Көрүүнүн	

	Оордук күчү жана салмак. Серпилгич-түүлүк күчү. Динамометр. Бир түз сызыкты бойлото багытталган эки күчтү кошуу. Тең аракет этүүчү күч. Сүрүлүү күчү. Сүрүлүүнүн түрлөрү. Сүрүлүү коэффициенти. Катуу заттардын, суюктуктардын жана газдардын басымы. Катуу нерсенин басымы. Катуу нерселердин басымын көбөйтүүнүн жана азайтуунун жолдору. Газдардын жана суюктуктардын басымы. Паскаль закону. Паскаль законун турмушта колдонуу. Катыш идиштер. Манометр. Атмосфералык ба-			мелүү кыймылын мүнөздөөчү чоңдуктар. Математикалык жана пружиналык маятниктер. Эркин жана аргасыз термелүүлөр. Толкундар. Узатасынан жана туурасынан кеткен толкундар. Үн толкундары жана алардын мүнөздөмөлөрү. Жаңырык. Резонанс. Ультра жана инфраүндөр. Электромагниттик термелүү. Термелүү контуру. Термелүү контурунда заряддардын термелиши. Ачык термелүү контуру.	дефекти жана аны түзөтүүнүн жолдору. Көз айнектер.	

	сым. Атмосфералык басымды өлчөө. Торричеллинин тажрыйбасы. Барометр. Архимед күчү. Архимед күчүн эсептөө жолу. Нерселердин сууда сүзүү шарттары. Аба шарлары.					
Энергия	Жумуш, кубаттуулук жана энергия. Механикалык жумуш. Кубаттуулук. Энергия. Механикалык энергия. Потенциалдык жана кинетикалык энергия. Механикалык энергиянын бир түрдөн экинчи түргө айланышы. Энергиянын сакталуу закону. Энергиянын турмуштиричиликте пайдаланылышы.	Температура. Температураны өлчөө. Ички энергия. Ички энергияны өзгөртүү жолдору. Жылуулук берүү. Жылуулук өткөрүмдүүлүк. Конвекция. Нурдануу. Жылуулук саны. Заттын салыштырма жылуулук сыйымдуулугу. Жылуулук санын эсептөө жолдору. Катуу нерселердин эрүүсү жана кристаллдашуусу. Бууланууу жана конденсация. Кайноо. Кайноо температура-	Электр талаасындагы аткарылган жумуш. Электр талаасынын потенциалы. Чыңалуу. Заттын электр сыйымдуулугу. Конденсатор. Конденсатордун сыйымдуулугу. Электр тогунун жумушу жана кубаттуулугу. Тогу бар өткөргүчтүн жылуулук бөлүп чыгаруусу. Джоуль-Ленцтин закону. Электрдик жылыткыч куралдар. Электрдик лампалар.	Механикалык жумуш жана энергия. Энергиянын сакталуу жана айлануу закону. Электромагниттик толкундар. Толкундук кубулуштар: интерференция, дифракция, дисперсия. Электромагниттик толкундардын нурданышы. Антенна. Электромагниттик толкундарды аралык-	Жарыктын дисперсиясы. Спектрлер. Биздин жашоодогу түстөр. Ядронун энергиясы. Массанын деффекти. Ядролук реакция. Термоядролук реакция. Атомдук энергияны алуу жана колдонуу, анын адамдын организмине тийгизген таасири.	Күн жана жылдыздардын физикалык жаратылышы.

		сы. Отун күйгөндө бөлүнүп чыккан жылуулук саны. Газдын жана суу буусунун кеңейүүсүндө аткарылган жумуш. Жылуулук кыймылдаткычы. Алардын түрлөрү.	Чукул туташуу. Эрүүчү сактагычтар. Электромагниттик индукция кубулушу. Фарадейдин тажрыйбалары. Өзгөрмө ток. Өзгөрмө токту өндүрүү. Генератор. Өзгөрмө токту аралыкка берүү. Трансформаторлор. Өзгөрмө токту пайдалануу. Электр кыймылдаткычтары.	ка берүү жана кабыл алуу.		
Физикалык билимдерди пайдалануу технологиялары	Куралдар жана алар менен физикалык чоңдуктарды өлчөөнүн жолдору. Энергиянын турмуш-тиричиликте пайдаланылышы. Жөнөкөй механизмдер. Рычаг. Рычагда күчтөрдүн тең салмактуулугу. Рычагдарды турмушта жана техникада колдонуу.	Капиллярдык кубулуштар, алардын жаратылыштагы маанизи. Жылуулук кыймылдаткычтарынын техникада, турмуш-тиричиликте колдонулушу. Жылуулук жана айлана чөйрө.	Эрүүчү сактагычтар. Электрдик куралдар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоо.	Байланыш каражаттарынын өнүгүшү. Радио жана телеберүүлөрдүн физикалык негиздери. Радиолокация.	Линзанын колдонулушу жана анын жардамы менен предметтин сүрөттөлүшүн алуу. Оптикалык куралдар. Лупа, фотоаппарат, телескоп, микроскоп, проекциялык аппаратар. Көз айнектер. Фотоэлемент.	Аалам мейкиндигин изилдөөнүн мааниси. Убакыт жана календарь.

	Блок. Блоктун түрлөрү. Жөнөкөй механизмдерди колдонуудагы жумуштун бирдейлиги. Механиканын алтын эрежеси. Механизмдердин пайдалуу аракет коэффициенти.				Эсептегичтер. Атомдук энергияны алуу жана колдонуу, анын адамдын организмине тийгизген таасири.	

2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер (табигый-илимий предметтер боюнча)

Предметтер аралык байланыш (ПАБ) – бул бирдиктүү окуу процессин жана анын бардык функцияларын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарты катары кызмат кылат. ПАБдын негизги функциялары:

1. Тектеш предметтердин мазмунунун логикалык биримдигин ачып көрсөтөт;
2. Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн коплекстүү өздөштүрүүгө шарт түзөт;
3. Табигый билимдердин системалуулугун, удаалаштыгын жана улануучулугун камсыз кылат;
4. Табигый билимдердин системасынын айрым элементтерин өздөштүрүүгө бирдей мамиле жасоонун, окуу аракеттеринин бирдиктүүлүгүн шарттайт;
5. Табигый предметтерден алган билимдерди турмуштук маселелерди чечүүдө комплекстүү пайдалануу камсыз кылат;
6. Табигый илимдердин негизин үйрөнүүнүн жана практикада колдонуунун жалпыланган билгичтиктерин калыптандырууга жардам берет;
7. Табигый илимий билимдер боюнча негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн сапатын көтөрүүгө шарт түзөт.

Физиканы окутууда предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруу дүйнөнүн бирдиктүү илимий сүрөттөлүшүн бүтүндөй кабыл алуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Физиканы башка предметтер менен байланыштырууну төмөнкү негиздер боюнча класстарга бөлүп, алардын типтерин жана түлөрүн белгилөөгө болот:

Класстарга бөлүүнүн негизи	**ПАБдын типтери**	**ПАБдын түрлөрү**
Окуу материалдарын үйрөнүүнүн убактысы	Хронологиялык	Алдын ала байланыш. Учурдагы байланыш. Келечектүү байланыш
Окуу материалдарынын структурасы	Мазмундук-маалыматтык	Фактылардын деңгээлинде. Түшүнүктөрдүн деңгээлинде. Закондордун деңгээлинде. Теориялардын деңгээлинде. Прикладдык маселелердин деңгээлинде. Табигый илимдерди изилдөөнүн методдорун колдонуу деңгээлинде.
Компетенттүүлүктөргө ээ болуунун жолдору	Иш-аракеттик	Репродуктивдүү. Продуктивдүү (изилдөөчүлүк). Чыгармачыл (креативдүү)

Табигый-илимий предметтердин өтмө тематикалык тилкелери катары илимди изилдеп-өздөштүрүү методдору, материя (жаратылыш, зат, нерсе, алардын касиеттери), кыймыл жана өз ара аракеттешүү, энергия, билимдерди колдонуу технологиялары эсептелет. Анткени, мына ушул темалар боюнча маалыматтар физикада гана эмес, бардык табигый-илимий предметтерде кездешет.

Физиканы окутууда башка тектеш предметтердин материалдарын байланыштырууну ишке ашырууда төмөнкүдөй матрица сунушталат:

Предмет-тин бөлүмү, тема	Тектеш предметтердин материалдары				
	Табият таануу	Физикалык география	Биология	Химия	Астрономия
7-кл. Физика жана турмуш	Табият таануунун методдору жана жансыз жаратылыш.	Жер. Материктер.	Жандуу жаратылыш. Өсүмдүктөр. Жаныбарлар. Адам.	Зат. Табигый жана жасалма заттар. Заттардын колдонулушу.	Аалам. Планеталар. Жер ж.б.

3-БӨЛҮМ. ФИЗИКА БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

3.1. Негизги мектепте физиканы окутуудан күтүлгөн натыйжалар

Компетенттүүлүк негизде **физика боюнча билим берүүнүн натыйжалары** катары билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулар ээ болгон негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн деңгээли менен көрсөтүлгөн билим жетишкендиктеринин топтому алынат.

Төмөнкү таблицада **физика боюнча билим берүүнүн натыйжалары** берилди.

Таблицада белгиленген идентификаторлор төмөнкүдөй түшүндүрүлөт:

1-цифра – класс (7, 8, 9)

2-цифра – мазмундук тилке: 1. Физика илимин өздөштүрүү методдору. 2. Материя жана анын түрлөрү, түзүлүшү жана касиеттери. 3. Кыймыл жана өз ара аракеттешүү. 4. Энергия. 5. Физикалык билимдерди пайдалануу технологиялары.

3-цифра – предметтик компетенттүүлүк: 1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү. 2. физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө). 3. өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.

4-цифра – натыйжа.

Мисалы: 7.1.2.3 – 7-класстын окуучусунан 1-мазмундук тилке, 2-предметтик компетенттүүлүк боюнча күтүлүүчү 3-натыйжа.

Эскертүү: натыйжалардын саны ар түрдүү болушу мүмкүн (1 ден 3-5 ке чейин).

Күтүлүүчү натыйжалар – негизги мектепте физиканы окутууда калыптандырылуучу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр

Мазмундук багыттар	Предметтик компетенттүүлүктөр	Окутуунун натыйжалары		
		7-класс	**8-класс**	**9-класс**
1. Физика илимин өздөштүрүү методдору	1.1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	7.1.1.1. Байкоо жүргүзөт жана байкаганын сүрөттөп жазып алат, өлчөөлөрдү жүргүзөт, ченөөчү куралдын бөлүгүнүн баасын аныктап алат, өлчөөнүн жыйынтыгын жазып, эсептейт. Эсептөөнүн жыйынтыгын таблицага жазып, таблицаны толтурат. Өлчөөнүн катасын табат. 7.1.1.2. Физикалык кубулуштар боюнча жөнөкөй тажрыйбаларды, изилдөөлөрдү жүргүзөт.	8.1.1.1. Физикалык чоңдуктарды: температураны, абанын нымдуулугун, ток күчүн, чыңалууну, электрдик каршылыкты, электр тогунун жумушун жана кубаттуулугун өлчөөгө керек болгон физикалык куралдарды тааныйт. 8.1.1.2. Аталган куралдарды жана чоңдуктарды өлчөөчү башка каражаттарды колдоно билет. 8.1.1.3. Өлчөөлөрдүн жана аларды эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын бирдиктердин Эл аралык системасында туюнта алат.	9.1.1.1. Жаратылыш кубулуштарын изилдөөнүн илимий методдорун колдоно алат: байкоо жүргүзөт, экспериментти пландаштырат жана жүргүзөт, өлчөөлөрдүн жыйынтыктарын иштеп чыга алат. 9.1.1.2. Таблицалардын, графиктердин жана формулалардын жардамы менен өлчөөлөрдүн жыйынтыктарын көрсөтө алат. 9.1.1.3. Физикалык чоңдуктардын ортосундагы көз карандылыкты аныктай алат, алынган жыйынтыктарды түшүндүрөт жана тыянак чыгарат, өлчөөнүн жыйынтыктарындагы каталыктын чегин баалай алат.
	1.2. Физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө)	7.1.2.1. Механикалык кубулуштардын табиятын илимий негизде түшүндүрөт.	8.1.2.1. Физикалык чоңдуктардын арасындагы көз карандылыктарды таблица, график түрүндө көрсөтөт жана түшүндүрө алат.	9.1.2.1. Окуп үйрөнгөн физикалык моделдердин (атомдун планетардык, атомдун ядролук) негизги белгилерин айырмалайт. 9.1.2.2. Квант физикасынын пайда болуу, атомду изилдөөнүн тарыхтарын билет.
	1.3. Өздөштүрүл-	7.1.3.1. Алган билимдерин	8.1.3.1. Алган билимдерин кол-	9.1.3.1. Физикалык закондорду

	гөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.	колдонуп, механикалык кубулуштар боюнча маселелерди чыгара алат.	донуп, механикалык кубулуштар боюнча маселелерди чыгара алат.	(импульстун сакталуусу, механикалык энергиянын сакталуусу жана айлануусуу, фотоэффект) жана физикалык чоңдуктарды (масса, ылдамдык, ылдамдануу, импулс, фотоэффекттин кызыл чеги ж.б.) байланыштырган формулаларды пайдаланып, маселе чыгара алат.
2. Материя жана анын түрлөрү, түзүлүшү жана касиеттери.	2.1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	7.2.1.1. Майда телолордун өлчөмүн тажрыйбада аныктайт. Молекула, зат, нерсе жөнүндө түшүнүк алып, молекулалардын ортосунда өз ара тартышуу жана түртүшүү күчүнүн бар экендигин тажрыйбанын негизинде аныктайт. 7.2.1.2. Диффузия кубулушун, нымдоо, нымдабоо кубулушун, катууланууунун пайда болушун байкайт. Алган билиминин жыйынтыгын таблица түрүндө көрсөтүп, отчет түзөт.	8.2.1.1. Диффузия кубулушун, броун кыймылын, заттардын агрегаттык абалдарынын өзгөрүшүн, жылуулук берүүнүн ар кандай жолдорун, нерселердин электрленишин, жарыктын чагылуусун, сынуусун жана дисперсиясын байкап, сүрөттөп жазат жана мүнөздөй алат. 8.2.1.2. Төмөнкү эмпирикалык көз карандылыктардын маңызын түшүнөт: муздап бараткан нерсенин температурасынын убакыттан көз карандылыгы, чынжырдын бөлүгүндөгү ток күчүнүн чыңалуудан көз карандылыгы, жарыктын чагылуу бурчунун түшүү бурчунан көз карандылыгы ж.б. 8.2.1.3. Өлчөөлөрдүн жана эсеп-	9.2.1.2. Кванттык кубулуштарды тааныйт, алган билимдеринин негизинде кванттык кубулуштардын жүрүшүн жана табиятын түшүндүрөт: нурдануунун сызыктуу спектринин келип чыгышы. Фотоэлектрдик эффект кубулушун, табигый жана жасалма радиоактивдүүлүктү тааныйт жана алган билимдерин пайдаланып, бул кубулуштардын жүрүшүн түшүндүрөт.

			төөлөрдүн жыйынтыктарын бирдиктердин Эл аралык системасында туюнта алат.	
	2.2. Физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө)	7.2.2.1. Алган билимдеринин негизинде газдардагы суюктуктардагы жана катуу нерселердеги диффузия деген физикалык кубулуштун табиятын жана келип чыгыш шарттарын түшүндүрүп бере алат.	8.2.2.1. Диффузия кубулушун, броун кыймылын, заттардын агрегаттык абалдарынын өзгөрүшүн, жылуулук берүүнүн ар кандай жолдорун заттардын түзүлүшү жөнүндөгү атомдук-молекулалык окуунун негизинде түшүндүрө алат.	9.2.2.1. Физикалык чоңдуктарды пайдаланып, окуп-үйрөнүлгөн кванттык кубулуштарды сүрөттөй алат, сүрөттөөдө колдонулган чоңдуктардын физикалык маанисин, алардын белгиленишин жана чен бирдигин туура көрсөтөт; ал чоңдуктарды башка физикалык чоңдуктар менен байланыштыруучу формулаларды көрсөтөт, физикалык чоңдуктун маанисин эсептейт. 9.2.2.2. Фотондун касиетин, фотоэффект кубулушун, радиоактивдүүлүктү, α-, β-, γ-нурларынын табиятын физикалык чоңдуктарды пайдаланып түшүндүрө алат. 9.2.2.3. Физикалык закондорду жана постулаттарды колдонуу менен кванттык кубулуштарды: энергиянын сакталуу законун, электр зарядларынын сакталуу законун, массалык сандын сакталуу законун, жарыктын атом тарабынан нурданнуусун жана жутулуусун ченемдүүлүгүн талдайт.

				9.2.2.4. Дүйнөнүн заманбап физикалык картинасын билет.
	2.3. Өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү .		8.2.3.1. Төмөнкү физикалык чоңдуктарды өлчөй алат: ток күчүн, чыңалууну, электрдик каршылыкты, токтун жумушу менен кубаттуулугун, топтоочу линзанын фокус аралыгын. 8.2.3.2. Электрдик схемаларды түзө алат, эсептөөлөрдү, өлчөөлөрдү жүргүзүп, электр чынжырынын негизги параметрлеринен алынган жыйынтыктарды талдай алат.	9.2.3.1. Планктын гипотезасын, фотоэлектрдик эффект законун, фотоэффект үчүн Эйнштейндин теңдемесин, радиоактивдүү ажыроодогу жылышуу эрежесин пайдаланып, физикалык маселелерди чыгарат. 9.2.3.2. Маселенин шартын талдап, аны чыгарууга, эсептөөгө керек болгон физикалык чоңдуктарды, формулаларды аныктай алат. 9.2.3.3. Фотоэффект законун жана жылышуу эрежесин колдонуу менен фотондордун касиетин, фотоэффект кубулушун жана радиоактивдүүлүктү талдайт. 9.2.3.4. Фотоэлементтин, Гейгер эсептегичинин, Вильсон камерасынын, көбүктүү камеранын, калың катмарлуу фотоэмульсия методунун, ядролук реактордун иштөө принциптерин түшүндүрөт. Өз өмүрүнүн коопсуздугун, жаратылышты рационалдуу пайдалануну жана курчаган чөйрөнү коргоону камсыз кылуу менен, күндөлүк турмуштагы практикалык маселелерди чечет.

3. Кыймыл жана өз ара аракеттешүү	3.1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	7.3.1.1. Механикалык кубулуштарды таанып билет. Механикалык кыймылдын түрлөрү (бир калыптагы, бир калыптагы эмес, бир калыптагы ылдамдатылган түз сызыктуу кыймылдар менен таанышат, нерсенин эркин түшүүсүн, ийри сызыктуу кыймыл, термелүү кыймылы) менен таанышат. Инерция, нерселердин өз ара аракеттешүүсү, басым, катуу телолордун басымы, суюктуктарга жана газдарга басымдын берилиши, атмосфералык басым, телонун сүзүшүн түшүндүрүп, айтып берет. 7.3.1.2. Материалык чекит, эсептөө системасы деген түшүнүктөрдүн негизги белгилерин билет, айырмалайт.	8.3.1.1. Заряддалган нерселердин электростатикалык өз ара аракеттешүүлөрүн, тогу бар өткөргүчкө магнит талаасынын таасирин, өткөргүчтөрдү удаалаш жана жарыш туташтырууну, чынжырдын бөлүгүндөгү ток күчүнүн чыңалуудан көз карандылыгын, жарыктын чагылуу бурчунун түшүү бурчунан, сынуу бурчунун түшүү бурчунан көз карандылыгын окуп үйрөнүү үчүн жөнөкөй физикалык тажрыйбаларды жана эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзө алат.	9.3.1.1. Механикалык кыймылдын түрлөрүн, кыймылдын ар кандай түрлөрүндө нерсенин которулушун, нерселердин эркин түшүшүн, оордук күчүнүн, серпилгич күчүнүн, сүрүлүү күчүнүн таасири астындагы кыймылды, нерсе аркылуу импульстун берилишин, реактивдүү кыймылды таанып билүүдө илимий методдорун колдонот. Эркин жана аргасыз термелүүнү, суунун бетиндеги толкундарды, механикалык резонанс кубулушун байкайт. 9.3.1.2. Жогоруда аталган чоңдуктарды аналогиялуу же цифралык куралдары менен өлчөй алат, өлчөөнүн каталыктарын баалайт, жөнөкөй эксперимент изилдөөлөрдү жүргүзөт. 9.3.1.3. Кыймылдын, механикалык термелүүлөрдүн түрлөрүн айырмалайт, алардын белгилерин алган билимдерине таянып, түшүндүрөт. 9.3.1.4. Физикалык моделдердин (материалдык чекит, эсептөө система) негизги белгилерин айырмалайт.
	3.2. Физикалык	7.3.2.1. Механикалык кубу-	8.3.2.1. Бөлүкчөлөрдүн жылуу-	9.3.2.1. Физикалык чоңдуктарды

	кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө)	луштарды мүнөздөөчү (жол, которулуш, ылдамдык, ылдамдануу, нерсенин массасы, заттын тыгыздыгы, күч, басым, сүрүлүү күчү, серпилгич күчү, оордук күчү, термелүүнүн амплитудасы, мезгили, жыштыгы) чоңдуктардын физикалык маанисин түшүнөт, талкуулайт, пикир алмашат. 7.3.2.2. Чоңдуктардын белгиленишин билет, формуласын жазат, формуладагы чоңдуктарды башка чоңдуктар менен байланыштырат. 7.3.2.3. Тең аракет этүүчү күч, Ньютондун 1,2,3- закондорун, Гуктун законун, Паскаль законун, Архимед күчүн формулировкалайт жана математикалык эсептөөнү жүргүзүп, түшүндүрүп, айтып берет. 7.3.2.4.Теориялык билимдерди, гипотезаларды тажрыйбанын негизинде фактыга таянып далилдейт.	лук кыймылын, диффузияны, броун кыймылын молекулалык-кинетикалык теориянын көз карашында түшүндүрө алат. 8.3.2.2. Төмөнкү физикалык кубулуштарды сүрөттөй жана түшүндүрө алат: - электр заряддарынын жана магниттердин өз ара аркеттешүүсүн, - магнит талаасынын тогу бар өткөргүчкө жасаган таасирин.	пайдаланып, механикалык кыймылды, анын салыштырмалуулугун түшүндүрөт. Түшүндүрүүдө колдонулуучу чоңдуктардын физикалык маанилерин, белгиленишин жана өлчөө бирдиктерин туура аныктайт, аларды байланыштырган формулаларды колдонот. Жердин жасалма спутниктеринин кыймылын сүрөттөйт. 9.3.2.2. Физикалык чоңдуктарды (жол, которулуш, убакыт, сызыктуу жана бурчтук ылдамдык, ылдамдануу) байланыштырган формулаларды, графикалык, аналитикалык ыкмаларды пайдаланып, нерсенин импульсун аныктоо, космостук ылдамдыктарды, толкун узундугун табуу, термелүүнүн жыштыгын жана мезгилин аныктоо боюнча маселе чыгарат. 9.3.2.3. Ньютондун закондорун колдонуп, бүткүл дүйнөлүк тартылуу боюнча маселелерди жана тийиштүү чоңдуктарды байланыштырган формулаларды чыгарат. Маселедеги физикалык чоңдуктарды жана формулаларды бөлүп алат,

				эсептөөлөрдү жүргүзөт. 9.3.2.4. Бүткүл дүйнөлүк тартылуу законунун колдонулуу чегин айырмалайт.
	3.3. Өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.	7.3.3.1.Физикалык закондорду колдонуу менен механикалык кубулушту талдай алат. 7.3.3.2.Физикалык закондорду (Ньютондун 1,2,3-закону, күчтөрдү кошуунун суперпозиция принциби, Гуктун закону, Паскаль закону, Архимед закону) жана физикалык чоңдуктарды (жол, ылдамдык, ылдамдануу, нерсенин массасы, заттын тыгыздыгы, күч, басым) байланыштырган формулаларды пайдаланып, маселе чыгарат. 7.3.3.3. Маселенин шартын талдоонун негизинде физикалык чоңдуктарды жана формулаларды бөлүп алат, эсептөөлөрдү жүргүзөт. 7.3.3.4.Физикалык закондорду (Ньютондун 1,2,3- закону, Архимед закону, Паскаль закону) колдонуунун чегин	8.3.3.1. Физикалык закондорду колдонуу менен жылуулук кубулуштарын, процессти талдай алат.	9.3.3.1. Ньютондун закондору жана бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону, импульстун сакталуу закону, реактивдүү кыймыл, ультра-үндүү боюнча изилдөөлөрдүн практикалык колдонусууна мисалдарды келтирет 9.3.3.2. Закондорду жана принциптерди колдонуп, механикалык кыймылды талдайт, Ньютондун закондорунун, бүткүл дүйнөлүк тартылуу законунун аныктамаларын, алардын математикалык туюлушун талдай алат, илимий фактыларды интерпретациялап, тыянак чыгарат. 9.3.3.3. Алган билимдерин нерселердин эркин түшүүсүн, оордук күчүнүн таасири астындагы кыймылды, механикалык термелүүлөрдү, реактивдүү кыймылды, резонансты, туурасынан жана узатасынан кеткен толкундардын пайда болуу механизмдерин, термелүү контурунда жүрүүчү процесстерди түшүндүрүүдө, практикалык маселелерди

		билет.		чечүүдө, жаратылышты рационалдуу пайдалануууда жана айлана чөйрөнү коргоодо пайдалана алат. 9.3.3.4.Космос техникаларын колдонуунун натыйжаларын баалай алат
4. Энергия	4.1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	7.4.1.1. Физикалык чоңдуктардын (кинетикалык, потенциалдык энергиялар, механикалык жумуш, кубаттуулук, жөнөкөй механизмдин ПАКи) маани-маңызын, аныктамасын түшүнөт.	8.4.1.1. Заттын агрегаттык абалынын өзгөрүүлөрүндө муздап бараткан суунун жана башка нерсенин температурасынын убакыттан көз карандылыгын көрсөтүү үчүн жөнөкөй физикалык тажрыйбаларды жана эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзө алат.	9.4.1.1. Таанып билүүнүн илимий методдорун колдонот, энергиянын бир нерседен экинчи нерсеге берилишин байкайт. Нерселердин жана алардын системасынын энергиясын аныктоо үчүн жөнөкөй эксперименталдык изилдөөлөрдү, аналогдук жана цифралык өлчөөчү куралдардын жардамы менен түз жана кыйыр өлчөөлөрдү жүргүзөт, өлчөөнүн жыйынтыктарындагы каталыктын чегин баалай алат. 9.4.1.2. Энергиянын түрлөрүн тааныйт жана алган билимдерине таянып, энергиянын негизги касиеттерин түшүндүрөт.
	4.2. Физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө)	7.4.2.1. Физикалык чоңдуктарды (кинетикалык, потенциалдык энергиялар, механикалык жумуш, кубаттуулук, жөнөкөй механизмдин ПАКи) колдонуп, каралып жаткан нерсенин касиетин	8.4.2.1. Төмөнкү физикалык закондордун маңызын түшүндүрө алат: -жылуулук процесстеринде энергиянын сакталуу законун, -электр заряддарынын сакталуу законун,	9.4.2.1. Физикалык чоңдуктарды пайдаланып, механикалык жана электромагниттик термелүүлөрдөгү энергиянын айлануусун сүрөттөйт, сүрөттөөдө колдонулган чоңдуктардын физикалык маанисин, алардын белгиленишин жана чен бирди-

		ачып көрсөтөт, баяндайт. 7.4.2.2. Теориялык билимдерди, гипотезаларды тажрыйбанын негизинде, фактыга таянып далилдейт.	-чынжырдын бөлүгү үчүн Омдун законун, -Джоуль-Ленц законун, - жарыктын түз сызыктуу таралышын, -жарыктын чагылуусун. 8.4.2.2. Токтун жылуулук аракетин, электромагниттик индукцияны түшүндүрө алат.	гин туура көрсөтөт. Энергияны башка физикалык чоңдуктар менен байланышкан формулаларды көрсөтөт, физикалык чоңдуктун маанисин эсептейт. 9.4.2.2. Энергияны башка физикалык чоңдуктар менен байланышкан формулаларды колдонуу менен маселе чыгарат. Маселенин шартын талдоонун негизинде физикалык чоңдуктарды жана формулаларды бөлүп алат, эсептөөлөрдү жүргүзөт.
	4.3. Өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.	7.4.3.1.Чоңдуктардын символикалык белгиленишин, бирдиктерин билет, формуласын колдонууну билет, башка чоңдуктар менен болгон байланышын карап, физикалык маанисин ачып көрсөтөт. 7.4.3.2. Энергиянын айлануу жана сакталуу закондорун, физикалык чоңдуктарга (кинетикалык, потенциалдык энергиялар, механикалык жумуш, кубаттуулук, жөнөкөй механизмдердин ПАКи) байланыштырган формулаларды колдонуп, маселелер-	8.4.3.1. Күндөлүк турмушта түрдүү заттарды жылуулук өткөрүмдүүлүгүнө жана жылуулук сыйымдуулугуна карап пайдалануу үчүн физикалык билимдерди колдоно алат.	9.4.3.1. Энергиянын айлануу закондорун талдап, энергиянын сакталуу законун колдонуп, закондун формуласын жана анын математикалык туюнтулушун айырмалайт, илимий фактыларды интерпретациялап, тыянак чыгарат, фундаменталдык закондордун (энергиянын сакталуу законун) бардыгы үчүн жалпы мүнөзүн түшүнөт. 9.4.3.2. Алган билимдерин ядролук реакторлорду колдонуунун натыйжаларына баа берүүдө, күндөлүк турмуштагы маселелерди чечүү үчүн жана күнүмдүк турмуштун практилык маселелерин, өзүнүн

		ди чыгарат. 7.4.3.3. Механикалык энергиянын айлануу сакталуу закондорун колдонулуш чегин билет.		жашоосунун коопсуздугун, жаратылышды жана айлана-чөйрөнү рационалдуу пайдалануу түшүнөт.
5. Физикалык билимдерди пайдалануу технологиялары	5.1. Физ. кубулды, алар м-н байланышкан фактды таанып билүү ж-а илимий суроолорду коё билүү	7.5.1.1. Механикалык кубулуштардын мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, физикалык закондорду турмушта, техникада колдонууга конкреттүү мисал келтирет.	8.5.1.1. Жылуулук, электрдик жана жарык кубулуштары жөнүндө билимдердин практикалык колдонулуштарына мисал келтире алат.	9.5.1.1. Физика менен технологиянын жетишкендиктерин коомдо колдонуунун оң жана терс таасирлерин баалай алат.
	5.2. Физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө)	7.5.2.1. Механикалык кубулуштардын мыйзам-ченемдүүлүктөрүнүн, физикалык закондордун турмушта, техникада колдонулушуна келтирилген конкреттүү мисалдарды илимий негизде түшүндүрүп бере алат.	8.5.2.1. Төмөнкү физикалык куралдардын жана техникалык объектилердин түзүлүшүн жана иштөө принцибин түшүндүрө алат: термометрдин, психрометрдин, буу турбинасынын, ичинен күйүүчү кыймылдаткычтын, муздаткычтын, амперметрдин, вольтметрдин, үндү күчөткүчтүн (динамик), микрофондун, электр генераторунун, электр-кыймылдаткычтын, көз айнектердин, фотоаппараттын.	9.5.2.1. Фотоэлектрдик эффект, нурдануунун сызыктуу спектрлери, радиоактивдүү нурдануулар боюнча жаратылышта байкалган же практикада колдонулган учурларга мисал келтирет. 9.5.2.2. Алган билимдерин пайдаланып, радио байланыш, телекөрсөтүү, радиолокациянын иштөө принциптерин түшүндүрөт, техникалык коопсуздукту сактоо, жаратылышты рационалдуу пайдалануу жана айлана чөйрөнү коргой билүү үчүн күндөлүк турмуштагы практикалык маселелерди чечет. 9.5.2.3. Лабораториялык иштерди аткаруу үчүн приборлор жана тех-

				никалык түзүлүштөр менен иштөөдө коопсуздукту сактайт, курчап турган чөйрөдө экологиялык жүрүм-турумдардын нормаларын сактайт.
	5.3. Өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдалана, колдоно билүү.	7.5.3.7. Приборлор менен иштөөдө техникалык коопсуздук эрежелерин, экологиялык нормаларды сактайт	8.5.3.1. Электрдик тиричилик буюмдарын колдонууда коопсуздукту сактоо үчүн физикалык билимдерди пайдалана алат 8.5.3.2. Электр тогунун жана электромагниттик нурдануунун адамдын организмине карата коркунучтуу таасирин алдын алууну билет. 8.5.3.3. Транспорт каражаттарын, электрдик тиричилик буюмдарын, электрондук техникаларды колдонуу учурунда коопсуздукту камсыз кылуу жана электр өткөргүчтөрүнүн кынтыксыз экендигин текшерүү үчүн физикадан үйрөнгөн билимин күнүмдүк турмушта колдоно билет.	9.5.3.1. Физика менен технологиянын жетишкендиктерин коомдо колдонуунун оң жана терс таасирлерин баалай алат. Күндөлүк турмушта техникалык куралдар (бөлүкчөлөрдү иондоштуруучу эсептегич, дозиметр) менен иштөөдө ден соолук жана айлана чөйрөнүн экологиялык нормаларын сактоо үчүн алган билимдерин колдоно алат. 9.5.3.8. Радиоактивдүү нурдануулардын тирүү организмдерге тийгизген таасирине мисалдарды келтирет, дозиметрдин иштөө принцибин түшүнөт, атомдук электростанцияларды колдонуудан келип чыккан экологиялык проблемаларды жана аларды чечүүнүн жолдорун, башкарылуучу термоядролук синтезди колдонуунун келечегин түшүнөт.

3.2. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Билим берүүнүн сапатын баалоо окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик-укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

Мектепте билим берүүнүн сапатын баалоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Окуучунун жекече жетишкен натыйжаларын коррекциялоо, окутуунун кийинки баскычына өткөрүү, аттестациялоо максатында окуучунун билим жетишкендиктерин баалоо (билимдин белгилүү деңгээлине жеткендигин бекемдөө);
- Билим берүү процессин жана окутуу процессин өнүктүрүү максатында мектептин жетишкендиктерин (мугалимдердин же мектептин ишмердигин) баалоо;
- Билим берүү ишмердигинин мониторингин баалоо.

Билим берүү ишмердүүлүгүн баалоо стандарттык тестирлөөнүн жардамында окуучулардын түрдүү багыттар боюнча билим деңгээлин башталгыч жана негизги мектептин деңгээлинде улуттук изилдөө жолу менен ишке ашырылат. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн абалына мониторинг жүргүзүү үчүн мектеп бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоонун натыйжалары да колдонулат

Билим берүү уюмун баалоонун формасы сырткы жана ички мониторингдин же текшерүүнүн комбинациясына негизделет. Мектеп билим берүүсүнүн сапатына мониторинг же текшерүү жүргүзүү билим берүү уюмунун өзүндө (өзүн-өзү баалоо, ички мониторинг аркылуу) жана уюмду сырттан текшерүү менен жүзөгө ашырылат.

Окуучулардын жекече жетишкендиктерин баалоо төмөнкү принциптерге негизделет:

– Баалоо ишмердүүлүгү жүргүзүлгөнгө чейин билим натыйжаларын жана жетишүүнүн деңгээлин аныктап алуу;

– окутуу процессине жана аны өнүктүрүүгө багытталуу;

– окуучунун даярдык деңгээлине, инструментарийлерге, ошондой эле баалоо ыкмаларына коюлган бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу;

– окуучунун билим жетишкендиктерин баалоонун инструменттеринин Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда белгиленген окуу натыйжаларына дал келүүсү;

– мугалимдерди баалоо ишмердүүлүктөрүн иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу процесстерине кошуу;

– баалоо критерийлеринини жана методдорунун ачыктыгын, баалоонун жыйынтыктарынын билим берүү процессинин бардык субъектилери үчүн жеткиликтүүлүгүн жана түшүнүктүүлүгүн камсыздоо;

– баалоо ишмердүүлүгүн стабилдүү өнүктүрүү.

Окуучулардын физика боюнча жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун **диагностук, формативдик** жана **суммативдик** деген үч түрү колдонулат.

Диагностук баалоо окуучунун билиминин деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат. Окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген деңгээл менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностук баа берүүнүн натыйжалары мүнөздөп жазуу түрүндө катталып турат да, мугалим үчүн окутуу

милдеттерин, окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окутуу процессине түзөтүүлөрдү жана жакшыртууларды киргизүүгө негиз катары кызмат кылат.

Формативдик баалоо окуучулардын ийгилигин жана материалды өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошол өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмаларын ж.б.) эске алуу менен окуу материалдарын өздөштүрүү боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативдик баалоону окутууну өз убагында коррекциялоо, сабактын пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле окуучулар тарабынан аткарылуучу иш-аракеттин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун өсүшү билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуунун максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Мугалим окуучунун жекече прогресси боюнча байкагандарын журналга баа коюу менен эске алып турат.

Суммативдик баалоо окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылат жана *учурунда, аралык* жана *жыйынтыктоочу* баалоодон келип чыгат.

Учурунда баалоо баалоонун нормаларына (туура аткарылган жумуштардын санына, кетирилген каталыктардын санына, калыптандыруу эрежелерин сактоосуна ж.б.) жана мугалим берген же окуучу өзү алган тапшырмалардын так аткарылыш критерийлерине ылайык жүргүзүлөт. Мугалим окуучунун окуу материалдарын өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүнө учурунда баа берип турат.

Аралык баалоо предметтик стандартта аныкталган иштин түрүнө карата жүргүзүлөт: жазуу жүзүндөгү иштер /булактар менен иштөө; оозеки жооп /киришүү; долбоор; изилдөө иштери; атайын иштин түрлөрү / портфолио (жетишкендиктердин папкасы) ж.б. Иштин бардык түрлөрү баалоонун критерийлеринин негизинде бааланат, милдеттүү болуп эсептелет жана мугалим тарабынан баалоонун планын иштеп чыгууда алдын-ала пландаштырылат.

Жыйынтыктоочу баалоо мектептин календары боюнча (чейректик, жарым жылдык, жылдык болуп) баалоонун нормаларына жана критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын салыштырма көлөмү окутуунун баскычтарын жана предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик стандарт боюнча аныкталат.

Физиканы окутуудан күтүлгөн натыйжаларды − окутууда калыптандырылуучу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлдерин, баалоонун критерийлерин жана индикаторлорун төмөнкү таблицадан (үлгү катары берилген) көрүүгө болот. Ал толугу менен мугалимдер үчүн көрсөтмөдө берилет. Мында 1-деңгээлге туура келген индикаторлор аткарылса “3” деген баага, 2-деңгээлдеги индикаторлор аткарылса “4” деген баага, 3-деңгээлдеги индикаторлордун аткарылышы окуучунун даярдыгынын “5” деген баага ылайык келерин билдирет. 1-деңгээлде белгиленген индикаторлор аткарылбай калган учурда окуучу “2” же андан төмөн баа алышы мүмкүн.

Күтүлүүчү натыйжаларды − физиканы окутууда калыптандырылуучу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлдерин баалоонун индикаторлору (үлгү катары) -7- КЛАСС

Мазмундук багыттар	Предметтик компетенттүүлүктөр	Окутуудан күтүлгөн натыйжалар		
		I деңгээл (репродуктивдүү)	II деңгээл (продуктивдүү)	III деңгээл (креативдүү)
1. Илимий таанып билүү методдору	1.1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	**7.1.1.1. Байкоо жүргүзүү, өлчөө, алардын жыйынтыгын чыгаруу.**		
		Мугалимдин жардамы менен айрым физикалык кубулуштарга байкоо жүргүзүп, байкоонун жана өлчөөлөрдүн жыйынтыгын жазып, эсептейт.	Өз алдынча өлчөөлөрдү жүргүзөт, ченөөчү куралдын бөлүгүнүн баасын аныктап алат, байкаганын сүрөттөп жазып алат, өз алдынча жыйынтык чыгарат. Эсептөөнүн жыйынтыгын таблицага жазып, таблицаны толтурат. Өлчөөнүн катасын табат.	Өз алдынча байкоо жүргүзүп. байкаганын сүрөттөп жазып алат. Байкоону кененирээк жүргүзө алат. Анын жыйынтыгын чыгаруу боюнча өзүнүн башка сунуштарын киргизет.
		7.1.1.2. Физикалык кубулуштар боюнча жөнөкөй тажрыйбаларды, изилдөөлөрдү жүргүзөт.		
		Физикалык кубулуштар боюнча жөнөкөй тажрыйбаларды, изилдөөлөрдү мугалимдин жардамы менен жүргүзөт.	Физикалык кубулуштар боюнча жөнөкөй тажрыйбаларды, изилдөөлөрдү өз алдынча жүргүзөт.	Физикалык кубулуштар боюнча жөнөкөй тажрыйбаларды, изилдөөлөрдү өз алдынча жана чыгармачылык менен жүргүзөт
	1.2. Физикаык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө).	**7.1.2.1. Механикалык кубулуштардын табиятын илимий негизде түшүндүрөт.**		
		Механикалык кубулуштардын табиятын мугалимдин жардамы менен илимий негизде түшүндүрөт.	Механикалык кубулушутардын табиятын илимий негизде өз алдынча түшүндүрөт.	Механикалык кубулуштардын табиятын илимий негизде өз алдынча жана чыгармачылык менен түшүндүрөт.
	1.3. Өздөштүрүлгөн жана илимий жактан далилденген физикалык билимдерди пайдала-	**7.1.3.1. Алган билимдерин колдонуп, механикалык кубулуштар боюнча маселелерди чыгара алат.**		
		Механикалык кубулуштар боюнча маселелерди мугалимдин жардамы менен чыгара	Алган билимдерин колдонуп, механикалык кубулуштар боюнча маселелерди өз алдынча чыгара алат.	Алган билимдерин колдонуп, механикалык кубулуштар боюнча маселелерди өз алдынча,

	на, колдоно билүү.	алат.		чыгармачылык менен чыгарат.
2. Материя жана анын түрлөрү	2.1. Физикалык кубулуштарды жана алар менен байланышкан фактыларды таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	**7.2.1.1. Майда телолордун өлчөмүн тажрыйбада аныкташат. Молекула, зат, нерсе жөнүндө түшүнүк алып, молекулалардын ортосунда өз ара тартышуу жана түртүшүү күчүнүн бар экендигин тажрыйбанын негизинде аныкташат.**		
		Аталган иш аракеттерди мугалимдин жардамы менен аткарышат.	Аталган иш аракеттерди өз алдынча аткарышат.	Аталган иш аракеттерди өз алдынча жана чыгармачылык менен аткарышат.
		7.2.1.2. Диффузия кубулушун, нымдоо, нымдабоо кубулушун, катууланууунун пайда болушун байкашат. Алган билиминин жыйынтыгын таблица түрүндө көрсөтүшөт, отчет түзүшөт.		
		Аталган иш аракеттерди мугалимдин жардамы менен аткарышат.	Аталган иш аракеттерди өз алдынча аткарышат.	Аталган иш аракеттерди өз алдынча жана чыгармачылык менен аткарышат.
	2.2. Физикалык кубулуштарды илимий негизде түшүндүрүү (чечмелөө).	**7.2.2.1. Алган билимдеринин негизинде газдардагы суюктуктардагы жана катуу нерселердеги диффузия деген физикалык кубулуштун табиятын жана келип чыгыш шарттарын түшүндүрүп бере алат.**		
		Аталган иш аракеттерди мугалимдин жардамы менен аткарышат.	Аталган иш аракеттерди өз алдынча аткарышат.	Аталган иш аракеттерди өз алдынча жана чыгармачылык менен аткарышат.

4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

4.1. Ресурстук камсыз кылууга талаптар

Физика предмети боюнча жеткиликтүү билим берүү үчүн мектеп, мугалимдер жана окуучулар тийиштүү ресурстар менен камсыз болушу зарыл. Мамлекеттик стандартта белгиленгендей (17-пункт), андай ресурстарга маалыматтык-материалдык ресурстар, башка адамдар, адамдардын топтору, жеке сапаттары жана адамдын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү кирет.

Физиканы окутуу процессинде талап кылынуучу маалыматтык-материалдык ресурстар: азыркы талапка ылайык жабдылган физикалык кабинет, мультмедиялык, электрондук, компьютердик жабдуулар, экран, магнитафон, телевизор жана окутууга керектүү болгон физикалык куралдары (приборлор) жана окуу китептер, окуу-методикалык колдонмолор эсептелет. Ошондой эле физика кабинетинде: кабинеттин жобосу, кабинеттин паспорту, техникалык коопсуздук эрежелери жана аны менен таанышкандыгы жөнүндө кол коюучу атайын китепче, медициналык аптечка, суу болушу керек.

Физика кабинети үчүн зарыл болгон куралдардын тизмеси		**Саны**
	Демонстрациялык стол	1
	Терезени караңгылатуучу (терезенин санына жараша)	
	Техникалык коопсуздук боюнча бурч – ТК боюнча журнал, өрт өчүргүч, аптечка.	1
	Электрдик розетка	10-15
	Интерактивдүү доска комплектиси (же проектор жана экран)	1
	Ноутбук	1
1. Басылма колдонмолор		
1.1	Физика боюнча тематикалык таблицалар	1
1.2	Физика илиминин атактуу окумуштууларынын сүрөттөрү	1
1.3	Мугалимдер үчүн усулдук колдонмолор	
2. Лабораториялык жабдуулар		
2.1	**Фронталдык лабораториялык иштер үчүн жабдуулар (Тематикалык топтомдор)**	
2.1.1	Механика боюнча топтом	15
2.1.2	Молекулярдык физика жана термодинамика боюнча топтом	15
2.1.3	Электрлешүү боюнча топтом	15
2.1.4	Оптика боюнча топтом	15
2.2	**Өзүнчө куралдар жана кошумча жабдуулар**	
2.2.1	Туруктуу жана өзгөрүлмөлүү токтун булагы (4 В, 2 А)	15
2.2.2	Жабдууларды сактоо үчүн идиштер	40
2.2.3	Окуу таразасы, таштары менен	15
2.2.4	Термометр	15
2.2.5	Өлчөөчү цилиндр (мензурка)	15
2.2.6	Лабораториялык динамометр 5 Н	15

2.2.7	Калориметр	15
2.2.8	Калориметрлөө үчүн керектүү нерселердин топтому	15
2.2.9	Эрүүнү жана катууланууну изилдөө үчүн заттардын топтому	15
2.2.10	Резина тасмасынын топтому	15
2.2.11	Туруктуу токтун чынжырында өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн өлчөө чеги 2 А болгон лабораториялык амперметр	15
3. Демонстрациялык жабдуулар		
3.1	**Жалпы колдонууга**	
3.1.1	Туруктуу жана өзгөрүлмө токтун булагы (6÷10 А)	1
3.1.2	Үн жыштыгынын генератору	1
3.1.3	Туташтыруучу өткөргүчтөрдүн комплектиси	1
3.1.4	Универсалдык физикалык штатив	1
3.1.5	Суу куюу үчүн капталдары тик бурчтуу болгон идиш (аквариум)	1
3.1.6	Тарелкасы, манометри жана калпакчасы бар вакуумдук соргуч (насос)	1
3.1.7	Жалпы массасы 1кг болгон жүктөрдүн топтому	1
3.2. Механика		
3.2.1	Түз сызыктуу алга умтулган кыймылдын механикалык мүнөздөмөлөрүн өлчөөчү комплект (мүмкүн болсо, компьютердик өлчөөчү блогу менен)	1
3.2.2	"Айлануу" боюнча комплект	1
3.2.3	Жеңил кыймылга келүүчү, керектүү жабдуулары бар арабачалар (жубу менен)	1
3.2.4	Архимеддин чакасы	1
3.2.5	Резонанстык кутучага жайгаштырылган камертондор (балкасы менен)	1
3.2.6	Массалары жана көлөмдөрү бирдей болгон нерселердин топтому	1
3.2.7	Толкундук машина	1
3.2.8	Суюктуктардагы басымды демонстрациялап көрсөтүүчү курал	1
3.2.9	Атмосфералык басымды демонстрациялап көрсөтүүчү курал	1
3.2.10	Жантык призма (тең салмактуу абалды демонстрациялоо үчүн)	1
3.2.11	Демонстрациялык рычаг	1
3.2.12	Катыш идиштер	1
3.2.13	Агынды (иштетилгенден кийинки суу) үчүн стакан	1
3.2.14	Демонстрациялык трибометр	1
3.2.15	Паскалдын шары	1
3.3. Молекулярдык физика жана термодинамика		
3.3.1	Суюктуктардагы конвекцияны демонстрациялоо үчүн түтүк	1
3.4. Электродинамика		
3.4.1	Туруктуу токтун электр чынжырын изилдөө үчүн топтом (реостат, вольтметр, амперметр, ачкыч, лампочка, өткөргүч).	1
3.4.2	Керектүү каражаттары менен электрометрлер	1
3.4.3	Электр султандары	1
3.4.4	Электростатикалык маятниктер (жубу менен)	1
3.4.5	Эбонит, айнек таякчалары	1

3.4.6	Магнит талаасынын күч сызыктарын демонстрациялоочу топтом	1
3.4.7	Така жана тилке түрүндөгү магниттердин комплекти	1
3.4.8	Штативге бекитилген магниттик жебелер	2
3.5. Оптика жана кванттык физика		
3.5.1	Магниттик кармагычы бар геометрикалык оптика боюнча комплект (томпок, иймек линзалар, призмалар)	1
4. Өлчөөчү каражаттардын системасы		
4.1	Барометр-анероид	1
4.2	Керектүү жабдуулары бар демонстрациялык динамометрлер (жубу менен)	1
4.3	Суюктуктуу демонстрациялык манометр	1
4.4	Суюктук термометри	1

Эскертүү: Физика кабинетинде лаборант үчүн орун болуусу керек.

Физиканы окутуу менен окуучуга жеткиликтүү таалим-тарбия берүүдө эң зарыл ресурс болуп физика мугалиминин компетенттүүлүгү, жеке сапаты эсептелет.

Физика мугалиминен күтүлгөн, б.а. андан талап кылынган жалпы жана адистик компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:

социалдык-экономикалык, маданий компетенттүүлүк - улуттук тил, адабият (коммуникация) боюнча билимге, философиялык, социологиялык, маданият таануучулук, саясат таануучулук, дин таануучулук, экономикалык, дене тарбиялык, этикалык, эстетикалык, маалыматтык-коммуникативдик билгичтиктерге ээ болуусу;

илимий теориялык компетенттүүлүк - жалпы физика, теориялык физика, астрономия, боюнча билимдерге, математика химия, биология, география боюнча билимдин зарыл элементтерине, дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү, табигый билимдердин философиясы жана тарыхы жөнүндө түшүнүктөргө ээ болуусу;

психолого-педагогикалык компетенттүүлүк - жалпы педагогика, жалпы психология, кыргызстандагы жана чет өлкөдөгү билим берүү системасы, мектеп, үй-бүлө, коомчулуктун бирдиктүү аракеттери, психо-педагогикалык илим изилдөө иштери, педагогикалык чеберчилик, мектеп таануу, билим берүүнүн философиясы жана тарыхы боюнча тийиштүү маалыматтарга ээ болуусу;

кесиптик-технологиялык компетенттүүлүк - таалим-тарбиянын максатын жана милдетин аныктоо, таалим-тарбиянын мазмунун жана көлөмүн аныктоо, педагогикалык принциптерди ишке ашыруу, таалим-тарбия методдорун тандоо жана колдонуу, каражаттарды тандоо жана колдонуу, таалим-тарбия жүргүзүүгө шарт түзө билүү, окуучулардын окуу иштерин уюштуруу, окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин, инсандык сапаттарын текшерүү, эсепке алуу, баалоо, өз ишин жыйынтыктоо жана баалоо, түзөтүү билгичтиктерине ээ болуусу.

Ресурстун дагы бир түрү болгон башка адамдар жана адам топторуна окуучулардын ата-энелери, бир туугандары жана туугандары – жалпы эле коом жана социалдык чөйрө кирет. Аларда окуучулардын татыктуу таалим-тарбия алышына оң таасирин тийгизип, мүмкүн болушунча жардам жана колдоо көрсөтүүлөрү керек. Анткени инсандын калыптанышында, социалдашуусунда алардын ролу абдан чоң.

4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Шыктандыруу (мотивдештирүү) – бул окуучунун предметти эмне үчүн окуп-үйрөнүп жаткандыгын, анын керектүүлүгүн жана окуп үйрөнүүнүн зарылдыгын окуучунун билүүсү; физиканы окуу менен кандай мүмкүнчүлүктөргө, көндүмдөргө ээ боло аларын, кандай кесиптердин ээси болуу үчүн физикалык билим зарыл экенин түшүнүү менен, билим алууга кызыгуусу, аракеттенүүсү.

Мектепте билим берүүнүн модели экономиканын жана социалдык сферанын келечек максаттарына дал келип, өлкөнүн жалпы абалынын өнүгүшүн камсыз кыла алышы жана адам потенциалынын калыптанышына шарт түзүшү керек. Азыркы мектептин бүтүрүүчүлөрүндө чыгармачыл ой жүгүртүү, стандарттык эмес чечимдерди табуу жана кабыл алуу, демилгелүүлүк жөндөмдүүлүктөрү жана даярдыктары калыптанышы, б.а. аларда негизги компетенттүүлүктөр калыптанышы керек. Мындай компетенттүүлүктөрдүн калыптанышында физика предметинин ролу чоң экендигин, физика курчап турган чөйрө жөнүндөгү билимдердин башкы жана маанилүү булагы, илимий-техникалык прогресстин негизи, адамзат маданиятынын маанилүү компоненттеринин бири экендигин, физиканын мектептик курсу бардык табигый билимдерди системага салуунун негизи катары кызмат кыларын физика мугалимдери так жана туура түшүнүп, окуучуларга да түшүнүк берип, шыктандыруусу зарыл.

Окуу мотивациясы – бул окуучуларды окууга, окуу ишмердүүлүгүнө тартуу. Окууга болгон мамиленин үч түрү белгилүү: оң мамиле, айырмасыз жана терс мамиле. Окууга болгон оң мамиле окуучулардын окуу процессиндеги активдүүлүгү, алгылыктуу максат коё билүүчүлүгү, өзүнүн окуу ишмердигинин натыйжасын алдын ала сезе, көрө билгендиги, максатка жетүүдө кыйынчылыктарды жеңе билгендиги менен мүнөздөлөт.

Окуучулардын окууга болгон терс мамилеси – бул окугусу келбегендиги, ийгиликтерге болгон кызыгуусу солгундугу, жөн гана көрүнүп коюуну көздөгөндүгү, максат коё албоочулугу, кыйынчылыктарды жеңе албастыгы, мектепке жана мугалимдерге терс көз карашы.

Окуучуларды окууга мотивдештирүү (шыктандыруу) мугалимдин ишмердигинин маанилүү бөлүгү болушу керек. Бул максатта 7–9- класстын окуучуларынын окуу мотивациясына диагностика жүргүзүп туруу зарыл, анткени, так ушул куракта окуучулардын окуу натыйжаларынын деңгээли төмөндөй баштайт.

Сабакта ар бир окуучунун окуу процессине активдүү катышуусун, өз эмгегине канааттануусун камсыз кылуучу жагымдуу маанайды (микроклиматты) түзүү үчүн сабакты окуучулардын жеке жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен окутууну уюштуруу максатка ылайык.

Активдүү, чыгармачыл изденүү менен билим алуу проблемасы бүгүнкү күндө өзгөчө курч коюлууда. Окуу жана тарбия процесси окуучуларды бүтүрүүчүнүн мамлекет талап кылып жаткан идеалдуу моделине жакындаштырууга жардам бериши керек. Ал модель боюнча окуучу өзүн демократиялык-атуулдук коомдун идеалдарынын активдүү алып жүрүүчү инсаны катары тааныган, ар тараптуу маданий баалуулуктарды сыйлаган, креативдүү жана сынчыл ой жүгүртө алган, таанып билүүгө, чыгармачылыкка жана өз алдынча билим алууга шыктуу (мотивдешкен) болууга тийиш.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ХИМИЯ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН VIII-IX –КЛАССТАР ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

Бишкек -2018

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 8-9-класстар үчүн «Химия» боюнча предметтик стандарты

Мазмуну

1- бөлум. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлум. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлум. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлум. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

1-бөлүм. Жалпы жоболор

1.1. Стандарттын статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын «Жалпы билим берүүчү уюмдарында химиялык билим берүүнүн предметтик стандарты», Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын», Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты жана ал мектептерде химия предметин окутуунун негизги багыттарын аныктайт.

Стандартта химияны окутуунун компеттенттүүлүкө негизделген мазмунунун жана окуучулардын предмет боюнча даярдык деңгээлдерине коюлуучу талаптар аныкталат.

Стандарт төрт бөлүмдөн турат:

1. Жалпы жоболор
2. Предметтин концепциясы.
3. Химия предмети боюнча билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо
4. Билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар.

Окутуунун формасына көз карандысыз билим берүү уюмдарынын бардык түрү, негизги билим берүү программасынын алкагында билим берүүнүн мамлекеттик стандартына дал келүүсү зарыл.

Стандарттын жоболору төмөнкүлөр тарабынан колдонулууга жана сакталууга тийиш:

- тибине жана түрүнө, мамлекеттик же жеке менчик экендигине карабастан, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү бардык уюмдары;
- баштапкы жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдары;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин алдындагы лицензиялоо боюнча мамлекеттик инспекциясы;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы улуттук тестирлөө борбору;
- Кыргыз билим берүү академиясы жана башка мамлекеттик илимий изилдөө институттары;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги.

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы -Бишкек, 2003-ж;
- «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014 жылдын 21- июлундагы № 403 токтому;
- Кыргыз Республикасында 2020- жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы;
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде табигый билим берүүнүн концепциясы;
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын базисттик окуу планы.

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер.

Предметтик стандарт предметтин алкагында окуучулардын билим жетишкендиктерин регламенттөөчү өлчөөчү жана аларга жетишүүнүн жолдору жөнүндөгү документ.

Химиялык билим берүүнүн предметтик стандарты – компетенттик негизде билим берүү тутумун курууну камсыз кылган, коомдун социалдык тапшырыгы менен мектепте окуучунун химиялык билим алууга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ.

Химиялык маданий компетенция – окуучулардын химиялык билимин, билгичтигин, жөндөмүн, турмуштук тажрыйбасын практикалык иш-аракетинде (окуу процесинде) жалпы эле маданияттык компетенттүүлүгүнүн негизинде эркин колдоно алуусу.

Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүк – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

Химия предмети боюнча окуучулар жалпы билим берүүчү мектепте төмөндөгүдөй **негизги компетенттүүлүккө** ээ болушу зарыл:

Маалыматтык компетенттүүлүк - органикалык эмес жана органикалык заттардын курамы, түзүлүшү, касиеттери, колдонулушу боюнча атом молекулалык окуунун, химиялык элементтердин мезгилдик системасынын, атомдун түзүлүшү, электролиттик диссоциация жана заттардын түзүлүш теориясынын негизинде билимдерге ээ болуу максатында өз иш аракетин пландаштыруу жана ишке ашыруу, аргументтүү тыянактарды чыгаруу үчүн маалымат булактарын пайдаланууга болгон даярдык;

Социалдык- коммуникативдик компетенттүүлүк - белгилүү бир каралып жаткан маселелер (м: органикалык эмес жана органткалык заттардын курамы, түзүлүшү, касиеттери, колдонулушу боюнча атом молекулалык окуунун, химиялык элементтердин мезгилдик системасынын, атомдун түзүлүшү, электролиттик диссоциация жана заттардын түзүлүш теориясынын негизинде билимдерге ээ болуусу) боюнча өзүнүн оюн, позициясын башка окуучулардын кызыкчылыктары, түшүнүктөрү менен шайкеш келтирүүгө даярдык;

Өзүн-өзү уюштуруу жана маселелерди чечүү компетенттүүлүгү- заттарды таанып билүүнү төрт мазмундук багыты (курамы, түзүлүшү, касиети, колдонулушу) боюнча төрт концепциянын негизинде формулаларын валенттүүлүкө жараша өз алдынча жаза билиши, анын курамын аныктай алышы жана турмушта пайдалана алууга болгон даярдык.

Компетенция –окуучулар мурдатан кандайдыр бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесипкөйлүк ишинде) алган билимдери аркылуу жакшы натыйжаларды алууга даярдоо үчүн зарыл болгон социалдык шарт.

2- Бөлүм. Предметтин концепциясы.

2.1. Химия предметинин максаты жана милдеттери.

1-таблица

Максаты	Милдеттери
Окуучунун химиялык жалпы закон жана закон ченемдүүлүктөрдүн негизинде заттардын жаратылышта жана техногендик дүйнөдө пайда болуусун (айлануусун) жазууну жана изилдөөнү, жашоонун ар түрдүү областарында химиялык технологияны жана алардын продуктуларын рационалдуу жана коопсуз пайдалануунун жолдорун өздөштүрүүсүн камсыз кылуу.	**Когнитивдүү**– Дүйнөдө жандуу жана жансыз жаратылыштын системасындагы жөнөкөй заттардын жана алардын бирикмелеринин курамы, түзүлүштөрү, айланыштары закон ченемдүүлүктөрдүн негизинде экендигин түшүнөт. Заттарды таанып билүүдө (металлдар, пластмассалар, минералдык жер семирткичтер, дары дармектерди ж.б) алууда ар түрдүү химиялык айлануу процесстер (химиялык технология) менен таанышуу зарыл экендигин, анын касиеттерин билүү аркылуу эл чарбасында заттын колдонулушу жөнүндө билимдерге ээ болоорун аңдай алышат. Кээ бир заттарды алуу технологиясынын адамдын ден соолугу менен айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоого жөндөмдүү болушат. **Жүрүм-турумдук** –окуучулар жаратылыштагы заттарды жана аларды технологиялык иштетүүдөн алган заттарды рационалдуу жана коркунучсуз колдонуунун практикалык көндүмдөрүн билишет. Жаңы заттарды химиялык реакциялар аркылуу алууда адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизбегендей техникалык коопсуздук эрежелери жөнүндөгү билимдерди колдонушат. **Баалуулук**–окуучулар жаратылыштын туруктуу өнүгүү принциптерин, жашоонун коопсуздугун жана терс көрүнүштөрүн алдын ала алууда химиялык технологиялардын таасирин билишет. Дүйнөнүн химиялык картинасы жөнүндөгү өздөштүрүлгөн билимди башка табигый предметтерди окуп үйрөнүүдө пайдаланат. Химиялык экологиялык маданий сабаттулукка ээ болот.

2.2. Химия предметин түзүүнүн методологиясы

Предметти түзүүдө бирдиктүү педагогикалык процессти изилдөөгө арналган система-структуралык жана мазмундук иш-аракеттик мамилелер колдонулду.

Система-структуралык мамиле билимдердин мазмунун система катары кароого, байланыштарды аныктоого жардам берет. Мында бардык методикалык категориялар окутуунун билим берүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк кызматтарынын позициясында каралат.

Мазмундук иш аракеттик мамиледе окуу жана окутуу процесси мугалим менен окуучунун бирдиктүү иш аракети катары каралат. Биринчиден окуучуну илимдин негиздерин өздөштүрүүгө, экинчиден ал окуучуларды окуу иш аракетине жана таанып билүү ыкмаларына үйрөтүү экендигин билдирет. Мазмундук иш-аракеттик мамиле компетенттик негизде билим берүү парадигмасын, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн бардык компененттерин өз ичине камтыйт.

2.3. Предметтик компетентүүлүктөр

Химиялык билим берүүнүн предметтик компетенттүүлүгү–негизги компетенттүүлүккө карата жекече компетенттүүлүк, химиялык билим берүүнүн натыйжаларынын топтому түрүндө аныкталат. Окуучулардын химиялык билимин, билгичтигин, жөндөмүн, турмуштук тажрыйбасын өзүнүн практикалык иш-аракетинде эркин колдоно алуусу.

Предметтик компетенттүүлүктүн структуралык элементтери:

- Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү;
- Химиялык кубулуштарды илимий жактан заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча түшүндүрүү (чечүү);
- Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү пайдалануу.

Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү компетенттүүлүгү:

Химиялык кубулуштун маңызын илимий жактан ачып көрсөтүүчү кырдаалды аныктайт.

Химиялык кубулуштарды илимий жактан заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча түшүндүрүү (чечүү) компетенттүүлүгү:

Химиялык кубулуштун маңызын илимий жактан ачып көрсөтүү үчүн теорияларга (атом–молекулалык жана заттын түзүлүшү теориясына) химиялык закондорго (заттын курамынын туруктуулук закону, заттын массасынын сакталуу закону) жана теориясына таянат.

Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү (методдорду) пайдалануу:

Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүнү химиялык изилдөөчүлүк методдорду: демонстрациялык экспериментти, лабораториялык тажрыйбаны, практикалык ишти аткаруу аркылуу өздөштүрөт.

2.4 . Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы.

Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөр (маалыматтык, социалдык коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана пробемаларды чечүү) химия предмети боюнча табигый-илимий билим берүү чөйрөсүнүн компетенттүүлүгү (таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү; кубулуштарды илимий түшүндүрүү; илимий далилдөөлөрдү пайдалануу) аркылуу калыптанат. Жогоруда аталган компетенттүүлүктөр химиялык компетенттүүлүктүн деңгээлинде конкретештирилет. Окуучуларда негизги компетенттүүлүктүн калыптанышынын деңгээли предметтик компетенттүүлүккө түздөн-түз көз каранды.

2-таблица. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн байланышы.

Негизги комп-төр	Табигый-илимий комп-төр	Химиялык комп-лүгү	Сыпатталышы
Маалыматтык	1. Таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү.	Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү	Окуучу: -Химиялык кубулуштун маңызын илимий жактан ачып көрсөтүүчү кырдаалды аныктайт; - Илимий маалыматтарды издөө үчүн түйүндүү химиялык терминдерди аныктайт; -табигый илимий изилдөөнүн негизги (жолдорун, методдорун, каражаттарын) табат.
Социалдык –коммуникативдик	2. Кубулуштарды илимий түшүндүрүү (чечүү).	Химиялык кубулуштарды илимий жактан заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча өздөштүрүү (чечүү)	Окуучу: -Химиялык кубулуштарды заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча түшүндүрүп бере алат; -Химиялык кубулуштарды илимий жактан негиздөөнү же интерпретациялоону, өзгөрүүлөрдү алдын ала айтууну ишке ашырат; - Илимий жактан негизделген баяндоону түшүндүрүүнү жана прогноздоону билет.
Өзүн-өзү уюштуруу жана маселелерди чечүү	3. Илимий далилдөөлөрдү пайдалануу	Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү пайдалануу.	Окуучу: -илимий далилдөөлөрдүн негизинде алынган натыйжаларды (заттарды, химиялык реакцияларды) интерпретациялайт жана тыянактарга аныктама берет; -тыянактардын негизинде божомолдоолорду, фактыларды, натыйжаларды же далилдөөлөрдү табат; - химия илиминин жетишкендиктерин жана химиялык технологияларды колдонуунун натыйжаларын баалай билет.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Мазмундук тилке–окуу материалдарын предметтин негизги идеясы менен түшүнүктөрүнүн айланасына топтоштуруу. Химия предметинин мазмуну төмөнкү тилкелерден турат: Химиянын таанып билүү методдору; Зат; Химиялык реакция; Заттарды жана химиялык реакцияларды турмушта колдонуу.

«Химиянын таанып билүү методдору» - химиянын мазмунун жана окутуунун методдорун өркүндөтүүнүн учурдагы максаты окуучулардын окуу процессинде таанып билүүсүнө өзгөчө көңүл буруу болуп саналат. Мектептин химия курсунда жеке илимий жана жалпы илимий таанып билүү методдорун колдонуу талап кылынат. Бул методдорду ишке ашырмайын химияны окутуу мүмкүн эмес. Жалпы илимий методдордун өзгөчөлүгү дидактиканын предмет аралык байланыш принцибин ишке ашырат. **Эмприкалык деңгээлде** таанып билүү методуна эксперимент, байкоо, байкоонуу жазуу, өлчөө, салыштыруу, анализ кирет. Бул методдо фактыларды жыйноо, фактыларды топтоо б.а билимди биринчи системалаштыруу функциясын аткарат. **Теоретикалык деңгээлде** таанып билүү методуна аналогия, синтез, абстракташтыруу, моделдештирүү колдонулат. Бул метод таанып билүү процессинин практикалык кызматын аткарат.

«Зат» - бул химиянын эң негизги түшүнүгү. Заттар бизди бардык жактан курчап турат. Алабада, тамак ашта, топуракта, турмуштук техникада, өсүмдүктөрдө жана адамдын организинде кездешет. Заттын бир бөлүгүн адам жаратылыштан даяр түрүндө (кычкылтек, суу, белок, углевод, нефть, алтын) түрүндө башка бир түрүн жаратылыш кошулмаларын модификациялоо менен (асфальт, жасалма жибек) ал эми жаратылышта жок заттарды адам өзү синтездеп алат. Адам үчүн учурда эң керектүү заттар дары-дармектер. Бүгүнкү күндө 20 млн. органикалык жана жарым миллион органикалык эмес прикладдык аспектидеги ички түзүлүшкө ээ заттар бар. Алардын ар биринин ички түзүлүшүн билүү менен ар түрдүү касиетке ээ болгон пайдалуу заттарды синтездөөгө болоору бул мазмундук тилкеде берилет.

«Химиялык реакция» - бизди курчап турган дүйнө дайыма өзгөрүүдө болуп турат. Мындай өзгөрүүнүн негизги себеби химиялык реакцияга байланыштуу. Дүйнөдө ар бир секундда эсеп жетпеген көптөгөн реакция жүрүп турат, анын эсебинен бир зат экинчи бир затка айланат. Химиянын негизги түшүнүгү- химиялык реакция. Кээ бир реакцияларды биз байкайбыз мисалы: темир предметинин дат басышы, автомобилдин отунунун күйүшү ж.б. Ошол эле убакта кээ бир реакциялар көзгө көрүнбөйт, ачык байкалбайт, алар курчап турган дүйнөнүн касиетин аныктайт.Адам баласы дүйнөдөгү өзүнүн ордун билүү үчүн аны башкара билүүнү үйрөнүүсү зарыл. Ал үчүн жаратылышты терең түшүнүү менен андагы жүрүп жаткан реакциялар баш ийген закондорду терең түшүнө билүүгө тийиш.

Азыркы химиянын милдети татаал химиялык жана биологиялык системада заттардын түзүлүшүнүн алардын касиетине байланыштуулугун окуп үйрөнүү менен химялык реакциялар аркылуу жаңы заттардын алуу жөнүндөгү материалдар “Химиялык реакция” мазмундук тилкесине бөлүштүрүлгөн.

«Заттарды жана химиялык реакцияларды турмушта колдонуу». Химия предмети жаратылыштагы көп кубулуштардын маңызын, закон ченемдүүлүктөрүн, практикалык колдонулуштарын түшүнүүсүн камсыз кылат. Өлкөдө айыл чарба продукцияларын, жергиликтүү кен байлыктарды, синтетикалык каражаттарды өндүрүүчү, кайра иштетүүчү өндүрүштөрдү ишке киргизүүнүн, зооветеринардык, медицина тармактарында колдонуунун негизин түзөт. Демек, бул мазмундук тилкеде жаш муунду өз алдынча жашоого даярдоонун негизин түзүүчү окуу материалдар жайгаштырылат. Ал материалдар окуучуларды инсан катары калыптандырат, ар тараптан өнүктүрөт, химиялык сабаттуулукка, маданиятка тарбиялайт.

Ошондой эле өндүрүштүн орчундуу тармагы болгон химиялык технология кара жана түстүү металлургиянын, тамак-аш жана микробиологиялык өндүрүштүн, дары-дармек өндүрүшүнүн, курулуш материалдары индустриясынын, атомдук энергетиканын негизин түзүүчү окуу матералдары бул блоктун мазмунунда камтылган. Химиялык билим берүү адамдын күндөлүк турмушунда химиядык билимдерди пайдаланууусунун жалпы маданиятын ачып берет. Химияны окутуу процессинде инсандын өнүгүүсүн, коомго жана жаратылышка болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жана чыгармачылык иш аракетин калыптандырат. Учурда химиянын маани актуалдуу экологиялык проблеманы чечүү, адамдардын жашоо деңгээли курчап турган чөйрөнүн абалына жараша болоору окуучулардын аң сезиминде калыптандырылат. Бул мазмундук тилкенин жогрудагыдай материалдары аркылуу окуучунун жүрүм-турумун, ой жугүртүү маданиятын калыптандырылат жана окуучуну өзүнүн ден соолугуна кам көрүүгө тарбиялайт.

2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү. 4-таблица

Мазмундук тилкелер	**Окуу материалдары**	
	8-класстар	**9-класстар**
1. Химиянын таанып билүү методдору	1. Химия жана аны окуп үйрөнүү методу. *Эмприкалык деңгээлде* таанып билүү методуна эксперимент, байкоо, байкоонуу жазуу, өлчөө, салыштыруу, анализ кирет. Бул методдо фактыларды жыйноо, фактыларды топтоо б.а билимди биринчи системалаштыруу функциясын аткарат. *Теоретикалык деңгээлде* таанып билүү методуна аналогия, синтез, абстракташтыруу, моделдештирүү колдонулат. Бул метод таанып билүү процессинин практикалык кызматын аткарат. Химия кабинетинде иштөөнүн техникалык –коопсуздук эрежелери. Илимий методдор: лабораториялык тажрыйбалар, практикалык иштер жана демонстрациялык эксперименттер: байкоо жүргүзүү, баяндап жазуу. Гипотеза, теориялар, закондор, закон ченемдүүлүктөр.	*Эмприкалык деңгээлде* таанып билүү методуна эксперимент, байкоо, байкоонуу жазуу, өлчөө, салыштыруу, анализ кирет. Бул методдо фактыларды жыйноо, фактыларды топтоо б.а билимди биринчи системалаштыруу функциясын аткарат. *Теоретикалык деңгээлде* таанып билүү методуна аналогия, синтез, абстракташтыруу, моделдештирүү колдонулат. Бул метод таанып билүү процессинин практикалык кызматын аткарат.
2. Зат.	2. *Химиялык негизги түшүнүктөр.* Атом–молекулалык окуу. Валентүүлүк. Химиялык формулалар. Химиялык жөнөкөй стехиометриялык закондор (Заттар курамынын туруктуулук закону. Масса жана энергиянын сакталуу закону). Газдын молдук көлөмү, Авагадро закону. Жергиликтүү химия өнөр жайлар жөнүндө маалыматтар. Таза заттар жана аралашмалар. Жөнөкөй жана татаал заттар. Химиялык элемент, белгилери, атом массалары. Химиялык элементтердин классификациясы. Атомдун түзүлүшү. Атом татаалдыгын дадилдөөчү тажрыйбалар. Атом түзүлүшүн түшүндүрүүчү теориялар. Резерфорддун планетардык теориясы. Бор теориясы, жетишкендиктери, кемчиликтери. Квант теориясы	*Химиялык реакциялардын жүрүшүнүн негизги закон ченемдүүлүктөрү.* Массанын таасир этүү закону. Теңдештикти жылыштыруунун шарттары, Ле-Шателье принциби. Электролиттик диссоциация теориясы. Электролиз. Эритмелер жөнүндө жалпы түшүнүк. Эритмелердин концентрацияларынын туюнтулушу (процентүү, молярдуу, нормалдуу концентрация). Элемент тердин химиясы. VI,V, IV группанын (кычкылтек, азот, көмүртек, подгруппасынын) элементтеринин жалпы мүнөздөмөсү. Металлдар мезгилдик системанын негизги группада

	боюнча жалпы түшүнүк, кванттык сандар. Атомдук орбиталлдардын толтурулуш ирети. Паули принциби. Гунддун эрежеси. Мезгилдик мыйзам жана химиялык элементтердин мезгилдик системасы. Д.И.Менделеевдин мезгилдик мыйзамы жана анын ачылыш тарыхы. Мезгилдик мыйзамга Д.И. Менделеев берген жана учурдагы аныктамалары. Химиялык элементтердин мезгилдик системасы (мезгилдик таблицанын кыска жана узун формалары). Д.И. Менделеевдин өмүр баяны жана иштери. Кыргыз Республикасынын химия илимине салым кошкон окумуштуулары, кен байлыктарынын негизинде түзүлгөн химиялык өндүрүштөрү жөнүндө кыскача маалымат. Элементтин иондошуу энергиясы, электронго тектештиги. Атом жана ион радиустары. Химиялык байланыш жана молекулалар түзүлүшү. Химиялык байланыш жөнүндө түшүнүк. Химиялык байланыштын түрлөрү. Атомдук орбиталдардын гибриддешүүсү жана молекулалар түзүлүшү. Кычкылтек, оксиддер, күйүү. Кычкылтек жалпы мүнөздөмөсү жана жаратылышта кездешүүсү. Абанын курамы, оксиддер. Күйүү жана жана жай окистенүү. Химиялык реакциялар жылуулук эффектиси. Атмосферанын булганышы. Экологияга байланыштуу проблемалар. Суутек, кислоталар жана негиздер. Суутек. Суу курамы, түзүлүшү. Оксиддердин, кислоталардын курамы, түзүлүшү, классификациясы. Эритмелер жөнүндө жалпы түшүнүктөр. Негиздердин, туздардын негиздер курамы, түзүлүшү. Галогендер. Галогендер, жалпы мүнөздөмөсү. Хлор жалпы мүнөздөмөсү. Туз кислотасы жана хлориддер. Классификациясы. Молекулалардын түзүлүшү.	жана кошумча подгруппада жайланышы боюнча алардын жалпы мүнөздөмөсү Кыргызстандын түстүү металл өнөр жайлары боюнча маалымат. Металлургия жөнүндө түшүнүк. Кара металлургия өнөр жайы. *"Органикалык химия" жөнүндө жалпы маалымат.* Эритмелер. Күчтүү жана начар электролиттер. Күкүрт, жалпы мүнөздөмөсү жана жаратылышта кездешүүсү. Күкүрт кислотасы жана сульфаттар. Азот, фосфор. Аммиак жана аммоний туздары. Азот, фосфор кислоталары, жана алардын туздары. Минералдык жер семирткичтер. Металлдардын (щелочтуу металлдар: натрий, калий. щелочтуу жер металлдары: магний, кальций) түстүү металдар өкүлү алюминий. жалпы мүнөздөмөсү. Темир кара металдардын өкүлү катары. Көмүртектин суутектик бирикмелери органикалык заттар. Органикалык химия предмети жана анын мааниси жөнүндө кыскача түшүнүк. Органикалык заттардын классификациясы: Чектүү углеводороддор алкандар (парафиндер). Чексиз углеводороддор (алкендер, алкадиендер, алкиндер). Циклдүү углеводороддор (циклопара финдер). Ароматикалык углеводороддор (арендер). Углеводороддордун жаратылыштагы булактары. Нефти продуктулары. Кычкылтеги бар углеводороддор. Спирттер, альдегиддер, карбон кислоталар, эфирлер. Углеводдор. Дисахариддер, полисахариддер. Азоту бар органикалык бирикмелер жөнүндө жалпы мүнөздөмөлөр.
3. Химиялык реакция	*3. Физикалык жана химиялык кубулуштар*. Химиялык реакциялар. Химиялык теңдемелер. Кычкылтек-	Электролиттик диссоциация. Химиялык реакциялардын ылдамдыгы жана ага таасир этүүчү факторлор.

	тин, суутектин, суунун лабораторияда, өнөр жайда алынышы, химиялык касиеттери. Күйүү. Оксиддердин, кислоталардын, негиздердин, туздардын классификациясы боюнча химиялык касиеттери. Окистенүү-калыбына келүү рекциялары. Окистенүү калыбына келүү реакцияларын теңдөөнүн электрондук баланс методу. Органикалык эмес заттардын негизги класстарынын (оксиддердин, кислоталардын, негиздердин, туздардын) ортосунда жүрүүчү химиялык реакциялар. Химиялык реакциялардын типтери. Кислоталардын, негиздердин жана туздардын диссоциациясы. Ион алмашуу реакциялары. Туздардын гидролизи жана суутектик көрсөткүч. Экзотермиялык жана эндотермиялык реакциялар, термохимиялык теңдемелер. Хлор алынышы, химиялык касиеттери.	Кайталанма процесстер, химиялык теңдештик. Кислоталардын, негиздердин жана туздардын диссоциациясы. Ион алмашуу реакциялары. Туздардын гидролизи жана суутектик көрсөткүч. Күкүрттүн алынышы. Күкүрттүн химиялык касиеттери. Азот, фосфор, көмүртек (аллотропиясы), кремний оксиддеринин, кислоталарынын жана туздарынын алынышы касиеттери. Аммиак , аммоний туздарынын алынышы, касиеттери. Минералдык жер семирткичтердин классификациясы жана аларды өнөр жайда алынышы. Металлдардын активтүүлүк катары, металлдардын жаратылышта таралышы. Щелочтуу металлдар: натрий, калий. Щелочтуу жер металлдары: магний, кальций. Түстүү металлдар алюминий жана алардын өнөр жайда алынышы, касиеттери. Темир жана анын касиеттери. Чоюн өндүрүү. Болот өндүрүү.
4. **Заттарды жана химиялык реакцияларды турмушта колдонуу.**	Химия предмети, анын маниси. Химиялык мыйзам закон ченемдүүлүктөр, теорияларды колдонуу менен заттарга мунөздөмө берүү жана химиялык реакцияларды аткаруу жазуу ж.б. иш аракеттерде колдонуу. Органикалык эмес жөнөкөй заттар (химиялык элементтер жана татаал заттар (оксиддер, кислоталар, негиздер, туздар) жана алардын ортосундагы химиялык реакцияларды турмушта жана эл чарбасында колдонуу. Абанын колдонулушу. Суутектин жана суунун колдонулушу. Оксиддер. Кислоталар. Негиздер. Туздар колдонулушу. Органикалык эмес бирикмелердин ортосундагы генетикалык байланыш. Эритмелер колдонулушу.	Химиялык реакциялардын жүрүшүнүн негизги закон ченемдүүлүктөрүнүн колдонулушу. Күкүрттүн, күкүрттүн оксиддери (IV, VI) күкүрт кислотасынын, туздарынын (сульфаттардын, сульфиттердин, сульфиддердин колдонулушу). Азот, фосфор. Аммиак жана аммоний туздары Азот, фосфор кислоталарынын жана алардын туздарынын жана минералдык жер семирткичтердин колдонулушу. Көмүртектин (II, IV) оксиддеринин, көмүр кислотасы анын туздары (карбонаттар), кремний, кремнийдин оксиди кремний кислотасы анын туздары (силикаттар) колдонулуштары.

2.6. Предмет аралык байланыштар. Өзөктүү тематикалык тилкелер.

Предмет аралык байланыш бул окуу процессин жана анын функцияларын өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары болуп саналат. Химия менен тектеш предметтердин окуу материалдары системалык структуралык жана мазмундук иш-аракеттик мамилени ишке ашырууда катуу тартипте предмет аралык байланыш аркылуу координацияланат. Предмет аралык байланышты пайдалануууда предмет боюнча өздөштүрүлгөн материалдардын прикладдык жана илимий деңгээли жогорулайт; билимдин дидактикалык бирдиктери бекемделет; жалпы окуу билгичтиктери жана көндүмдөрү, системалык билимдеринин калыптануусу өз кезегинде окуучулардын түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүгүн калыптандырууга таасир этет.

Химия предмети менен тектеш предметтердин ортосунда кээ бир окуу материалдар кайталанып берилет. Ал материалды окутууда окуучуларда химиялык, биологиялык физикалык, географиялык түшүнүктөр калыптанат. Химия башка табигый предметтер менен бирдикте адамзаттын жашоосун жакшыртуу үчүн кызмат кылат.

Предмет аралык түшүнүктөрдү өздөштүрүү менен бирге, окуучулар предмет аралык кошумча билгичтиктерге да ээ болушу керек. Алар төмөнкүлөр:

Когнитивдик эмес билгичтиктер:

- социалдык жана эмоционалдык билгичтиктер;
- таанып билүү жөндөмдүүлүгү;
- өз алдынча ойлонуу жөндөмдүүлүгү.

Социалдык жана эмоциялык билгичтиктер. Бул билгичтиктер төмөнкүдөй жөндөмдүүлүктөрдү чагылдырат:

- топто кызматташуу;
- башкалар менен бөлүшүү (идеяларды, буюмдарды);
- башкаларды урматтоо;
- башка адамдарды башкаруу (лидерлик);
- айлана –чөйрөнүн абалы үчүн жоопкерчиликти сезе билүү;
- өзүнө ишенимдүү болуу;
- башкаларга калыс баа бере билүү.

Таанып билүү жөндөмдүүлүгү. Бул билгичтиктер төмөнкүдөй жөндөмдүүлүктөрдү чагылдырат:

- таанып билүү үчүн убакыт бөлүү;
- керектүү нерселерди жазып алуу;
- өзүнүн күчтүү же начар жактарын дайыма баалай жүрүү;
- өзүнө калыс баа берүү;
- милдеттерди аткаруу;
- эч кимдин мажбурлоосуз эле, өзү кызыккан предметтерди өз алдынча окуп үйрөнүүсү.

Өз алдынча ойлонуу жөндөмдүүлүгү. Бул билгичтиктер төмөнкүдөй жөндөмдүүлүктөрдү чагылдырат:

- дискуссияларга катышуу;
- өз пикирин калыптандыруу;
- фактыларды пайдаланып так, ырааттуу өз пикирин айтуу.

Окуучулар жогорудагыдай предмет аралык билгичтиктерге ээ болуу менен жаңы илимдерге жана технологияларга (нанотехнология ж.б.) карата кызыкчылыгы өсөт. Мектепте табигый илимий предметтердин түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү аны окуп-үйрөнүүдө

предмет аралык байланышты классификациялоо максатка ылайык келет. Ал төмөнкү таблицада келет:

5-таблица. **Предмет аралык байланыштын классификациясы**

Классификациялоонун негизи	Предмет аралык байланыштардын түрлөрү
Окуу материалын окуп үйрөнүү убактысы	Алдын алуучу; Жолдоп жүрүүчү; Келечектүүлөрү (перспективдүүлөрү)
Окуу материалынын структурасы.	Фактылардын деңгээлинде; Түшүнүктөрдүн деңгээлинде; Мыйзамдардын деңгээлинде; Теориялардын деңгээлинде; Прикладдык суроолордун деңгээлинде; Табигый илимдерди изилдөө методдорун колдонуу деңгээлинде
Билимге, билгичтике жана көндүмдөргө ээ болуу жолдору.	Репродуктивдүү; Изденүүчүлүк (продуктивдүү); Чыгармачыл (креативдик)

Стандарттын бул элементин конкреттештирүү үчүн окуу предметтеринин байланыштарын айрым негиздери боюнча ачып көрсөтүүчү 6-таблица сунушталат.

6- таблица. **Өзөктүү тематикалык тилкелер**.

Химия 8-класс.	Табият таануу	Физикалык география	Биология	Химия
Химия предмети эмнени окутуп үйрөтөт.	Жандуу жана жансыз жаратылыштын кубулуштарын (**зат-тардын** жана нерселердин дүйнөсүн) окутуп үйрөтөт.	Кен байлыктардын **(зат-тардын)** жаратылышта таралышын окутат.	Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын тиричилигин (организминде **зат-тардын** алмашуусун) окутуп үйрөтөт	Химия-**заттар-дын** курамын, түзүлүшүн, химиялык касиетин окутуп үйрөтөт.

Жогоруда таблицада белгиленгендей табигый илимдер зат блогунун айланасында байланышкан.

Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжаны төмөндөгүдөй (7-таблица) сандык кодировкалоо аркылуу пайдаланууга болот.

7-таблица. Күтүлүүчү натыйжалардын кодировкасы

Мисалы: **8.1.1.1.** - бул **8**-сегизинчи класс **1**-мазмундук тилке -Таанып билүү методу **1**- компетенттүүлүк -Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү **1**–күтүлүүчү натыйжа	Мисалы: **8.2.2.2.**- бул **8** -сегизинчи класс **2**-мазмундук тилке - Зат **2**-компетенттүүлүк -Химиялык кубулуштарды заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча өздөштүрүү **2**–күтүлүүчү натыйжа	Мисалы: **8.3.3.3.** –бул **8** -сегизинчи класс **3**-мазмундук тилке –Химиялык реакция **3**-компетенттүүлүк -Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү пайдалануу. **3**–күтүлүүчү натыйжа	Мисалы: **8.4.4.4.** -бул: **8** -сегизинчи класс **4**-мазмундук тилке -Заттарды жана химиялык реакцияларды практикада колдонуу **4**-компетенттүүлүк -илимий далилдөөлөрдү пайдалануу **4**–күтүлүүчү натыйжа

3. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо

1.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо. 8-таблица

Мазмундук тилкелер	Предметтик компетенттүүлүктөр	**Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар** (класстар боюнча билимдин натыйжалары)	
		8-класс	**9-класс**
1. **Химияны таанып билүү методу**.	1.Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү	8.1.1.1. Химиялык кубулуштарды атом-молекулалык окуунун негизги жоболору аркылуу түшүндүрө алат. 8.1.1.2.Химиялык элементтердин мезгилдик системасын пайдалануу менен химиялык элементтерге жалпы мүнөздөмө бере алат. 8.1.1.3. Практикалык ишти аткарууда, маселе чыгарууда маалымат булактарын пайдалана алат.	9.1.1.1.Химиялык кубулуштарды электролиттик диссоциация теориясынын негизги жоболору аркылуу түшүндүрө алат. 9.1.1.2.Химиялык элементтердин мезгилдик системанын негизги жана кошумча подгруппада жайгашы боюнча аларга жалпы мүнөздөмө бере алат. 9.1.1.3.Кыргызстандын түстүү металл өнөр жайларынын продуктулары боюнча маалыматты пайдалана алат.
	2.Химиялык кубулуштарды (реакцияларды) заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча өздөштүрүү (чечүү)	8.1.2.1. Химиялык кубулуштарды (реакцияларды) демонстрациялык эксперименттер, лабораториялык тажрыйба жана практикалык иштер аркылуу аткарууда группада бирөөнүн ойун уга жана талдай алат. 8.1.2.2. Алган билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү күндөлүк турмушта колдоно алат жана жаңы кырдаалда ишке ашыра алат. 8.1.2.3. Эксперимент өткөрүү үчүн химиялык приборлор, куралдар, реактивтер менен иштей алат.	9.1.2.1. Химиялык реакциялардын жүрүшүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү (массанын таасир этүү мыйзамы, теңдештикти жылыштыруунун шарттары, Ле-Шателье принциби), электролиттик диссоциация теориясы, элементтердин химиясы, “органикалык химия” жөнүндө жалпы маалыматка ээ болот. 9.1.2.2. Жогоруда белгиленген закон ченемдүүлүктөрдү эритмелердин (процентүү, молярдуу, нормалдуу) концентрациясын, электролиз жана химиялык реакциянын ылдамдыгын окуп-үйрөнүүдө өз алдынча колдонот. 9.1.2.3. Кычкылтек, азот, көмүртек, подгруппасынын элементтерине мүнөздөмө берүүдө химиялык жалпы закондорду, закон ченемдүүлүктөрдү, теорияларды пайдаланат.
	3. Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү	8.1.3.1. Жаратылыштагы химиялык кубулуштарга байкоо жүргүзө алат. 8.1.3.2.Химиялык кубулуштар боюнча өз алдынча жыйынтык чыгара алат. 8.1.3.3.Химиялык кубулуштар боюнча	9.1.3.1.Көмүртектин суутектик бирикмелери–органикалык заттар жөнүндө жалпы маалыматка ээ болот 9.1.3.2.Органикалык заттардын өкүлү углеводороддордун түзүлүшү аркылуу аттарын атай алат. 9.1.3.3.Турмушта кездешүүчү органикалык заттарды

	пайдалануу.	жыйынтыктарынын негиздерин практикада колдоно алат.	бири-биринен касиеттери боюнча айырмалай жана аны колдоно алат.
2. Зат	1.Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү	8.2.1.1. Химия заттар жана алардын айланышы жөнүндөгү илим деген түшүнүккө ээ болот. 8.2.1.2.Кычкылтек, оксиддер, суутек, кислоталар, галогендер, туздардын түзүлүшүн жаза алат, классификациялайт жана аттарын атай алат. 8.2.1.3. Органикалык эмес химиянын негизги класттарынын колдонулушун билет, турмушта ал заттарды колдоно алат.	9.2.1.1. Элементтерди атомунун түзүлүшү боюн-ча группага, подгруппаларга классификациялай алат. 9.2.1.2.Элементтерди алардын сапаттык курамын химиялык касиеттери боюнча аныктай алат, химиялык теңдемелерин жаза алат. 9.2.1.3.Элементтерди касиеттери боюнча турмушта колдоно алат.
	2.Химиялык кубулуштарды (реакцияларды) заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча өздөштүрүү (чечүү)	8.2.2.1.Органикалык эмес заттардын түзүлүшүн атом-молекулалык, заттардын түзүлүш теориялардын, Д.И. Менделеевдин мезгилдик законунун негизинде түшүндүрө алат. 8.2.2.2.Органикалык эмес заттардын генетикалык байланыштарынын негизинде жаңы заттарды алуунун реакциясын жаза алат. 8.2.2.3.Органикалык эмес заттардын колдонулуштарын билет жана турмушта колдоно алат	9.2.2.1.Металл, металл эмес, амфотердик элементер боюнча мүнөздөмө бере алат. 9.2.2.2. Элементтердин жана алардын бирикмеринин химиялык касиеттеринин теңдемелерин жаза алат. 9.2.1.3. Химиялык элементтердин бирикмелеринин турмушта колдонулушун билет жана колдоно алат.
	3. Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү пайдалануу.	8.2.3.1. Химиялык элементтердин атомдорунун валенттүүлүгү анын атомунун түзүлүшүнө байланыштуу экендигин билет. 8.2.3.2. Заттарды бири-биринен касиеттери боюнча айырмаланаарын химиялык эксперимент аркылуу көрсөтө алат. 8.2.3.3. Заттардын курамын, массасын аныктоочу закондорду, теорияларды пайдалануу менен маселе чыгара алат.	9.2.3.1. Эритмелер жөнүндө айтып бере алат. 9.2.3.2. Эритмелерди окуп-үйрөнүүдө Электролиттик диссоциация теориясын, Массанын таасир этүү законун пайдаланат. 9.2.3.3.Эритмелерди алардын бирикмелерин эл чарба--сында колдонулушун билет, алардын кээ бирлерин турмушта колдоно алат.
3. Химиялык реакция	Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү	8.3.1.1. Химиялык реакциялардын типтерин билет 8.3.1.2. Химиялык реакциялардын ар бир тибине мисалдар жаза алат.	9.3.1.1. Элементтердин электролиттик диссоциация теориясынын негизинде жаза алат. 9.3.1.2. Химиялык рекциялардын колдонулушун айтып бере алат.

		8.3.1.3. Химиялык эксперимент аркылуу химиялык реакциялардын негизинде жаңы заттарды ала алат жана алардын турмушта колдонулушун билет.	9.3.1.3 Реакцияларды турмушта колдонууда экологиялык коопсуздуктун эрежелерин колдоно алат.
	2.Химиялык кубулуштарды (реакцияларды) заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча өздөштүрүү (чечүү)	8.3.2.1.Жаратылышта жүрүп жаткан химиялык кубулуштарды (реакцияларды) түшүнөт. 8.3.2.2. Оксиддердин, кислоталардын негиздердин, туздарга анын курамына жараша аныктама бере алат. 8.3.3.3. Химиялык эксперимент аткаруу менен органикалык эмес заттардын химиялык реакциялардын теңдемесин жаза алат.	9.3.2.1. Электролиттик диссоциация теория жөнүндөгү билимин заттардын кислоталардын, негиздердин, туздардын) диссоциациясын жазууда колдоно алат. 9.3.2.2. Кислоталарга, щелочторго, туздарга электролиттик диссоциация теориясы боюнча аныктама бере алат. 9.3.2.3. Кислоталардын, щелочтордун, туздардын химиялык касиеттери боюнча электролиттик диссоциациясынын теңдемесин жаза алат.
	3. Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү пайдалануу.	8.3.3.1. Кычкылтек, Оксиддер, Суутек, Кислоталар, Негиздер, Туздарга атом-молекулалык теориянын негизинде классификациясы боюнча аныктама бере алат. 8.3.3.2. Кычкылтек, Оксиддер, Суутек, Кислоталар, Негиздер, Туздардын атом-молекулалык теориянын негизинде химиялык касиеттерин жаза алат. 8.3.3.3.Кычкылтек, Оксиддер, Суутек, Кислоталар, Негиздер, Туздардын колдонулушун билет. Айрымдарын турмушта колдоно алат.	9.3.3.1. Кычкылтек, азот, көмүртек, металлдар подгруппасынын элементтерине жалпы мүнөздөмө бере алат. 9.3.3.2. Кычкылтек, азот, көмүртек, металлдар подгруппасынын элементтеринин химиялык касиеттери боюнча химиялык реакциясынын теңдемелерин жаза алат. 9.3.3.3. Кычкылтек, азот, көмүртек, металлдар подгруппасынын элементтеринин жана бирикмелеринин колдонулушун билет. Заттар, химиялык реакциялар жөнүндөгү илимий далилдөөлөрдү пайдалана алат. Электролиттер, химиялык элементтердин илимий далилдөөлөрүн алардын касиеттерин окуп-үйрөнүүдө пайдаланат.
4. Затты жана химиялык реакцияны турмушта колдонуу	Химиялык кубулуштардын маңызын ачып көрсөтүү	8.4.1.1. Химиянын эл чарбасындагы маанисин айтып бере алат. 8.4.1.2.Химиялык реакцияларды колдонуу аркылуу жаңы заттарды алуунун реакциясын жаза алат. 8.4.1.3. Алынган жаңы заттарды турмушта колдоно алат.	9.4.1.1 Химиянын турмушта колдонуу жөнүндө материалдарды маалымат булактарынан билет. 9.4.1.2. Химиянын эл чарбасында колдонулушун айтып бере алат. 9.4.1.3 Химиялык заттарды турмушта колдоно алат.

	2.Химиялык кубулуштарды (реакцияларды) заттардын курамы жана түзүлүшү боюнча өздөштүрүү (чечүү)	8.4.2.1. Химиялык реакциялардын жүрүү механизми боюнча маалыматка ээ болот. 8.4.2.2. Химиялык реакциялардын жүрүү механизминин заттын жаратылышына көз каранды экендигин билет, түшүнөт. 8.4.2.3.Химиялык реакциялардын жүрүү механизминин негизинде эксперимент аткарып анын реакциясын өзү жаза алат.	9.4.2.1. Химиялык реакциялардын негизги закон ченемдүүлүктөрү боюнча маалыматка ээ болот. 9.4.2.2. Химиялык реакциялар негизги закон ченемдүүлүктүн негизинде жүрөөрүн билет, түшүнөт. 9.4.2.3. Химиялык реакциялардын негизги закон ченемдүүлүктөрүн массанын таасир этүү законунун негизинде эритмелер темасын өздөштүрүүдө пайдаланат.
	3. Заттарды жана химиялык реакцияларды окуп үйрөнүүдө илимий далилдөөлөрдү пайдалануу.	8.4.3.1. Органикалык эмес заттардын курамы, түзүлүшү боюнча маалыматка ээ болот. 8.4.3.2. Химиялык реакцияларды колдонуу аркылуу оксиддердин, кислоталардын, негиздердин, туздардын химиялык касиеттерин, алынышын жаза алат. 8.4.3.3. Оксиддерди, кислоталарды, негиздерди, туздарды турмушта колдоно алат.	9.4.3.1. «Электролиттик диссоциация теориясы», «Элементтер химиясы» боюнча маалымат булактарынан табат. Ал боюнча маалыматка ээ болот. 9.4.3.2. Элементтердин Д.И. Менделеевдин таблицасында жайланышы, атомдун түзүлүшү жөнүндө айтып бере алат. 9.4.3.3. Химиялык элементтерди турмушта колдоно алат.

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары.

Предмет боюнча билим берүүнүн жыйынтыгы предметтин жалпы чече турган маселелерине жана окуу материалын өздөштүрүгө коюлган талаптарга туура келиши керек. Баалоонун максаты-пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалар менен окуучунун чындыктагы жыйынтыгынын дал келишин аныктоо.

Баалоонун негизги принциптери

Баалоонун системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл.

Обьективтүүлүк принциби боюнча бардык окуучулар бирдей шартта бааланышы зарыл. Обьективтүүлүк окуучуга да мугалимге да белгилүү болгон баалоонун критерийлеринин негизинде ишке ашырылат.

Ишенимдүүлүк педагогикалык ченеп өлчөөнүн так даражасы. Баалоо методу кайра-кайра текшерүүдөн мурунку эле натыйжаны берген учурда ишенимдүү боло алат.

Валиддүүлүк кандайдыр бир нерсени ченеп өлчөөгө боло тургандыгын талап кылат.

Баалоонун түрлөрү жана формалары- окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин өлчөөдө баалоонун төмөнкү үч түрү колдонулат.

1. Диагностикалык (алдын алуу)
2. Формативдик (калыптандыруучу)
3. Суммативдик (жыйынтыктоочу).

Диагностикалык баалоо - окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат. Окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностикалык баалоонун натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп, кызмат кылат.

Формативдик баалоо - материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативтик баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, окуучулар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат.

Окуучунун прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече прогрессине көз салууну белгилейт.

Жыйынтыктоочу баалоо - окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

Окуучунун билиминин, жөндөмдүлүктөрүнүн бааланышы объективдү болсун үчүн химия эксперименталдык илим экендигин эске алуу менен түрдүү ыкмалар (оозеки, жазуу жүзүндө, тесттик суроолорду колдонуу, химиялык эксперименттерди аткаруусу) сунуш этилет. Окуучулардын жетишкендиктерин (предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүгүнүн калыптанышын) баалоонун жаңы формаларын (диагностикалык, формативдик, суммативдик) колдонуу менен деңгээлдер аркылуу баалоого болот.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо окуу жылынын башынан аягына чейин ишке ашырылат. Формативдик баалоонун натыйжалары мектепте күндөлүк жана чейректерде коюлуучу текшерүү иштерин камтуу менен химиялык билим берүү процессин корректировкалоого жана өнүктүрүүгө негиз болот. Диагностикалык баалоонун натыйжалары аркылуу окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берүү менен мугалимдин алдына предметти окутуунун жаңы милдеттерин коюуга мүмкүнчүлүк берет.

Суммативдик баалоонун натыйжалары предмет боюнча күндөлүк**,** аралык жана жыйынтыктоочу баалоодон топтолот да жеке жетишкендик катары белгиленет.

Окуучулардын предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүгүн деңгээлдер боюнча баалоо (маалыматтык компетенттүүлүктүн мисалында).

9-таблица

Мазмундук тилкелер	Предметтик компетенттүүлүктөр	Деңгээл	Класстар боюнча билимдин натыйжалары	
			8-класс	9-класс
1. Химияны таанып билүү методу.	1.Таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү	I	8.1.1.1. Жаратылышта жүрүп жаткан кубулуштарды атом-молекулалык окуунун негизги жоболору боюнча алган маалымат аркылуу түшүндүрө алат.	9.1.1.1. Жаратылышта жүрүп жаткан кубулуштарды электролиттик диссоциация теориясынын негизги жоболору аркылуу түшүндүрө алат.
		II	8.1.1.2. Мезгилдик системаны пайдалануу менен химиялык элементтер боюнча жалпы мүнөздөмө бере алат.	9.1.1.2. Химиялык элементтер жана металлдар мезгилдик системанын негизги группада жана кошумча подгруппада жайланышы боюнча аларга жалпы мүнөздөмө бере алат.
		III	8.1.1.3. Маалымат булактарын пайдалануу менен химиялык практикалык ишти аткарат жана маселерди чыгара алат.	9.1.1.3.Кыргызстандын түстүү металл өнөр жайларынын продуктулары боюнча маалыматтар аркылуу аларды пайдаланат.

Жогоруда 9-таблицада көрсөтүлгөндөй окуучуларда предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн калыптанышы боюнча I деңгээл (репродуктивдүү) «канааттандыраарлык», II деңгээл (продуктивдүү) «жакшы», III деңгээл (креативдүү) «эң жакшы» деп бааланат.

4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Химия предметин окутууда ресурстук камсыздоого талаптар коюлган максаттарга жана күтүлүүчү натыйжаларга жетишүүнү эске алуу менен түзүлгөн жана төмөнкү окуу ресурстарын өзүнө камтыйт:

1. Окуу программалары,
2. Окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолору, сөздүктөр. Кошумча басма жана электрондук (интернет) билим берүү ресурстары, окуу жана техникалык каражаттары (интерактивдик доска) менен камсыз болуу.
3. Эффективтүү коммуникация түзүү максатында окуу процессин жүргүзүү үчүн химия кабинети жана лаборатория бөлмөсүнөн турушу зарыл. Химиялык лабораторияда: химиялык идиштерди сактоо үчүн текчелер же шкафтар, химиялык реактивтер үчүн атайын темир шкафтар менен камсыздоо керек.
4. Химиялык эксперимент өткөрүү үчүн:

Химиялык идиштер жана лабораториялык жабдыктар. 100 шт. пробирка (ар түрлүү өлчөмдө), түбү жалпак колбалар-10 шт., пипетка-15 шт., айнек таякча- 15 шт., фосфор *табакча,* жанчыгычы менен- 15 шт.

Түтүкчөлөр (айнек же пластмасса) - 15 шт., темир кашыкча- 15 шт., шпатель-4 шт., кыпчыгыч-15 шт, химиялык идишти жуугуч щетка-5 шт., пробирка үчүн штативдер-15 шт., айнек пластинкасы-12 шт., бууландыруучу табакча- 15 шт., Химиялык стакандар- 50 мл., 25 мл.–15 шт., түбү жалпак тегерек колба - 5 шт., үч бурчтук колба- 5 шт., куйгуч-10 шт., түтүкчө- 19 шт., кристаллдаштыруучу айнек идиш -10 шт., мензурка-20шт.; өлчөөчү стакандар- 10 шт. (5 мл., 10мл., 25 мл., 50 мл., 100 мл.), тамчылаткыч - 15шт., өлчөөчү колба – 10 шт, түбү тегерек колба – 10 шт.

Химиялык реактивтер:

Минералдык кислоталар: Туз кислотасы (50 мл), күкүрт кислотасы (50 мл), азот кислотасы (50 мл), фосфор кислотасы (50 мл).

Туздар хлориддер, сульфаттар, нитраттар, фосфаттар.

Негиздер. Щелочтор. Оксиддер.

Индикаторлор: Лакмус кагазы, суюктугу, метилоранж, фенолфталеин.

5. Мугалим жана окуучунун иш столу үчүн керектүү техникалык камсыздоо (электр түйүндөрү, суу түтүгү, канализация).

2.6. Мотивтештирүүчү окуу чөйрөсүн түзүү

Химия эксперименталдык илим болгондуктан, химиялык эксперимент аркылуу окутуу окуучунун химия предметине болгон кызыгуусун арттырат.

Химиялык эксперимент, лабораториялык тажрыйба аткарууда окуучулар бири бири менен баарлашууда болушат, ойлорун угушат, группа менен презентация жасашат.

Окуучулар химиялык экспериментте өздөрү байкайт, байкагандарын баяндап жазат анын тууралыгын кайра эксперимент аркылуу текшерет, презентация жасайт, окуучулардын ортосунда пикир алмашуу жүрөт да жыйынтыгында жаңы билимдерге ээ болушат. Демек жогорудагыдай окуп-таанып билүү иш аракеттердин негизинде окуучуларда маалыматтык, социалдык- коммуникативдик, өзү пробема коё билүү жана аны чече билүү компетенттүүлүгү калыптанат, активтүү таанып билүүсү, предметке болгон мотивациясы өсөт.